81(2=Кы)кнр
Н29

КУРМАНЖАН НАРМЫРЗАЕВА

# АТООЧ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮНҮН Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ СТИЛИСТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

(окуу куралы)



Ош-2012

УДК 811.51
ББК 81. 2Ки
Н 29

Окуу куралы Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасында даярдалды.
Окуу куралы Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен басууга сунуш кылынган

Илимий редактор:
филология илимдеринин доктору, профессор К.Зулпукаров

Рецензенттер:
филология илимдеринин доктору, профессор Ж.Мамытов
филология илимдеринин доктору, профессор Б.Усубалиев,
филология илимдеринин кандидаты, профессор Т.Нуруев

**Нармырзаева Курманжан Жыргалбаевна**
Н 29 **Атооч сөз түркүмдөрүнүн Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы стилистикалык өзгөчөлүктөрү:** Окуу куралы. - Ош: - 2012. -168 б.

ISBN 978-9967-03-698-7

Окуу куралы Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилине морфологиялык стилистика боюнча (атооч сөз түркүмдөрүнүн негизинде) талдоо жүргүзүлөт. Ч.Айтматовдун кыргызча жазылган "Биринчи мугалим", "Жамийла", "Саманчынын жолу", "Бетме-бет" чыгармалары жана айрым кыргызча которулган чыгармаларынын материалдары түзөт. Кыргыз тил илиминдеги морфологиялык стилистикага конкреттүү материалдын негизинде кеңири аныктамалар, түшүнүктөр берилип, жаңы табылгалар, байкоолор тилдик фактылар менен далилденет.

Эмгек илимий кызматкерлерге, изилдөөчү-окумуштууларга, жогорку окуу жайларынын филология адистигинде окуган студенттерге, мектеп мугалимдерине арналат.

Н 4602000000 -11

ISBN 978-9967-03-698-7

УДК 811.51
ББК 81.2 Ки
© Нармырзаева К.Ж., 2012

*Залкар жазуучубуз **Чыңгыз Төрөкулович Айтматовдун** жаркын элесине арналат. **Чыңгыз ага!** Сиздин чыгармачылыгыңыз менен кыргыз элинин комузунун үнү дүйнө элине таңшый берсин!*

## Баш сөз ордуна

Кыргыз стилистикасы телчигүү доорун башынан кечирип жаткандыгы белгилүү. Автордун бул эмгеги азыркы учурда стилистика үчүн керек бардык жагынан колдоого татыйт. Ал эми бул проблеманын кыргыз тил илиминдеги эң актуал маселелердин бири экендигин далилдеп отуруунун эч бир кажети жок. Эмгек менен таанышып чыкканымда, мен төмөнкүлөргө күбө болдум жана ынандым:

- иш- көп жылдык эмгек, түйшүктүн натыйжасы;
- автордун бул тармак боюнча илимий-теориялык түшүнүгү бир топ жогорку деңгээлде;
- жазуу ык - амалын туура тандай билген;
- мисалдарга талдоо жүргүзүүнүн конкреттүүлүгү;
- өзүнүн жекече пикирин айта жана жаза билүүгө жөндөмдүү;
- логикалык ырааттуулукту иште туура так сактагандыгы;
- тили менен стилинин жөнөкөйлүгү жана жеткиликтүүлүгү, койгон проблемалардын тактыгы.

Эмгек, автордун койгон максат-милдеттерине ылайык, эки главадан турат жана анда темалар логикалык жактан ырattуу жайгаштырылган.

Биринчи главада Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы зат атоочтун стилистикасы териштирилип, анда морфологиялык стилистиканын проблемалары, жөндөмө, сан, таандык категорияларынын стилистикасы өндүү ж.б. маселелер ар тараптуу каралган. Өзгөчө белгилей кетчү бир жагдай-талдоо жүргүзүүнүн конкреттүүлүгү ушундан улам Ч.Айтматовдун тили менен стилиндеги бөтөнчөлүктөр белгилүү бир деңгээлде жакшы

ачылып берилген. Бул кыргыз тили жана адабияты стилистикасы үчүн чоң олжо.

Иштин экинчи главасы зат атоочтордон башка (сын, сан, ат атооч) стилистикалык табиятын ачып берүүгө арналыптыр. Бул главанын аткарылыш деңгээл-сапаты жөнүндө да жогорудагыдай эле пикирдемин. Ч.Айтматовдун айтматовдук деңгээлин ачып берүүгө бул глава да чоң үлүш кошоруна мен ишенем. Жазуучунун чыгармаларынын тилинин морфологиялык өзгөчөлүгү, стилдик табияты жагынан биринчи жолу жарык көрүп жаткан эмгек болуп эсептелет.

Кыргыз тил илиминдеги морфологиялык стилистикага конкреттүү материалдын негизинде кеңири аныктамалар, түшүнүктөр берилип, жаңы табылгалар, байкоолор тилдик фактылар менен далилденген. Булар боюнча алынган илимий пикирлер жана тыянактар конкреттүү мисалдардын негизинде бекемделген. Окуу куралынын баалуулугу, баарыдан мурда, морфологиялык стилистиканын табият-маңызын ачып берүүдө көркөм кеп стилинин өзгөчөлүгүн, т.а., адабий тилдин бардык функционалдык стилдерин өз ичине камтый турган, жалпы улуттук тилдин адабий жана адабий эмес формаларынын бардык тилдик каражаттарын пайдаланууга мүмкүнчүлүгү бар кептик өзгөчө стиль экендигин жеткиликтүү илимий деңгээлде далилдей алгандыгында. Окуу куралын окуу процессинде кеңири пайдаланууга болот. Тактап айтканда, орто мектептерде кеп маданиятын, көркөм тексттердин теориялык маселелерин өтүүдө, жогорку окуу жайларында кыргыз лексикологиясы, морфологиясы, кеп маданияты жана стилистикасы ж.б. дисциплиналарды окутууда жана аталган предметтер боюнча окуу китептери менен окуу куралдарын даярдоодо эмгек чоң жөлөк боло алат деп мен ишенем.

**Филология илимдеринин доктору,**
**профессор. Эл аралык Айтматов**
**академиясынын академиги**
**Бейшенбай Шеңкеевич Усубалиев**

## КИРИШҮҮ

Ч.Айтматов - адабий процесске зор таасири бар жазуучу. Анын чыгармачылыгы жазуучуларга кайнап жаткан турмуштун өзүн чагылдырууга жаңы импульс берет, дүйнөнү таануудагы идеялык-эстетикалык көз караштардын чектерин кеңейтет жана терендетет. Жазуучу өзүнүн жеке стилин ушул чыгармаларында даана көрсөтүп, кыргыз үчүн түбөлүктүү түгөнгүс күлазык кылып берген «Биринчи мугалим», «Бетме-бет», «Саманчынын жолу», «Жамийла» ж.б. чыгармаларын жана кыргызчага которулган чыгармаларын зарылдыкка байланыштуу талдоого алдык.

Кыргыз филологиясында көркөм чыгарманын тилин изилдөө иши XX кылымдын кыркынчы жылынан башталат, «Молдо Кылычтын тили» деген темада Ж.Шүкүров кандидаттык диссертациясын жактап, 1947-жылы ушундай наамдагы монографиясын орус тилинде («Язык М.Кылыча») чыгарган. Жаңы мындай багыттагы изилдөөлөр 60-жылдардын аяк чененинен тартып (Мураталиев М.1963,1976, Кырбашев К.1967, Керимжанова Б., Жумадылов С. 1968, Жантөшева Ж.1981) өнүгө баштаган. Акыркы он-жыйырма жылдын ичинде көркөм чыгарманын тилине, анын ичинде Ч.Айтматовдун чыгармасынын тилине окумуштуулар ар тараптан иликтөө иштерин жүргүзүүдө.

Кыргыз филологиясында көркөм чыгарманын тилин лингвостилистикалык аспектиде изилдөө багытындагы илимий-териялык жана методологиялык эмгектер саналуу гана. Көркөм чыгарманын тили боюнча чектелген мүнөздөгү жалпы маалыматтарды эсепке албаганда, бул маселе боюнча иликтөөгө алган Ж.Мамытовдун, Б.Усубалиевдин, А.Оморовдун эмгектерин көрсөтүүгө болот. Булардан сырткары, кийинки мезгилде окумуштуулар С.Ж.Мусаевдин, Т.С.Маразыковдун, С.Өмүралиеванын, А.Э.Абдыкеримова нын тексттик лингвистиканын алкагындагы изилдөөлөрүндө көркөм тексттердин тилине тиешелүү маселелер, тексттердин стуруктуралык-семантикалык, прагматикалык, интеграциялык түзүлүшүнүн маселелери менен байланышта каралып өткөндүгү бизге маалым.

Көркөм чыгармада колдонулган сөздүн көп маанилүүлүгү, өзгөрмө кубулмалуулугу, ички формага ээлиги, тилдик башка бирдиктер менен

карым–катышы, образдуулугу сыяктуу маселелер окумуштуулардын бир канча муунун түйшөлтүп, кызыгуу жаратып келе жатканы жана жарата берери түшүнүктүү.

Стилистикадагы сөз түркүмдөрүнүн табияты, мааниси, көркөмдүк өзгөчөлүгү жана табышмактуулугу жөнүндөгү илимий-теориялык маселелер, дүйнөлүк тил илиминин алкагында, кыргыз тил илиминде, жалпы эле түркологияда жаңыдан проблема катары колго алына баштагандыгы, бул багыттагы адабияттардын жетишсиздиги жана илимий изилдөөлөрдүн аздыгы теманын актуалдуулугун шарттайт. Проблемаларды чечүүдө негизги сөз түркүмдөрүнө: зат, сын, сан, ат атоочторго өз-өзүнчө токтолуп, конкреттүү мисалдарга алардын чыгарманын тилиндеги стилистикалык кызматы текстке талдоо жүргүзүү аркылуу аныкталат.

Көркөм адабий стиль тилдик бирдиктерди жана каражаттарды пайдалануу мүмкүнчүлүгү боюнча функционалдык стилдердин калган түрлөрүнөн кескин өзгөчөлөнөт. Көркөм чыгарманын тили образдуулукка, таасирдүүлүккө, экспрессивдүү-эстетикалык касиеттерге ээ. Ал тилдик түрдүү каражаттарга өтө бай. Тилдик каражаттар автордун баяндоосунда да, каармандын тилинде да учурайт. Көркөм чыгарманын тилинин табиятына эстетикалык мүмкүнчүлүгү бар тилдик бирдиктер жана каражаттар өтө ылайык келет. Автор айрым учурда адабий тилдин бирдиктерин пайдаланууда айрым эрежелерден четтейт. Тактап айтканда, чыгарманын эстетикалык кабылдоосун курчутат. Ар кандай көркөм чыгарманын идеялык күч-кубаты окурман тарабынан өздөштүрүлөт. Адамдын сулуулукка, болгондо да көркөм сулуулукка, «кеп сулуулугуна» болгон табити калыптанат. Демек, окуу куралы инсанды ар тараптан тарбиялоодогу мүмкүнчүлүгүн чыгарманын тили аркылуу жүзөгө ашырат. Окуу куралынын сапаттык деңгээлин көтөрүүгө арналган пикирлерди автор ыраазы болуу менен кабыл алат.

**Автор**

# I ГЛАВА. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы зат атоочтун стилистикасы

## 1.1. Морфологиялык стилистиканын проблемалары

Ар бир илимдин тарыхы бар болгон сыяктуу стилистиканын да илим катары жаралуу жана өнүгүү тарыхы бар. XX кылым тил илиминде стилистиканын кылымы болуп калды. Бул маселеде орус тилчилери илимий гегемондукка ээ болуп, жогоруда белгиленгендей, орус тилинин стилистикасы боюнча изилдөөлөрү айрыкча улуттук филологияда элдердин тилдеринин стилистика илиминин өнүгүшүнө зор түрткү берди. Орус филологиясында стилистиканын проблемаларына В.В.Виноградов Л.Г.Барлас,Б.Н.Головин,И.В.Голуб,А.И.Ефимов,М.Н.Кожина, В.В.Одинцова, Д.Э.Розенталь, Г.Я. Солганик В.П.Москвин, Н.Н. Романова, А.В. Филиппов сыяктуу тилчи – стилисттер илимий **анализдерди** жүргүзүшүп, бир эле мезгилде орус тилин мектепке чейинки, жалпы жана атайын орто билим берүүчү мекемелерде окутулушуна чоң таасир тийгизишкен. Айрым орус окумуштуулары башка тилдердин стилистикасынын изилденишине өз үлүштөрүн кошушкан.

Түрк тилдеринин стилистикасынын изилдениши XX кылымдын экинчи жарымынан башталды. Айрым тилдердин стилистикасы жалпы орто билим берүүчү мектептерде окутула баштады.

Казак тилинин стилистикасы боюнча Р.Г.Сыздыкова, Ф.М.Мусабекова, Н.Х.Демесинова, М.С.Сергалиев жана башкалар изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Жогорку окуу жайлары үчүн «Казак тилинин стилистикасы» Ф.М.Мусабекованын «Казак тилиндеги зат атоочтун стилистикасы», «Казак тилинин практикалык стилистикасы» түзүлдү. Стилистика багытында мындай ийгиликтер өзбек, азербайжан, татар ж.б. түрк тилдеринде да жаралды. Өзбек тилинин практикалык стилистикасы окурмандарга тартуу кылынды. Окутуу казак, өзбек, азербайжан, татар, башкырт ж.б. тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде улуттук тилди окутуунун мазмуну түп тамырынан өзгөртүлдү: тилдик материалдар стилистикалык негизде үйрөнүлө баштады,

функционалдык стилистиканын элементтери окуу программаларына киргизилди. Натыйжада жогоруда аталган тилдерди окутуунун практикалык максаттуулугу артты.

Кыргыз тилинин стилистикасынын башаты илимпоздор Б.М.Юнусалиев, С.Давлетов, Х.Карасаев, А.Жапаров, академик Б.Ө.Орузбаеванын айрым эмгектери менен тикеден-тике байланыштуу. Албетте, жогорку окумуштуулардын көркөм чыгармалардын тилине арналган алгачкы эмгектери таза стилдик же стилистикалык планда изилденбеген. Негизги басым талдоого алынган чыгармалардын лексикасына коюлгандыгын баса белгилейбиз.

Азыркы мезгилде **«стиль»** кандайдыр бир жазуучуга тиешелүү өзгөчөлүктү туюндурат. Ал чыгарманын бардык тарабынан, б.а. образ түзүүдөн тартып тил чеберчилигине чейин байкалат. **Стиль** бир адамдын экинчи адамга мүнөзүнүн окшобогондугу сыяктуу эле, бир жазуучунун экинчи жазуучуга тема талдоодон тартып, образдарды көркөмдөөдөн, тил маселесине чейин өзгөчөлөнгөн көп жагдайларын камтыйт. Бул ошол жазуучунун басып өткөн турмуш жолунан, жеке адамдык тагдырынан, жыйнаган турмуштук тажрыйбасынан, көз карашынан ж.б.у.с. жактарынан келип чыга турган, башкача айтканда, анын бала чагынан каны-жаны менен бүткөн өзгөчөлүктөрү экенин белгилеп кетүүгө болот. **Стилистика** сүйлөөчүнүн же жазуучунун оюн башка бирөөлөргө так берүү үчүн тилдик каражаттарды туура тандап алуунун ыгын үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү. Профессор К.К.Сартбаев «Тил илиминин маселелери» аттуу эмгегинде **«стилистика», «стиль»** деген терминге аныктама берген. Стилистиканын изилдей турган негизги обьектиси – тил. Стилистикада тилдин ар түрдүү шартта, тилдик катнаштын ар кандай формада, коомдук турмушта ар түрдүү жанрда колдонулушун изилдейт. **Стилистика** тилдик норманын бир коллективге - жалпы бир тилге таандык экендигин белгилейт. Мына ошол жалпы элге таандык норма менен бирге, аткаруу функциясы жагынан чектелген диалектиге таандык норма да болот **«Стиль»** деген

түшүнүктү тар мааниде алып караганда, айрым жазуучунун чыгармаларындагы бөтөнчөлүктөрдү көрсөтүү үчүн колдонулат. **Стилистика** тилдин стили жөнүндөгү маселени текшерүүчү тил илиминин бир тармагы же стиль жөнүндөгү окуу. Стилистика маселеси, бир жагынан тил илимине таандык болсо, экинчи жагынан адабият таануу илимине таандык.

**Морфологиялык стилистика** - тексттеги сөз түркүмдөрүнүн категорияларынын жана разряддарынын (түрлөрүнүн) стилдик мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөчү илимий тармак.

Белгилүү окумуштуу А.И.Ефимов: «Көркөм адабияттын тили адабий тилдин калган башка түрлөрүнөн өзүнүн көркөм эстетикалык сапаттары менен айырмаланып турат. Бул өз кезегинде көркөм чыгарманын эстетикалык функцияларын ишке ашырууга көмөк болгон көркөм - сүрөттөө каражаттардын тарыхый иштелип чыккан системасына ээ болгон образдуу тил» , - деп айткан.

Ч.Айтматовдун стилине мүнөздүү көрүнүштүн дагы бири – бул анын чыгармаларынын тилинин маңыздуулугу, ширелүүлүгү, көркөм сүрөттөө каражаттардын жыштыгы жана орундуулуугу, кыргыздын ата - бабасынан бери келе жаткан нукура сөздөрүн, тилдеги историзм, неологизм, жаргонизм, вульгаризм, варваризм, профессионализм, диалектизм сыяктуу ар түрдүү катмарлардан өтө жогорку деңгээлде чеберчилик, сезимталдык менен колдоно билүү өзгөчөлүгү эсептелет.

Жазуучунун элдик мифтерге, жомок - уламыштарга кайрылып, аларды өзүнүн чыгармаларынын сюжетине органикалык түрдө тутумдаштыра билгендиги - анын дагы бир жазуучулук феномени. Демек, көркөм адабиятта өз стилин тапкан жазуучу – ал мыктылардын мыктысы катары бааланат. Көрүнүктүү адабият теоретиги М.М.Бахтиндин оюу боюнча «большой стиль… есть стиль прежде всего самого видения мира и уже затем обработки материала». Башкача айтканда, автордун дүйнөгө көз карашы, анын инсандык өзгөчөлүгү, материалды иштеп берүү жагы биринчи жагдайга көз

каранды. Алсак, Чыңгыз Айтматов - кара сөз чебери, ал - турмуштук көрүнүштөрдү ар дайым жаркын лирикалык маанайда кабылдаган лирик-романтик. Жазуучунун кайсы чыгармасына кайрылсак да, башкы өзгөчөлүк катары Айтматовдун стилиндеги башкы белги, касиет чыгармаларынын калган компоненттеринде: тема таап, аны чечмелеп берүүдө, портрет түзүү, жаратылышты сүрөттөө, айбанаттар дүйнөсүн ачууда, көркөм деталдарды колдонууда, жыйынтыгында, барып-келип, жаркын драмалуу, эч качан эстен кеткис мүнөздөрдү түзүүдө көрүнөт.

Т.Аширбаев морфологиялык стилистиканын проблемаларына кеңири токтолуп, тилдик деңгээл катары саналган морфология стилистикада да өз деңгээлин түзө алат, бирок морфологиялык стилистиканын каражаттарына лексикалык стилистиканын каражаттарынын деңгээлинен кароого болбойт. Анткени, биринчиден, бардык тилдик деңгээлдердин стилистикалык сапаттары окшош эмес, экинчиден, морфологиялык стилистиканын мүмкүнчүлүктөрү башка тилдик-стилистикалык деңгээлдерден салыштырмалуу бир топ «жарды» экендигин белгилейт.

Демек, морфологиялык каражаттар кыргыз адабий тилинин бардык стилдеринде, айрым бир өзгөчөлүктөрдү эске албаганда, бирдей колдонула берет. Морфологиялык категориялардын көрсөткүчтөрүнүн синонимдештиги лексикалык бирдиктердин синонимдештигине салыштырганда бул өнүккөн же өнүккөндүктөн эмес,ошол кубулуштун маңыз-табиятынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу болот. Ошондуктан морфологиялык стилистикалык каражаттар боёктуулугу боюнча эмес, функционалдык жагынан жиктелет. Ошентип, синтаксистик жана лексикалык каражаттардан айырмаланып, морфологиялык каражаттардын эмоционалдык-экспрессивдик боёктуулугу бир кыйла аз болот жана жалпы тилдик нормалардан аз өлчөмдө четтейт, мунун натыйжасында морфологиялык категориялардын көрсөткүчтөрү тилде бекем туруктуулукка ээ экендигин немис окумуштуусу М.П.Брандес тастыктайт.

Морфологиялык стилистиканын негизги проблемаларынын бири – морфологиянын көрктүүлүк каражаттарын белгилөө. Тилдик бул деңгээлдин каражаттары таптакыр эле боёксуз деп кескин тыянак чыгарууга болбойт. Аларда белгилүү өлчөмдө экспрессия жана эмоция болушу мүмкүн, бирок ал белгилерге караганда функционалдык белгилер басымдуулук кылат. Ошондуктан ар бир сөз түркүмдөрүнүн категорияларынын белгилерин, Т.Аширбаевдин пикири боюнча, функционалдык жагынан иликтөө зарыл.

Көркөм чыгарманын стилинде улуттук тилдин морфологиясынын каражаттарын колдонуу өзүнүн бийиктигине жетет. Ошондуктан ар кандай тилдин морфологиялык стилистикасынын негизги изилдөө обьектиси көркөм чыгарма болуп эсептелет. Биз да ушул филологиялык салтты улантып, кыргыз тилинин мофологиялык стилистикасынын изилдөө обьектиси катары Ч. Айтматовдун «Жамийла», «Бетме-бет», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу» жана кыргызчага которулган чыгармаларын талдоого алдык. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилинин морфологиялык стилистикасы кыргыз филологиясында иликтөөгө алына элек. Кыргыз тилинин стилистикасы-тектеш тилдердин стилистикаларына салыштырмалуу өтө жаш илим. Кыргыз тилинин стилистикасы түпкүлүгүндө кеп маданияты менен тыгыз байланышта каралат. Ошондуктан кыргыз жаштарынын тил жана кеп маданиятын жогорулатууда кыргыз тилинин стилистикасы илимий негизде милдет аткара тургандыгын эч ким тана албайт. Окуучулар эне тилинин стуруктурасы, тилдик деңгээлдердин бирдиктери, категориялары жана алардын формалары жөнүндө алынган билим менен гана чектелүүдө. Ал эми кыргыз тилинин тилдик бирдиктеринин көркөмдүгү, образдуулугу жана боёктуулугу, ал тилдик бирдиктердин кептик чөйрөдө колдонулуу өзгөчөлүгү, тил жана кеп маданиятына жетишүүнүн ыкмалары жана башка ушул сыяктуу учурдун талабынан келип чыккан маселелер окутуу жараянында ушул күнгө чейин колго алынбай келе жатат. Кыргыз тилинин структуралык стилистикасында фонетика, сөз жасоо, лексика-фразеология, морфология жана синтаксистик тилдик бирдиктердин коннотациялары, ар

бир тилдик деңгээлдин парадигмалык белгилери, тилдик бирдиктердин коннотация жаратуучу каражаттары, троптор жана стилистикалык фигуралар иликтенет.

**Коннотация** – тилдик бирдиктин кошумча мааниге ээ болушу, семантикалык, стилистикалык боёкчолордун, ньюанстардын бирдиктин негизги маанисине кабаттала берилиши.

Бир тилдик категориянын морфологиялык көрсөткүчү башка бир морфологиялык көрсөткүч менен да синонимдик абалда келиши мүмкүн. Мисалы, Сизди угуп жатабыз. Мында I жактын көптүк сандагы – **быз** мүчөсү I жактын жекелик санынын – **мын** мүчөсүнүн ордуна колдонулушу мүмкүн. Демек, морфологиялык синонимия тилдик факт болуп саналат жана бул кубулуш морфологиялык стилистикада чечүүчү мааниге ээ. Кыргыз тилинин морфологиялык стилистикасында айрым сөз өзгөртүүчү жана форма жасоочу мүчөлөрдүн кепте түшүрүлүп айтылышы да стилдик мааниге ээ. Кыргыз тилинин морфологиялык стилистикасынын орчундуу проблемаларынын бири – морфологиялык стилистикалык парадигманы аныктоо. Бул маселе да түрк тилдеринин стилистикасында сөз боло элек. Кыргыз тилинин морфологиялык стилистикасынын парадигмасы кепте морфологиялык каражаттардын стилдер боюнча жиктелиши жана синонимдик жактан күчтүү өнүгө албагандыгы менен шартталган. Ошол себептен морфологиялык стилистикада үч (же толук) баскычтуу парадигма жөнүндө сөз кылууга болбостугун туура белгилеген (33: 6). Кыргыз тилинин морфологиялык стилистикасынын парадигмасы бири-бирине карама–каршы коюлган **китептик – орток** жана **орток - сүйлөшүү** белгилерин камтыган эки гана баскычтан турат.

Орток белгиге ээ болгон морфологиялык каражаттар (уңгу, сөз өзгөтүүчү жана форма жасоочу мүчөлөр) адабий тилдин бардык стилдеринде колдонулушу жана тилдик норманын чегинен чыкпагандыгы менен өзгөчөлөнөт жана кайсы бир стилдин белгисин жаратуу үчүн бир аз четтеген морфологиялык каражаттарга карама-каршы коюлат. ***Мисалы: Ооба, он***

***бешке чыкпай жатып аял болдум! («Б.М», 36-б).*** Жазуучу каармандын өзүнүн кебинде Алтынайдын жашынын канчада экенин **он беш** деген сан атооч сөздү колдонуу менен ырастаганын байкоого болот. **Он беш** деген сан атооч орток маанилүү. Ал эми **ондой, он он беш, он чакты, он–он бештей** деген сыяктуу сөздөр фунционалдык жактан жиктелет , булар сүйлөшүү стилинин белгисине ээ (33:7). *Мисалы: Чоӊ дасторкондун тегерегинде жайнап отургандар күү-күү сөз сүйлөшүп, тосттор артынан тосттор айтылып, чай ичилип жаткан кезде колуна бир тутам газета-журналдарды кармаган жаш жигит эшиктен кирип келди да, үй ээсине **он чакты** телеграммаларды сунуп, кол коюп бериӊиз деп кайрылды («Б.М», 8-б).* Каармандын кебинде **он чакты** деген сөздү берүү менен сүйлөшүү стилинин белгилерин көрсөттү.

Китептик боёктуулукка ээ болгон морфологиялык каражаттар көбүнчө илимий, иш кагаз, публицистикалык стилдин расмий жанрларында кеӊири колдонулат. Бул сыяктуу тилдик морфологиялык каражаттарга сүйлөшүү боёктуулугуна ээ болгон каражаттар карама-каршы коюлат. Демек, кыргыз тилинде бири-бирине карама-каршы коюлган морфологиялык стилистикалык эки баскычтуу парадигма гана бар. Ар бир параграфта жазуучунун чыгармаларынын мисалынын негизинде талдоолор берилет.

Теориялык маселелердин чечилишинин практикалык жагы тилдик каражаттар менен коштолуп белгиленет.

### 1.2. Ч.Айтматовдун чыгармаларында зат атоочтун колдонулушу

Стилистика сөздөрдүн кепте колдонулуш закон-ченемдүүлүктөрүн, алардын экспрессивдик жактан туура пайдалануу принциптерин изилдейт. Бул тууралуу А.И.Ефимов: «Изучая выразительные качество (экспрессию) речевых средств, устанавливая синонимические эквиваленты и варианты, бытующие в области лексики, фразеологии, частей речи и синонимических конструкций, стилистика является своего рода верщиной исследования языка, теоретической основой развития национальной речевой культуры»,-

деп аныктаган стилистиканын тил илиминдеги алган орду жөнүндө (74: 5- 6). Бул пикир тил менен стилдин бир нерсе эмес экендигин билдирет, ошондой болсо да, «основной стиля, его душой является язык. Это король на шахматной доске », - деген образдуу аныктама берген тилдин ролу жөнүндө жазуучу К.Федин (172:338). Азыркы кезде илимде стилистика менен дүнүйө жүзүнүн лингвисттери изилдөөлөрдү жүргүзүшүүдө. Анын ичинде орус тил илиминде көптөгөн фундаменталдуу эмгектер жаралды (В.В.Виноградов, Б.Н.Головин, И.В.Голуб, А.И.Ефимов, М.Н.Кожина, Д.Э.Розенталь, Г.Я.Солганик, В.П.Москвин, Н.Н.Романова, А.В.Филиппов).

Түркологияда да стилистикага айрыкча көңүл бөлүнүп, изилдөө иштери жүргүзүлүүдө. Кыргыз филологиясында стилистика маселесине акыркы жыйырма-отуз жыл ичинде гана көңүл бурула баштады. Ал эми көркөм чыгарманын тилинин морфологиялык стилистикасына алгачкылардан болуп, «Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү» (1983) деген жыйнакка кирген Н.Шаршеевдин «Көркөм чыгармалардын лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү» (108:74-76) деген макаласында талдоо жүргүзүлгөн. Көркөм чыгармаларда зат атоочтун, сын, сан, ат атоочтордун стилдик функциялары аткарыларын Н.Шаршеев белгилеген. Зат атоочтун категорияларынын көркөм чыгарманын тилинде жазуучулардын кандай максат менен пайдаланганына токтолгон. Айрым учурда жалгыз эле жекелик түр стилдик мүнөзгө ээ болбостон, белгилүү даражада көптүк түргө да ээ болушат. Көркөм прозада айрым бир өңчөй энчилүү аттар айтылып келип, аягына көптүктүн **– лар** мүчөсү уланат. Мындай ыкманы автор өзүнчө бир стилдик өзгөчөлүк катары пайдаланат.

Көркөм чыгарманын тилинде жөндөмө категориясы да ар түрдүү стилдик касиетке ээ. Илимий стилдин морфологиясы функционалдык стилдин башка түрлөрүнөн анчалык деле айырмаланбайт. Зат атооч боюнча экспрессивдүү-эмоционалдык зат атоочтордон башталары башка стилдерге кандай мүнөздүү болсо, илимий стилге да ошондой мүнөздүү экенин белгилеген (108:74-75).

Кыргыз филологиясында зат атоочтун стилистикасы боюнча Т.Аширбаевдин жана З.Ажыбаевалардын эмгектерин атоого болот.

Зат атооч сөздөр көркөм жана сүйлөшүү стилдеринде тилдик активдүү көркөм каражат катары кызмат аткарат. «Анын мындай өзгөчөлүгүнүн обьективдүү себеби - сөз түркүмү катары категорияларынын өнүккөндүгү жана сын атооч, сан атооч жана этиш сөздөрү үчүн кепте таяныч сөз болгону. Экинчиден, зат атооч сөздөрдүн - конкреттүү жана абстрактуу, энчилүү жана жалпы ат, жандуу жана жансыз зат болуп бөлүнүшү» (35:8) менен шартташкан. Заттын атын билдирүүчү сөздөр кепте стилдик колдонулуш чөйрөсү боюнча бир кыйла өзгөчөлүктөргө ээ. Анткени көркөм чыгармаларда берилүүчү ой кепте өз максатына жете алат.

Зат атооч сөздөрдү образдуу пайдалануунун көркөм чыгармада ролу чоң, анткени ал аркылуу ойдун эмоциялуулугу жана экспресивдүүлүгү артат. Натыйжада, чыгарма окурмандарга эстетикалык көркөм таасир берет. Ч.Айтматовдун чыгармаларында зат атооч сөздөр мейли нагыз, мейли функционалдык мааниде иштелбесин, стилдик максатта түрдүү ыкма менен колдонулган. Тактап айтканда, зат атооч сөздөр калыптанып калган атоо функциясына гана ээ болбостон, каармандардын ички эмоциясындагы ар кандай сезимдерди туюндурууда жана көркөм образдарды түзүүдө жазуучунун көркөм оюна кошумча ар кандай стилдик боёкторду берет. «Жазуучу көркөм чыгарма жаратуу үчүн эне тилинин бай казынасынан ошол чыгарманын идеялык – көркөмдүк мазмунун ачып берүүгө жарамдуу болгон таасирдүү сөз каражаттарын тандап алат» (115: 34).

Көркөм сөз чебери Ч.Айтматов эмоционалдык маанини туюндурган зат атооч сөздөрдү чыгармаларындагы каармандардын кебинде гана колдонбой, аны колдонуунун чөйрөсүн кеңейтүүгө аракет кылган. Мында ал сюжетти өнүктүрүүчү баяндоодо - автордук кепте да активдүү пайдаланган. Бул максатта зат атоочтор баяндоо же атоо функциясына караганда бир топ татаал функцияларда келгендигин – жазуучунун жеке стилдик өзгөчөлүгүн жана зат атооч сөздөрдү чыгармада кандайча жумшалгандыгын, көркөм

чыгарманын жаралышына алардын тийгизген таасирин жана кандай стилдик планда керектелгендигин изилдөө зарылдыгы келип чыгат.

Каармандын кептеринде жүрүм-турумдарын сүрөттөгөн автордун баяндоосунда, пейзаждык сүрөттөөлөрдө, макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү, образдуулукту жаратуучу жана эмоционалдык-экспрессивдүүлүктү арттыруучу көркөм каражаттарды Ч.Айтматов ар тараптуу жана зор чыгармачылык менен пайдаланган.

Зат атоочтун заттык мааниси атайын грамматикалык белгилер аркылуу аныкталат. Ал белгилер конкреттүү алганда морфологиялык жана синтаксистик белгилер болуп экиге бөлүнөт.

Заттык маанинин **морфологиялык белгиси** катары атайын грамматикалык категориялар: **жөндөмөлөр, таандык, сан категориялары** эсептелет.

Чыгармаларында каармандын көз карашын, кулк–мүнөзүн, кандай маанайда экендигин, маданиятынын деңгээлин, кыймыл-аракеттин көрүнүшүн, ички сезимин образдуу жана элестүү чагылтуу көбүнчө зат атооч сөздөрдүн эмоциялык жана экспрессивдик таасир этүүчү күчү аркылуу ишке ашат. Заттык маанидеги эмоционалдуу-боёктуу тилдик каражаттар оң жана терс маанидеги автордук кепте да, каармандардын кебинде да, эч бир көркөм чыгармада кезикпеген өзгөчөлөнгөн тилдик каражаттар менен берилгендиги байкалат. Өз стилине ээ болгон сөз чебери кайсы гана каармандын кебинде бул каражаттарды колдонбосун, сөз күчүнө терең маани берип, анын таасирдүүлүгүнө жетише алган. Мисалы, **Толгонайдын жер - эне менен болгон маегин** келтирели:

*- Ооба, **жер - энем**, унчукканда кантер элем. Мен эле жалгыз болсом экен – **согуштун кесепети** тийбеген бир да **үй-бүлө**, бир да **адам** калган жок эле го. Башкасын айтпай эле коеюн, **дүйнөнүн өйдө-төмөнү менен эч кандай** иши жок кезинде, тили жаңыдан чыккан кичинекей **балдар** да, ошол балыр **сүт бөбөктөр** да, ырдап койчу десең, каңырык түтөтүп:*

***«Ак көйнөгүм** этеги*

*Элбир-желбир этеди.*

*Аскерге кеткен атамдын*

*Бир кабары келеби?» - деп, какшап турса, кимдин* ***жаны*** *карайбайт да, бүлүк салган* ***душманга****: «Сени канабы!» – деп, ким кекенбейт («С.Ж», 8-б).*

Мында, **жер – энем, согуштун кесепети, үй - бүлө, адам, дүйнөнүн, иши, тили, балдар, бөбөктөр, көйнөгүм, этеги, аскерге, атамдын кабары, жаны, душманга** деген зат атоочтордун түрдүү категориялык, тактап айтканда, жак, таандык, сан, жөндөмө категорияларынын көрсөткүч формаларын колдонуп, кептеги эмоционалдык боёктуулукту арттырган. Демек, зат атоочтун грамматикалык категорияларынын формалары Ч.Айтматовдун чыгармаларында жазуучунун көркөм чеберчилик таянычы катары кызмат аткарып, каармандардын кебиндеги эмоционалдык кошумча маанилерди реалдаштырууда өзгөчө мааниге ээ болгон. Боёкчолуу экспрессивдүү сөздөр көбүнчө көркөм чыгарманын тилинде стилдик боёк, түс сыяктуу колдонулат. Эмоциялык ирең бир эле зат атоочто эле колдонулбайт, анын башка категорияларында, мүчөлөрүндө берилет.

Бул жөнүндө Д.Э.Розенталь мындай деп айткан: «Кээ бир зат атоочтун мүчөлөрү түгөйлүү варианттарга ээ, сөздөр ар түрдүү стилдик боёктуулукка ээ болушат. Сүйлөшүү стилинде диалектилик мүнөзгө, элдик поэтикалык сөздүн боёктуулугуна ээ. Тилдеги сөздөрдү стилдик өң-түс, эмоционалдык - экспрессивдүүлүгү менен бирдей кароого болбойт. Адаттагыдай эле, сөздүн стилдик сапаттын эки жактуу кароого болот, биринчиден, байланыштуу сөздүн кайсы чөйрөдө колдонулушу, экинчиден, сөздө экспрессивдүүлүктүн бар же жок экендигин кароо, сөздүн эмоционалдуу боёктуулугу аркылуу сөздүн өздүк маанисин, заттардын кубулушун, аталышын башка нерселерге болгон байланышын: эркелетүүсүн, тамашалоосу, какшыктоосу, менменсинүүсүн ж.б.у.с. көрсөтүү», - деп басым жасап айткан (145:109).

М.Балакаев: «Чынында орунсуз колдонулган, бузулуп айтылган жагымсыз сөздөр угуучунун сезимине терс таасир этет. Мазмунуна мааниси топ келүү керек. Таасирдүү, сыпайы сөздөр угуучулар менен окурмандарды



ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 971423

зериктирбей отурат. Ой - пикирди билдирип, сезимге таасир этпеген сөздөр мокок сөздөр боло турганы ырас»,- деп белгилейт.

М. Ауэзов: «Назик келген көңүл жайын, ой-толкунун сезим ыргагын психологиялык талаш менен тартышты тың тил менен, өзүнчө бир агым менен жыйынтыктап айткысы келет. Мындай болбогон жазуучулукта жан жок, касиет жок, жылуулук, жарашыктуулук да жок»,- деп жазат (125: 48).

Кептеги тилдик каражаттарды сүрөткер тарабынан тандоо боектуу сөздөрдүн белгилүү чөйрөдө колдонулуш мүмкүнчүлүгү менен мүнөздөлөт. Тактап айтканда, тилдеги боектуу каражаттар көркөм чыгармада каармандын кебинде жагдайга жараша ички сезимди билдирүү максатында автор тарабынан тандалып колдонулат. Ошентип, эмоционалдык боёктуулукту түзгөн зат атоочтор кепте колдонулушу боюнча бирдей мааниге ээ эмес. Чыгармада жагдайга жараша сүйлөөчүнүн сөзү оң мааниде экендигин билгизет.

Алар стилдик түшүнүк катары каралып, адамдын эмоциясындагы оң маанайды билдирип, образ - мүнөздөрдүн ачылышында белгилүү деңгээлде стилдик кызмат аткарат. Ал эми кеп аркылуу терс эмоционалдык абалды туюнткан зат атоочтор чыгармада одоно, орой айтылган маанайда кезигет. Алар көркөм чыгармада автор тарабынан ички терс сезимдерди билдирүүдө боёктуу каражат катары пайдаланылат жана сүйлөшүү стилинин белгилерин жаратат.

### 1.3. Зат атоочтун жөндөмө категориясынын стилистикасы

Көркөм чыгарманын тилинде зат атоочтун жөндөмө категориясы да ар түрдүү стилдик мааниге ээ.

**Атооч жөндөмө.** Атооч жөндөмөнүн көрсөткүчү жок болгондуктан, бул жөндөмөдө турган зат атооч кыргыз адабий тилинин бардык стилдеринде активдүү колдонулат жана стилистикалык жактан сүйлөмдүн баяндоочунун грамматикалык өзгөчөлүгүн гана эмес, анын стилистикалык табиятын аныктоого да негиз болот. Мисалы: *Биздин айыл Ак-Жар тоо этегинде*

*суулар шаркырап аккан чоң тектирде орношкон, ылдый-туурасынан суналган Кара-Тоого чейин түзөң өзөн, темир жол кеткен казактын сары талаасы («Б.М», 4-б).* Каармандын кебинде **айыл, Ак-Жар, суулар, өзөн, темир жол, талаасы** деген атооч жөндөмөдөгү сөздү кеңири колдонуу аркылуу пейзаждык сүрөттөөнү көрсөтүп, орток маанилүүлүккө ээ. ***Жамийла*** *өзү шыңга бойлуураак белдүү* ***келин*** *(«Ж», 201-б).* Автор атооч жөндөмөдө турган **Жамийла, келин** деген орток маанилүү сөздөрдү колдонуу менен каармандын ким экендигин сүрөттөдө керектеди.

*- Адам кейпиндеги* ***ит!*** *Бас азыр барчу жериңе барасың! Тигил астына түшө бергенде, Дүйшөн аны дагы да булкуй тартып токтотту.*

*- Сен бул жаш кызды чөптөй тебелеп бүлдүрдүм, күнүн бүтүрдүм деп турасың го ичинден... Билип койгун, ал заманыңар өткөн,* ***заман*** *азыр биздики, бул* ***кыз*** *өлбөйт, бул кыз кайра тирилип адам болот, а сен, сенин заманың ушуну менен бүттү...( «Б.М», 38-б).* Каармандын кебинде атооч жөндөмөдө турган зат атооч **адам, ит, заман, кыз** деген сөздөрдү пайдаланып, Дүйшөндүн зөөкүр адамга жасаган мамилеси, сырткы кейиштүү терс эмоциясы көрсөтүлүп, орток маанилүүлүктү берет.

«Көптөгөн жөндөмө формалардын синонимдик мамилелеринин тилде калыптанышы көркөмдүктүн ишенимдүү каражаты катары жазуучуга кызмат кылат», - деп белгилейт А.И Ефимов (75: 319). Демек, жазуучу чыгармасында жөндөмө мүчөлөрдү орундуу пайдаланган.

Кыргыз тилинде атооч жөндөмөнүн нөлдүк формасы (жөндөмө мүчөсүнүн жоктугу) көркөм чыгармаларда илик, табыш жөндөмөнүн көрсөткүчү менен синонимдеш колдонулган учуру кездешет. Бул каражаттарды жазуучу өз ара алмаштырып пайдаланып, чыгарманын тилине сүйлөшүү стилинин боёктуулугун берет. Мисалы: ***Түн.*** *Топ-топ мунарыктаган жылдыздар.Түн ортосу оол кеткен. Тоо башында түнөгүнө конгон булуттар бирине - бири ыктап, козголбогон терен уйкуда (Ч.А).* Жазуучу атама сүйлөмдөрдү пейзаждык сыпаттоодо ишенимдүү тилдик каражат катары колдонгондугун белгилөөгө болот. Орток маанилүү, атооч жөндөмөдөгү сөздөр атама

сүйлөмдүн, каратма сөздүн кызматында көп келип, синтаксистик стилистикада өзгөчө мааниге ээ экендигин окумуштуу (35: 9) белгилейт.

Мисалы: - *Сен кайда жүрөсүн, ыя? – деди ал жулунуп. Мен жооп кайтаргыча болбой, колумдагы капты жулуп алды: - Караңгы түнгө чейин жүрүп тергениң ушубу? – Кыздар айтып койсо керек. – О, өлүкканаңды гана көрөйүн,* ***шумшук,*** *мектепте сенин эмнең бар экен! Мектептен айланат бекенсиң! («Б.М», 17-б).* Каармандын кебинде колдонулган **шумшук** деген атооч жөндөмөдөгү каратма сөз терс эмоцияны берди. ***Шамал*** *гана акырын ышкырып, жал шагылдын арасындагы таштанды кагаздарды дириллдете кубалап жүрөт («К.К.Б.К», 17-б).*

Жазуучунун чыгармаларынын тилинде зат атоочтун атооч жөндөмөсүнүн стилдик жактан орду бар.

**Илик жөндөмө.** Бул жөндөмөнүн мүчөлөрү кепте толук түрүндө, толук кыскарган түрүндө жана толук эмес кыскарган түрүндө (варианттарында) колдонулуп, текстте стиль жаратуучу каражат катары кызмат кылат.

Көркөм стилде автордук кепте илик жөндөмөнүн мүчөсүнүн толук түрү талап кылынат. Мисалы: *Бир күнү кызыгып, мен дагы* ***Даниярдын*** *жанына дөбөгө чыгып отурдум («Ж», 152- б).*

Илик жөндөмөдөгү сөздүн жөндөмө мүчөсүнүн толук жана толук эмес кыскарган түрү Ч.Айтматовдун чыгармаларында сүйлөшүү стилин жаратуучу өзгөчө ыкма катары кеңири колдонулат. Алар аталган стилде төмөнкүдөй стилистикалык максатта пайдаланылат.

Мисалы: *Бул көпчүлүккө белгилүү илимпоз* ***аял (аялдын)*** *биздин айылдан экенин, кыз кезинде шаарга кетип, кийин окумуштуу болгонун анча- мынча угуп жүргөм («Б.М»,7-б).* Жазуучу бул сүйлөмдө **аял** деген сөздү илик жөндөмөнүн көмүскө формасында колдонуп, аныкталбаган жалпы маанини билгизип, сүйлөшүү стилинин мүнөзүн берди.

*Университетте* ***кафедра (кафедранын)*** *башчысы болуп, философиядан лекция окуп, академияда иштеп, анан ар кандай* ***коомчулук (коомчулуктун)*** *иштери менен чет өлкөлөргө барып келип турган айылдаш эженин жай*

*отуруп, жай сурашууга чамасы келбей жүрдү («Б.М»,7-б).* Автордун кебинде илик жөндөмөсүнүн көмүскө формасындагы кафедра башчысы **(кафедранын башчысы)**, коомчулук иштери **(коомчулуктун иштери)** деген сөздөр китептик стилин көрсөтөт.

Ала-шала тер болуп үйгө жетип келгенимде, **очок (очоктун)** боюнда отурган жеңем өйдө тура калды. Жеңем урушчаак начар аял эле. Жеңем менин кулагымды толгой кармап, желкеден нары койгулай баштады.

*- Ит жетим, көк жетим томаяк! **Бөрү (бөрүнүн)** баласы ит болбойт: элдин балдары үйгө ташыса, сен үйдөн ташыйсың! («Б.М»,17-б).* Жазуучу бул сүйлөмдө илик жөндөмөсүндөгү **очок (очоктун)** боюнда, **бөрү (бөрүнүн)** баласы деген сөздөрдүн көмүскө формасын колдонуп, текстке стилдик ыргак жаратты. Алтынайдын жеңесинин каргышы аркылуу терс маанидеги эмоционалдуу-экспрессивдүү сөздөрдү чеберчилик менен пайдаланды. *Мисалы: -Байкап сүйлөңүз. Бул **кыз (кыздын)** сизге кереги жок болсо, кеңеш өкматына керек! Жооп берип калып жүрбөңүз! («Б.М», 18-б).* Автор Дүйшөндүн кебинде **кыз (кыздын)** деген сөз илик жөндөмөсүнүн көмүскө формасында берип, ачуулуу каармандын сырткы көрүнүшүн, кекенгенин билдирген сөздөр аркылуу терс эмоцияны көрсөттү.

Каармандын кептик портретин түзүү үчүн. Мисалы: Нымтыраган арам, дагы жагынып чоң болгусу бар. ***Атаң** көрү-ү, **атаң** көрү-ү!... Азыркы жаштарың эл болуп деле жарытпайт го («Г», 21-б ).*

Илик жөндөмөдө туруучу сөзгө логикалык басым түшүрүлбөй, жалпы мүнөздө көрсөтүү максатында. Мисалы: *Ире-шире күүгүмдө чоктугу менен уча сөөгү урукуюп, салаңдаган башын көтөрө албай буттары бүгүлүп, жаны чыгып, сөөгү эле тургансыйт **Гүлсары** («Г», 21-б).*

Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматов чыгармаларында сөздөрдүн эмоционалдык маанилерин арттырууга зат атоочтун илик жөндөмөсүн түрдүү формада чыгармачылык менен пайдалана алган.

**Барыш жөндөмө.** «Көркөм чыгармаларда жана сүйлөшүү стилинде барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн толук да, кыскартылган да түрү колдонулат.

Анткени бул стилдеги барыш жөндөмөдө турган сөздөрдө жак-таандык жана жалпы таандык мүчөлөр улана берет. Ушул өзгөчөлүк барыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтордун функционалдык жактын колдонулуу өзгөчөлүгүн аныктайт» (31:68). Ч.Айтматовдун чыгармаларында барыш жөндөмөдөгү зат атоочтордун колдонулуу чөйрөсү өтө кеңири жана ар түрдүү. Каармандардын кебинде бул жөндөмө мүчөнүн ички сезимдеги ар кандай маанилерди түшүндүрүүдөгү кызматы чоң. Кейипкерлердин мүнөзүн ачып көрсөтүүдө, сүйлөөчүнүн тилдик белгилерин сактоодо, сезимдеги оң жана терс маанилерди билдирүүдө барыш жөндөмөдө турган зат атооч сөздөрдү жазуучу стилдик максатта орундуу пайдаланган.

Мисалы: *Алтынай Сулайманова мындайды күтпөгөн болуу керек, сүйүнгөнүнөн эмне кыларын билбей, элге кол куушура ийилип жүрүп отуруп, залдагы президиумдан орун алды. Жыйналыштын аягында пионерлер анын мойнуна кызыл жагоо тагып, гүл берип, жаңы мектептин ардак* ***китебине*** *анын ысмын бирден бир биринчи жазышты («Б.М», 7-б).* Автордук кепте **элге, китебине** деген барыш жөндөмөдөгү сөздөрдү стилдик жагынан орундуу керектелген, орток маанилүүлүккө ээ.

Барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү айрым жандоочтор менен синоним катары колдонула берет. *Мисалы: Жумушта иш менен алаксып, Жамийла анча сыр байкатчу эмес («Ж», 175-б).* Бул сүйлөмдө иш менен деген сөз тизмегиндеги менен жандоочу барыш жөндөмөнүн **–га** мүчөсүнө синоним болуп колдонулду. «Жумушта ишке алаксып, Жамийла анча сыр байкатчу эмес», деп колдонулушу да мүмкүн.

*Кезеги келгенде Жанболотко түшүндүрүп айтып берем («С.Ж», 138-б).* Автор каармандын кебинде Жанболотко деп, барыш жөндөмөнүн толук формасын улоо аркылуу көрсөттү. Алардын айылдан кеткендегисин эстегенде жүрөгүмө кайрат толуп, мен дагы ошолор сыяктуу өз таалайым үчүн кыйын жолго чыгууга тайманбай бел байладым.

*-Мен окууга кетем! – дедим мен апама. Сүрөтчү болгум келет, сүрөтчүнүн окуусуна барам, атама да ушуну айтып кой («Ж», 195-б).* Жазуучу

каармандын кебинде барыш жөндөмөнүн кыскарган формасын берип, оң эмоцияны көрсөттү. Орток мааниге ээ.

Демек, натыйжада, автор сезимдик маанилердин белгилерин окурмандарга көркөм, элестүү жана образдуу жеткирүүдө жогорудагы жөндөмө мүчөнүн варианттарын ар кандай ыкмада чыгармачылык менен пайдаланган.

**Табыш жөндөмө.** Көркөм чыгармаларда текстке сүйлөшүү стилинин белгисин киргизүү максатында табыш жөндөмөнүн кыскарган формасы колдонула берет. Ч.Айтматов чыгармаларында бул жөндөмөнүн көрсөткүчүн толук жана кыскарган формада пайдаланып, каармандардын көркөм образын элестүү чагылдырган жана кепке сүйлөшүү стилинин белгисин киргизген. ***Кагазын** колуна кармаган бойдон турган жеринде селдейген Дүйшөн көпкө чейин ордунан козголбой турду («Б.М», 13-б).* Жазуучу **кагазын** деген сөздө табыш жөндөмөнүн кыскарган формасын колдонуп, каармандын кебин көрсөттү, орток маанилүүлүктү берди.

*Мен күн баткыча отунга дагы бир сапар барып келе салайын, - деп Дүйшөн **орок, жибин** алып, талаага басып кетти («Б.М»,15-б).* Автор **орок//орокту//орогун, жип//жибин//жипти** деген табыш жөндөмөнү колдонуп, каармандын кебин жекелештирүү максатында пайдаланып, мектеп окуучуларынын эртеңки күнүн ойлогон Дүйшөндүн убаракерчилигин табыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн кыскарган формасын орток мааниде колдонду.

*Сүрөт тартыш үчүн айылга, ал турсун, үч-төрт күн мурунураак бардым («Б.М», 6-б).* Жазуучу сүйлөмдө **сүрөт//сүрөттү** деген сөздү берүүдө **сүрөт** деген табыш жөндөмөдө турган сөздү көмүскө формада колдонуп, каармандын кебинде стилдик жактан сүйлөмгө кошумча маанини киргизди. Сүйлөшүү стилине ыктайт. *«- Эй, катын! – деди ал ородон чыгып, сен качантан бери **элди** башкарып, билерман болуп кеткенсиң. Көп сүйлөбөй **ишиңди** кыл!» («Б.М»,19-б).* Автор **элди, ишиңди** деген сөздөргө табыш

жөндөмөнүн мүчөлөрүн улоо менен сүйлөшүү боёгуна ээ болгон жактырбоочулук маанини көрсөттү.

Демек, зат атоочтун табыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрү көркөм жана сүйлөшүү стилдеринде ички, сырткы эмоцияны түзүүчү каражаттар болгондуктан, жазуучу тарабынан чыгармачылык менен кеpектеген.

**Жатыш жөндөмө.** Жатыш жөндөмөнүн негизги мүчөсү **- да.** Ал башка жөндөмөлөрдүн мүчөлөрүндөй өнүгө алган эмес, тактап айтканда, жатыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн кыскарган жана толук варианттары жок. Ошондуктан бул жөндөмөдө турган зат атооч кыргыз адабий тилинин бардык стилдеринде активдүү колдонула берет. Жатыш жөндөмөнүн мүчөсү барыш жөндөмөнүн мүчөсүнө синонимдик катышта келет жана кыймыл-аракеттин унгу сөзгө карата багытталганын туюнтат. *Мисалы: **Деңиз** кылаалап ырдаганга не жетсин. Деңиз баарын түшүнөт. Жүрөктөн чыккан ыр болсо, **деңизде** жарашып калат. («К.К.Б.К», 148- б).* Бул сүйлөмдө **денизде // деңизге** синонимдеш келет.

*Биринчи күнү ал бизди **жерде** төшөлгөн саманга отургузуп, колубузга бирден дептер, бирден калам, ар бирибизге атайлап жасалган кичинекей тактайдан берди да: - Муну тизеңерге коюп, кат жазасыңар, - деди («Б.М», 19-б).* Автор Алтынайдын кебинде жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап, жерде деп берген. Муну жерге деп, барыш жөндөмөсүндө бергенде деле, синонимдик катышта болуп, орток мааниге ээ болмок. ***Каптaлда** төгүлгөн жылдыздар таң аткыча балбылдап, анан бирин-серин тартып, эң акырында жаркыраган чолпон калып, ал улам алыстап, алда кайда кетип жоголду («С.Ж»,126-б).* Жазуучу бул сүйлөмдө **капталда** деген жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган сөздү колдонду. Ага синонимдеш **капталга // капталда** деп барыш жөндөмөнүн мүчөсү менен алмаштырууга болот. Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматов чыгармаларында зат атоочтун жатыш жөндөмөсүн да стилдик жактан орду менен пайдаланат. Жатыш жөндөмөнүн грамматикалык формасы чыгармада каармандардын түрдүү көңүл абалдарын сыпаттап берүүдө көп керектелет.

**Чыгыш жөндөмө.** Чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү - **дан.** Бул мүчөнүн толук жана кыскарган түрлөрү кепте активдүү колдонулат. Чыгыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн кыскартылган түрү көркөм жана сүйлөшүү стилдеринде стилистикалык жактан максаттуу пайдаланылат. Текстке сүйлөшүү стилинин белгисин киргизүү үчүн да колдонулат (27: 13-14).

*Мисалы: Жана Данияр менен Жамийланы* ***сүрөттөн*** *тирүү сыяктуу көргөн учур мээме ушунчалык кадалган экен, көз алдыма баягы август түнүндөгү гүлдөгөн талаа келип, Даниярдын от менен жалын алып шаңшыган обону кулагыма угулгансып жатты («Ж»,195-б).* Автор **сүрөттөн** деген зат атооч сөздө чыгыш жөндөмөнүн толук формасын колдонуп, каармандын кебин жекелештирип берген.

*- Сейде жене, Ысмакемден кат жок, бизге да жок. Курмакем эмки базарда алып келем деди («Б.Б», 209-б).* Автор каармандын кебинде чыгыш жөндөмөсүндөгү Ысмакемден деген сөздү пайдаланган. Бул сүйлөмдө **Ысмакемден // Ысмакемен** синонимдеш келет.

*Баятан* ***кокту-колоттон*** *жол басып моюн бербей тың эле көтөрүп келген таңгагы бул учурда зылдай салмактана калып, эшик алдына беш–алты кадам болгон жерде кубаттан тайып, ал дубалды кармана теңселип, зыңгырап уюй түшкөн жонундагы отунду жерге тикесинен таштап жиберет («Б.Б», 209-б).* Бул сүйлөм чыгыш жөндөмөдө колдонулду. **Кокту-колоттон, кокту-колотто** менен синоним болуп колдонулушу мүмкүн, ал эми **кубаттан** дегенди **кубатта** деп жатыш жөндөмөдө колдонууга болбойт. Жөндөмөлөрдөгү синонимдештикти бардык учурда колдонууга, синоним катары пайдаланууга болбойт. Биринчи учурда колдонууга болот. Бардык эле учурда бир жөндөмө менен экинчи жөндөмө мүчө катары колдонууга болбойт.

*Ысмайыл болсо почточуну көргөн жерден сурап коюп жүр деп эскертет, Сейде сурайын эле дейт, бирок ошого оозу барбайт, эмки жолу сурармын деп өзүн алдайт («Б.Б», 210-б).* Жазуучу бул сүйлөмдө чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн каармандын кебин жекелештирүүдө колдонот.

Ысмайылдын кеби аркылуу **почточуну // почточудан, жерден // жерде** деген сөздөрдүн синонимдештиги аркылуу берип каармандын кебин айгинелеп көрсөттү.

Чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү кепте табыш жөндөмөнүн мүчөсүнө синонимдеш катышта келип да колдонулат. Мындагы айырмачылык кыймыл-аракеттин аткарылган ордун кыймыл-аракет башталган орун менен алмаштырылып берилгендигинде; *Мисалы: Биринчи диссертациямды Москвадан коргодум («Б.М», 42-б).* Бул сүйлөмдө жазуучу **Москвадан// Москвада** деп каармандын кебин берүүдө чыгыш жөндөмөнү колдонду. Диссертацияны кайда корголгондугун тастыктап көрсөттү.

Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматов зат атоочтун жөндөмө мүчөлөрүн чыгармада стилдик жактан оруңдуу пайдаланып, автордук кепте, каармандын кебинде, пейзаждык сүрөттөөлөрдө, айрым учурда жөндөмө мүчөлөр стилдик максат менен түшүрүлүп берилип, тилдик каражаттарды чеберчилик менен колдонгон.

### 1. 4 . Зат атоочтун сан категориясы

Зат атоочтун негизги грамматикалык категорияларынын бири – сан категориясы. Бул категория жекелик жана көптүк сан формасында кыргыз адабий тилинин бардык стилдеринде активдүү кызмат аткарат.

Көркөм чыгармада кептин боёктуулук таасирин күчөтүүдө бул категориянын аткарган кызматы зор. Ар кандай көрүнүштөрдүн, кубулуштардын жана түшүнүктөрдүн сан жагынан болгон өзгөчөлүгүн, персонаждардын ички сезиминдеги тилдик көркөм каражат катары, автордун жана каармандын кептеринде бул категориянын көрсөткүчтөрү активдүү колдонулат. Талдоого алынып жаткан чыгармалардагы автордук сүрөттөөлөрдө, баяндоолордо жана каармандардын кептеринде заттык мааанидеги абстракттуу түшүнүктөр жана жаратылыш кубулуштарынын аталыштары жекелик сан формасында ийкемдүү колдонулуп, кептин эстетикалык таасирин арттырат. *Мисалы: Чын эле бүгүнкү жылдыздуу*

*төбөдө кандайдыр бир алп* ***дыйкан*** *кырмандан толо кучак* ***саман*** *көтөрүп өткөнсүп, себеленип чуурул калганда,* ***топон*** *көзгө даана көрүндү («С.Ж», 60-б).* Автор каармандын кебинде **дыйкан, саман, топон** деген зат атооч сөздөрдү жекелик формада берип, бирок көптүк маанини туюндурган.

Жаратылыштагы кубулуштардын, жыл мезгилдердин, абстракттуу түшүнүктөрдүн аттарын билдирген зат атоочтор, жер-суунун аттары көптүк сандын көрсөткүчүн кабыл албайт: *Күндө* ***бороон,*** *темир жолду тиштеп күндө күртү («К.К.Б.К»,14-б). Ээн,* ***караңгы*** *талаада шимшилеп бараткада капилеттен оттуу куюн асманга атырылып чыкса ал байкуш кантти экен, жанын кайда катарын билбей алдастады го («К.К.Б.К», 22-б). Мына ошол* ***шамалды,*** *деңиздин туздуу нымы кошула жыттанган өз* ***шамалы*** *эң алгач салам айтып, коюн-колтугуна кирип кучакташып тосуп алды («К.К.Б.К», 57-б). Эртеси,* ***жамгыр*** *болор күнү, бош поезд жолулаш товарнякты кошо сүйрөп, Кумбелге бараткан жолдо разъезддеги бошогон үч вагонду ала кетмек болду («К.К.Б.К», 136-б). Сары-Өзөктүн ээн талаа, эрме чөлүнүн төбөсүндөгү ээн* ***асман,*** *эрме көккө жылдыз толду («К.К.Б.К», 74-б).* ***Жаз*** *маалында аз күнгө ыраңы жашылданып, анан кайра күйүп кетип, саргайып жатчу Сары-Өзөктүн уч-кыйырсыз талаасы Эдигейди айран азыр кылды («К.К.Б.К», 66-б). Көрсө, Касымдын кара кагазы жарым ай мурун колхозго келген экен,* ***Москвадан*** *нары чабуулда,* ***Ореховка*** *деген кыштакта каза таалтыр («С.Ж», 89-б).* Жазуучу чыгармада сан категориясы көптүктүн мүчөсү уланбаган жердин аттарын колдонуп, каармандын кебинде согушта шейит болгон Касымдын кара кагазынын мурда эле келгенин каймана мааниде берип, үй-бүлөсүнө билдирүүнүн оорчулугун да эске алганын көрсөттү.

Ал эми адам аттарынын, бирдик боюнча саналбаган заттардын (суу, сүт, кум ж.б.), жаныбардын дене мүчөлөрүнүн (кол, кулак, көз ж.б.), жуптукту туюнткан заттардын, он эки айдын ж.б. аттарына – **лар** мүчөсү жалганып, ал заттын көптүгүн эмес, алардын коллективи, ар түрдүүлүгү жөнүндө түшүнүк берилет: *Бирок Жекшенкулдар менен кийин өтө түшүп, беттешип калууга да*

*туура келди («С.Ж», 95-б).* ***Айшалар*** *көпкө чейин чай ичип кетишти («С.Ж», 126-б).* Каармандын кебинде Айшалар деген сөздү көптүктүн **- лар** мүчөсү улануу менен берип, көпчүлүк адамдардын болгонун баяндады. Кээ бир сөздөр эч кандай морфологиялык көрсөткүчсүз, өзүнчө колдонулуп, лексикалык маанисинде эле сан жактан көптүктү түшүндүрөрүн З.Ажыбаева да белгилеген . Мындай сөздөр чыгармада кырдаалга жараша стилдик жактан орундуу пайдаланылган. Каармандын кебинде көтөрүнкү тон менен айтылып, салтанаттуулук маанини күчөтөт: *Булар дөбөнүн үстүндө туруп,* ***келген-кеткендин*** *баарына көрүнөт. Анда заман да башка болот. Аман болсок, жакшылыктын баары алдыда, Алтынай…(«Б.М», 33-б).* Мында **келген-кеткендин** деген сөз адамдарга деген сөздүн ордуна синонимдик катышта көптүк сан маанисинде колдонулду. Мындай ыкманы жазуучу автордук баяндоо кебинде активдүү пайдаланып, айтылуучу ойдун элестүүлүгүн арттырган мындай учурлар чыгармаларында арбын кездешет.

Т. Аширбаев зат атоочтун сан категориясынын ар бир стилдеги ролу, орду боюнча бөлүштүрүп мүнөздөмө берет. Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы **Казангаптын** кен пейилдүүлүгү, иштермандыгы турмушта көптөгөн адамдарда кездешерин белгилөөгө болот. Көптүктүн мүчөсү менен адамдардын кайсы бир тобуна мүнөздүү түрдүү сапаттар белгиленет. Ошол жалпы сапат энчилүү атка **– лар** мүчөсүнүн уланышы менен автор тарабынан чеберчиликте берилген: Казангап ошондой адам болчу. Азыр андайды таппайсың. *Азыр* ***Казангаптар*** *жок. Мына акыркысын көмгөнү алпаратабыз. Жер алдына жашырып берип, коштошор сөзүңдү айтасың, ошону менен оомийин! («К.К.Б.К»,86-б).* Автор каармандын кебинде көптүктүн **– лар** мүчөсүнүн адам аттарына жалганышы аркылуу бир доордогу окшош мүнөздүү инсандардын тобунун өзгөчөлүгүн көрсөткөн.

Адабий тилдин функционалдык стилдеринде зат атоочтун сан категориясы жыш колдонулгандыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Китеп стилдеринде зат атоочтун жекелик саны жыш колдонулуу мүмкүнчүлүгүнө

ээ болсо, сүйлөшүү стилинде, тескерисинче – **лар** мүчөлүү көптүк сан басымдуулук кылат. Көптүк маанинин лексикалык жол менен берилиши кептеги өзгөчө стилистикалык ыкма болуп саналат жана адабий тилдин бардык стилдеринде колдонула берет. Мындай жалпылама мааниге ээ болгон сөздөрдүн кепке катышканы чечүүчү өзгөчөлүккө ээ. *Эл сизди коё бербейт, эже («Б.М», 10-б).* Мында эл деген сөзгө көптүк сандын мүчөсү уланбаса да, көптүк маанини түшүндүрөт.

А.И.Ефимов жекелик сандын көптүк сандын ордуна колдонулушунда функционалдык маанинин басымдуулук кылышы, китеп стилдеринде стиль жаратуучу каражат катары кызмат кыла тургандыгы, ал эми көркөм чыгармада жекелик сандын көрктүүлүк каражаты катары колдонулушу анын образдуулук жана метафоралык маанисинин өзгөчөлүгүнө негизделгендигин белгилейт (75:73).

Көптүктү жасоочу - **лар** мүчөсүнүн энчилүү аттарга (адам аттарына) жалганышы менен ошол ысымды алып жүргөн адамдын көптүгүн эмес, ошол адам кирген топтун, уюмдун же коомдун мүчөлөрүн жалпылап көрсөтүү ишке ашырылат. Мындай стилистикалык ыкма көркөм чыгармаларда жана сүйлөшүү стилинде көп колдонулат. *Мисалы, Зылдай оор сокбилекти энтигип өйдө көтөргөндө улам көзүмдүн кыюусун салып, Дүйшөндөр жакты карап жаттым («Б.М», 17-б).* Автор каармандын кебинде Дүйшөн деген энчилүү атка көптүк сандын – **лар** мүчөсү уланып, Дүйшөн менен бирге бир топ адамды көрсөттү. Сан категориясынын мүчөсү орду менен пайдаланылган.

Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматов чыгармаларынын тилинде зат атоочтун сан категориясынын көрсөткүчтөрүн өзгөчө ыкма менен пайдаланган. Бул каражаттардын негизинде чыгармадагы каармандардын ички сезимдерин элестүү чагылдырып, көркөм образдарды ачып берүүгө жетише алган. Тилдик бул категорияны автор элдин чыныгы улуттук жана психологиялык өзгөчө белгилерин көрсөтүүдө баалуу материал катары чыгармаларда жумшай алган.

## 1. 5. Зат атоочтун таандык категориясынын орду

Кыргыз тилинде зат атооч сөздөр жекелик санда да, көптүк санда да үч жактын бирине таандык болуп айтылат. Бир же бир нече зат кимдир бирөөгө, анын менчигине тиешелүү же бир нече адамга (затка) орток болушу толук мүмкүн (65:55). *Мисалы: Бирок, бул жолу, өзүнөр көрүп тургандай, мен ал **адатымдан** таныл, бүтө элек **чыгармамды** ортого салып, ал жөнүндө кеп айтмакмын. Айтпаска менин **айлам** да жок. Эмне үчүн дегенде, жалгыз менин гана күчүм жетердей эмес, мага түрткү берип, **кыялымды** ойготкон бул окуя **койнума** батпай, **кучагыма** сыйбай турат («Б.М», 3-б).* Жазуучунун бул чыгармасынан алынган сүйлөмдөрдө **адатымдан, чыгармамды, айлам, кыялымды, койнума, кучагыма** деген сөз формалары «айтып берүүчүнүн» кебинде анын ички эмоциясын, ачык оюн билдирүү менен сүйлөшүү стилине ыктайт. Мында аталган зат атооч сөздөрдүн бардыгы 1 жактагы жекелик санга (авторго) – айтып берүүчүгө таандык.

*Ал чыгарма көптүн деминен жаралган алоо болгудай, **каныңардан** кан кошуп, **күчүңөрдөн** күч бөлүп бергиле («Б.М», 3-б).* Бул сүйлөмдө белгиленген зат атооч сөздөр экинчи жакка, көптүк санга тиешелүү. Автор бул каарманды сөзү аркылуу окурманга кайрылуу жасап, чыгарма жөнүндө кабар берип, ой-пикир кошуусун сурануда. Сүйлөмдө стилдик жактан таандык мүчөлөрдү чеберчилик менен колдонду, орток маанилүү.

*Мисалы: Ошого көпчүлүк эл **акылын** айтып, **тилегин** кошсо экен дейм («Б.М», 3-б).* Жазуучу алынган сүйлөмдөгү **акылын, тилегин** деген сөз формалары III жакка, элге таандык экендигин берүү менен автордун кебинде окурмандан күткөн үмүт – тилегин билгизди.

***Зат атоочтун таандык категориясы ар түрдүү маанилерди билгизет:***

1. Уңгу (негиз) аркылуу туюндурулган бир же бир нече заттын үч жактын бириндеги бир же бир нече затка (адамга) менчиктелгендигин, башка жактагылардын ага (аларга) тиешеси жоктугун билгизет. *Мисалы:*

***Тилегибизге** жетсек, менин да Субанкулум ушундай саман көтөргөн дыйкан болсо, кырмандын бетинен биринчи иргеп алган саманды кучактап басканда, так ушундай береке төгүлгөн жол чубап келсе деп, ойлонуп жаттым («С.Ж.», 77-б).* Жазуучу каармандын кебиндеги **тилегибизге** деген сөз 1- жактын көптүк санында берилип, Толгонайдын келечектеги ой-мүдөөсүн, үмүт тилегин, кыялдануусун сүрөттөдү.

2. Уңгу (негиз) аркылуу туюндурулган, эч кимге менчиктелбеген бир же бир нече затка үч жактын бириндеги бир же бир нече заттын өздөрү тиешелүү, таандык экендигин билгизет. *Мисалы: **Мекеним** бул ишти мага ишенип тапшырганы үчүн сыймыктанам («С.Ж»,103-б).* Жазуучу Майсалбектин катынан алынган бул сүйлөмдөгү таандык мүчө уланган **мекеним** деген сөз аркылуу согуш учурундагы мекен үчүн, элди коргоо үчүн тапшырманы аткарууга баратканын элестеткен патриоттук духту көтөргөн сөзүн берген. Каармандын кебин жекелештирүүдө, ички эмоциясын берип, **мекеним** деген сөз аркылуу стилдик жактан орток маанилүүлүктү берди.

3. Уңгу (негиз) түрүндө турганда жөн гана атоо маанисиндеги сөздөргө I жактын жекелик түрүнүн **–ым** таандык мүчөсүн улаганда эмоциялык - экспрессивдик кошумча сапат пайда болуп, жактыруу, жакшы көрүү, кумарлануу, урматтоо, сыйлоо маанисиндеги оң эмоциялуу а*йым, күнүм, чолпонум, жарыгым, кубатым, канатым, тирегим, берекем, көлөкөм* сыяктуу сөздөр пайда болот. *Мисалы: «Кош, **чырагым**! Кош, гүл сүйгөн келиним, кош маңдайыма сыйбаган **чолпонум**! Аман бол, багың ачылсын, этегиң көгөрсүн, аман бол, кайыр кош! Ай, жигит, баламды кор кылба! Каргайм, каргышым тиет!» деп жаттым («С.Ж», 118-б).* Автор каармандын кебинде **чырагым, чолпонум** деген сөздөр аркылуу каалоо-тилек айттырды. Ички оң эмоцияны боёктуу, эмоционалдуу берди.

***1. – Жамийлам, жаным-калкатайым, кызыл гүлүм, Жамалтай!** - деп, Данияр кыргыз менен казакта болгон эң назик аттарды сүйгөнүнө арноодо. Мен дагы сени алда качан сүйгөм, өмүрүмдө көрбөсөм да, окопто*

*жатып сени ойлогом! Көрсө, менин сүйгөнүм тууган жеримде тура! Көрсө а сен экенсиң, **Жамийлам, кызыл гүлүм!***

*Бүркүтүм! Шаңшыган бүркүтүм! Бери болчу, көзүңдү көрсөтчү! О шаңшыган бүркүтүм! («Ж», 188-б).* Жазуучу каармандардын кебинде жак таандык мүчө уланган сөздөр аркылуу Данияр менен Жамийланын бири-бирине жүрөгүнүн тереңинен оргуштап чыккан кептери экспрессивдүүлүктүн негизги түгөйү болгон ички эмоциялык баалоосу өтө жогорку деңгээлде сүрөттөлөт. Автор Даниярдын сырдуу ыйык махабатын тимеле бири-бирине өмөчөктөрү үзүлүп түшүп, сөз берметтери аркылуу **«Жамийлам, жаным-калкатайым, кызыл-гүлүм, Жамалтай!»** - деп, өзүнүн жүрөгүнүн тереңиндеги ыйык сезимин билдиргенин эмоционалдуу - экспрессивдүү сөздөр менен берди. Ал эми автор Жамийланын кебинде **бүркүтүм** деп канатуунун эң ыйыгы, асылы, кыраанына бүркүткө теңеп, Даниярды эркелетип, өзүнүн жакшы көрүү сезимин билдирген оң эмоциялуу боёктуу сөздөрдү чеберчилик менен пайдаланып, каармандардын эркелетүүсүн эмоционалдуу, экспрессивдүү сөздөр аркылуу берди.

4. Жак таандыктын **–ым** мүчөсүн улоо менен кээде түз мааниде алганда терс, жактырбаган же кемчиликти көрсөтүүчү сөздөрдү өтмө мааниде колдонуп, көбүнчө балдарга карата эркелетүү маани берген **бучугум, күчүгүм, тантыгым, жаманым, кыйыгым, тентегим** ж.б. сыяктуу оң эмоциялуу сөздөр пайда болорун профессор Ж.Мамытов баса белгилеген (104:218). *Мисалы: - Күчүгүм, күчүгүм! Көрдүңбү, кичинекей бөлтүрүктөр сага ойнойбуз деп келишкен турбайбы («К», 246-б).* Автор каармандын кебинде **күчүгүм** деп наристени эркелетүүдө колдонду. *Мисалы: Берки, күчүгүм, Жайнак болсо, өтө бир шайыр, ачык – айрым жигит болуп өстү («С.Ж», 55-б).* Сүрөткер Толгонайдын кебинде баласын эстеп, **күчүгүм** деп элжиреөсүн боёктуу берип, оң эмоцияга ээ болду.

Т.Аширбаев кепте **-ым** мүчөсүнүн стилистикалык боёктуулугунун төмөнкүдөй түрлөрүн көрсөтөт. Алар Ч.Айтматовдун чыгармаларында да кеңири колдонулат:

1. Баяндоо, заттын өзүнө таандык экендигин туюнтуу: ***Келиним** Алиман эмес, башка аял болсо, мүнөзү башка, мамилеси башка, адамгерчилиги башка, жүргөн - турганы башка неме болсо, көп кечиктирбей эле, кой эми, **балам**, качаңкы эле жесир болуп отурат элең («С.Ж»,115-б).* Автор каармандын кебинде **келиним, балам** деген сөздөр аркылуу баяндоо жасап, келинине күйгөн кайненеси Толгонайдын түшүнүгүн, боорукердигин айгинелөө менен оң эмоцияны берди. *Аял болсом да, мүрзөнүн башына салттан сырткары өзүм бардым, **келинимди** өз колум менен койдум, түбөлүккө коштоштум («С.Ж», 134-б).* Автордун бул жерде кыргыз элинин салтында өлүк көмүүдө мүрзө башына табытты коюуда эрекектер гана барат, ошол салтты бузуп Толгонайды келинин өз колу менен койгонун боёктуу сүрөттөп көрсөтөт.

2. Урматтоо мааниси: «Ай–и–и, кудай, Дүйшөн менин бир тууган **агам** болуп калсачы. *Мойнуна асылып эркелеп, көзүмдү жумуп бекем-бекем кучактап, бардык жакшы **сөздөрүмдү** кулагына шыбырап айтсам!» - деп тиледим эле ошондо («Б.М», 23-б).* Жазуучу каармандын кебинде **агам** деген сөз аркылуу тилегин, урматтоосун билдирди. Адам аттарынын кыскартылган формасына – **ым** улануу менен сүйлөөчүнүн угуучуга карата болгон урматтоо сезими дагы артат. *Мисалы: - Акылыңыздан айланайын, **Какем**, - деди Дүйшөн. – Сөзүңүздүн калети жок: мына көзү өттү эле, баскан, турганыбыз баары эле Ленин болуп жатпайбы, Каке…(«Б.М», 29-б).* Жазуучу **Какем** деген сөздү сүйлөөчүнүн угуучуга болгон урматтоосун Дүйшөндүн кебинде берди.

3.– **ым** мүчөсү эмоционалдуу-экспрессивдүү сөздөргө улануу менен сүйлөөчүнүн угуучуга карата мыскылдоо сезими да берилет. *Кымбаттуу **көкөтайым**, космоско учуш деген Каранарга минип алып, Сары-Өзөктүн чөлүн кезиш эмес, татаал, өтө татаал…(«К.К.Б.К», 35-б).*

1) **«дос»** деген сөзгө улануучу – **ым** таандык мүчөсүн – **тым** формасында айтуу менен сүйлөмдөгү ойго какшык мааниси кошо берилет: *Мындай жат идеяларды кайдан алгансың? Жок, **достум**, ага биз жол бербейбиз. Мындай*

*контрреволюция жарабайт! («К.К.Б.К», 167-б).* Мында каармандын кебинде **достум** деген сөз аркылуу какшык маани берилди.

2) 1-жактын таандык мүчөсү маркумга карата айтылып, сүйлөөчүнүн психологиялык абалын туюнтат. *О, дүйнө, о жан жараткан жер, бир оокумга гана, көз ачып жумганча гана **баламды** тирилтип, бир гана жолу көлөкөсүн көрсөтүп койсоңор ! («С.Ж», 85-б).*

3) кекетүү, кемсинтүү маанилери да **–ым** мүчөсү аркылуу туюнтулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ: Мисалы: *Сен, бала байкап сүйлө, **чырагым**, - деп Танабай араң карманып, тиштене сүйлөдү. - Мага акырандаба («Г», 112-б).*

4) жаныбарларга карата да **-ым** мүчөсү колдонулуп, сүйлөөчүнүн ал жаныбарга карата аео, эркелетүү сезимдери берилет : *Мисалы: Жардамчысы жүгөндү алкым астынан сунду.*

*-Так, так, Гүлсары, эй, **тентегим**, - деп кожоюн кулагынын түбүн кашый берди («Г», 36-б).*

*Сага эмне болду – ыя?*

*- Танабай аттын жанына келип, өпкө кага акырын онтогонун укту. Үргүлөп кеткенсиң го? Кыйналып турасыңбы, **картаңым?** Ыя, акыбалың жаманбы? («Г», 36-б).* Жазуучу каармандын кебинде **тентегим, картаңым** деп атына карата аёо эркелетүү сезимин оң эмоцияны берди, сүйлөшүү стилин көрсөттү.

5) **–ым** мүчөсү жер – суунун, адамдардын энчилүү аттарына уланып, айтуучунун ошол затка карай болгон сыймыктануу, урматтоо сезимдерин туюнтат: *Кош, түбөлүккө кайыр кош!.. Кош караныңдан айланайын, **Ала-Тоо**! Сенин мугалим уулуң – лейтенант Майсалбек Субанкулов («С.Ж», 104-б).* Автор каармандын катында Майсалбектин **Ала-Тоо** деп мекени менен сыймыктануусун образдуу сүрөттөдү. Мында **Ала-Тоо** деп, 1-жактын таандык мүчөсү көмүскөдө түшүрүлүп берилген: *Өзү айткандай, балдарды окутуп, окуткан жаштар өзүнөн мыкты, өзүнөн билимдүү чыгып, ар түркүн иш, ар түркүн илимде даңкталышса, **Майсалбегимдин** даңкы да ошол болор эле («С.Ж», 105-б).* Автор сүйлөмдө **Майсалбегимдин** деп Толгонайдын

кебинде берип, оң эмоцияны көрсөттү. *Бир сааттан кийин мен **Мекеним** тапшырган ишке барып, кайра кайтпаймын («С.Ж», 103-б).* Каармандын кебинде **мекен** деген сөзгө – ым мүчөсү улануу менен, Майсалбектин мекенине болгон урматтоосун сүрөттөдү.

Кыргыз тилиндеги таандык маани үч түрдүү жол менен берилет:

1) мүчөлөр аркылуу берилиши: **а) жакчыл таандык - ым, -ың, -ы - сы,** ж.б. ***Жайнагым, кенжем, тамашакөйүм, шайырым, ырчым**, солкулдаган боз балам («С.Ж», 84-б).* Каармандын кебинде жакчыл мүчө улануу менен **Жайнагым, тамашакөйүм, шайырым, ырчым** деген сөздө оң эмоцияны көрсөттү. **б) жалпы таандык – ныкы** мүчөсү аркылуу: *Мынабу башталган тамдардын баары эле **жаштардыкы** да баары тең кийинки муун («С.Ж», 61-б).* Каармандын кебинде **жаш+лар+ныкы=жаштардыкы жалпы таандыктын – ныкы** мүчөсүнүн өзгөргөн варианты аркылуу жасалды. *Мисалы: Ал эми көчө салынып бүтсүнчү, көрөсүңөр менин уулумдуку эле туура чыгат («С.Ж», 61-б).*

2) аныктоочтук айкаштарда илик жөндөмөсү менен жакчыл-таандык мүчөнүн айкалышы аркылуу:

*– Эже, айыл жакка барып, эл - журт менен жолугушуп келсеңиз кантер эле? Сизди **сыртыңыздан** баары эле билип сыймыктанышат экен, бирок көпчүлүгү таанибайт. Атактуу, окумуштуу **кызыбыз** айылын теңине албай, чанып жүрөбү деген сөздөр да бар («Б.М», 7-б).* Автор каармандын кебинде **кызыбыз** деген сөз аркылуу оң эмоцияны берип, орток маанилүүлүккө ээ.

*- **Аның** туура, **иним**, - деп Алтынай Сулайманова үшкүрүп койду. - Барууга өзүм да көптөн дилгирмин. Барбаганыма кылым болду. Айылда анча деле жакын **туугандарым** жок. Бирок эл деген тууган, элден чоң тууган болбойт. Сөзсүз барам, **колум** бошой калса эле барам. Сагындым **жеримди**… («Б.М», 7-б).* Диалогдо автор менен каармандын жак таандык мүчөлөр аркылуу Алтынайдын элди жерди сыйлагандыгын, сагынычын, өкүнүчүн боёктуу сөздөр менен берип баяндады.

*–Эмнеси уят, жүрсөң жеңебай! Ысмайыл **акем** үчүн жүр, азыр ал согуштун кызыл чогунда жүргөндүр, фронттон жолугуп калсам, **жеңем** узатты эле деп барайын. Бизди жеңип келсин десең жүр, өз **колуң** менен атказ. Мен эмне башкалардан кем бекем, же кудай мени жеңеден айтпаптырбы…(«Б.Б», 205-б).* Жазуучу жак таандык мүчөлөрдү орундуу колдонуп, согушка аттанып жаткан кайнисинин Сейдеге эркелеп айткан сөзү берилди. Жак таандык мүчөлөрдүн да сүйлөмдө стилдик жактан орду белгиленген. Эркелетүү маанисинде берилүүдө. Каармандын ички эмоциясын сүрөттөдү. Эмоция, экспрессия бар.

*Баягында, эсиңде барбы, **Какем** таңазандан туруп алып, сага дем окутат элем деп Жайнактын бүбү кемпирин ээрчитип келиптир («Б.Б», 32-б).* Жазуучу каармандын кебинде, **Какем** деп Картанбайды эркелетип айтып жатат. Жазуучунун чыгармасында адам аттарынын кыскартылган формасына **– ым** мүчөсү улануу менен сүйлөөчүнүн угуучуга туугандык жакындыгы, ишенген өз кишиси же айылдаш жакын адамына карата болгон урматтоо сезими дагы тереңдетилип берилет. Оң эмоцияны берет, сүйлөшүү стилине ээ.

*Кош, Алтынай! Кош **чырагым**! - деп кыйкырды ал. - Кош, агай, кагылайын, айланайын агай! - дедим мен («Б.М», 41- б).* Жазуучу Дүйшөндүн кебинде жак таандык мүчө уланган **чырагым** деген сөз ички эмоциясын, аргасыз коштошуусун сүрөттөп, оң эмоцияны берди. Дүйшөндүн **чырагым** деген сөзү аркылуу өзүнө жакын адамы Алтынайга карата жакшы көрүү сезимин билдирүү менен эркелетти, сүйлөшүү стилин көрсөттү (эркелетүү).

Ч.Айтматовдун чыгармаларында зат атоочтун жак таандык мүчөлөрүн каармандардын кебинде, жүрүш-турушунда, бири-бирине болгон мамилесинде, эркелетүүдө, эскерүүдө активдүү колдонуп керектегенин байкоого болот.

### 1. 6. Адам аттарынын стилистикалык өзгөчөлүктөрү

Адамдардын энчилүү аттары тилде жалаң гана атоо маанисинде эле колдонулбайт. Алардын кепте колдонулушу стилистикада эң маанилүү болуп эсептелет. Бул тууралуу В. В. Виноградов көркөм чыгармалардагы каармандардын аттарынын, фамилияларынын, кошумча аттарынын структуралык өзгөчөлүктөрү өтө татаал жана кызыктуу стилистикалык көрүнүш (58:38) экендигин баса белгилейт.

Ал эми В.Д.Бондалетов «Чындыгында, адамдын атына байланыштуу ономатолог-стилистти төмөнкүдөй проблемалардын кеңири чөйрөсү кызыктырат, энчилүү аттардын көркөм чыгармадагы кызматы (номинативдик, идеологиялык, мүнөздөөчү, эстетикалык, символдук) прозада, поэзияда, драматургияда энчилүү аттардын тандалуу жана колдонулуу өзгөчөлүгү адабий антропонимдердин, топонимдердин ж.б.у.с. түрлөрү поэтикалык шарттуу ысымдар, ысым-маска, ысым-символдордун көркөм образды түзүүдөгү ролун», - баса белгилеген (51: 63). Ушул өңүттөн алып караганда, адамдардын аттарынын кепте колдонулушунда стилистикалык мааниси өзгөчө орунду ээлейт.

Көркөм чыгармада адам аттары өзгөчө планда керектелет. Бул тууралуу кыргыз филологиясында профессор Ж.Мамытов өзүнүн «Көркөм чыгарманын тили» деген эмгегинде алгачкы иликтөө жүргүзгөн.

Көркөм чыгарманын идеялык мазмунун ачууда жазуучулар, акындар жана драматургдар каармандардын атына чоң маани беришет. Анткени адам аттары көркөм чыгармада лексикалык башка катмарлар сыяктуу образ түзүүнүн да каражаты экендигине токтолуп, «Көркөм чыгармада энчилүү аттар каармандарды аты боюнча бири-биринен айырмалоо үчүн гана, б.а., номинативдик функцияда эле колдонулбастан, алардын кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун, кебете-кешпирин, коомдогу алган ордун, башкалар менен болгон мамилелерин, кайсы улутка, территорияга, социалдык топко тиешелүүлүгүн, маданий деңгээлин, жаш өзгөчөлүгүн мүнөздөөчү коннотациялык функцияда да кеңири колдонулат»,- деп белгилейт

Ж.Мамытов (113:117-121). Көркөм чыгармада адам аттарынын структурасы да мааниге ээ. Мисалы, каармандын атын, атасынын атын, кээде фамилиясын толук көрсөтүү менен, ал каарманга карата болгон автордук симпатияны жана антипатияны да туюнтууга болот: Оң каармандарга көбүнчө кулакка жагымдуу, семантикалык жактан оң эмоция берген түшүнүктөр менен ассоциация түзгөн аттар ыйгарылат. Ж.Мамытов «Кыргыз көркөм адабиятында мындай оң каармандардын аттарынын бүтүндөй галареясы бар»,- экендигин белгилейт. Окумуштуунун пикирине кошулуу менен Ч.Айтматовдун чыгармаларында да каармандардын аттарында бул галарея жолугарын баса белгилөөгө болот. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы адам аттарына кайрылсак: *Ушуну менен **Алтынай Сулайманова** Москвага жөнөп кетти («Б.М»,10-б).* Жазуучунун бул чыгармасынан алынган Алтынай Сулайманова дегенде расмийлүүлүк, автордун каарманга карата симпатиясы берилди, китеп стилине ээ. Ал эми **Алтынай** деген атта кулакка жагымдуулук, **алтын, ай** деген сыяктуу асыл зат, космостук, ааламдык түшүнүктөр, коздук, сулуулук, асылдык жөнүндөгү туюмуна ылайыкталып берилген. Алтынайдын атасы Сулаймандын аты Х.Карасаевдин эмгегинде араб сөзүнөн алынган ат экени берилген. Курандын ичиндеги пайгамбардын аты. Куранда Сулайманга кудай таала желди багындырган. Анын тактысын жел каалаган жайга учуруп барат, үстүнө куштар көлөкө болот. Ошентип, ал бүткүл жан–жаныбарлардын баарына падыша болот. Анын колунда эң жогорку ысмы жазылган шакеги болот. Ошол шакектин кереметинен он сегиз миң аалам бүт багынат (94: 679).

Ал эми каармандын кебинде адамдын аты жана атасынын атынын колдонулушу сүйлөмгө расмийлүүлүк маанини киргизет: *Дүйшөн атасы менен кошо темир жолдо иштеп жүрүп, **Михаил Семенович** деген карыя мугалимдин колунда эки кыш жүргөнүн, аскерге баргандагысын, актар менен согушкандагысын кызыгып угар элек («Б.М», 20-б).* Автор каармандын кебинде **Михаил Семенович** деген орус тилинен өздөштүрүлгөн – **ич**

мүчөсү катышкан атты пайдаланып, китеп стилиндеги расмийлүүлүк боёктуулукту берди.

Ошентип, адам ысымдары адабий тилдин функционалдык стилдеринде белгилүү бир норманын чегинде колдонулат жана ошол стилдин белгилерин жаратуучу тилдик каражат катары караларына күбө болдук.

***«Биринчи мугалим» повестиндеги адам аттары:***

*Дүйшөн, Алтынай Сулайманова, Сатымкул, Сайкал, Картаңбай. Бул чыгармадагы Дүйшөн, Алтынай, Сайкал, Картаңбай, Сатымкул* сыяктуу көптөгөн каармандардын аттары кыргыз тилинин ички мүмкүнчүлүктөрүнүн эсебинен пайда болуп, эл арасында кеңири тараган аттардан экендиги белгилүү. **Ленин, Михаил Семенович** деген башка тилдерден кирген аттарды ийкемдүү керектеген.

Жыйынтыктап айтканда, «Биринчи мугалим» повестинде адам аттары азыр дагы эл арасындагы эң активдүү, кулакка жагымдуулукту билдирген аттардан деп айтууга болот.

***«Саманчынын жолу» чыгармасындагы адам аттары:***

*Толгонай, Субанкул, Алиман, Касым, Майсалбек, Жайнак, Жанболот, Бекташ, Жекшенкул, Ашыралы, Айша* ж.б.

1. *–Ооба, **Толгонай**, эне болуп, энелик үзүрдүн эң сонун мезгили сен үчүн ошондо башталган («С.Ж.», 54-б).* Жазуучу башкы каарманга **Толгонай** деген атты ыйгарган. Атына затты жарашкан. Жазуучу өз каармандарына ылайык жагымдуу аттарды ыйгаруу үчүн биринчи кезекте эл ичинде эзелтен бери колдонулуп, элдин жаркын мүдөөлөрүнө, үмүт-тилектерине, салт-санаасына, ишеним көз карашына, турмуш-тиричилигине шайкеш келген традициялык аттарга кайрылган. Азыр да Толгонайдын таасириби, **Толгонай** аттуулар абдан көп учурайт. Толгонай деген ат кулакка жагымдуу, ошону менен бирге эле, **толгон, ай** деген сыяктуу асыл зат, элдин космологиялык түшүнүктөрүнө, коздук, сулуулук, асылдык жөнүндөгү туюмуна ылайыкталып берилген. Ш.Жапаров **Толгонай** деген атка мындай мүнөздөмө

берет: 1) наристе төрөлгөндө Айдын толуп жана жарык тийген учуру менен байланыштырылып: жашоосу Айдай узак, дөөлөттүү жана сөөлөттүү болсун деген максатта; 2) ар дайым жүзүнөн нуру төгүлгөн, Айдын сулуулугу бетине сүртүлгөн кыздардан болсун деген тилекте; 3) мээримдүү, кайрымдуу, калыс болсун деген үмүт менен ыйгарышат (84:112)

*2. **Субанкул** ошондо жапжаш эле экен, кара мурут жигит чагы («С.Ж», 54-б).*

*3. Өзгөчө **Касым** менен **Майсалбек** куду эле **Субанкулдун** өзү, куюп койгондой, айныбайт. Кичүүм, **Жайнагым** болсо, мага окшошураак сары тултук эмес беле («С.Ж», 54-б). Эл арасында бул аттардын да өзгөчө стилдик мааниси бар.*

*4. Самандын үстүндө чалкасынан түшүп, **Алиман** төрөй албай кыйналып жаткан экен, көргөндө эле эсим чыкты («С.Ж», 130-б). Алимандын аты да арабча «билимдүү, окумуштуу» деген маанидеги Алим, Алима деген аттар менен байланыштуу.*

*5. Ошол окуянын эртесинде **Айша** кошунам чай ичкин деп үйүнө чакырып, аны-муну кобурап, сөз арасынан: «Жанагы **Жекшенкулдун** аялы түндөп көчүп кетиптир» - деди («С.Ж»,122-б).* Жекшенкул жөнүндө кеп кылсак, автор алсыздын адамгерчилигин жерге тепсеген ырайымсыз, чоң муштум, аракеч, таш боор зөөкүрдүн, элдин убалынан коркпогон ууру-кескинин атын берет.

*6. **Жанболотту Бекташ** башынан эле өз баласындай көрөт эмеспи («С.Ж, 135-б).* **Жанболот, Бекташ** деген энчилүү аттар жөнүндө окуянын жүрүшүндө түшүнүк берилет. **Жанболот жан, болот** деген эки сөздөн түзүлгөн, себеби Толгонай күйөөсүнөн, балдарынан, келининен ажырап турганда, жалгыз калтырбай тилегин берип, эрмек кылып бул баланы жарык дүйнөгө келтирди, атын **Жанболот** деп жаны бекем болсун деген тилек менен символдук түрдө ыйгарылган. Ошондой эле Толгонайдын кийинки жашоосуна стимул, күч-кубат, бел болуп, андан ары үмүттүү жашоого чыйыр салганын Жанболоттун жарык дүйнөгө келишинен да байкоого болот.

Жанболоттун эс тартып, кол аякка жарап калган учурунда Толгонайдын айткан сөзүнөн: *«Нан өлбөйт экен го! – дедим ичимден. – Турмуш өлбөйт экен го, эмгек өлбөйт экен го!», - деген кебинен түшүнсө болот («С.Ж», 136-б).* Автор Толгонайдын кебинде Жанболоттун жарык дүйнөгө келип, жашоосунун уланып жатканына каниет кылып сүйлөгөн сөзүн боектуу берди. Ш.Жапаровдун эмгегинде: Жанболотко - жаны бекем болсун, өмүрлүү болсун деген тилекте берилет деп көрсөтөт (84: 62). «Саманчынын жолу» чыгармасындагы адам аттарынын берилишинде жазуучунун чеберчилиги байкалып турат. Каармандардын аттары азыркы мезгилде да эл арасында коюлуп, кулакка жагымдуу экендигин өзгөчө басым жасоо менен белгилеп көрсөтүүгө болот.

***«Жамийла» повестиндеги адам аттары:***

Андан калса, жанагы тууган **Даниярды** кошуп берейин: өзүңүз билесиз ал деги адамга зыяны жок бечара… Өздөрүнчө үч араба бир бригада болуп, стансага каттай беришсин, башкаларды булардын жанына жолотпоюн да… Э, **Сейит**, сен кандай дейсиң, Бу апаң **Жамийлага** араба айдаталы деп жатсак, көнбөй жатат, өзүң айтчы…(«Ж», 142-б). Сейиттин аты жөнүндө Х.Карасаевдин эмгегинде мындай түшүнүк берилет. Сейит араб тилинен алынган. 1.Мухаммет пайгамбардын тукуму. 2.Мухаммеддин тукумуна мусулмандардын берген наамы. 3.Энчилүү ат (94: 669). Улуусу – **Садык** жаңы эле келинчек алганда кетти («Ж», 140-б). Каармандардын аты да саналуу. Чыгармадагы энчилүү аттар окурмандар үчүн эсте каларлык, кулакка жагымдуу угулган аттар. Азыркы мезгилде наристелерге Данияр, **Жамийла, Сейит** деген аттар Ч.Айтматовдун «Жамийласына» таасирленип тынымсыз коюлууда. Даныяр - (варианты - Данияр)- араб, тажик тилдеринен келген ат, ал эркек балдарга «досу, жакын адамдары, көңүлдөш, санаалаш кишилери көп» болсун деген тилекте коюлат. Кийинки мезгилде өзүнүн баркын сактай билген, турмушка, сүйүүгө туруктуу болгон, жүрөк сырын терең сактап, аны жанындай көргөн кишисине гана айткан, - Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги Даниярдай болсун деген тилек менен коюлат (84:

60). *Сейит, Сайит - арабча сейид, сайид түрүндө айтылып, «башчы, жетекчи, кол башчы, жол башчы»* деген маанини берет. Кыргыздарда эркек балдарга коюлат. Мотиви элге түшүнүксүз, ошондой болсо да, антропонимдик традиция боюнча ысым катары ыйгарыла берет. Түпкүлүгүндө илгери, ислам дини тараганга чейин Аравияда «уруу башчысы» дегенди билдирет. Мусулмандарда Мукамбет пайгамбардын уулу Үсөндөн (Хусеинден) тарагандардын уругун (тобун) билдирет (84:108).

Өзбек окумуштуулары Р.Сапоев, Ш.Авезметов «Узбек тилидаги арабча ва форсча сузлар лугати» деген эмгегинде адам аттарына, анын ичинде Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы айрым энчилүү аттарга түшүндүрмө беришкен. «Жамийла» повестиндеги Жамийла деген каарманга ж.б. аттарга араб сөзүнөн же башка сөздөрдөн алынганын айгинелеп, илимий деңгээлде маанисин чечмелеп көрсөтөт.

***Жамийла** – араб сөзүнөн алынган ат, чырайлуу, сулуу; Жамийла (кыз - келиндердин аты) (155:53). **Сейит** – араб сөзүнөн алынган ат, салабаттуу, акылдуу (155:9).*

Сулайман араб сөзүнөн алынган ат, Хазрати Сулайман деп белгилейт. Ал эми Х.Карасаевдин эмгегинде **хазрет, азирет** араб тилинен келген кыргыз тилинде улуу даражалуу дегенди түшүндүрөт (94:753) «Узбек тилинин изохли лугати» деген эмгекте өзбекче хазрати деген сөзгө түшүндүрмө берет (121:674). 1. Пайгамбарлардай ыйык адамдардын улуулугун белгилөө үчүн алардын аттарынын алдында колдонулат. 2.Падыша, хандыктай улуу даражадагы мансаптын жогору экендигин белгилөөдө колдонулат.3. Илимде, искусстводо ийгиликтерге жетишкен кишилерди сыйлоодо, жашыруун атына же өз аттарына кошуп колдонулат (121: 674). *Садык – араб сөзүнөн алынган ат, чыныгы дос, туура сөздүү, адилет чынчыл (155: 107). **Айша** – араб сөзүнөн алынган ат, Абу Бакирдин кызы; Мухаммед пайгамбардын аялы (155:117). **Осмон** – араб сөзүнөн алынган ат, бир түрдүү куштун жөжөсү, жылан же жыландын баласы, Осмон үчүнчү калпанын баласы (155:118).*

***Курман** – араб сөзүнөн алынган ат; курмандык, курмандык берүү; **Касым** – араб сөзүнөн алынган ат, оор, тең салмактуу, сабырдуу, сабаттуу (155:141).*

Көркөм чыгармада каармандардын энчилүү аттары да лексиканын башка катмарлары сыяктуу эле көркөм сүрөттөөнүн каражаты катары чыгарманын идеялык–тематикалык мазмунун ачууда, каармандардын образын, мүнөзүн түзүүдө, көркөм портретин тартууда (сыпаттоодо) зор мааниге ээ.

Атап айтканда, ***Данияр түпкү теги жактан байыркы еврей тилинен араб тилине өткөн Даниял деген аттан келип чыгат да, «кудайдын белеги», «кудай берген»*** деген маанини билгизет (62:181).

***Жамийла** араб тилинде «укмуштуудай, эң жакшы, эң сонун» деген маанини билгизет (62:182), **Алимандын** аты да арабча «билимдүү, окумуштуу» деген маанидеги Алим, Алима деген аттар менен байланыштуу (62:163). **Аселдин** аты арабча «асыл, жакшы, укмуш, сонун» деген мааниден келип чыккан (62:166).* Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандарынын аттары илимдин ар түрдүү багыттарында изилденип, чечмеленип берилген ойлорду биз дагы колдоп, пикирлеш боло алабыз.

Жогорудагы мисалдардан улам «жазуучу оң каармандарына энчилүү аттарга жалаң эле араб-иран тилдеринен өздөштүрүлгөн аттарды коюшкан деген пикир жаралууга тийиш эмес» деген ойду айтмакчыбыз. Көркөм чыгарманын көпчүлүк оң каармандарынын аттары эл түшүнүгүндө жакшы тилектер, бийик мүдөөлөр, асыл түшүнүктөр жөнүндөгү элестөөлөргө негизделип коюлат (113:119). Оң каарманга атайлап карама-каршы коюу максаты менен терс каармандарын одоно жүрүм-турумду, кулк-мүнөздү, сүйкүмсүз кебете-кешпирди туюнта турган, кулакка жагымсыз аттар менен атоо да, жазуучунун образ түзүүдөгү көп ыкмаларынын бири экендигин Ж.Мамытов белгилейт. Айталык, Ч.Айтматовдун «Бетме-бет» повестиндеги терс каарманы - Ысмайыл. Бул каарман Ч.Айтматовдун терең психологиялуу повести аркылуу кара башынын айынан Ата Журтту коргоодон баш тарткан качкындын, таш боор зөөкүрдүн, элдин убалынан коркпогон ууру-кескинин аты жалаң кыргыз калкына эмес, дүйнөнүн булун-бурчуна белгилүү болду.

*Мисалы: Эшикти кайра иле коюп, караңгыда* ***Ысмайылды*** *ички үйгө жетеледи («Б.Б»,235-б).* Жазуучу Ысмайылдын согуштан качып келгендегисин, Сейде эшиктерин бекитип күтүп алганын сүрөттөдү. Ысмайылдын терс жактары стилдик жактан жеткиликтүү боёктуу берилди. Х.Карасаевдин эмгегинде Ысмайылга төмөндөгүдөй мүнөздөмө берилет. Ысмайыл араб сөзүнөн алынган. 1.Пайгамбардын аты, бул-Ибрахим пайгамбардын уулу. Бул адамдын атасы, алланын жолуна курбандыкка чалган. Бирок асмандан көк кочкор түшүп келип, ошону Ысмайылдын ордуна курман кылган, Мусулмандарга курбан чалуу ушундан калган. 2. Энчилүү ат. «Ысмайыл» сирия тилинде «кыңк эткис» деген мааниде. Куран жомогунда: алланын жолуна курбандыкка чалып атканда, «кыңк этпей» мойнун тосуп берген имиш (94:835). Элин коргоодон качкан качкын жөнүндө Ү.Култаеванын эмгегинде Таласка барып жазуучунун каармандары Ысмайыл тууралуу иликтөө жүргүзгөндө элдин, келининин, аялынын айрым пикирлерине токтолуп, оң пикирлерди айткандыгын белгилеп айтып өтсөк, Ысмайылдын Таласта жашаган экинчи аялына жолуккан, өзү дүйнөдөн кайтканын баяндайт. Кээ бир адамдарды багып, өлүмдөн алып калган, өзүбүздүн айылдагы малга тийчү эмес, башка жактан уурулук кылып үй-бүлөсүн жана башкаларды бакчу. Түрмөгө да түшчү, тез эле чыгып келчү дейт. Ү.Култаеванын Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандары боюнча иликтөөсүндө көптөгөн маалыматтарынын жыйынтыктары берилген. Демек, жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы адам ысымдары адабий тилдин функционалдык стилдеринде белгилүү бир норманын чегинде колдонулат жана көркөм чыгарманын стилинде ошол стилдин белгилерин жаратуучу тилдик каражат катары каралат.

### 1.7. Сөз жасоо стилистикасы

Академик Б.Ө.Орузбаева «Төл сөздөрдүн составдык түзүлүшүнө – уңгуларына, аларга айкалышуучу мүчөлөрүнө жана ошол мүчөлөрдүн түзүлүш касиеттерине, уңгулардын өз ара айкашына жана туруктуу

лексикалык бирдиктерди түзүү эрежелерине көңүл буруу милдетти келип чыгат. Тил илиминин мына ушул маселелеринин бардыгын өз ичине камтып, ага илимий түшүндүрмө берүүчү бөлүмү сөз жасоо (словообразование)», - деп белгилейт (139: 28).

**Сөз жасоо стилистикасынын башкы милдети** - сөз жасоочу мүчөлөрдүн коннотациясын изилдөө, алардын тексттин мазмунуна тийгизген көрктүүлүк таасирин белгилөө, кыргыз тилине башка тилдерден өздөштүрүлгөн префикстердин төл аффикстер менен болгон синонимдештиги, субьективдүү баалоочу жана көркөмдүк касиетин изилдөө болуп саналат.

Сөз жасоо проблемасы ар тараптан жана терең изилденмейинче, сөздөрдүн морфологиялык түзүлүш сырын, андагы закон - ченемдүүлүктөрүн ачуу мүмкүн эмес. Түрк тилдериндеги сөздөрдүн түзүлүшүн жиктөөдө жана алардын лексико-грамматикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоодо алардын биринчи изилдөөчүлөрү, сөзсүз, индоевропалык тилдердин (анын ичинде славян тобундагы орус тилинин) грамматикаларынын үлгүлөрүнөн пайдалангандыгы, ал үлгүлөрдүн түрк тилдери үчүн колдонулгандыгы шексиз. Жогоруда белгиленгендей, көпчүлүк түрк тилдерин (алардын ичинде кыргыз тилин да) пландуу түрдө изилдөө иши совет бийлигинин жылдарында гана өрүш алып, кеңири масштабда ишке ашырыла баштагандыгы талашсыз. Сөз жасоо проблемасына тиешелүү көптөгөн баалуу маалыматтар чет өлкөлүк илимпоздор: К.Гренбек, В.Банг, Г.Вамбери, Г.И.Рамстедт, К.Броккельман, Ж.Дени, В.Котвич, М.Рясенен, А.Зайончковский, А.Эмре, А.Бесим ж.б. эмгектеринен кездешет (43:10). Сөз жасоо проблемасы атайын планда советтик түркологдордун ичинен өзгөчө: Н.К.Дмитриев, Н.К.Баскаков, А.Н.Кононов, А.Гулямов, Э.В.Севортян, Т.М.Гарипов, С.Жафаров, П.Азимов, Б.Орузбаева, А.Т.Кайдаров, С.Муратов, А.А.Юлдашев, Н.К.Антонов, Ф.А.Ганиев, М.Я.Хабичев, А.Ибатов ж.б. эмгектеринде карала баштайт. Кыргыз филологиясында К.Тыныстанов 1928-жылы «Эне тилибиз»: (Кыргыз

тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткыч китеп)» деген алгачкы окуу куралдарында эле сөз жасоо боюнча өз ойлорун так баяндаган. Анын 1934-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилинин морфологиясы» деген мектептер үчүн окуу куралында сөз түркүмдөрүнө жана сөз жасоого көңүл бурган. Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу каражаттардын аткарган милдеттери жана маанилери жөнүндө И.А.Батманов «Грамматика киргизского языка» деген эмгегинде ар бир сөз түркүмдөрүн байланышта караган. 50–жылдардан баштап эне тилибиздин ар кайсы проблемалары өз алдынча атайын изилдене баштады. Сөз түркүмдөрүнө арналган изилдөөлөр, ЖОЖдор үчүн морфология боюнча окуу куралдары жазылды. Сөз проблемасы Б.М.Юнусалиев тарабынан кеңири планда изилденип, илимий–теориялык жыйынтык чыгарылган. Бул маселе Ж.Шүкүров, Б.Орузбаева, С.Кудайбергеновдор тарабынан улантылды. Сөз түркүмдөрү деталдаштырылып такталды (К.Дыйканов, С.Кудайбергенов, Ж.Мураталиева, С.Давлетов, Б.Үмөталиева, Н.Чечейбаева, С.Иманалиев ж. б.). Кыргыз тил илиминде сөз жасоо да морфологиянын предмети катары каралып келе жатат (Кыргыз тилинин грамматикасы: Морфология. - Фрунзе, 1964.10-21; С.Давлетов, С.Кудайбергенов Азыркы кыргыз тили: Морфология. - Фрунзе, 1980. 19-38-б; Кыргыз адабий тилинин грамматикасы: 1 бөлүм. Фонетика жана морфология. - Фрунзе: Илим, 1980. – 85–133; Грамматика киргизского литературного языка: часть 1.Фонетика и морфология.– Фрунзе: Илим, 1987. – 95 -105; И.Абдувалиев, Т.Садыков Азыркы кыргыз тили: Морфология. - Бишкек, 1997.- 21-29-б). И.Абдувалиев. Кыргыз тили. (Морфология боюнча лекциялар курсу). – Бишкек, 2003.-2-30-б). Бул окумуштуулардын пикирине биз да кошулабыз. Сөз жасоо термини эки маанилүү. Ал, биринчиден, тилдеги сөздөрдүн кантип жасалары, андай каражаттарды (бирдиктерди) жана ыктарды кандайча пайдаланыларын билгизсе, экинчиден, ошолорду изилдөөчү илимди билгизет. Жаңы сөздөрдүн пайда болушу сөздүк составды толуктайт, аны улам байытат. Бул болсо сөз жасоо менен лексиканын эң тыгыз байланышын көрсөтөт. Сөз

жасоонун грамматика менен да тикеден-тике катышы бар, анткени жаңы сөздөр мурдатан бери колдонулуп келе жаткан грамматикалык каражаттарды пайдалануу же сөздөрдү өз ара бир бүтүндүккө айландыруу аркылуу жасалат жана кандайдыр бир сөз түркүмүнө тиешелүү болот. Ар бир тилде өзүнө ылайыкташкан сөз жасоонун морфологиялык жолу суффикстик, префикстик, суффикстик эмес, сөздөрдү кошуу ыкмалары аркылуу ишке ашып, айрым татаал сөздөрдүн жасалышын да өзүнө камтыйт. Мындан ар бир тил өзүнүн фонетикалык жана лексика - грамматикалык белгилери менен гана эмес, сөз жасоо ыкмалары жана моделдери менен да өзгөчөлөнөт деген тыянак чыгарууга болот. Кыргыз филологиясында сөз жасоо морфологиянын предмети катары каралып келгендиктен, биз да сөз жасоо стилистикасынын проблемаларына академик Б.Ө.Орузбаеванын сөз жасоо боюнча жазылган эмгектериндеги илимий тыянактарга таянуу менен иликтөө жүргүзөбүз (139: 3 -19); (138: 3-19).

Кыргыз тил илиминде сөз жасоочу синонимдеш мүчөлөргө Б.Суранчиева биринчи жолу изилдөө жүргүзүп, айрым мүчөлөрдүн сөз жасоочу синонимдеш өзгөчөлүгүнө кеңири токтолгон (161: 8 -12).

Кыргыз тили сөз жасоочу синонимдеш мүчөлөргө өтө бай. Мындай мүчөлөрдүн тобуна **– чы //- кеч (арабачы - арабакеч), - луу// - ман (кадырлуу - кадырман), - бы // - лаш (курбу - курдаш), - чар // - ча (букачар - букача), - калаң //- как (шашкалаң - шашкак), - бан //-чы (багбан - бакчы), -уур //-гыч (кыпчуур - кыпчыгыч), - сун //- сундук (суусун - суусундук)** ж.б.у.с. мүчөлөр кирет. Ч.Айтматов чыгармаларында мындай синонимдеш мүчөлөрдү кеңири пайдаланган. *Менин бетимден аккан жашты көрүп, **арабакеч** бала чоочуп кетти («Б.М», 42- б). Мышык көздөрү акшыя тиктеп, сүзөөк **букача** матап турду («Г», 135-б). «Аңдайларга эмнеге жолойсуң, алар менен эмне үчүн сүйлөшөсүң?»- деген кейиштүү суроомо жооп бергендей, мен анын эң жакын сырдаш **курбусу** өңдүү («Ж»,147-б). **Шашкалактап** суулугун чыгарды, анан кош басмайылдын бирин бошотту да, экинчисин унутуп кетти («Г», 65-б).*

**-луу //- ман (кадырлуу - кадырман):** *Анткени ошондо жаңы мектептин **кадырлуу** төрүндө мен эмес, сиз да эмес – биринчи мугалимибиз Дүйшөн аксакал отуруш керек эле («Б.М», 44-б).* Ал кишилердин арбагын сыйлап, сеники меники дебей эки үйдү тең адилеттүү башкарып, айылдагы эски нускалуу **кадырман** байбичелердин бири («Ж», 140- б).

Албетте, сөз жасоонун лексика-семантикалык жана синтаксистик жолдору тилде маанилүү роль ойнойт. Ошентсе да, стилистикалык планда сөз жасоонун морфологиялык жолу өзгөчө мааниге ээ. Ушул аспектиден алып караганда, сөз жасоо стилистикасынын башкы проблемасы сөз жасоочу мүчөнүн кептеги боектуулугун аныктоо болуп саналат.

Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу мүчөлөрдүн табияты ар түрдүү. Алар өнүмдүүлүгү, башка тилдерден өздөштүрүлгөндүгү, өз ара синонимдештиги, функционалдык стилдерге таандык экендиги, орток маанилүүлүгү, эмоционалдуулугу ж.б. белгилери боюнча бири-биринен айырмаланат. Алардын мындай өзгөчөлүктөрүнүн кептеги ар кандай стилдик белгилерин да сөз жасоо стилистикасы изилдейт. Эмоционалдык ачык белгиге ээ болгон мүчөлөр ***(-ке: апаке, энеке)*** *Мисалы: «Эне! **Энеке**! Айтпагын мага эчтекеңди! Унчукпа! Айтпа!» - деп, колун жаңсап, жүгүрүп келди да, аттын жалын чеңгелдеп, башын менин тиземе жөлөп, шолоктоп ыйлады («С.Ж», 91-б).*

*– Сизге эмне болду **эжеке**? («Б.М», 42-б).* Автор каармандын кебинде капаланган сырткы эмоциясын боёктуу сүрөттөдү. Сөз түркүмдөрүнүн категориялык белгилеринин көрсөткүчтөрү болгон мүчөлөр **(мисалы: -гылт мүчөсү -кызгылт)** да сөз жасоо стилистикасынын алкагында каралууга тийиш. Анткени бул сыяктуу сөз жасоочу мүчөлөр ачык эле стилдик боектуулукка ээ, ошондуктан алар адабий тилдин кайсы бир функционалдык стилинин белгилерин өзүнө дайыма камтыган болот. *Мисалы: Аңыздын четинде апапакай, **кызгылтым** бүр ачып өскөн гүлкайырларды Алиман жыйнап алып, бир убакытта, менден уялгансып, буудай арасы менен унчукпай кетип бара жатат («С.Ж», 56-б).* Автор каармандын кебинде

**кызгылтым** деп гүлдүн өңүн боёктуу берип, Алимандын гүл сүйгөнүн сүрөттөп, оң эмоцияны берди.

Сөз жасоочу синонимдеш мүчөлөрдүн бир эле унгуга уланып, жуп сөз жасашы - тилде кеңири учураган факт. Мисалы: **- чы** мүчөсү **-кеч** мүчөсүнө өз ара синонимдеш болуп **арабачы // арабакеч** тибиндеги сөздөрдүн жасалышына катышат. Мындай сөздөрдүн кайсынысы сүйлөшүү стилине, кайсынысы китеп стилине таандык экендиги да сөз жасоо стилистикасында каралууга тийиш. Монгол, иран, араб тилдеринен өздөштүрүлгөн сөз жасоочу мүчөлөр тилибиздин азыркы абалында сөз жасоо стилистикасында төл мүчөлөр катары кабыл алынат. Ошол мүчөлөрдүн айрымдарынын кыргыз тилиндеги мүчөлөр менен синонимдеш абалда келип (Мисалы: **күнөөсүз - бейкүнөө**), кепте аткарган стилдик өзгөчөлүгү да стилистиканын ушул бөлүмүндө талдануусу керек. Мисалы: *Капыстан келген бу шумдуктан эси чыккан жандыктар чаң - тополоң түшүп, башчысын таппай, башаламан дүрбөлөңгө кабылды,* ***бейкүнөө*** *макулуктардын канаттуу темир шумдукка каршылык кылар аргасы болбоду («К», 27-б).* Автордук кепте **бейкүнөө** деген сөз колдонулду, китеп стилине таандык. *Үйгө кирип келип, Сейде бешик терметип отурган кайненесин кучактап жыгылды да, ушул үн чыгарбас,* ***бейнаалат*** *кемпирдин арык тизелерине маңдайын жөлөп, баятан жыйналган ызасына эрк берип, өпкө-өпкөсүнө батпай шолоктоп ыйлады («Б.Б», 226-б).* **Бейнаалат** кемпир деп кайненени берди, себеби унчукпаганга аргасы жок, күнөөлүү эле. Себеби баласы Ысмайыл согуштан качып келип, анын айынан Сейде келтек жеп ызаланууда. Ошол нерселер кемпирди тилсиз унчукпас кылды го, мындан психологиялык жагдайды, көрүнүштү сезүүгө болот. Каармандын сырткы эмоциясын, капалануусун автордук кепте берди.

Кыргыз тилинде сөз жасоочу мүчөлөрдүн синонимиясын кыргыз тилиндеги мүчөлөр менен өздөштүрүлгөн мүчөлөр да түзөт. Бул аффикстер: **-кор, -кеч, -поз, -ман, -стан, -кана, -дар, -бан, -ма, -кой.** *Мисалы: Айылга айрылышкан жолдун тушуна араба токтоду да, арабадан секирип түшкөн*

*жалгыз солдат, баштыгын, шинелин ийнине арта салып,* ***арабакеч*** *менен коштошуп, бери басып жөнөдү («С.Ж», 108-б). Бу биздин эки үйдүн ынтымагын, ырыс-берекесин сактаган апам,* ***билерманы*** *да апам, ал кишилердин арбагын сыйлап, сеники-меники дебей эки үйдү тең адилеттүү башкарып, айылдагы эски нускалуу,* ***кадырман*** *байбичелердин бири («Ж», 140-б).* Жазуучу каармандын кебинде **билерманы, кадырман** деген сөздөрдү колдонуу менен сөз жасоонун – **ман** мүчөсүн колдонду да, каармандын эл арасындагы аброюн стилдик жактан жеткиликтүү берип, оң эмоцияны берди. Оозеки - сүйлөшүү стилине тиешелүү сөз жасоочу мүчө. *Бул көпчүлүккө белгилүү* ***илипоз*** *аял биздин айылдан экенин, кыз кезинде шаарга кетип, кийин окумуштуу болгонун анча-мынча угуп жүргөм («Б.М»,7-б).* ***Доктуркана*** *анда суунун аркы өйүзүндө, чоң кыштакта эмес беле («С.М», 131-б).* Автордук кепте берилген **доктуркана** деген сөз орток маанилүү. *Күйөөсүнөн эрте ажырап, Жаманбай согуштан мурун эле каза таппады беле, убайым тартып жүрүп, Айша* ***кеселман*** *болуп калбадыбы («С.Ж», 96-б).* Автор каармандын кебинде **кеселман** деген сөздү стилдик жактан орундуу пайдаланды, сүйлөшүү стилине тиешелүү. *Иши кылып, эки ай бою сандаган текшерүүлөрдөн, сурактардан, көздөшүүлөрдөн өтүп, акыры укугунан ажырабай, бирок аскерден кынтыгы жок кайткандардай артыкчылыгы жок болуп, өзүнүн* ***Казакстанына*** *кайтып келди («К.К.Б.К», 102-б ).*

Кыргыз тилинин сөз жасоо стилистикасынын дагы бир проблемасы сөз жасоочу мүчөлөрдүн, префикстердин, суффикстердин жана субьективдүү - баалоочу мүчөлөрдүн адабий тилде функцияланууу чегин белгилөө болуп саналат. Структуралык стилистиканын ар бир бөлүмүнүн стилистикалык парадигмалары болгондуктан, сөз жасоо стилистикасынын парадигмасын иштеп чыгуу милдетти да турат (4: 125; 32: 54 - 55).

## 1. 8. Сөз жасоо стилистикасынын парадигмасы

**Парадигма** (гр.үлгү). 1. Бир сөз түркүмүнө таандык форма түзүү үлгүсү болгон флексия өзгөчөлүгүнүн системасы. 2. Бир эле сөздүн сөз өзгөртүүчү формалар менен өзгөрүшү. Сөз жасоо стилистикасынын парадигмасы үчкө бөлүнүп каралат: **орток стиль, китеп стили, сүйлөшүү стили.**

Сөз жасоо парадигмасы лексикалык парадигма сыяктуу кепте даана көрүнбөйт. Себеби тилдин сөз жасоо деңгээлинин бирдиги болгон сөз жасоочу мүчөлөр байланыш-катнашта өз алдынча колдонулбайт. Ал мүчөлөрдүн көбү өз алдынча турганда стилдик боёктуулугун даана чагылдыра албайт. Ал турсун, уңгуга уланган сөз жасоочу мүчөлөрдүн көбү тилдин бүгүнкү абалында грамматикалык маанилерин гана сактап, стилистикалык мааниси жоктой сезилет. Бирок, сөз жасоочу мүчөлөр да кепте стилдик боек алат. Алар сөздүн маанисине, сүйлөмдөгү ойго ар түрдүү кошумча маанилерди берүү касиетине ээ. Сөз жасоочу жана экспрессивдүү - эмоционалдуу боёктуу мүчөлөрдүн сөзгө жана сүйлөмгө салыштырмалуу синонимдеринин жоктугу, бар болсо да бир жуптан ашпагандыгы бул мүчөлөрдүн стилистикалык табиятын аныктап тургансыйт. Ушул өзгөчөлүктөр сөз жасоо парадигмасын бөтөнчө аңытта белгилөөгө мажбурлайт.

Түрк тилдеринин стилистикасында сөз жасоо стилистикасынын парадигмасы азыркыга чейин иликтөөнүн обьектиси боло элек. Ал турсун айрым тилдердеги изилдөөлөрдө, мисалы, өзбек филологиясында эмоционалдуу - экспрессивдүү боёктуу мүчөлөр лексикалык стилистиканын обьектиси катары каралып келүүдө (5:124 -141).

Орус филологиясында М.Н.Кожина Б.Д.Бондалетов ж.б. окумуштуулар акыркы мезгилде бул маселеге карата өздөрүнүн ой-пикирлерин билдирүүдө. Биз ушул окумуштуулардын пикирин жалпы негизде, бирок кыргыз тилинин мыйзам ченемдүүлүгүн эске алуу менен пайдаланып, сөз жасоо стилистикасынын парадигмасын белгилемекчибиз.

Кыргыз филологиясындагы сөз жасоочу мүчөлөрдүн уңгуга карата орун алышы, алардын айрымдарынын өз ара жана **приставка-суффикс** абалында синонимдик катышта келиши, бул мүчөлөрдүн кыргыз тилине же башка тилдерге таандык экендиги, экспрессивдүү- эмоционалдуу жана субективдүү - баалоочу мүчөлөрдүн кепке катышып, контекстте аткарган стилистикалык кызматы сөз жасоочу мүчөлөрдүн парадигмасын аныктайт.

Сөз жасоочу мүчө уланганга чейин уңгу дайыма орток мааниге ээ болот. Бул – тилдеги бардык сөздөргө эмес, сөз жасоочу мүчөлөр уланган же уланууу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон уңгу сөздөргө гана тиешелүү тилдик көрүнүш. Мисалы: **китеп, ата, беш** деген сөздөр кепке катышпай туруп эле орток стилистикалык мааниге ээ болуп турат. Ушул сөздөр сөз жасоочу мүчөнү өзүнө жалгап, лексикалык маанисин өзгөртө алса, ошол сөз жана анын мүчөсү сөз жасоо стилистикасынын парадигмасы менен өзгөргөн болот. Андай сөздөр – **китеп** жана **ата**. *Мисалы: Карыган **атам** жыгач уста, колхоздун жүрүп жаткан ушул тактай араба, шаады араба баарысы дээрлик ошол кишинин колунан чыгып турат, таңдан намасын окуп, **устаканасына** кетет да, күн бата келет («Ж»,139-б).* Жазуучу каармандын кебинде атасынын кимдиги жөнүндө эмне иш менен алектенет, кандай адам экендиги жөнүндө кабар берди. **Атам** деген сөз орток стилистикалык маанилүү сөз. Ал эми **устакана, колхоз** деген сөздөр китеп стилине тиешелүү сөздөр. Ошентип, кыргыз тилиндеги сөз жасоочу мүчөлөрдүн негизин орток маанидеги мүчөлөр түзөт да, алар кайсы бир уңгуларга жалганып, **орток стилистикалык маанилүү сөздөрдү** жасайт.

Сөз жасоо стилистикасынын парадигмасы, мисалы, лексикалык стилистикалык парадигмадай орток мааниден бутактабайт. Анткени тилдин лексикалык бирдиктеринде синонимия кубулушу өтө өнүккөн. Ал эми сөз жасоочу айрым мүчөлөрдүн синонимдери болгону менен, синонимдик ал маанилер функционалдык багытта гана өз маанисин ача алат. Ошондуктан **сөз жасоочу мүчөлөрдү сүйлөшүү стилине жана китеп стилине** ажыраган мүчөлөр деп ажыратуу бир топ натыйжалуу болуп чыгат.

Кыргыз тилинде сөз жасоочу мүчөлөрдүн үчүнчү тобун сүйлөшүү стилинин белгилерине ээ болгон мүчөлөр кирет. Бул мүчөлөр уңгуга жалганып, кичирейтүү, эркелетүү, мыскылдоо, кемсинтүү, урматтоо, жалыныч ж.б.у.с. маанилерди туюнтат. Айрымдары функционалдык стилистикалык мааниге ээ болушу мүмкүн. Кичирейтүү маанисине **– ча (китепче), - чар (букачар), - чак, - чык (көлчүк, келинчек);** *Жер силкинип алды, көлчүк көбөйүп, бети көбүктөнүп көөп чыкты («К.К.Б.К», 136-б). Улуусу - Садык жаңы эле келинчек алганда кетти («Ж», 140-б);* болжолдоо маанисине **– дай (тоодой, ондой), - ча (жүзчө),** *Биз ошондо эле Олуя - Ата, Ташкенттерден да чоң Москва деген Ленин жашаган шаар бар экенин, баш- аягы Таластын өрөөнүндөй деңиздерде **тоодой** болгон кемелер сүзүп жүргөнүн билгенбиз («Б.М», 20-б)*, төмөндөтүлгөн-баалоочу мааниге **– чаак (урушчаак), - аанак (кабанаак), - ааган (кабааган), -гын (келгин), - алак (сугалак),** кемсинтүү-тоготпоо мааниси **- кай (балакай);** төмөндөтүлгөн окшоштуруу маанисине **– ча (балача)**; *- Вологдалык болом, атеке, - деп күзөтчү өз жеринин үнүнө салып уялыңкырап, балача жалдырап, ушундай суроого жооп берип турганына кубанып айтты («К.К.Б.К»,270-б).* төмөндөтүлгөн жактырбоо маанисине **– аак (ыйлаак), - кор (сүткор, чайкор, паракор), - кеч (аракеч),** *Кумбел болсо Сары-Өзөк аймагындагы чоң станция, анын үстүнө Айзада кызы ошерде, анын күйөөсү канчалык **аракеч** болгону менен өз киши эмеспи көз салып, куран окутуп турар дешкен («К.К.Б.К», 24-б).* **-поз (кумарпоз), - көй (амалкөй);** төмөндөтүлгөн карапайым мааниге **– гылжым // - гылжык // алжын (саргылжын, аралжын), - ал (кызымтал), - шы //– сы( шекши, мыктысы)** мүчөлөрү ээ. *Жана анын жакын кайниси Жумабай **кызымтал** болуп келди («Б.Б», 205-б). Аялына, кызына, сакманчыларга жылуу-жумшак сүйлөп, жадырап жүрүүгө тырышты, бирок алар бирдемеден **шекшинеби** деп, кайра тартынды («Г», 158-б).* Чамалама сан атоочту жасоочу сөздөрдүн **– ча (элүүчө), - дай (элүүдөй), - даган (ондогон)** мүчөлөрү жана сын атооч сөздөрдүн биринчи муунунун кайталанып айтылышы менен жасалган сын атооч сөздүн

приставкасы (**кыпкызыл**) сүйлөшүү стилинин белгисин өзүнө камтыйт. Б.Ө.Орузбаева «Орус тилинен өздөштүрүлгөн сөз жасоочу мүчөлөрдүн ичинен кичирейтүү- эркелетүү - **чик //- ик, - ичка//- ечка, - инька,– ка** формалары бир топ кеңири колдонулуучу аффикстер» деп белгилеген (135:157).

Сүйлөшүү кебине ыктаган сөз жасоочу мүчөлөр, негизинен эмоционалдык - экспрессивдик жана субьективдүү баалоочу мүчөлөрдөн куралган. Андай мүчөлөргө – **көй (илимкөй), - чек (иничек), - кай (балакай), - ча (китепче)** деген сыяктуу мүчөлөрдү кошууга болот. Бул топтогу сөз жасоочу мүчөлөр көркөм чыгармаларда, публицистикалык стилдин айрым жанрларында кеңири колдонулат, сүйлөшүү стилинин негизги белгилеринин бирин түзөт. ***Мисалы: -Эй, иничек, - деген ошондо, согуш өзү бүтүп баратыры, болбосо сени кайра жиберет белем, ким билет («К.К.Б.К», 56- б).***

***- Кантейин, балакай, Кудай жаныңы аман койсун, бирок бөркүңдөй эле көр, сени пенделик тиричилик өзү эле сопу кылып коет, анткени аякта бир сындырым наңды да мээнет менен таап жеш керек («К», 90- б).***

Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу аффикстердин жана башка тилдерден өздөштүрүлгөн суффикстердин жана префикстердин көбү сөз жасоо стилистикасынын парадигмасында орток стилистикалык мааниге ээ. Бул мүчөлөр менен адабий тилдин бардык стилдеринде колдонулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон сөздөр жасалат. Демек, тилдеги мындай көрүнүш ошол мүчөлөрдүн боектуулугунун орток (нейтралдуу) мааниде экендигин далилдейт. Орток маанилүү сөз жасоочу мүчөлөр, негизинен, зат атоочтон зат атооч жасоочу – **чы (малчы), - кана (малкана);** зат атоочтон сын атооч жасоочу – **луу (балалуу), - сыз (баласыз),** ***Абуталип үчүн баласыз жашоо жок гана турсун, баласыз дем ала албай турган киши болчу («К.К.Б.К»,196-б);*** **- чан (тончон),** ***Тончон*** *Эдигей эпсиз колжоюп, кызын кучактап өптү («К.К.Б.К», 243-б).* **- кы (эртеңки), - гын (качкын адам),** иреттик сан атоочту жасоочу – **ынчы //- нчы (биринчи, экинчи);** зат атооч сөздөрдөн

этиш жасоочу – **ла (ойло, иште), - лан (аттан, камдан), - лаш (жардамдаш)** мүчөлөрү, этиштин – **ын (жуун), - ыл (жазыл), - гыр //- гар ( өткөр, жеткир), - гыз // - газ (өткөз, атказ)** сыяктуу мамиле мүчөлөр; кыймыл атоочторду жасоочу – **уу (шилтөө, арноо, кайрылуу), - оо (камдоо);** этиштен зат атооч жасоочу – **ооч (тырмооч), -ык (ышкырык, турак), - га, - ылга (токулга, табылга), - гыч (куургуч, туткуч) – гы // - кы (сузгу, күлкү),** этиштен сын атооч жасоочу – **гак (тайгак, сергок);** жамдама сан атоочту жасоочу – **оо // - өө (алтоо, үчөө)** сын атоочтун салыштырма жана басаңдатма даража мүчөлөрү - **гылт (саргылт, кызгылт), - ыш (агыш)** мүчөлөрү. Бул мүчөлөрдүн тобуна башка тилдерден өздөштүрүлгөн – **кеч (арабакеч, кирекеч), - поз (ашпоз), - мер (сөзмөр, ишмер)** сыяктуу сөз жасоочу мүчөлөр кирет. *Ошол үчүн бу кезде **малчылыктан** артык жумуш жок («Г»,75-б). Айылга айрылышкан жолдун тушуна араба токтоду да, арабадан секирип түшкөн жалгыз солдат, баштыгын, шинелин ийнине арта салып, **арабакеч** менен коштошуп, бери басып жөнөдү («С.Ж», 107-б). Биринчи көрүшкө жөнөкөй кадыресе сүрөт («Ж»,138-б). **Сөзмөр** киши экен Торгой чал («Г», 29- б).*

**Китеп стилине** ыктаган сөз жасоочу мүчөлөр, негизинен, илимий түшүнүктөрдү, терминдерди, кесиптик жана абстракттык маанидеги сөздөрдү ж.б. жасоого катышат. Аларга – **чы (окуучу), - ооч // - дооч (атооч, аныктооч), - гыч (таңгыч), - чылык (адамгерчилик, жыргалчылык); - даш // - лаш (замандаш, жолдош, классташ),** сын атооч менен зат атоочту жасоочу - **лык (тынчтык, достук, балалык, жаштык),** тактоочту жасоочу – **ча (орусча);** топонимдик аталышты жасоочу – **ты (Жыланды),** этиштен зат атооч жасоочу – **ма (басма, башкарма), - ым (басым, чыгым), - ыш (чогулуш);** зат атоочтон сын атоочту жасоочу – **чыл (ойчул).** Бул мүчөлөрдүн катарын араб-иран тилдеринен кирген – **поз (илимпоз, өнөрпоз), - ий (илимий, саясий), гер // кер (соодагер, талапкер).** Башка тилдерден өздөштүрүлгөн мүчөлөрдү да ушул топко кошууга болот: **- ман (кадырман, акылман), - стан (Кыргызстан), - кана (басмакана), - ов // -**

**ова, - ев //- ева (Акматов, Акматова), бей – (бейнамыз, ба – (бакубат), - изм (социализм) – дар (карыздар), - ба ( багбан)** ж.б.у.с. мүчөлөр толуктайт. *Мисалы: Кастык же достук эскерүү деген да болчу беле? («К.К.Б.К», 170-б). Мунун баары, албетте, эки өлкөнүн ортосунда **илимий**, дипломатиялык, административдик мекемелердин алдын ала жүргүзгөн көп кырдуу даярдык иштеринин негизинде бүткөн жумуш («К.К.Б.К», 42-б). Жалпак – Саз бекеринен атпай **Түркстан** аймагындагы тогуз жолдун тоому болгон жер эмес («К», 186-б). Ага **Абуталип Куттыбаев** капа болбоду («К.К.Б.К», 102-б). Ээрчий келген эки-үч курбу, эки-үч жигит болуп, босогодо таазим этип ийилип, **кадырман** кишилерден кечирим сурап турду (К.К.Б.К», 255-б). Елизаров **акылман** киши экен, башканын ою жетип, тилинин учунда турганды жөнөкөй гана түшүндүрүп коёр эле («К.К.Б.К», 66-б). **Жолдош окуучулар**, аңгеменин аягында мен дагы бир ирет **Алтынай Сулаймановanын** катына кайрылгым келет («Б.М», 44-б).* Жазуучунун окурмандарга кайрылуусу автордук кепте **жолдош, окуучу, Сулайманова** деген сөз жасоочу мүчөлөрдү колдонуу аркылуу китеп стилине ыктап, ошол катта айтылган окуяны, каармандын кимдигин боектуу сүрөттөп берген. *Айылдаш эженин жай отуруп, жай сурашууга чамасы келбей жүрдү, бирок ар бир жолуккан сайын, мейли жыйналышта, мейли кокус көчөдө кездеше калганда, биздин айылдын жалпы аманчылыгын сурап, менин **чыгармачылыгым** жөнүндө кыскача болсо да пикирин айтпай койчу эмес («Б.М», 7- б). - Ай, кайсы Дүйшөн, кимди айтып жатышат? - Колхоздун **почточусу**, эже,- дедим мен. - Дүйшөн деген аксакалды таануучу белеңиз? («Б.М», 8-б). Бул жаман там башта бир байдын **атканасы** болгон («Б.М», 14-б). **Коммунизм** куруп жаткан азыркы жаштар үчүн Дүйшөн сыяктуу адам мисал болуп, үлгү боло албайбы? («Б.М», 45-б). Силер толукшуп бүрдөгөн жаздын биринде жеңиш да келер, **тынчтык** да келер…(«Б.М», 43-б). – Биз ушердик болобуз, солдат, - деди Эдигей солдаттын **балалык** сес көрсөткөнүнө күлүмсүрөп («К.К.Б.К», 269-б). Жалаң ача туяк адал жандыктар эмес, алардын демейки **жандоочусу**, ээлки, жоосу – бөрүлөр да*

*селдин шарына кетти («К», 27-б). Түпкүчтөй ийилген* ***бакубат*** *моюндун учундагы башы кыймыл этип койбостон толкундуу талаанын үстүндө калгып сызып бараткансыйт («К.К.Б.К», 82-б). Мисалдарда берилген сөздөр китеп стилине мүнөздүү.* ***Соодагерлердин*** *кербени да кетти өз жолу менен («К.К.Б.К», 119-б). Адамдын асылы, Сары-Өзөктүн санжырасын билген улама,* ***илимпоз*** *адам эле («К.К.Б.К», 78-б). Сен* ***адамгерчиликти,*** *парзды ойлойсуң («Г», 160-б).* ***Башкарма*** *деген баарыбыздын башчыбыз, аны сыйлашыбыз керек («Г»,78 - б).*

Жогорудагы мисалдардан көрүнгөндөй, сөз жасоо стилистикасынын парадигмасы бири-бири менен байланышпаган үч баскычтан турат. Бул парадигма боюнча кыргыз тилиндеги сөз жасоочу мүчөлөр **орток маанилүү, сүйлөшүү стилинин белгилерине ээ жана китеп стилинин белгилерин көрсөтүүчү** мүчөлөр болуп үчкө бөлүнөт.

Сөз жасоонун лексика – семантикалык жолу менен жасалган сөздөрдүн парадигмалык өзгөчөлүгү лексикалык стилистикалык парадигмада каралат. Ал эми синтаксистик жол менен жасалган сөздөрдүн парадигмалык табияты өзгөчө ракурста каралышы зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, көркөм стиль башка стилдерден, биринчи кезекте, эстетикалык мүдөөнү биринчи планга койгондугу менен айырмаланат. Ошондуктан, көркөм чыгармада бардык тилдик бирдиктердин, анын ичинде сөз жасоочу каражаттардын жана субьективдүү - баалоочу мүчөлөрдүн стилистикалык маанилүүлүгү башкы планга коюлат. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилинде да сөз жасоочу каражаттардын синонимдештик өзгөчөлүгүн жана субьективдүү баалоочу мүчөлөрдү кептик жагдайдын зарылдыгына ылайык пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонун байкоого болот.

### 1.9. Зат атоочтун жасалышынын стилистикасы

Зат атоочтун жасалышынын жалпы маселелеринде Б. Орузбаева, С. Кудайбергеновдордун эмгектерине таянуу менен, Ч. Айтматовдун

чыгармаларында колдонулган зат атооч жасоочу мүчөлөрдүн стилистикалык кызматын ачып берүүгө аракет кылабыз.

Зат атоочтун унгуга (негизге) сөз жасоочу мүчөлөрдү жалгоо аркылуу жасалыш жолу ***морфологиялык жол*** деп аталып, түзүүчү негиздин кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигине ылайык бир нече топко бөлүнөт.

Сөз жасоочу мүчөлөр **өнүмдүү, аз өнүмдүү жана өнүмсүз** мүчөлөр болуп бөлүштүрүлөт. Тилдин азыркы өсүш этабында көп сөздөрдүн жасалышында модель катары колдонулуп, тилдин лексикасынын өсүшүнө орчундуу салым киргизип турган мүчөлөр **өнүмдүү мүчөлөр** : *- чы, - лык, - луу, - сыз, -дай ,- ла ,- ыл ,- ыт ,- ынчы ,- ыш,- ым, -ма.*

Сөздөрдүн составында анча көп кезикпей, өнүмдүү мүчөлөргө караганда азыраак сандагы сөздөрдү жасоочу мүчөлөр **аз өнүмдүү мүчөлөр**: *- чан, - чак, - ак // - ык, - ан // - ын. Мисалы: бычак, мурун, моюн, жалын, кемирчек* ж.б. *Мисалы:* ***Мойнуна кыл аркан түшкөнүн сезип, Гүлсарынын денеси дир-дир этип койду («Г», 91-б).***

Бирин-серин гана сөздөрдүн жасалышына катышкан, көбүнчө азыркы мезгилде тилдин тирүү сөз жасоочу каражаттары болуудан калган мүчөлөр өнүмсүз мүчөлөр. Алардын ичинде кээде бир – эки эле сөз жасагандары да кездешет: ***- ша*** *(тынша),* ***- ы*** *(сылты,үнү, өрү, жашы),* ***- ра*** *(сайра, маара, кайра)* ***- ырка*** *(ташырка, түшүркө, сонурка)* ж.б.

**Өнүмдүү мүчөлөр**

**1. Зат атоочтон жасалган зат атоочтор**. Мындай зат атоочторду жасоодо төмөнкү мүчөлөр өнүмдүү колдонулат:

**- чы.** Бул мүчөнүн жардамы менен энчилүү аттардан ( мүнөздүү түрдө адам аттарынан), жалпы аттардан, адамзаттык атоолор менен адамзаттык эмес атоолордон, конкреттүү жана абстрактуу зат атоочтордон зат атооч жасалат. Негиздин маани жактан мындай бөтөнчөлүктөрү туунду зат атоочтун семантикасына да өз таасирин тийгизет, анткени ар кандай туунду негиз менен сөз жасоочу мүчөнүн маанилеринен келип чыгарын С.Кудайбергенов өз эмгегинде белгилеп кеткен (70:78). Жогоркудай

шарттардан улам **– чы** мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган зат атоочтор негизинен төмөнкүдөй маанилерди билгизет:

а) үй айбандарын, техникалык өсүмдүктөрдү ж. б. билгизген негиздерге жалганып, ошолорду асыроочу, өстүрүүчү адам деген маанини туюндурат: **койчу, уйчу, жылкычы, малчы, тоокчу, пактачы, кызылчачы, тамекичи.** *Мисалы: Кыш болсо* ***малчыларды*** *бирде үмүттөндүрүп, бирде үрөйүн учура коркутуп өтүп жатты. Танабайдын короосунан эки көтөрүм кой чыгым болду. Анын көзөмөлүндөгү үйрөнчүк* ***койчулардын*** *короолорунан да бир нечеден өлүп кетти («Г», 114-б).*

*Эртеси жылкыны коңшу* ***жылкычыга*** *табыштап коюп, Танабай үй-бүлөсү менен аттанып айылга жөнөдү («Г», 96 -б).*

б) эмгек куралдарын билгизген негиздерге уланып, ошол куралдарды колдонуу менен эмгектенген адамды түшүндүрөт: **орокчу, кетменчи, чалгычы, балкачы.** *Мисалы: Өзгөчө* ***орокчулардын*** *арасы кызык болор эле, анда көбүнчө жаштар, кыз–келиндер эмеспи («С.Ж», 56-б).*

*- Ооба, ооба, так ошондо Субанкул ошол жылы кышы менен суунун аркы өйүзүндөгү чоң кыштакка* ***тракторчунун*** *курсуна барып - келип үйрөнүп жүрдү («С.Ж», 52-б). Касым атасынан үлгү алдыбы, трактор айдайм деп жүрүп, трактор айдап, анан комбайнчылыкты үйрөнүп чыкты («С.Ж», 54-б).*

в) кандайдыр бир уюмдун, коомдун, мекеменин аттарына жалганып, ошондо иштөөчү адамды, ошол коомдун мүчөсүн туюндурат: **китепканачы, динамочу, спартакчы.** *Мисалы: Алдыңкы имиш дагы,* ***Стахановчу*** *имиш! Сени небак соттош керек болчу! («К»,316-б).* Каармандын кебинде **Стахановчу** адамдын энчилүү атынан жасалып, китеп стилине ээ болду.

г) чарба тармактарынын атын билдирген зат атооч сөздөргө уланып, аларды иштетүүчү кесипчилердин жалпы атын билдирүүчү сөздөрдө да учурайт: **колхозчу, жумушчу, почточу.**

*Мисалы: Ооба, так ошол катардагы* ***колхозчу*** *азыркы убакытта* ***почточу*** *болуп жүргөн кишинин атынан. Сиз дагы менин ушул сунушумду*

*колдосоңуз экен деп суранам («Б.М», 45-б). «А биз кандай өмүр бою кай жер пайдалуу болсо, ошерди качырбай эле, кай жерге* ***жумушчу*** *кол жетпей жатса, ошерге барып иштеп жүрдүк? Эмки жаштарга кезек келгенде - буларыңдын колунан жакшылык келчү түрлөрү көрүнбөйт, уят-сыйыт, абийир дегенди билишпейт», -деп карыялар канча наразы болушту («К», 302-б). - Билесизби, мен деген гезиттин* ***кабарчысы*** *болом («К», 188-б).*

Зат атоочту жасоочу мүчөлөрдүн бир тобу (мисалы:*- лык, - чыл, - чан,- дар, - кор, - кер, - ма,- ынды, - гыч)* сын атоочту жасоочу мүчөлөрдүн катарында да бар.

Мындай мүчөлөр менен жасалган сөздөрдүн зат атооч же сын атооч экендигин дайыма контекст аркылуу айырмалайбыз. Зат атоочтор өз алдынча эле туруп, заттык атоо маанисин туюндура алса, сын атоочтор дайыма өз аныкталгычы менен кошо келгенде гана затты аныктоо, башкача айтканда, сын-сыпат, касиет маанилерин туюндура алат.

**– лык.** Бул мүчө аркылуу абстрактуу зат атоочтор жана катыштык сын атоочтор жасалат.

а) ата-энелик, ага-туугандык ж.б. мамилени билгизген зат атоочко уланып, ошол мамиледе болгондукту туюндурат: **аталык, энелик, эжелик, синдилик, курбулук, достук, душмандык.** *Мисалы: Абышкасы Картаңбай, кемпири Сайкал дегендердин мага таякелик жайы боло турган («Б.М», 25-б). О, чиркин* ***энелиги*** *ай! («С.Ж», 127-б).* ***Кастык*** *же* ***достук*** *эскерүү деген болчу беле? («К.К.Б.К», 170- б).*

*- Ооба, Толгонай, эне болуп,* ***энелик*** *үзүрдүн эң сонун мезгили сен үчүн ошондо башталган («С.Ж», 558-б).*

б) жыл деген сөзгө уланып, ошончолук убакытка толгондукту, өлчөгөндүктү, **ай** сөзүнө жалганып, ушул мезгилдин ичинде алына турган кызмат акыны же коомдук компаниянын өтүшү ушунча мезгилге созула тургандыгын билгизет. *Мисалы: Борбордон чалышып, областтарда телефондор тынбай шыңгырап, жерден чукусанар да эт төгүү планын аткаргыла, созо бериш мүмкүн эмес, үстүбүздөгү жыл –* ***беш жылдыкты***

*жыйынтыктоочу жыл деп, планыңар кана, эт кана, милдеттенмеңердин аткарылышы кана, элди кайсы бетибиз менен карайбыз деп арганы түгөтүп жатканын ээн жердин бөрүлөр кайдан туйсун? («К», 26-б). Башкалардан эмнем кем? Шаарга барып иштеп, өз убагында **айлык** жеген менин колуман да келет («Г», 136-б).*

в) белгилүү бир кесипке ээ, коомдук бирикмеге мүчө болгон адамдарды билгизген сөздөргө уланып, ошолордун абалында болгондук, кесибин өздөштүргөндүк маанисин түшүндүрөт: **малчылык, койчулук, колхозчулук, жумушчулук, жазуучулук, окуучулук, ырчылык, бийчилик.** *Мисалы: - **Жылкычылык** менен **койчулуктан** башыңар көтөрүлбөс болгон соң башында эле партияга өтүп силерге суутуп койду беле («Г», 179-б).*

**– чылык** мүчөсү аркылуу жасалган зат атоочтор негиз аркылуу туюндурулган абалда болгондук, кандайдыр бир иште иштегендик, аны менен кесиптенгендик маанилерин билдирет: **дыйканчылык, жигитчилик, талаачылык, устачылык, чарбачылык, кишичилик, адамгерчилик, кыргызчылык, тууганчылык жетекчилик.** *Мисалы: Бирок жанагыдай эле – бирге он кошулуп – жүз, миң кошулуп **элчилик, адамгерчилик, боордоштук** деген ошондон келип чыгат го деп ишенем («С.Ж», 85-б). Кадимки **чарбачылык** жумуш эмеспи («Г», 114-б). Атырылта чаап баратып көңүлүнө кылт эткен бир ойго Танабай капилеттен аттын башын кекейте тартты: аялы баягы **жигитчилик** түндөрдүн өчүн алып жаткан белем! («Г», 80-б).* Автордун кебинде берип, **жигитчилик** китеп стилине мүнөздүү.

**- лаш** мүчөсүнүн жардамы менен зат атоочтон жасалган зат атоочтор түзүүчү негиз туюндурган түшүнүктөр боюнча кимдир бирөө менен биргелиги, жалпылыгы бар адам деген маанини билгизет. Өтө жалпылаштырып белгилеген бул маани негиздин семантикасына ылайык конкреттешип, көбүнчө төмөнкү жагдайлар боюнча бир (бирге) экендикти билдирет:

а) ата-эне, тууган-туушкандык, жагынан бирге экендикти **уялаш, энелеш, аталаш**. *Анда мен он төрттөгү жетим кыз* ***аталаш*** *тууганда̀рдын колунда жүргөм («Б.М», 11-б).*

б) орун-аралык, мейкиндик (территория) жагынан бирге экендикти: **мекендеш, айылдаш, көчөлөш, короолош** *Мисалы: Мен ошондо үйдө оорул жатканымда,* ***айылдаштарым*** *ал-жай сурап, ар кимиси жылуу сөздөрүн айтып, көңүл улап жүргөндөрүнүн дагы бир себеби бар турбайбы («С.Ж», 101-б). Экөө* ***жердеш*** *болуп чыкты («К.К.Б.К», 64-б).*

в) өнөр кесип, кызмат жагынан биргеликти: **калемдеш, кызматташ, авторлош, кесиптеш;**

г) бакыт - мезгил жагынан биргеликти: **замандаш, мезгилдеш, айлаш, жашташ, курбалдаш:** ***Замандаштарын*** *таң калтырган акын эл чогулган топ жыйында толкундап домбрасын колуна алганда, таңдайынан ыр куюлган («К.К.Б.К», 252-б). Аны улуусунтуп сыйлагандай ал менин агаларым менен* ***курбалдаш,*** *аңдайларды биз «сен» - деп өзүбүздүн наркыбызды төмөн түшүрбөйбүз («Ж», 154-б). Ичкен суубуз бир, көргөн күнүбүз бир* ***тагдырлаш, замандаш*** *айылдаштарымдын кең пейлине кулдугум бар («С.Ж», 122-б).*

д) ой-пикир, ички мамиле жагынан биргеликти: **сырдаш, тилектеш, жолдош, талапташ.** Мисалы: *Мен билген чындыкты,* ***сырдашым,*** *касиеттүү жер, сен билген чындыкты, элдин баары билген чындыкты азырынча жалгыз ал гана билбейт («С.Ж»,47-б). Кийин* ***жолдоштору*** *айтып жүрүштү согуштан сүрүлүп келген бир орус аял чиедей төрт баласы менен биздин станцияга түшүп калган экен, баары тең ач-жылаңач титирешип, мусапыр кейиптенип калышыптыр («С.Ж», 84-б). Айрыкча сапарлашың* ***көңүлдөш, санаалаш*** *киши болсо, аңгеме өзүнөн өзү жай уланып отурса («К», 279-б).*

**Зат атоочтон зат атоочту жасоочу өнүмсүз мүчөлөр.** Алар негиздин маанисине байланышкан кандай маанидеги зат атоочторду жасагандыгына карай төмөнкүдөй топторго бөлүнөт:

Орун-жай маанисиндеги зат атоочту жасоочу мүчөлөр: **кана: малкана, аткана, уйкана, ашкана, чайкана, китепкана, жатакана, мейманкана, басмакана, ишкана.** *Мисалы: **Мейманкананын** балконуна чыгып, бийиктен от жайнаган шаарга карап, эртерээк айлыма барып, ушул кишиге ийилип салам берип, сакалынан өпсөм экен деп тилейм («Б.М», 45-б). **Ашкана** раймагдын мындайраак эле жанында болчу («К», 314-б). Жазуучу кейипкердин стилинде **ашкана** деген сөздү пайдаланып, бул сөз китеп стилине ээ. Анан дагы Кумбелде **китепкана** барбы, андан разьездге китеп алып кетсе болобу деп да сурады («К.К.Б.К»,142-б). Танабай **атканага** барып, короодон Гүлсарыны көргөндө жүрөгү мыкчыла түштү («Г», 22-б).*

***- стан: Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан** ж.б. Мисалы: Беш күн өтпөй Виктор Никифоровичке алыскы **Казакстандагы** бир станциядан, жол прокуратурасынын тергөөчүсү Жасылбековдон телеграмма келет («К», 46-б).*

2) Негиз аркылуу туюндурулган нерсени иштөөгө жөндөмдүү адамды билгизүүчү мүчөлөр:

**- кер: саяпкер, талапкер, соодагер, ишкер, кызматкер** ж.б. *Мисалы: Анан Авдий Каллистратов областтык жаштар гезити менен кызматташып калган соң, атасы үй-бүлөсү менен нечен жылы жашап келген чиркөөнүн карамагындагы кичинекей үйгө жаңы алынган диний **кызматкер** кирмей болуп, мурдагысы семинарист Каллистратов чиркөөнүн бу козголгус мүлкүнө тиешеси жок деп табылып, үйдү бошотуп берүүгө аргасыз болгон («К», 42-б). **Соодагерлер** ал төөчү менен сүйлөшөлү десе, тиги кеп-сөз билбеген манкурт экен («К.К.Б.К», 118-б).*

**- кеч: арабакеч, кирекеч, зыянкеч, пайдакеч.** *Мисалы: Ар ким эле өзүнчө убараланып, жумуш менен алек болгон көпчүлүктө мунусун эч ким байкабайт деп ойлойбу, айтор, үнү кардыккан **арабакечтер** кыйкырышып, ат араба тыгылышкан станциянын базар сыяктуу тополондуу короосунда жалгыз эле Жамийла элден башкача жаралгансып, канчалык кыйналса да, ээн-эркин жердегидей элпек кыймылдап, жайдары күлүп, чын эле көзгө*

*көрүнбөй койбойт экен («Ж», 159-б).* ***Аракеч*** *болсо да менин эрим келди мына маңдайында отурат, сенин эстүү деген катынын канакей? (К.К.Б.К, 31-б). Бул Көр Самат деген, тээ жаш чагында эле мушташта бир көзүн чыгартып алган, ушу жердик* ***пьянкеч,*** *анысы аз келгенсип ушакчы чагымчы эргул эле («К», 314-б).* *Автор каармандын кебинде Көр Саматка мүнөздөмө берүүдө* ***пьянкеч, аракеч, ичкич*** *деген сөздү стилдик жактан боектуу керектеди. - Эчтеңке. Баары айтылды, - деди Танабай. Мен* ***зыянкеч*** *эл душманы турбайымбы. Анда менин пикирими угуп эмне кыласыңар Жоопко тартсаңар эрк өзүңөрдө… («Г», 147-б).* Автор каармандын кебинде **зыянкеч** деген сөздү берүү менен сырткы капаланган эмоциясын берип, бул сөз китеп стилин көрсөттү.

**- поз: илимпоз, ашпоз, өнөрпоз, кумарпоз:** *Кагазга жазылып калганды гана тарых деп басып жүргөн* ***илимпоз*** *көсөлдөр бар эмеспи. («К.К.Б.К», 40-б). - Аны өзүң жакшы билесиң да, Эрлеке. Өнөр сырын* ***өнөрпоз*** *өзү билет эмеспи («К.К.Б.К», 235-б). Тегеректеген* ***бекерпоздор*** *табалагандай күлүп калды («К», 188-б).*

**Сын атоочтон жасалган зат атоочтор:** Мындай зат атоочторду жасоодо төмөнкү мүчөлөр өнүмдүү колдонулат.

**–лык.** Бул мүчө аркылуу сын атоочтон жасалган зат атоочтор негиздин мааниси менен байланышып, көбүнчө кандайдыр бир белгиге, сапатка ээ болгондук, ошол сапатка тиешелүүлүк маанисин билгизет: **семиздик, арыктык, сылыктык, сыпайылык, кенендик, адилеттүүлүк, адептүүлүк, жакшылык.** *Мисалы: Ишенгин мага,* ***жакшылык*** *колдосо, кичине бала аман кайтып келет («С.Ж», 111-б). Сен сурадың, мен* ***кенендик*** *кылып айтып отурам («К.К.Б.К», 170-б).* Каармандык кепте **кенендик** деген сөздү берди, китеп стилине тиешелүү. *Менимче, апам аны мүнөзүнүн* ***күчтүүлүгү, адилеттүүлүгү*** *жагынан өзүнө жакын, өзүнө тең болорлук көрүп, келечекте аны эки үйдүн башын коштуруп, очоктун ырыс-берекесин сактаган өзүндөй мыкты орун басар катарында калтырып кетейин деген ою бар болсо керек («Ж», 454- б).*

**– чылык** мүчөсү аркылуу жасалган зат атоочтор маани жактан жогорудагы зат атоочторго абдан жакын: **кымбатчылык, арзанчылык, молчулук, теңчилик, кеңчилик.** *Мисалы: Адамдын адам болгон касиети, жаралганда кошо жаралып, өлгөндө өзү менен кошо кетчү, айбандан айырмалап турган жалгыз касиети эс-акылы болсо, аны түп тамыры менен жулуп салса, - бу не деген шумдук, андан көрө туткунду жүрөгүн өлтүрөр кыйноого салса, же түз эле башын алып салса, тигиге салыштырганда **адилетчилик** болбойбу («К.К.Б.К», 116-б).*

**Сан атоочтон жасалган зат атоочтор.** Мындай зат атоочтор көбүнчө **–лык** мүчөсүнүн жардамы менен жасалат да, негиз аркылуу туюндурулган өлчөмгө ылайык келтирилген тамак-ашты, ошончо санды өзүнө камтыгандыкты билгизет : **үчүлүк, жетилик, кыркылык** (дүйнөдөн кайткан адамды эскерүү максатында көпчүлүккө берилүүчү тамак- аш) *Мисалы: Үй толо бүлөлөр согуштан кайтпай, алардын **кырк** ашы, **жылдык** ашы болуп отуруп, бардыгы ошолорго кетти («К.К.Б.К», 123- б).*

*Зат атоочтун этиштен жасалышында аз өнүмдүү мүчөлөр төмөнкүлөр:*

1. **– гы.** Бул мүчө аркылуу тамак – ашка байланыштуу түшүнүктөрдүн **(ачыткы, уютку)**, эмгек куралдарынын **(чалгы)**, үй буюмдарынын **(сузгу, шыпыргы)**, кээ бир өсүмдүктөрдүн **(чачыраткы)**, абстрактуу түшүнүктөрдүн **(күлкү)**, кыймыл-аракеттин натыйжасынын **(сокку, тепки)** аттары туюндурулат. *Мисалы: Жеңемдин өзгөчө шаңкылдаган **күлкүсү** босогодон эле угула берди («Б.М», 31-б). Андагы жанагы бүгүлбөгөн бутунун **жараты** жакшы айыга элек, чалгыга жарабай, ал дагы машина айдашты («Ж», 15-б).*

2. **- ынды.** Бул мүчө эки мүчөдөн (- ын, - ды) куралган. Мунун жардамы менен көбүнчө негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракеттин натыйжасында болгон нерселердин аттары **(туунду, казынды, таштанды, кесинди, уланды, чабынды, чачынды** ж. б.) жасалган.

*Мисалы: Жигиттер Жамийланы күүлөп туруп сууга ыргытканда, дуу жарылган күлкүгө суу дагы дуу жарылып, күмүштөй **чачырандылар***

*бүркүлдү («Ж», 173-б). - Сени **таштанды** бала болгон дешет, ушул ыраспы? («К», 169-б). Чөп **чабынды** маал, тоо сууларынын кирген кези. («Ж», 209-б).*

**3. – гын.** Бул мүчө, биринчиден, негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракетти иштеген, ага дуушар болгон адамды **(качкын, туткун)**, экинчиден, ошол кыймыл-аракеттин натыйжасында болгон көрүнүштөрдү **(ташкын, өткүн, сүргүн)** билгизет. *Мисалы: Жээрде айгырды камчылап, ал сууга сала бергенде, баарыбыз тең дал болуп туруп калдык: дайра киргенде бул жерден эч ким даап өтчү эмес, ат түгүл төөнү агызып кете турган **ташкын** жүрүп жатса, өлалбай жүргөн неме го? («С.Ж», 62-б). Абуталип Куттыбаев немистердин туткунунда гана эмес, бактысынабы - шорунабы, Түштүк Бавариядагы концлагерден бир топ **туткундар** болуп качып чыгып, кырк үчүнчү жылы Югаславия партизандарына кабылыптыр («К.К.Б.К», 101- б).*

*Дирилдеген эринимди тиштегилеп, эл үчүн, журт үчүн, келечек үчүн сурап, тилеп, Айшаларды ыйлатып тартып алган үрөнүмдү жутунган көр тамагы үчүн алып кеткен **качкындарды** каргадым («С.Ж», 307-б).* Автор Толгонайдын каргышында **качкын** Жекшенкулду каргаганын, ал сыяктуу ууру, кара ниет, жанбактылардын терс сапаттарын, аларга болгон Толгонайдын мамилесин билдирет, кепте терс эмоциялуулукту көрсөттү.

**4. -ык, - ак.** Бул мүчөлөр менен жасалган зат атоочтор төмөнкү маанилерди туюндурат: а) абстрактуу түшүнүктөрдүн аттарын: **тилек, түшүнүк, бакырык, айкырык, үшкүрүк, бышкырык** ж.б. *Мисалы: «Алтын-аа-ай!» - деген кулакты тундурган ачуу **кыйкырык** чыкты («Б.М»,35-б). Менин **түшүнүгүмдө**, ыр деген илгеркилерден келген кабар, баян («К.К.Б.К», 148- б).*

*Баланын жанагы **үшкүрүгү**, анын мөлтүрөгөн аянычтуу көз карашы кайра-кайра эле Сейденин эсинен кетпей койду («С.Ж», 380-б).*

*Бул менин гана каалоом эмес, көптүн тилеги, улуу **тилек** болгон соң, аны үчүн баарына макул болот экенсиң («С.Ж», 290-б). Аяздуу таңга **айкырык** салып, тик турган чулу өркөчтөрүн селкилдетип, жоон сандуу, кучак жеткис*

*тизелүү буттары тарпандап, ээ-жаа бербей чаап жөнөдү, артынан кар буруксутуп, заматта көзгө көрүнбөй кетти («К.К.Б.К», 225-б).*

б) сын-сыпаттык · заттык маанини билгизет. Контексттеги абалына жараша зат атооч же сын атооч катары да колдонулат. Бул сын атооч катары кызмат аткарса, даража категориясы боюнча өзгөрүшү да мүмкүн: кетигирээк, аябай жыртык. Салыштырсак **чынынын кетиги** (зат атооч), **кетик чыны** (сын атооч), **кетик, тешик, жыртык.**

*Мисалы: – Алтынай, - дедим мен, жыртык тиземди этегим менен жаба салып («Б.Б», 15-б). Мында **жыртык** сын атоочтук мааниде. Сыртта буюлгуган шамал туш-туш **тешиктен** кар учуруп, ар бир кардын «шырп-шырп» этип тоголонуп түшүп жатканы угулуп турду («Б.М», 24-б).* Бул сүйлөмдө **тешик** заттык маанисинде.

5. **–оо, - өө, - уу, -үү** мүчөлөрү мүнөздүү түрдө кыймыл атоочторду, бир катар зат атоочторду да жасай алат:

а) Зат атоочту жасаса, ал сөз кыймыл-аракетти, иш процессин билдирбестен, ар түрдүү нерселердин туруктуу аттарын, абстрактуу же конкреттүү заттык түшүнүктөрдү билгизип, эмне? деген суроого жооп берет: *Мисалы: Мугалимдин ар бир айткан сөзүн, көрсөткөн арип, **жазууларын** мен ыйык түрдө көнүлүмө алып, бүт ыкласымы салып үйрөнө турганмын («Б.М», 83-б). Чын эле бакыт деген ушул эмеспи? – ушул гимн өндүү ааламдай обонду жараткан, жер ортонуна, жарык дүйнөгө болгон зор **сүйүүнү** Данияр бүт бойдон төкпөй-чачпай Жамийлага берип, Жамийлага арнап жатты («Ж», 178-б). Автор каармандын кебинде Даниярдын сүйүүсүн гимнге теңеп, боёктуу сүйүү деген сөз аркылуу күчтүү импульс менен сүрөттөдү.*

6. **–гак**. мүчөсү аркылуу жасалган зат атоочтор негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракет менен байланышы бар буюм-тайымдардын **(таңгак, түргөк, илгек)** же башка заттардын, көрүнүштөрдүн **(тоскок, баткак, тоңгок, жапкак, тайгак)** аттарын билгизет. Кийинки мааниси боюнча сын атоочко бир кыйла жакындашып кетет. *Мисалы: Тамеки сарайда иштеген катындар, өз ара бир нерсени кеп кылып, алда кандай жамандыктан*

*үрөйлөрү учуп, чоң таңгак тамеки колдошуп келе жаткан Тотойду көргөндө, бүркөлүп төмөн караштты («Б.Б», 370-б). Танабай **баткакта** тайрактай чуркап, жерден балчык ала артынан ыргытып, өкүрүп-бакырып баратты («Г»,146-б). Кылмыш күч, жексур акчага жанкечтилик менен болсо да жетүүгө жанталашып, опурталдуу **тайгак** жолго түшүп кеткен жаш балдарга эптеп огожо боло албай, сөз айта албай оозун кармануурга аргасыз болушу жанын кашайтты («К», 103-б).*

**Этиштен зат атооч жасоочу мүчөлөр.** Алар төмөнкүлөр:

1. **– мак** мүчөсү негизге уланып буюм-тайымдардын **(оймок, иймек)**, кээ бир тамак аштын **(куймак)**, музыкалык аспаптын **(чертмек)**, абстрактуу түшүнүктөрдүн **(табышмак, жандырмак)** аттарын билгизет. *Мисалы: Кат - сабат үйрөтөт, ар кандай **жомок – табышмак** ойлоп айтып берет, жаңы оюндарды ойнотот («К.К.Б.К», 100-б). Ким билет деп, Борондуу Эдигей коркунучтуу **табышмактын жандырмагын** табууга кийин баш катырып көп ойлонду («К.К.Б.К», 154-б).*

2. **– ыч** мүчөсү мүнөздүү түрдө өздүк (кайтма) мамиледеги этиштерге жалганып, оң жана терс маанидеги абстрактуу зат атоочторду жасайт: **кубаныч, өкүнүч, өтүнүч, жалыныч, сүйүнүч, кызганыч**. *Мисалы: Таштаган каттарыбызга байланышы болчу кишилерден суранарыбыз – каттарыбызды катын-балабызга берип койсоңуздар экен деген **өтүнүч** калтырабыз («К.К.Б.К», 53-б). **Сүйүнүчүм** экиге бөлүнүп: же Субанкулдун айылга биринчи жолу трактор айдап келгенине сүйүнөрүмдү билбей, же улаңдыларымдын ушинтип көзгө көрүнүп, жетилип калгандарына сүйүнөрүмдү билбей жалына бердим («С.Ж», 262-б).*

*Аңдай дегеним, мен ошондо Жамийланын жүзүнө карап, кээ бир учурда өзүм да анын толкунданганына берилгенсип, кандайдыр түшүнүксүз кубаныч менен эңсөө жүрөгүмдү болкулдатып, дегдете турган («Ж», 217-б). Мында баш уруп сыйынуу менен өзүн өзү күнөөлөчүлүк, **өкүнүч** менен үмүт, жазалоо менен кечиримдүүлүк - баары жуурулушуп, адамгерчилик чыккан («К», 8-б).*

**3. –ын мүчөсү: келин, түйүн, тыгын, эгин, толкун, саан, жаан, талоон, сүрөөн** деген сыяктуу бейтарап маанидеги сөздөрдү жасайт. *Мисалы: Келерки көктөмдө бир **саан** инген берели дешти («К.К.Б.К», 144-б). Өткөн жайда чабандын кызы Сейде ушул айылга **келин** болуп келгенде, бул там салынып бүтө элек эле («С.Ж», 199-б). **Эгин** да ошол жылы тирелип калган экен, деги бир уч-кыйры жок, төрт-беш күндүн арасында тегиз бышып чыкпадыбы эле («С.Ж», 272-б). Көзгө илинбеген майда **жаан** себелеп, шамал ак чач булуттарды оодарыштырып айдап турган экен («С.Ж», 129-б). Чабандестер кулак ач кыйкырык, куу **сүрөөн** салып, күлүктөр жерге жапырыла сызды («Г», 54-б).*

*Турмуш баарыбызды бир **түйүнгө** байланыштырып, камырдай жууруп салган турбайбы: эчтекесин жашырып, эчтекесин кошумчалай албаймын («С.Ж», 48-б). Бол аттангыла, жеткен эле жерден тентиген ит чала казакты жыга чаппасам, атым өчсүн, мейли он жыл мойнумда, бирок көрүнгөнгө Олжобайдын катындарын **талоонго** бербейбиз («Ж», 193-б).*

## Зат атоочтун синоним сөз жасоочу мүчөлөрү

Сөз жасоочу мүчөлөр, биринчиден, бардык эле негиздерге жалганбастан, аларды тандап улангандыктан, экинчиден, алардын бир катары бир нече маанини берүүгө жарамдуу болгондуктан, өз ара синонимдик катышты түзүүгө да жетишет. Мына ушунун өзү тилдин системалуу мүнөзүнүн бир көрүнүшү болуп эсептелет.

Бир катар зат атоочтордо биринин ордуна экинчисин колдонууга мүмкүн болгон, бирок андан сөздөрдүн мааниси олуттуу түрдө башкача стиль болуп кетпеген төмөнкүдөй **синоним сөз жасоочу мүчөлөр** бар. (*Эскертүү: Сөз жасоо стилистикасында зат атоочтун синоним сөз жасоочу мүчөлөрүнө токтолгонбуз).*

**1) –чылык// лык: эсенчилик // эсендик, жетимчилик // жетимдик, жигитчилик // жигиттик, тынчылык // тынчтык** ж. б. *Мисалы: Мүмкүн, **жетимдиктин** запкысын көп тартып, турмуш аны тез иштөөгө, бирок көп сүйлөтпөйт, сырын ичке түйүп, сактаганга үйрөттүбү? Балким ошондой*

*болуш керек («Ж», 461-б). Күйөөсү келер маалда Сейде үстүнө ичик кийип, эшикке чыгып сарайдын арты чеңден күтүп турат, шектүү-коогалуу эчтеме жокпу, **тынчылыкты**, ошону астынан утурлай тосуп чыгып айтат, күйөөсү көңүлүн жайгарыш үчүн ошентет («Б.Б», 147-б) Силер толукшуп бүрдөгөн жаздын биринде жеңиш да келер, **тынчтык** да келер… («Б.М»,43-б).* Автор пейзаждык сүрөттөөлөрдү берүүдө **тынчтык** деген сөздү колдонуу менен каармандын тилегин **тынчтык // тынчылык** күндү күткөнүн боёктуу сүрөттөп оң эмоцияны берди.

**2) -чы // кеч: арабачы // арабакеч.** *Мисалы: - Айдай берсин, аны эмне карышкыр жейт беле! - деп, тиги чоң **арабакечтерди** туурап, чырт түкүрүп, камчыны сүйрөй, жайбаракат теңселип бастым («Ж», 146-б).* Каармандын кебинде **арабакеч // арабачы** деп колдоно берет.

**3) -чы // кер: кызматчы // кызматкер.** *Мисалы: Азыр областтын борборунда иштейт, жан аракети мартабалуу киши, чоң **кызматкер** болуп көрүнүүдө («К.К.Б.К», 25-б). Ат мааракe башталып, байге чабылганы жатканы, казан-аяктын башында күйпөлөктөгөн **кызматчылардын** үндөрү, нары талаада үйүр - үйүр жылкы оюн салып азынаганы, береги иттердин абалаганы да шаңдуу угулат, дүйүм гүлдүн аңкыган жытын апкелип тургандай айдарым желдин канат илеби сезилет…(«К.К.Б.К» , 254-б).*

***4) -чы // кор: нашачы // нашакор.*** *Мисалы: Бирок бир айласын таап, бу кылмышты токтотуп калыш бөтөн **нашакорлордун** ой-пикирин өзгөртүп, тазалап алыш колунан келбесине көзү жетип турду («К», 114 -б). Ошентип, жергиликтүү эл айткандай, он беш жыл эле илгери бул арам нерсени, же **нашачылар** айткандай, жаман чөптү чылымдыкка болобу, же башка бирдемеге болобу, жыйноо эч кимдин оюна келчү эмес («К», 44 -б).*

Орус тилинен же орус тили аркылуу башка тилдерден кабыл алынган бир кыйла сөздөр ошол тилдердеги сөз жасоочу мүчөлөр менен же анын ордуна кыргыз тилиндеги сөз жасоочу мүчөнү пайдалануу аркылуу колдонулуп, өз ара синонимдик катышты түзүп жүрөт. Мисалы: орус тилиндеги – **чик, - ист** мүчөлөрү төмөнкү сыяктуу зат атоочтордо – **чы**

мүчөсү менен алмашылып, алмашылбай да колдонулат: **фельетонист//фельетончу, хоккейист//хоккейчи, шахматист//шахматчы, футболист// футболчу**. *Мисалы: Борондуга токтогон кайсы поезд болбосун* ***машинисти**, же кочегары, же кондуктору биринен бири талашып, жолдогу станцияларга же разъезддерге жакын жерлерде жайылып жүргөн төө үйүрлөрүндө Каранардын кыргын салып жүргөн бейбаштыгын айтып өтүшөт («К.К.Б.К», 226-б). Чыгаан аттын даңкы* ***футболчунун*** *даңкына тектеш («Г», 51-б).* Автор Танабайдын кебинде күлүк атты **футболистке** салыштырууда. **Пулеметчик//пулеметчу, автоматчик // автоматчы** ж.б. Мисалы: *Кыясы ал* ***пулеметчик*** *болсо керек, окобунун маңдай тушун аткылап, огун түгөткөн окшойт («К.К.Б.К»,169-б).* Сүрөткер чыгармаларынын тилинде зат атоочтордун синоним сөз жасоочу мүчөлөрдү белгилүү бир стилдик жагынан максаттуу керектеген.

**Зат атоочтун эркелетүү, кичирейтүү маанисиндеги мүчөлөр**

Окумуштуу С. Давлетов зат атоочтун эркелетүү, кичирейтүү маанисиндеги мүчөлөрүн, булардын аталышы айтып тургандай, негиз аркылуу туюндурулган затка карата сүйлөөчүнүн мамилесин, ички сезимин (жакшы көргөндүгүн, жактыргандыгын, улуу деп урматтап, кичүү катары эркелеткен дигин) ж.б. билгизерин белгилеген (70: 85).

Ошондуктан бул мүчөлөрдү зат атоочтун эмоциялык-экспрессивдик мүчөлөрү деп аташат. Зат атоочтун эркелетүү, кичирейтүү маанисиндеги мүчөлөрү ар башка сөздөрдү (лексикалык бирдиктерди) эмес, бир сөздүн ар түрдүү формаларын жасагандыктан, форма жасоочу мүчөлөрдүн катарына кирет. Мындай мүчөлөрдүн бир катары негизди түзүлүш жактан эч кандай өзгөртпөсө, экинчи бир катары өзгөртүп жиберет. Негиздерди түзүлүшү жактан өзгөрүүгө учуратпай жалгана турган мүчөлөргө төмөнкүлөр кирет:

**1. - *чак.*** *Бул мүчө эркелеткендикти, кичирейткендикти (ал аркылуу жаш экендикти) билгизет:* ***иничек, келинчек.*** *Мисалы: - Сен кимдин баласы элең* ***иничек?*** *(«Ж», 184-б).* Каармандын кебинде **иничек** деген сөз аркылуу кайрылуу жасалып урматтагандыкты, эркелеткендикти боектуу сүрөттөдү.

Оң эмоцияны берди, сүйлөшүү стилин көрсөттү: *Алимандын ошондогу түр али да көз алдымда: кызыл жоолук, ак көйнөк, кичинекей кара чыптамасы менен, колунда кармаганы гүлкайыр, өзү кара торусунан келген, көздөрү моймолжуп бакырайган сулуу **келинчек** эмес беле («С.Ж», 56-б).* Автор Толгонайдын кебинде Алиманды элестетип **келинчек** мезгилин эскерип, өкүнүчтүү сүйлөдү, сүйлөшүү стилин көрсөттү.

**2. - тай мүчөсү.** Бул тууган - туушкандыкты билгизген бир аз сөздөргө **(апатай, агатай, акетай)**, көбүнчө өзүнөн кичүү адамдын ысымдарына жалганып, ызаттагандыкты, урматтагандыкты, эркелеткендикти, кичи пейилдик, сылыктык менен кайрылгандыкты туюндурат.*Мисалы: «Майсалбегим тоссун дептир! **Майсалтайым** келсин дептир! Сени тоспогондо кимди тосом, кагылып кетейин уулум. Тимеле учкан куштай жөө жүгүрүп отуруп барармын!» - деп эле өзүм менен өзүм сүйлөшүп, чыкыроон аязда ала-шала тердеп келе жаттым. («С.Ж», 75-б).* Жазуучу каармандын кебинде **– тай** мүчөсүн колдонуу аркылуу согушка жөнөп жаткан баласын сагынуу, эркелетүү менен эне баласын чыдамсыздык менен күтүп жатканын оң эмоциядагы сүйүнүчүн, кубанычын боектуу сөздөр менен берди. Кичирейтүү, эркелетүү маанилерин билдирген **– тай** мүчөсү да ачык боёктуулукка ээ болуп, кепке сүйлөшүү стилинин белгилерин киргизет. *Мисалы: Акындардын чебери, **Раймалы агатай,** сендей акын болсом деп, көптөн көксөп келемин («К.К.Б.К», 256-б).* Автор кейипкердин кебинде **Раймалы агатай** деп кусалануу чыдамсыздык менен күтүп жолугушкандагы Бегимайдын сөзү аркылуу сырткы оң эмоциясын боёктуу берип, сүйлөшүү стилин көрсөтөт. *Мисалы: – И сага эмне болду, **Жамалтай** сайгак тийдиби? - деди Орозмат, аны эркелете күлүмсүрөп («Ж»,181-б).* Автор Орозматтын кебинде Жамийланы Жамалтай деп эркелетип сылыктык менен кайрылганын көрсөтүп, оң эмоцияны берип, эмоциялык-экспрессивдүүлүктү көрсөттү.

**3. – бай** мүчөсү да тууган-туушкандыкты билгизген бир аз сөзгө, адам аттарына жалганат да, жогорудагы **– тай** мүчөсүнө синоним боло алат: **акебай, байкебай, атакебай, энекебай, эжекебай.**

*Мисалы: Сен: «Алиман!» деп кыйкырганда, Алиман жалт карай салып, сени көрүп туруп калды да, анан: «Эне! **Энекебай**!» - деп сени көздөй жүгүрдү («С.Ж», 127-б).* Автор чыгармада Алимандын кебинде **энекебай** деген сөздү эркелеп айтканын, сүйлөмгө эмоционалдуулукту, боёктуулукту көрсөтүп, оң эмоцияны берди, сүйлөшүү стилине ээ.

*Жамийла эркелеп, **акебайлап** аларды өөп да жатты, бирок тигилер ага карабай аны ансайын суута күүлөтүп ыргытышты. («Ж», 173-б).* Жазуучу каармандын кебинде **акебай** деген сөз аркылуу, сүйлөмгө стилдик жактан сүйлөшүү стилине таандык эмоционалдык-экспрессивдүүлүктү көрсөткөн.

*- Эмнеси уят, жүрсөн **жеңебай**! Ысмайыл акем үчүн жүр, азыр ал согуштун кызыл чогунда жүргөндүр, фронттон жолугуп калсам, жеңем узатты эле деп барайын («Б.Б», 205-б).* Жазуучу Сейденин кайнисинин кебинде **жеңебай** деген сөз менен эркелетүүсүн, урматтаганын көрсөтүп, сүйлөмгө стилдик жактан эмоционалдык-экспрессивдүүлүктү берип, оң эмоцияны көрсөттү, сүйлөшүү стилин берет.

**4. -й** мүчөсү: **ага+й, эже+й.** Бул сөздөр көбүнчө мугалимдерге урматтоо менен кайрылуу маанисин туюндурат. *- **Агай!** – деп кыйкырган оозумду баса, ээрге турамдан арта таштап, үстүмдөн зылдай колу менен баса отурган түлкү тебетейге кошулуп, беркилер да аттана жөнөштү («Б.М», 35-б).*

Окумуштуу С.Давлетов: «Бир катар мүчөлөр көбүнчө адам аттарына жалганат да, ал ысымдарды түзүлүшү жактан бир же бир нече тыбышка (муунга) кыскартып, башкы бир нече тыбыштары (мууну) боюнча окшошкон, бирок аяккы бир же бир нече тыбышы (мууну) боюнча айырмаланган ар башка ысымдар бирдей эле эркелетүү, урматтоо маанисиндеги ат менен белгиленип да калат», - деп белгилеген (70: 88).

а) **– аке, - еке, - ке** мүчөлөрү: *Чыке (Чыңгыз), Данике (Данияр), Каке (Картанбай), Танаке (Танабай), Эдике (Эдилбай).*

Бул мүчө тууган-туушкандыкты билгизген кээ бир сөздөргө жалганганда негедир өзгөрүүгө учурабайт: **атаке, энеке, эжеке, жеңеке, жездеке.**

*Мисалы: – Даникe, сайдагы аттар сеникиби? – дедим. Ал бурула берип жай карап койду («Ж», 149-б).* Автор сүйлөмдө каармандын кебинде **– ке** деген мүчөнү колдонуу менен **Даниярды, Данике** деп эркелетип кайрылып, сөздү стилдик жактан орундуу пайдаланып, оң эмоцияны берди, бул сөз сүйлөшүү стилине жатат. *Кара ашы бүтүп, эл тарап жатканда Самансур Танабайды четке чакырып алды. - **Танаке**, сизде сөзүм бар («Г», 165-б).* Автор каармандын кебинде Танабайды **Танаке** деп берди, оң эмоцияны берип, урматтагандыкты көрсөттү.

*- А, **Эдике**, кир, кир, - деди да, кубара коркуп кеткенсиди («К.К.Б.К», 179-б).*

*«Эне! **Энеке**! Айтпагын мага эчтекеңди! Унчукпа! Айтпа» - деп, колун жаңсап, жүгүрүп келди да, аттын жалын чеңгелдеп, башын менин тиземе жөлөп, шолоктоп ыйлады («С.Ж», 31-б). – **Мылтык барбы, Каке!** - деп Дүйшөн кайра жулунду («Б.М», 27-б). - **Апаке**, ак сүтүңдөн айланайын **апакем**, деп баштаптыр («С.Ж», 102-б).*

*- **Атика**, качан эми («К.К.Б.К», 159-б).*

*- И-и, кызыке, секет! - деп жеңем жароокерлене кайрылды («Б.М», 31-б).* Каармандын кебинде **кызыке** деген кытмырланган, жасакерлеген жасалма эркелетүүсүн, какшыктоосун көрсөтүү менен боёктуу баяндады, сүйлөшүү стилин көрсөттү.

**-кай, - ай** мүчөлөрү: Жүк ташыгычты Үтүк, же **Үтүтай** деп коюшат экен («К», 50-б). Автордук кепте Үтүтай деген атты эркелетип берүүдө пайдаланат, бул ат сүйлөшүү стилин билдирет.

**-каш, - кеш, - аш, - еш, - ш** мүчөлөрү: **Саадат // Сакиш.** *– О, Сакиш, али эки жарым саат бар тура! – деди Касымжан («А.Ж», 315-б).*

**-кан, - кен, - ан, - ен** мүчөлөрү: **Толгонай // Токон.** *«Кош де, апасы, таш мол жетет экен, сарайлык таш тартып да калар, - деди ал. - Жыйын-теримди бүтүргөндөн кийин, жабыла дубалын тургузуп, үстүн жаап коебуз, калганын келерки жазда бүтүрөбүз. Туура эмеспи, **Токон**?» («С.Ж», 61-б-б).*

Каармандын кебинде - **кан** мүчөсүн Толгонайдын атын эркелетип **Токон** деп, Субанкулдун Толгонайга болгон урматтосу, сыйлоосун, эркелетүүсүн стилдик жактан боёктуу берип, сүйлөшүү стилин көрсөттү.

Жыйынтыктап айтканда, жазуучунун чыгармаларындагы кейипкерлеринин аттарына зат атоочтун эркелетүү, кичирейтүү маанисиндеги мүчөлөрү жалгануу аркылуу берилген мисалдар стилдик жактан эмоциялык-экспрессивдүүлүккө ээ болуп, түркүн түстүү фон алып келет.

**Зат атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы.** Зат атоочтун жасалышында синтаксистик жол да зор роль ойнойт.

Алар түзүлүшүнө карата татаал зат атоочтор деп айтылат (70:85). Татаал зат атоочтор өз ичинен ***кош зат атооч, кошмок зат атооч жана кыскартылган зат атооч, бириккен зат атооч*** болуп төрткө бөлүнөт.

**А. Кош зат атоочтор.** Грамматикалык касиети жагынан зат атоочтун өзгөчөлүгүнө ээ болгон **кош сөздөр *кош зат атооч*** болуп эсептелет. Булардын компоненттеринин арасына дефис коюлуп жазылат: **көмүр-сөмүр, үй-пүй, бала-чака, ит-куш, келим-кетим, тамак-аш, оруу-жыюу, тоо-таш, жер-суу.** *Мисалы:– Алтынай жашын канчада? Мен коркуп унчуккан жокмун. - **Мунун жаш-пашын** эмне кыласың? – деди алкына кайрылган жеңем. Буга окшогон томаяк куу жетим эмес, нанды «нана» деп жүргөн аталуу-энелүү эркелер да окубай жүрөт.*

*- Бул эмне дегениңиз. Жетим деген кудайга жазыптырбы! Жетим кыздар окубасын деген закон бар бекен?*

*- **Закун - пакунуң** менен ишим жок («Б.М»,18-б).* Автор каармандардын сүйлөшүү кебинде **жаш-пашын, закун-пакунуң** деген кош сөздөрдү колдонуу менен терс эмоцияны көрсөтүп , кемсинтүүсүн боёктуу сүрөттөп, сүйлөшүү стилин берди.

*«Толгонай жеңе, кантсеңиз да белиңизди бек бууп, көпчүлүктүн милдетин мойнуңузга аласыз. Аял болсоңуз да, **жер-суунун** шартын, элдин шартын сизден жакшы билген эч ким жок. Мына, минтип мыкты бригадирибизди,*

*ачуу чайнап, согушка жөнөтүп турганыбызда, анын ишенген кишисине, сизге, биз да ишенебиз. Замандын түрүн го өзүңүз көрүп турасыз. Эртеңден тартып ишке киришиниз, Толгонай жеңе» - деп, Үсөнбай түз эле айтты. Берки аксакалдарда да* ***аркы-беркини*** *акырын сүйлөшүп, койчу, кептин кыскасы–бригадир болууга көндүм. Көнбөгөндө кайда барат элем. Ошенткеним да бир чети дурус болуптур – Субанкулумдун эң акыркы өтүнүчү ошол эмеспи: кетер-кеткенче көптүн камын тарткан бечарам ай, түнү менен, кош айдоого эмитен камдана бер,* ***ат-көлүктү*** *тандап,* ***жем-чөпкө*** *байла,* ***соко-шайманыңды*** *түгөлдөп ремонттоткун, баланчанын үй-бүлөсү жашаалмет, беркилер* ***кары-картаң*** *көз сала жүр, тигини андай кыл, муну мындай кыл деп, сүйлөп олтурду («С.Ж»,73-б).* Каармандардын диалогунда **жер-суу, аркы-берки, ат-көлүк, жем-чөп, кары-картаң, соко-шайман** деген кош сөздөрдү колдонуп, алардын акылдашуусун көрсөттү.

*Мисалы: Тигиндей бастыра берип, чал өзүнчө күбүрөнөт:*

*- Картайганда* ***бала-чакага*** *шүмшүк көрүнмөй болдум го! («Б.М», 209-б).* ***Там-таш*** *табылып, жай алып калышты («К.К.Б.К», 104-б).* Каармандын кебиндеги кош зат атоочтор көбүрөөк сүйлөшүү стилине ээ болушат.

**Кош зат атоочтордун төмөнкүдөй түзүлүш өзгөчөлүктөрү бар:**

1. Ар бир түгөйү уңгу түрүндө турган кош зат атооч: **үй-жай, оокат-кече, ал-күч, жип-шуу.** *Мисалы: Касым го – өзүнчө болуп калды, - деп ичимден түгөлдөп жаттым, жаз чыгары менен келинчеги экөө бөлүнүп,* ***үй- жай*** *күтүп кетишет («С.Ж», 59-б). Бүгүн болсо кайраттан тайып турган неме кайра* ***ал-кубат*** *алчу жай таппай жилкени куруп отурду эле, эми кичине жеңилдене дем алды, ушул үйдө узагыраак болгусу келди («К.К.Б.К», 32-б).*

2. Ар бир түгөйү туунду сөздөн болгон кош зат атооч: **алым-берим, жакшылык-жамандык, оймо-чийме, жыртык-тешик, сызуу-чийүү.** Мисалы: *О, касиеттүү талаам, менин башыма түшкөн* ***жакшылык-жамандыгымдын*** *баарын көрдүң го…(«С.Ж», 72-б).*

*«Факты деп заңга таянып, кутулсан кутулуп кетерсин. Бирок билип койгун, эл - журттун азап тозогунан безип, анын* ***өлүм-житимин*** *ийин*

*тирешип көтөрбөгөнүн үчүн, адам санынан чыгып, өмүрү жек көрүмчү болуп өтсүн. Сага факты да. Жаза да ушул» - дедим («С.Ж», 112-б).* Автор туунду кош зат атооч сөздөрдү колдонуп, Толгонайдын кебинде Жекшенкулдун абийиринин ыпластыгын ашкерелегенин белгиледи. Терс эмоцияны берди. *Кар гана жабалактап себелеп, **жыртык–кемтигин** жашырып жаап жатты («С.Ж», 133-б).*

3. Бир түгөйү уңгу, экинчи түгөйү туунду түрдө турган кош сөздөр: **жумушчу-дыйкан, соода-сатык, жоро-жолдош.** *Мисалы: Айлына кайтып келгенине бир топ күн болсо да, ушинтип эч кимге кошулбай, ар качан жалгыз жүрүп, өзүнө **жоро-жолдош** күтө албады («Ж», 153-б).*

4. Кош зат атоочтун түгөйлөрү кайталануу **(короо - короо, үйүр -үйүр, нан - пан, карыз - куруз),** жупталуу аркылуу бир бүтүндүктү түзөт. *Мисалы: - Анан эмне, **короо - короо** малы бар беле! – деп, дагы бирөө коштой чыгат. («Ж», 192-б). **Үйүр - үйүрү** менен сабалап, кишенешкен жылкы тебелеп кетчүдөй келе жатса,буудайдын ичинен секирип чыгып, аларды үркүтчү элем («С.Ж», 49-б).* Жупталышкан түгөйлөр маани жактан өз ара төмөнкүдөй карым–катышта болот.

а) карама-каршы мааниде: **күн-түн, дос-душман, аял-эркек**. *Мисалы: «**Эрди-катын** жамандык, жакшылыкта деген», - деп ойлой турган Сейде («Б.Б», 218-б). Өзгөчө эгин-жыйын келгенде аптасы менен үй бетин көрбөй, **күн-түн** кырманда, же болбосо эгин төгүп станцияда, жолдо бозуп жүрчүбүз.*

б) синонимдеш мааниде: **күч-кубат, ал-күч, ар-намыс:** *Мисалы, Мына ушул узак жылдарга созулган мезгилдин ичинде, нечен жолу окуунун кыйынчылыгынан мөгдүрөп жыгылардай болгонумда, Дүйшөндүн айткандары ар качан мага **күч-кубат** берип, мени кайраттандырып, шыктандырып алга сүрөдү («Б.М», 42-б).* Автор Алтынайдын кебинде Дүйшөндүн айткан акыл ойлорунун **күч-кубат** деген синонимдеш зат атооч аркылуу берип, оң эмоцияны көрсөттү, орток маанилүү. *Согуштан кийинки жылдардын азап-тозогу артта калган, балдар али балалыктан чыга элек, чоңдор **ал-күчкө** жетип турган убагы, карылык али алты кырдын ары*

*жагында,- мына ошондой кызык учур эле («К.К.Б.К», 76-б). Эптеп ден-соолугун чындап, бу оңбогон контузиядан айыгып алса, анан дагы күрөшүүгө, ар-намыс, адамдык даражасын коргоп алышка жараар эле го… («К.К.Б.К», 62 - б).*

в) түркүмдөш мааниде: **ичеги-карын, кол-бут, аяк-табак, казан-аяк:** *Жол болсо айылдын жолу да, өңгүл-дөңгүл, **ичеги-кардыңды** аралаштырып салат («К», 101-б). Согушка кетип бараткаңда жаңыдан талпынып калган наристесинин жарык бешенеси, коргоосуз түрпүлөнүшү, **колу-бутун** тыбыратып талпынып калганы көз алдына келген сайын жаны чыга бере жаздап кашайды («К.К.Б.К», 60- б).*

*Ат маараке башталып, байге чабылганы жатканы **казан-аяктын** башында күйпөлөктөгөн кызматчылардын үндөрү, нары талаада үйүр - үйүр жылкы оюн салып азынаганы, береги иттердин абалаганы да шаңдуу угулат, дүйүм гүлдүн аңкыган жытын апкелип турган айдарым желдин канат илеби сезилет…(«К.К.Б.К», 254 -б).*

Эки башка сөздүн жупталышы аркылуу жасалган кош зат атоочтор көбүнчө төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү бар жалпы бир маанини билгизет:

а) эки түгөйдүн маанилерине барабар маанини: **ата-эне, ата-бала, эже-сиңди, кыз-күйөө**: *Мисалы: Кыязы **ага-ини, эже-сиңдилер** Абуталиптин үй-бүлөсү менен кат аркылуу да байланышкысы келбей калган окшойт («К.К.Б.К», 204- б).*

*Мисалы: **Кыз-күйөөнүн** урматына экөө ушинтип ырдады – бири шаңшып ырдады, бири таңшып ырдады («К.К.Б.К», 259-б). Үйүндү, **ата-энеңди** унутпа, бар сураганым ушул («Ж», 195- б).*

б) эки түгөйдүн маанилери менен гана чектелбеген, ошолорго окшош дагы башка нерсени кошо билгизген маанини: **казан-аяк** (ушул эки затты гана түшүндүрбөстөн, ашкана-буюмдарын жалпысынан туюндурат), колу-бутум, башы-көзүм («бүткөн боюм», «тула боюм») мааниде. *Мисалы: Саралам да жайланды, менин **колу-бутум** байланды («К.К.Б.К», 265-б). Күмүштөн,*

*жезден, жыгачтан, булгаарыдан не бир укмуш жасалга, **идиш-аяк**, буюмдарды жасачу эмес беле илгери («Г», 86 -б).*

Экинчи түгөйү өз алдынча маанини бере албаган кош зат атоочтор да кошумча маанилерди туюндурушу толук мүмкүн. Мисалы: **чай-пай, май-сай, кыз-кыркын, келин-кезек, кийим-кечек** өңдүү сөздөр **чай, май, кыз, келин**, кийим маанисин гана түшүндүрбөстөн, дагы ушуга окшогондор деген анча так, даана болбогон маанилерди да билгизет. Ошол себептен мындай зат атоочтор сүйлөшүү стилинде, көркөм чыгарманын стилинде активдүү колдонулат. *Мисалы: **Кийим - кечесин** таңышты да, жөнөй беришти («К.К.Б.К», 65-б). Ишке жарамдуу эркектерден эч ким жок, тегиз кеткен, калгандары **келин-кезек**, жаш балдар, карыган кишилер («С.Ж, 73-б). Эртең менен **мал-пулду** көздөш керек эле, кечкисин го кошунам Айшага дайындап кеткем («С.Ж», 59-б). Айтарым эле ушул: эртең кампадан аскерге кеткендердин **бала-чакасына** азыраак эгин бөлүштүрүп беребиз («Б.Б», 218-б).* Мисалдарда келтирилген кош зат атооч сөздөрдүн көпчүлүгү сүйлөшүү стилине мүнөздүү экендигин айтууга болот.

**Б. Кошмок зат атоочтор.** Грамматикалык касиети жагынан зат атоочтун өзгөчөлүгүнө ээ болгон кошмок сөздөр кошмок зат атоочтор болуп эсептелинет: **жети ата, көз таңмай, өнөр жай, үч бурчтук, көп бурчтук, сары май, дың жер.**

Түгөйлөрүнүн сөз түркүмүнө болгон катышы жагынан кошмок зат атоочтун төмөнкүдөй түрлөрү бар:

1. Ар бир түгөйү зат атоочтон болгон кошмок зат атооч: **төө куш, сүт тикен, темир жол, кол кап, ат кулак, таш көмүр** ж.б. *Мисалы: Таң аткыча келиним экөөбүз бир тыным албай, **темир жолдун** боюнда ары-бери жүгүрүп жүрдүк («С.Ж», 78-б). **Кол капсыз** иштөө кыйын, жылаңач кол менен темир эмес ташты кармай албайсың («К.К.Б.К.К», 105-б). **Таш көмүрдү** тутантып жагыштын да ыгын билиш керек (К.К.Б.К», 186-б).*

2. Биринчи түгөйү сын атооч, экинчи зат атоочтон болгон кошмок зат атооч: **сары май, кара көз, кызыл үй, кызыл жүгүрүк, ак куу, кара**

**курт, сокур ичеги**. *Мисалы: Субанкул ана–мына жетип келмек эле, Жайнак болсо адатынча дагы жок, агасынын велосипедин минип,* ***кызыл үйгө*** *баракча илмекчимин деп, шашып кеткен («С.Ж», 58-б). Бегимайдын ыры: «Ак сулуу* ***куудан*** *айрылган Ак куу күндү караса, күн карайып чагылат» («К.К.Б.К», 259 - б).*

3. Биринчи түгөйү сан атоочтон, экинчиси зат атоочтон жасалган кошмок зат атооч: **кырк аяк, жети ата, он башы, үч бурчтук, төрт амал, беш жылдык, беш бармак.** *Мисалы: Даниярдын* ***жети атасына*** *чейин сөөк сүрүштүрүп отуруп, анын кай уруудан экенин, айылдагы анча-мынча туугандары ким экенин да таап беришти («Ж», 151-б). «****Беш жылдык*** *план аткарылбай», областтын иши чатакка айланып, кыжаалат болуп турганда облбашкармадагы шойкондуу бирөө Моюнкумдагы жапайы эт ресурстарынын стратегиясын жоктон таба койсо болобу: негизги милдет планга тете эт өндүрүү эмес, белен-бекер жаткан этти жыйнап өткөрүү, мына ушинтсек гана эл алдында да, жогорудан зекип отурган чондордун алдында да жүзүбүз жарык болуп, областтын намысын сактап калабыз десе болобу («К», 26-б).*

**В. Кыскартылган зат атоочтор.** Кыскартылган сөздөр зат атоочко гана мүнөздүү. Ошондуктан, кыскартылган сөздөрдүн жасалышы жана жазылышы бүт бойдон кыскартылган зат атоочко туура келет: **СССР, МТС, колхоз, совхоз.**

*1.* **МТСтен** *сыйлыкка алган велосипедин минип, эртең менен Касым комбайнын көздөй кетип жатат эле, бир топ өктөм келиндер аны колдон кармап алышты («С.Ж», 57-б).*

*2. –Отуруңуз! – деди* **НКВДнын** *уполномочийи. Сейде уккан жок («Б.Б», 224-б).*

*3.* ***Колхоз*** *уюшулганда аталарыбыз короо-жайларды бир жерден тургузушуптур («Ж», 140-б).*

*4. Жалгыз гана Бостон Үркүнчиев – илим - билимсиз караңгы чабан - совхоздо же райондо өткөн ар чогулушта дээрлик өз оюндагысын өжөрлөнө жактагандан кайтпады («К», 272-б).*

*5. Сүрдүү караан демекчи, ал – **МАЗ**, жол тандабай жүрөр аскер машинеси, үстүнө брезент чүмбөттөлгөн, дөңгөлөктөрүн кое кал, жүз жыл жүрсө жыртылгыдай эмес («К», 33-б).Элүүнчү жылдардын эң мыкты машинеси «**ЗИМ**» («К.К.Б.К», 282-б).*

*6. Директордун айтымына караганда, күзүндө Москвага, **ВДНХа** дейби же **ВДНХы** дейби айтор, аты татаал бир көргөзмөгө райондун алдынкылары барган жатыптыр, Бостон тизмеде биринчи болуп турат дейби, кандай («К»,277-б).* Кошмок жана кыскартылган зат атооч сөздөр стилистикалык жактан дээрлик китептик стилге көбүрөөк ыкташат.

**Г. Бириккен сөздөр**. Булардын өзгөчөлүгү эки же андан ашык түгөйлөрдөн турган сөздөрдүн айкашынын фонетикалык жагынан ээрчишип, өзгөрүүгө учурап, өз ара ширелишип жөнөкөй сөздүк касиетке ээ болушу эсептелет. Ф.М.Мусабекова бириккен сөздөр жөнүндө: «Бул сөздөрдүн сыры этимологиялык талдоо аркылуу гана аныкталат… Айтайын деген ойду ыкчамдап, кыскартып айтуу үчүн бириккен сөздөрдү жүйүр колдонобуз… Бириккен сөз менен анын түшүндүрмөсүн алмаштырып айтууда стилдик айырмачылыктар болбой койбойт…Сөздөрдүн биригүүсү аркылуу келген адам аттарына байланыштуу жеке сөздөр да контекстте стилдик максатта колдонулат. Алар коомдук жагдайды билдирүү үчүн, кейипкердин мүнөзүн ачуу үчүн, комедиялык образ жасоо, көркөмдүктү түзүү, мыскыл, кемсинтүү маанилерди айкын берүү үчүн жумшалат»,- деп белгилейт (126:136). М.Ауэзовдун чыгармаларындагы **Бойбермес, Бөрибасар, Жүндибай, Көкжал** деген аттарды алалы, бул-лакапка айланган аттар. «Түнки сарындагы» болуштун айлында эшикте жүргөн малчы жигиттерге коюлган аттары. Мындай деп аталышынын негизги максаты - эшикте жүргөн малайга иттин аты да, башка жагымсыз аттар да ылайыктуу деп, кемсинткендиктен атаган дейт. Айрым учурларда мындай сөздөрдүн тарыхый жагынан татаал

экендиги тектеш тилдердин фактылары менен гана далилдөөгө болорун айтат.

Бириккен сөздөр Ч.Айтматовдун чыгармаларында да кеңири колдонулат. *Жол боюндагы дөңсөгө **кайнене** келин болуп, акыл чечмекке отурдук («С.Ж», 110-б). Кайната (кайын+ата); **Кайнатасынын** өлүмүнө эмне үчүн келин бала келбей калганы капарына да келбейт («К.К.Б.К», 26-б).*

*Таята (тай+ата). Бу баланын эки жомогу боло турган. Бири - жан билбеген өз жомогу, экинчиси **таятасынан** уккан («А.К»,183-б). Таеже (тай+эже). Ушу көйдө жүргөн Бекей таежеси азыр дүкөндөн чай-чамек алган болду да, анан эки шише арак алды («А.К», 188-б). Бул жаман там башта бир байдын атканасы болгон («Б.М», 14-б). Ашкана (аш+кана). **Ашканасында** кышкы согумдун эти кайнап жатат («К.К.Б.К», 231-б). Субанкул (Субан+кул), **Субанкулду** да чоң жолдон узаттык («С.Ж»,73-б). Мүмкүн, сагынып жүргөндүктөн болуш керек: уясынан эрте учкан балапандай, Майсалбегим үйдөн эрте кетпедиби («С.Ж», 55-б).* Ф.М.Мусабекова казак тилиндеги ачкөз (ач+көз) деген бириккен сөздөрдү талдоого алып, **ачкөз** деген «сараң, көзү тойбогон, ач көздүктү, каниет кылбаган «деген маанини берет», «ак көз» дегенде көзүнүн түсүн билдирген жок, наадандыкты билдирди. Мисалы: «Абай» чыгармасында мындай берилет: Окуган билер ар сөздү, надандай болбос ак көздү. Мында Абай «ак көз» деген сөздү көкүрөгү сокур, надан деген маанини билдирүү үчүн колдонгон. Жогорудагы «ачкөз» деген сөздү контекстте айтпай, «сараң байлар, тойбогон соргок, ач көз, каниетсиз, барып турган желмогуздун өзү экен» дегенге да болот. «Ачкөз» деген бириккен сөз «көзү тойбогон соргок, ач көз каниетсиз» деген сөздөрдүн ордуна колдонулуп, ошол сөздөрдүн маанисин бузбай, өзүн көп ыкчамдыкта берген дейт.

Кыргыз тилинде деле «ачкөз» казак тилиндеги сөзгө маанилеш. Мисалы, *Мен эбактан билем, сен **ачкөзсүң**, битирсиң, митаамдыгың жаңда жок, өз көмөчүңө гана күл тартып, өз гана пайдаңды көздөйсүң, ошон үчүн чогулуш калтырбай катышасың, болбосо сага окшогон чабансыз эле өткөрүп коюшат*

*алар («К»,264-б).* Автор **ачкөз** деген бириккен сөздү Бостонго карата Базарбайдын кебинде берип, терс эмоцияны көрсөттү.

Демек, жазуучунун кебинде бириккен сөздөр көп санда керектелет, белгилүү бир учурда жагдайга жараша стилдик максатта пайдаланаарын белгилөөгө болот.

Жалпылап айканда, зат атоочтун жасалышында да Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилине байкоо жүргүзсөк, чыгармада мүчөлөр, мүчөлөрдүн түрлөрү, зат атоочтун морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалышы, синоним мүчөлөр бир топ кеңири колдонулуп, стилдик жактан орундуу пайдаланылып, сүйлөмгө өң-түс берип турарын байкадык. Ал эми зат атооч стилистикалык ресурска бай сөз түркүмү. Зат атоочтун бардык категориялары стилистикалык жактан ар тараптуу экендигин белгиледик. Ч.Айтматовдун орус тилинде жазылган айрым чыгармаларынын тилиндеги зат атоочко В. Д. Бондалетов өзүнүн жыйынтыктуу баасын берген (160:125-127).

Кыргыз филологиясында профессор Т.Маразыков жазуучунун чыгармаларын талдоого алып, көркөм стилдеги текстке негиздүү оюн айткан: « Көркөм текст адамды маданиятка, ыймандуулукка, гумандуулукка, нарктуулукка, боорукерликке, кайрымдуулукка тарбиялайт. Адамдын, сулуулукту, аруулукту таанып билүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт» деп белгилейт (119:125).

Жыйынтыктап айтканда, жазуучу жазган чыгармаларынын тилинде элдик тилдин байлыгын билгичтик менен пайдаланган. Сүрөткердин улуттук тилди эң бийик даражада билгендиги зат атооч сөздөргө грамматикалык категориялардын көрсөткүчтөрүн удаалаш жалгап, стилдик каражат катары ийкемдүү иштете алгандыгынан да ачык көрүнөт. Чыгармада мындай каражаттар каармандардын кептик портреттерин жаратып, чыгармаларынын тилин байытып турат. Кейипкерлердин тили, мүнөзү, иш–аракеттери боюнча бири-бирине окшобогон сапаттарын даана сүрөттөгөн. Демек, калемгердин чыгармаларынын тилинде бул көрсөткүчтөрдүн стилдик ролу жогору.

# II ГЛАВА. ЗАТ АТООЧТОН БАШКА АТООЧТОРДУН СТИЛИСТИКАЛЫК ТАБИЯТЫ

## 2.1. Сын атоочтун Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы орду

«Көркөм адабиятта сын атоочтордун колдонулушу боюнча башка сөз түркүмдөрү сыяктуу, тилдик өзгөчөлүгү кездешет. Көркөм чыгармаларда сын атооч сөздөр мейли нагыз, мейли функционалдык маанилери боюнча болсун, өздөрүнүн стилдик касиетинде ар кандай жолдор менен колдонулат», - деп Н.Шаршеев (108:76) белгилеген.

Сын атоочтордун стилистикалык мааниси көркөм жана публицистикалык стилдеги тилдик экспрессиясынын (көркөмдүгүнүн) булагы болуп эсептелет. Сын атоочтор эң бай сөз түркүмү жана чыгармаларда каармандарды сүрөттөөнүн эң керектүү тилдик каражаты болуп кызмат аткарат. Көркөм адабиятта сын атооч эпитет катары көпчүлүк сүрөттөөлөрдө жана табияттын сулуулугун көрсөтө билүүдө колдонулат. *Мисалы: Күркүрөөнүн суусу тартылып, көк кашка болуп тунган. Суунун астында бөгөлгөн баягы казандай таштар эми сыртка чыгып, алардын үстүндө* ***жапжашыл, сапсары*** *тукаба өңдүү эңгилчектер оюу жүргүзгөн. Эртең мененки үшүктө бадалдын жылаңач чыбыктары* ***назик*** *кызарып, жапайы терекчелер күндөн-күнгө түрдөнүп кыяруудa («Ж», 245-б).*

Алар жаратылыш сүрөттөрүн тартууда, эң бир бай палитраны түзөт. Мисалы, романтикалык контекстте айды сүрөттөө үчүн төмөндөгү сын атоочтор колдонулат: **бозомук, көгүлтүр, күмүштөй, айнектей, лимондой, саргылтым, табышмактуу, сырдуу**. Айлуу түндү сүрөттөө үчүн сын атоочтордун башка түрлөрүн да колдонсо болот. *Мисалы,* ***ай*** *дегенде чоң, зор, тегерек, сапсары, кызыл, кандай кызыл болушу ыктымал. Мисалы: Желп-желп этип* ***мээлүүн керимсел*** *жүргөндө, шимүүрдүн асел жыты,* ***шыраалжын*** *менен эрмендин* ***кермек*** *жытына аралашып, аңызга жайылып, буудай арасы шуудурап, кылканына илинген ай жарыгы* ***алтын көлдөй*** *кубулуп чайкалып жатты («С.Ж», 259-б).*

Сын атоочтор морфологиялык көркөм каражат системасында стилистикалык мааниси жактан сын атоочторду башка сөз түркүмдөрүнө салыштырмалуу өзгөчө орунга ээ.

Сын атооч башка сөз түркүмдөрүнө караганда эч кандай лексикалык кошумча мааниге ээ эмес, бирок субстантивизация мезгилинде (затташканда) сын атоочтун грамматикалык формалары өзгөрүлөт. Сын атоочтун заттык маанисинде предметтүүлүккө, образдуулукка ээ болот. Олуттуу көркөм мүмкүнчүлүктөр сын атоочтун даража формаларында калыптанган.

Жазуучулар жана публицисттер сын атоочтун даражаларын гипорбализмди түзүү үчүн колдонушат. Мисалы: **мыктынын мыктысы, жөп-жөнөкөй**. Салыштырма жана күчөтмө сын атоочтордун формаларынын колдонулушу адабий нормадан четтеп кетиши мүмкүн.

Сын атоочтун түрлөрүнө стилистикалык баа берүүдө сапаттык, салыштырма, катыштык сын атоочтордун стилистикалык мүмкүнчүлүктөрү бирдей эмес экендигин И.Б.Голуб (68:254) белгилейт.

Сапаттык сын атоочтор заттардагы табигый белгилерди, өзгөчөлүктөрдү, касиеттерди түздөн-түз билдирет. Алардын мындай мүмкүнчүлүгү башка сөздөрдүн катыштыгы жок эле ишке ашат. Сапаттык сын атоочтордун дээрлик бардыгы тубаса сын атоочтор болуп эсептелет. Мисалы: **кызыл, сары, ак, түз, кең, тар, чоң, курч, шок, бош, көк** ж. б.

Сапаттык сындар - сын атоочтордун негизги уюткусу. Анткени сын атоочторго сөз түркүмү катары тиешелүү болгон өзгөчөлүктөр биринчи кезекте ушул сапаттык сындардын табиятынан табылат. Булар көпчүлүк туунду сын атоочторго жана даража формаларынын жасалышына негиз болуп кызмат аткарат (2:73-73) И.Абдувалиев белгилейт.

Алардын метафоралык жагы сын атоочко көркөмдүктү жана кээ бир семантикалык группаларга тиешелүү болгон сын атоочторго күчтүү эмоционалдык түрдү берип турат. Мисалы: Ак көнүл, **назик**. Эгерде бул сын атоочтор кайра-кайра колдонула берсе , сүрөттөп көрсөтө турган касиетин сактап калганы менен, өзүнүн баштапкы касиетин жоготуп коюшу мүмкүн.

Кээ бир сын атоочтор бизди элестүүлүгү менен таң калтырышы мүмкүн. Эпитеттердин көркөмдүгү - алардын элестүүлүгүн күчөтөт.

Мисалы: **метонимия**: нарцисстин **аппак** жыты.

**гипербола:** өлгүдөй сагынуу.

Сын атоочтун көркөмдүгүн салыштыруудан да көрсөк болот. Мисалы **тоо элигине окшоп.** Сапаттык сын атоочтордун маанилүүлүгүнүн булагы болуп- өзгөчөлөнгөн сөз айкаштары эсептелет.

Сын атоочтордун ушул түрү гана метафоралык өтмө маанисин түзүүдө көбүрөөк мүмкүнчүлүккө ээ, анткени салыштырма сын атоочтордо, сапаттык сын атоочтордун белгилери бар, ошондуктан кээ бир контексттерде көркөмдүктү көрсөтүп турат. Мисалы: **болот калем уч** – болоттой булчуңдар. Салыштырма сын атоочтордун сапаттык сын атоочторго өтүшү тилдик стилистикалык каражаттардын ушул сөз түркүмүнүн экспрессивдүү мүмкүнчүлүктөрдү түзүп турарын, толтурууда бир гана салыштырма сын атоочтор өтө чоң резервди түзөрүн И.Б.Голуб белгилеп айткан. Өзүнүн эмгегинде сын атоочтун стилдик жагын карап, сын атоочтун даражалары, катыштык сын атооч сөздөр башка стилдерге салыштырмалуу көркөм стилде чектөөсүз колдонуларын белгилеген (68:230-250).

Совет доорундагы түркологияда түрк тилиндеги сөз түркүмдөрүн орус тилиндеги сөз түркүмдөрүнүн таасири астында кароо салт болуп калган. Түрк тилиндеги сөз түркүмдөрүнүн проблемаларын иликтеп чыгып, табияты жана мүнөзү жагынан флективдүү тилдердегиге караганда таптакыр башкача экендигин ишенимдүү түрдө айтууга болот. Орус тилиндеги сөз түркүмдөрү семантикалык, морфологиялык жана синтаксистик критерийлердин негизинде аныкталат: Ал эми түрк тилдериндеги сөз түркүмдөрүн эң биринчи кезекте типологиялык түзүлүшү боюнча кароо керек. Сөз түркүмдөрүн бөлүштүрүүдө түрк тилдеринде төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрдүн негизинде жогоруда аталган үч принцип «иштебейт»: **а)** сөздөрдүн сөздүктөгү турпатында сөз түркүмүн мүнөздөөчү формалдык белгилеринин жок экендиги; **б)** сөзгө грамматикалык мүчөлөрдүн сүйлөм тутумунда гана

жалганышы; **в)** агглютинативдүү форма жасоодо грамматикалык касиеттердин туруктуу эместиги. Түрк тилдеринин типологиялык негизги белгиси - алардын агглютинативдүүлүгү экендигин эстен чыгарбоо керектигин Б.Сагынбаева эмгегинде (152:8) белгилеп көрсөткөн. Бул айтылган жыйынтыктуу ойду биз дагы колдойбуз. Себеби орус тили менен кыргыз тилинин грамматикасын салыштырып кароого болбойт. Ч.Айтматовдун чыгармаларынан мисалдарды алып карасак: *Анда ал кызыл жоолук салынып, колунда кармаганы* ***апапакай*** *бүрдүү гүлкайыр эмес беле, азыр ал болсо башына салынганы* ***кара*** *жоолук, колундагысы* ***кызыл*** *гүл, айырмасы ошол («С.Ж», 91-б).* Каармандын кебинде **апапакай** деген сын атоочторду колдонуу менен сүйлөшүү стилинин боёктуулугун берди. Салынганы **кара** жоолук деп Алимандын согуш мезгилинде күйөөсүнөн айрылып, кайгы тартып отурганын **кара** жоолук, колундагысы **кызыл** гүл деген жай даража аркылуу боёктуу берди.

Сын атооч сөздөр кыргыз жазуучуларынын эмгектеринде ар түрдүү ыкмаларда берилет. Жыл мезгилдерин сүрөттөөдө колдонулбастан, башка дагы ар түрдүү образдарды түзүүдө, ар кандай башка сүрөттөөлөрдө стилдик ыкма катары кректелет.

Ч. Айтматов да чыгармаларында сын атоочторду символдук максатта кеңири пайдаланганын байкоого болот. *Мисалы: Аруу жууп, ак кепиндеп, арбакка* ***ак*** *пейилден кызмат өтөш өлгөндүн жаннатка жетишине да, тирүүнүн көңүлү ток калышында да жол ачар пейил деп билген киши аяган жок («Г»,7-б).* Автордук кепте Чоро жөнүндө болуп **аруу, ак** деген сын атооч сөздөр аркылуу кыргыздын салтында өлүктү жашыруунун да өзүнчө сый-урматын кылып, тиги дүйнөгө узатканын ак кепиндеп, аруу жуулары жөнүндө ак түстүн берилиши жанаттан орун алышына шарт түзүү деген символдоштуруу аркылуу боёктуу берди.

Сын атооч сөздөр көркөм чыгарманын темасы катары аталыштын курамында келип да, чыгарманын идеялык мазмунун белгилүү өлчөмдө шарттайт. Мисалы: «Ак кеме» деген аталыштагы сын атооч чыгарманын

башкы каармандын Баланын жан дүйнөсүн, «Кызыл жолук жалжалымдагы» сын атооч Аселдин назиктигин, аруулугун жана сулуулугун, «Ачык асман» деген аталыштагы сын атооч согуштан кийинки бейпилчиликтин символу катары белгилүү бир өлчөмдө кабар берип турат. Сын атооч пейзаж түзүүнүн да каражаты боло алат. Алар аркылуу түстүк да, үндүк да, сезимдик да пейзаждар түзүлүп, символдоштурууну дагы тереңдетет. *Маселен, Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинде* ***эски булак, тунук булак*** *деген сөздөр Алтынайдын кебинде берилет. Мисалы: «Буларды айтып жатканым, көп кырдуу күндөлүк турмуштун кызыктуу убаракерчилигинде жылдар өтүп, күн өтүп, мен эч убакта унутпас ыйык нерсени эсимден чыгарбасам да, анын таасири солгун тартып, мезгилдин куму баскан* ***эски булак*** *өңдүү көзү бүтөлө берген. Аны мен кече жакында айылга барып ошондо гана сездим» («Б.М», 44-б).* Каармандын кебинде Дүйшөндү ошол **«эски булакка»** теңейт. *Мисалы: Кош, биринчи мугалимим, кош биринчи мектебим, кош балалык чагым, кош, жер кыртышынын астында көзү ачылбай калган* ***тунук булак*** *өңдүү, эч ким билбеген менин биринчи, менин наристе сүйүүм! («Б.М», 41-б).* Автор каармандын кебинде **тунук булак** деген сөз аркылуу эч кимге айтылбаган сыр учугун чубаган тилдик каражаттар менен окуучусунун мугалимине болгон аруу таза сезими айтылып боектуу сүрөттөлдү. Демек, **«тунук булак» - Дүйшөн мугалимдин символу.**

Жаратылыш көрүнүштөрү тууралуу сөз болгондо «Биринчи мугалимдеги» тоо суусуна да көңүл буруу зарылдыгы бар, анткени ал да символдук маанини ичине камтып турат. Биринчиси: *Дүйшөн менен Алтынай сууга аттамак салып жаткан учурда. Ошондо шыргалаң суу га буту аябай үшүп, тарамышы тырышып калган Алтынайды мугалим көтөрүп чыгып, «Жайнаган көзүңдөн айланайын! Окууга дегеле дилгирсиң. Кап, колумдан келсе, сени чоң шаарга окутсам, э-э! Кандай киши болор элең», деди да өйдө туруп, шыр агыза буддураган көк кашка суунун жээгинде, азыр да көз алдымда, эки колун желкесине алып, көкүрөгүн кере, тээ кыялап көчүп бараткан* ***ала булут, ак булутка*** *тигилип, ойлонуп турду» («Б.М», 23-б).*

Каармандын кебинде бир нече символ бар. Суу да **көк кашка тунук,** асманда да **ачык,** ошого түспөлдөш, анда көк деңиздеги ак куулар сымал **ак булуттар** өйдө-төмөн сүзүп жүрөт. Дүйшөн табияттын ошондой кооз фонунда Алтынайдын келечеги тууралуу кыялга батып, өзүнчө эле толкундап жатат. Бул жазуучунун жөн гана романтикалык коюуланган боектору эмес, жан-дүйнөсү ачык асманга окшош, тоонун тунук суусундай таптаза адамдын портретин сүрөттөдү.

Символдор – Ч. Айтматовдун чыгармаларында колдонулуучу эң маанилүү көркөм каражаттардын бири экендигин А.Садыков, Н.Тыныстановалар өз эмгектеринде баса белгилеп көрсөтүшкөн (154: 22-31).

Кыргыз тилиндеги сын атоочтор өзүнүн аз санда жана аз өнүмдүү экендигине карабай, текстти стилистикалык жактан жиктөө өзгөчөлүгүнө ээ. Анын мындай сапатын дайыма эске алуу зарыл. Жыйынтыктап айтканда, жазуучунун биз талдаган чыгармаларында да символикалык өзгөчөлүктөрдү өтө чеберчилик менен сүрөттөгөн.

## 2.2. Сын атоочтун даражалары

Кыргыз тилинде сын атоочтун жай, салыштырма, күчөтмө жана басаңдатма даражалары бар.

1. **Жай даража** заттардын кадимки норма катары таанылган белгилерин билгизет да, атайын (даражаларды жасай турган) мүчөлөрдүн же сөздөрдүн жардамысыз, уңгу же негиз түрүндөгү сапаттык жана катыштык сын атоочтор аркылуу туюндурулат: **кызыл, сары, көк, жашыл, калың, чоң, кичине, жука, узун, кыска, акылдуу, тартиптүү ж.б.** Стилдик жактан жай даража бейтарап болот да, заттык белгинин өлчөмүн гана туюндуруп, стилдин бардык түрлөрүндө бирдей деңгээлде колдонула берет. Ч.Айтматовдун чыгармаларында жай даражадагы сын атоочтор кеңири колдонулуп, ар түрдүү стилистикалык кызмат аткарган. *Мисалы: Ырас айтасың эне, - деди ал, - чоң кишилер го эмне үчүн ач калганын түшүнөт, ал эми балдар кайдан билсин, дүйнөң эч кандай куулук-шумдугу менен иши*

*жок («С.Ж», 93-б).* Автордук кепте **чоң** деген сын атооч колдонулуп, стилдик жактан орток маанилүүлүктү көрсөтөт.

*Бул түнү дүйнөнүн ар кайсы жеринде ар кандай* ***жакшы*** *да,* ***жаман*** *да иштер болгон чыгар, тарыхтын ар кандай* ***улуу*** *да,* ***арзыбас*** *да окуялары өтүп жаткан чыгар, ал эми биздин айлыбызда мына ушундай шойкон түн болду («С.Ж», 94-б).* Автор каармандын кебинде **жакшы, жаман, улуу, арзыбас** деген сын атоочторду колдонуп, сүйлөмгө стилдик жактан боёктуулукту берет, көрсөтүлгөн сөздөр орток маанилүү.

*Чиркин, сүрөтчү болсом, ушул эртең мененки күндү,* ***ак ала көгүш*** *тоолорду, эртең мененки шүүдүрүм* ***жашыл*** *бедени, арыктын кашатындагы* ***сары*** *гүлдүү кодура күнкараманы сүрөткө тартсам, кандай сонун болор эле («Ж», 180-б).* Автор **ак ала, жашыл, сары** деген жай даража сын атоочторду колдонуп, Сейиттин кыялдануусун берди, орток маанилүү, **көгүш** сүйлөшүү стилине ээ.

*Эшиктен аттаганда эле, кар* ***калың*** *түшкөнүн көрүп, анын бир өңдүү* ***супсак*** *түзүнөн Сейденин көзү тунарып көңүлү айланды («Б.Б», 210-б).* Автор **калың, супсак** деген жай даражаны колдонуп, каармандын кебетесин жана пейзажды сүрөттөө менен боёктуу берип колдонду.

*Алимандын ошондогу түрү али да көз алдымда:* ***кызыл*** *жоолук,* ***ак*** *көйнөк,* ***кичинекей кара*** *чыптамасы менен колунда кармаганы гүлкайыр, өзү кара торусунан келген, көздөрү моймолжуп бакырайган сулуу келинчек эмес беле («С.Ж», 56-б).* Автор бул сүйлөмдө **кызыл, ак, кичинекей, кара** деген жай даражаны Толгонайдын кебинде пайдаланып, сүрөттөп бергенин көрүүгө болот. Жазуучу **жаман** деген жай даражаны айрым бир учурда чыгармаларында каймана мааниде колдонгонун ошол коомдук көрүнүштү боектуу, образдуу тилдик каражаттар менен чеберчилик- те пайдаланганын жолуктурууга болот. *Балким, кийин сен дагы мугалим болуп балдарды окутуп калсаң, биздин* ***жаман*** *мектепти эстеп күлөрсүн… («Б.М», 40-б).*

Каармандын кебинде **жаман** деген сын атоочту каймана мааниде берип, мектептин ал-абалын сүрөттөдү.

*Акылдуу киши экен («К.К.Б.К»,100-б).* Жыйынтыктап айтканда, жазуучунун чыгармаларында жай даража кеңири колдонулуп, стилдик орду белгиленди.

**2. Басандатма даража** заттагы белги нормалдуу белгиге жете бербегендигин түшүндүрөт. Ал төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жай даражадан жасалат: **1) - ыш: ак - агыш, көк – көгүш, 2) – гыл: кир - киргил, 3) - ылжым, - ылжын: көк - көгүлжүн, көгүлжүм, кара - каралжын:**

**4) - ылтыр: көк - көгүлтүр, 5) – гыч: сары - саргыч, 6) – гылт: сары - саргылт, кызыл - кызгылт, сур - сургулт, 7) – гылтым: кызыл – кызгылтым.**

Жогорудагы мүчөлөрдүн баары форма жасоочу өнүмсүз мүчөлөр болгондуктан, көпчүлүк сын атоочтор **аз, бир аз, саал, саал-паал** деген сыяктуу сөздөр менен айкашуу аркылуу басаңдатма даражаны жасайт. *Болгону, залдагы жарыкты гана **саал** басып коюшту («К», 58-б).* **Бир аз кызыл, бир аз кызыктуу, анча сулуу эмес, өңү саал–паал азыңкы.**

*Аңыздын четинде апапакай, **кызгылтым** бүр ачып өскөн гүлкайырларды Алиман жыйнап алып, бир убакытта, менден уялгансып, буудай арасы менен унчукпай кетип бара жатат («С.Ж», 56-б).* **Кызгылтым** деген басаңдатма даражаны Толгонайдын кебинде Алимандын гүлдү жакшы көргөндүгүн, гүлдөрдүн ичинен кызгылтымын тергенин сүрөттөп берип, сүйлөмгө стилдик жактан фон берет, сүйлөшүү стилине ээ. *Уясына жашынууга чукулдап, күздө талаанын **сургулт** четине чыгып алган күндүн кочкул нурлары бийикте турган теректердин чокуларына бирде тийип, бирде тийбей кубулуп турган экен («С.Ж», 9-б).* Сүрөткер **сургулт** деген сөздү колдонуу менен пейзаждык сүрөттөөлөрдү коoздоп боёктуу сүрөттөп берди, сүйлөшүү стилине тиешелүү. *Мисалы: Анан калса бой жетти дегендей: азыраак боюм өсө түшкөнү гана болбосо, мен Дүйшөн айткандай, баягы эле сексегей **саргыл** кыз эмесминби? («Б.М», 30-б).* Каармандын кебинде **саргыл** деген сөз берилип, сүйлөшүү стилине ээ.

*Мисалы: Жапжаш орус жигит экен, сууланган чачы маңдайына чакчалакей жармашып* ***көгүлтүр*** *көздөрү, кудай билет, өмүрүндө биринчи жолу ошончолук санаа чеккен чыгар («С.Ж», 64-б ).* Автор **көгүлтүр** деген сын атооч сөздөрдү колдонуу менен согуштун башталгандыгын кабарлаган орус жигитинин кебетесин сүрөттөөдө, көзүнүн көктүгүн, кайгы жеген өңүн чеберчилик менен экспрессивдүүлүктү көрсөттү, бул сөз сүйлөшүү стилине ээ. *Мисалы: Белестин үстүндөгү* ***кызгылт, сургулт*** *булутчалардын асманда уюган кара жылан сыяктуу түрү сүрдүү («Ж», 185-б).* Пейзажды **кызгылт, сургулт** деген басаңдатма даража аркылуу автор ошол күндү бөтөнчө карап, күндү сүрдүү боёктор менен сүрөттөйт, сүйлөшүү стилин көрсөтөт . *Мисалы: Келиндин айжаркын жамалынын ар бир белгиси: ойноктогон* ***каралжын*** *кой көзү, эки жаагын сылай далысына жаба төгүлгөн коңур* ***саргылт*** *чачы экөөнүн жарашыгы куп келишип, Авдийдин сезимине бекем орноп калды («К», 105-б).* Автор каарманга портреттик мүнөздөмө берүүдө **каралжын, саргылт** деген сөздөр аркылуу боёктуу берди, сүйлөшүү стилин көрсөттү.

**3. Салыштырма даража** заттардын бири **(салыштыруучусу)** атооч жөндөмөсүнүн, экинчиси **(салыштырууга обьект болгону )** чыгыш жөндөмөсүнүн формасында берилет, сын атооч – **ыраак** мүчөсү уланган түрдө колдонулат. *Мисалы: Өзгөчө бизге окшогон чечек балдар* ***чоңураак*** *жигиттерге теңталашып жүргөндү мыктылык көрөт эмеспи («Ж»,153-б).* Жазуучу каармандын кебин жекелештирип **чоңураак** деген сөздү Сейиттин кебинде колдонуп, өзүн өз теңдүүлөрдөн жогорураак сезгендигин салыштырып көрсөттү, бул сөз сүйлөшүү стилин берет. *Анын ажары өчүп бара жаткан,* ***болпогоюраак*** *төгөрөк жүзүнө, санаркалуу көлөкө чалышып, өткүр кара көздөрүнүн тиктеши өксүй түштү («Б.М»,10-б).* Автордун кебинде **болпогоюраак** деген салыштырма даражаны Алтынайдын ошол учурдагы кейпин, жаш курагын, балалыктагы окуялар эске түшүп, кыжалат болгон сырткы эмоциясын **боёктуу** берди, бул сөз сүйлөшүү стилин көрсөтөт.

*Аял киши боюнун узундугу менен эмес, таза аялдык турпаты жана ireңинин* ***акжуумалыраактыгы*** *менен айырымаланат («К.К.Б.К», 88-б).* Автордук

кепте каармандын өңү - түсүн, аялдык турпатын салыштыруу аркылуу бул сөз сүйлөшүү стилин берди.

Кыргыз тилинде – **ыраак (-раак)** мүчөсүнүн мааниси негиздерге жараша бири-бири менен антонимдик мүнөзгө ээ болот, б.а. негиздердин өздөрү карама-каршы маанини билдирет. Демек, салыштырма даража, өзү уланып турган сөздөрдүн маанилерине ылайык салыштырылып жаткан белгини, касиетти, сапатты көбөйтүп же азайтып, ашырып же кемитип, күчөтүп же басандатып, чоңойтуп же кичирейтип, катуулатып же жумшартып көрсөтөт: **чоңураак – кичирээк, сулуураак - сертирээк, узунураак - кыскараак, семизирээк - арыгыраак, катуураак - жумшагыраак, акылдуураак - акылсызыраак, таттууураак - ачууураак** ж.б. *Мисалы: Эми кыштык отунубузду тамдын бир жагына жыйып салабыз да, жерге самандан* ***калыңыраак*** *төшөп таштап, окууну баштай беребиз («Б.М», 15-б).* Каармандык кепте **калыңыраак** деген сөздү пайдаланган, стилдик жактан сүйлөшүү стилин берет. *Жамийла күлгөндө, анын чымкый кара* ***сүйрүрөөк*** *көзүндө ден- соолуктун, жаштыктын ашып-ташкан күчү ойт берип, ал эмнегедир өзүнчө бой каранып, секетбайдын туздуусунан ырдап жиберет («Ж», 454-б).* Каармандын кебинде **сүйрүрөөк** деген салыштырма даражаны берип, бул сөз сүйлөшүү стилин көрсөтөт. *Болгондо кечээ ал жаратын айбай эле кокустатып алса керек, демейдегиден* ***катуураак*** *аксап, өзгөчө кап көтөргөндө кыйналып жүрдү («Ж», 220-б).* Жазуучу өзгөчө Даниярдын ден соолугуна көңүл буруп, катуураак деген даража аркылуу көрсөттү, бул сүйлөшүү стилине тиешелүү.

*- Бостон деген - шаар, Нью-Йорктон саал* ***кичирээктиги*** *болбосо, Американын башкы шаарларынын бири («К», 249-б).* Автордук кепте эки шаар салыштырма даража кичирээк деген сөз аркылуу салыштырылып сүйлөшүү стилинде берилди.

Салыштырма даража жазуучунун чыгармаларында көркөмдүк тилдик каражат катары кеңири колдонулган. Жыйынтыктап айтканда, сын атоочтун салыштырма даражаларынын да өзүнчө стилдик өзгөчөлүктөрү бар.

Айтылып жаткан окуяга карата ар кандай салыштырууга алынган белгини кем, жетишсиздиги же артыкчылыгы белгиленип берилет.

**4. Күчөтмө даража** заттагы белги нормалдуу белгиден өтө эле айырмалуу (өтө чоң же өтө кичине) экендигин көрсөтөт. Кепте **кыпкызыл, кызгыч** тибиндеги сын атоочтор жана **мала кызыл, узун-узун, мыктынын мыктысы** тибиндеги татаал сын атоочтор көркөм чыгармаларда – айрыкча каармандын кебинде көп колдонулат (35:30-31). *Итмурун - итмурун эмей эле, **кыпкызыл** ит тиккен экен, башка айла жок («Г», 119-б). Автор Танабайдын кебинде **кыпкызыл** деген күчөтмө даражаны берип, ит тиккен деп кейиген сырткы эмоциясын сөзүн боёктуу берди, бул сүйлөшүү стилин көрсөтөт. Булактын жээгинде дүмүр жаткан экен, Базарбай ошого жайланып олтурду, бөтөлкөнү суурул чыгып, жарыкка салып, маашырлана бир карап койду, бирок бөтөлкөдөн айрыкча деле эчтеме көрбөдү, байкагандан күндүн батып баратканын, тоолордун бетиндеги **узун-узун** кечки көлөкөлөрдү, күндүн батарына ашып кетсе бир саатча убакыт калганын байкады («К», 227-б). **Капкара** чоюн машина түтүнүн бурулдатып, арбайган дөңгөлөктөрү менен жер чапчып, улам көчөгө жакындап, дүрүлдөп келе берди («С.Ж», 53-б).* Каармандын кебинде машинанын өңүн капкара деген күчөтмө даража аркылуу берди, бул сөз сүйлөшүү стилин көрсөттү.

**5. Күчөтмө сындын** мааниси **жаман** деген сөздүн өтмө мааниде колдонулушу менен да берилет. И.Абдувалиев, Т.Садыковдордун (1:102) эмгегинде мындай өтмө мааниде келип, сын атоочтун күчөтмө даражасын жасоочу сөздөргө **иттей, өлгүдөй** деген да сөздөр кирерин белгилешкен (1: 102). *Мисалы: Анан калса өз башынын шоруна баланы **өлгүдөй жакшы** көрчү эле да («К.К.Б.К», 194-б).* Автордук кепте каармандын баласын **өлгүдөй** жакшы көргөнүн стилдик жактан бул сөз сүйлөшүү стилине ээ. Мисалы: Ал турсун оозеки кепте **эшектей, чочкодой** деген сөздөр да өтмө мааниде келип, сын атоочтун күчөтмө даражасы жасалат, **жаман чоң, чочкодой чоң, чоң, өлгүдөй чоң, эшектей чоң** ж.б. *Мисалы: Аялы да долу неме экен, сезип калып, беттен алып **иттей** шермендебизди чыгарды*

*(«С.Ж»,128-б).* Жазуучу каармандын кебинде **иттей** деген сөздү колдонуп, жаман сапаттарын айтып салыштырып берди. Демек, сын атоочтун күчөтмө даражасы калган даражаларга караганда бир топ активдүү. Анткени, жай даража менен басандатма даража заттык белгинин өлчөмүн гана туюнтса, күчөтмө даража сын атооч сөздөр заттык белгинин санын, айрымдары сүйлөөчүнүн затка же көрүнүшкө карата мамилесин туюнтуу сезимин да бере алат. Күчөтмө сын атооч сөздөрдүн биринчи муунунун кайталанышы аркылуу жасалса, мындай сын атооч сөз көбүнчө сүйлөшүү стилинде, көркөм чыгармада каармандын да, автордун да кебинде колдонула берет. Күчөтмө даражаны жасоочу бөлүкчөлөрдүн табияты да күчөтүү маанисиндеги сөздөрдүн сын атооч сөздөргө айкашы ар түрдүү. Мисалы: **эң, аябай, өтө, абдан** деген сыяктуу бөлүкчөлөр өз ара синонимдеш абалда келип, колдонулушу боюнча адабий стилдердин бардыгында жолуга берет. *Мисалы: Бул теректердин түбүндө менин өмүрүмдүн* ***эң бир сыйкырдуу*** *чагы калгандай, эстеген сайын кайра баштан эскергим келет («Б.М»,4-б).* Сүйлөмдө эң бир деген күчөтмө даражаны колдонуп, каармандын сүйлөшүү стилинин боёктуулугун жаратты.

Ал эми **эбегейсиз** деген бөлүкчө заттын сырткы көрүнүшүн, ашкан деген бөлүкчө заттын сапатын, **чымкый, чым** деген **синонимдеш бөлүкчөлөр** заттын түсүн туюткан күчөтмө сын атоочторду жасап, кепте колдонулушу боюнча чектелет.

Төмөндөгүдөй жолдор менен күчөтмө даража жасалат:

**1. Эң, абдан, өтө, аябай, чымкый, чылк** деген сыяктуу күчөтүү маанисиндеги сөздөрдүн сын атоочторго айкашы аркылуу жасалат: **абдан сонун, эң жаман, өтө тентек, чымкый кызыл, аябай таттуу, чылк семиз.** Кээ бирде бул түгөйлөрдүн арасына бир деген сөз колдонулуп да айтылат. *Мисалы: Көгүлтүр чачтары да баары бирдей эмес, ошо көгүлтүрдүн түсү* ***чымкый*** *көктөн булаңгыр көгүшкө чейин бири- биринен айырмалана берет экен («К.К.Б.К», 95-б).* Автор каармандын чачын сүрөттөөдө **чымкый көк** түсүн боёктуу берип, стилдик жактан сүйлөшүү стилине ээ.

*Берки күчүгүм, Жайнак болсо,* ***өтө бир шайыр****, ачык – айрым жигит болуп өстү («С.Ж», 55-б).* Каармандын кебинде **өтө бир шайыр** деген күчөтмө даража аркылуу Жайнактын мүнөзүн боёктуу көрсөттү, сүйлөшүү стилине ээ.

*Биз* ***эң чоң*** *имарат деп эсептеген колхоздун ат сарайы теректин башынан тепкедей эле көрүнүп, ал эми айылдан төмөн, алда кайда мунарыктаган мейкиндиктин ушунчалык зор экенин, бизден нары дагы нечен кыйыр жерлер биздин суулардан башка дагы нечен күмүштөнгөн суулар бар экенине суктана карап, ааламдын чети ошолбу, же андан нары да ушундай асман, ушундай булут, ушундай жер барбы деп ойлоно турганбыз («Б.М», 5-б).* Жазуучу каармандын кебинде **эң чоң** деген сын атоочту пайдаланып, мектепти салыштырып, пейзаждык сүрөттөөлөрдү берди, сүйлөмгө стилдик жактан кооздук берип баяндады, бул сөз сүйлөшүү стилине тиешелүү болуп эсептелет.

2. Толук формадагы сын атооч менен анын башкы муунунан кыскартылып алынган формасын бирге колдонуу аркылуу. Бул типтегилер бирге жазылат: **кыпкызыл** (толук формасы - **кызыл**), башкы муунунан кыскартылып алынган формасы – кы; (п) тыбышы- толук форма менен кыскартылган форманы бириктирип турuучу элемент); **сапсары, жапжашыл, топтолук.** Бул типтеги күчөтмө даражанын жасалышында аз да болсо төмөнкүдөй айырма бар:

а) Толук формадагы сын атоочтун башкы мууну үндүү менен аяктаса, ал муун тыбыштык түзүлүшүн толук сактайт; андан кийин бириктирүүчү (п) тыбышы кошулат: **ка-ра-капкара, жа-рык-жапжарык, жа-пыз-жапжапыз, жа-ңы – жапжаңы, же – ңил - жепжеңил.**

б) Толук формадагы сын атоочтун башкы мууну үнсүз менен аяктаса, ал үнсүз түшүп калат да, анын ордуна данакерлөөчү (п) тыбышы колдонулат: **тат-туу-таптаттуу, тек-ши - тептекши, бөк-сө – бөпбөксө, жыл-ма - жыпжылма.**

в) Үнсүз менен аяктаган бир муунду сын атоочтор кыскарган формада кайталаныш үчүн үнсүз тыбышын данакерлөөчү (п) тыбышы менен алмаштырат: **көп - көпкөк, түп-түптүз, тик-типтик**.

*Мисалы: Ошондо айт, тартынбай айткын дегендей, Айша кошунамдын томсоргон түрү, анын бетинен аккан **боп-боз** жаш, ошол **боп-боз** сала жаштай болуп төгүлгөн асмандагы саманчынын жолу, көз алдыма келип турду («С.Ж», 121-б).* Каармандын кебинде көз жашты **боп-боз** деп салыштырып, күчөтүп боёктуу сүрөттөдү. Бул сөз сүйлөшүү стилине таандык. *Күздүн жаан-чачынсыз, шамалсыз күнүндө Ысык-Көл **көпкөк, таптаза** болуп, бейкут жаткан эле («К», 25-б).* Пейзаждык сүрөттөөдө көлдүн өңү-түсүн **көпкөк, таптаза** деген күчөтмө даражалар аркылуу боектуу көрсөтү, бул сөз сүйлөшүү стилине мүнөздүү. Бул эрежеге **ак** деген сын атооч багынбайт, анткени кыргыз тилинде апак болуп айтылбастан, **аппак же апаппак** болуп айтылат:

*Мисалы: Асмандагы сокур күн. Чел баскандай **апапак**, бирде беш, бирде он күн болуп көзгө чалышып, башым айланкөчөк («С.Ж», 63-б).*

Жазуучу каармандын кебинде сын атоочторду пейзаж түзүүнүн каражаты катары колдонгон, ал аркылуу түстүк да, үндүк да, сезимдик пейзаждар түзүлүп, символдоштурууну дагы тереңдетет, бул сүйлөшүү стилине мүнөздүү.

*Мисалы: Ошол кар **апапак** болуп Алимандын жоолугуна, маңдай чачына, жакасына күрпөңдөлө жыйналып, анын жалтылдаган **капкара** көздөрүн, нурлана тамылжыган кызылдуу жүзүн ого бетер сулуу көрсөтүп, көрктөп келе жатты («С.Ж», 75-б). Бул оокумда ушул далайды билген чоң окумуштуу аялдын түрү, о качаңкы «өтүп кеткен он сегиз кайра келер болсочу» - деп, ичтен сызып, кызыл жоолук, кызыл жүздүү чагын эстеген кадимки эле **жөпжөнөкөй** кыргыздын аялдарына окшой кетти («Б.М»,10-б).*

*Колунан жуулуп алгандай эле Жамийла катты өзүнө тартып алды да, сүйүнгөнү ушунча болдубу, же уялып кеттиби, адегенде **кыпкызыл** болуп албырып, анан **купкуу** болуп туруп калды («Ж»,185-б). Тура калып*

*Алимандын төшөнчүлөрүн кармалап көрдүм **муп-муздак**, алда качан туруп кетиптир («С.Ж»,130-б). Аттанар алдында Бостон ашуу тарапка көз чаптырып, салаңдап турган аска – зоолорду, **типтик** жарларды бир карап алды («К»,288-б). **Түптүз** эле атырылып келаткан карышкырларды көрүп, топоздор дөңкөлөңдөшүп, коркулдап, качып беришти, бирок тигилер аттатпай эле жетип келгенинде коркконунан бөйрөктөрү болкулдап, кайра бурулуп айбат кылып, мүйүздөрүн тосуп туруп калышты («К», 230-б). Кар дале, үкүнүн жүнүндөй **жупжумшак** болуп, бирине бир ээрчишип, каалгый айланчыктап, жаап турду («С.Ж»,133-б).* Пейзаждык сүрөттөөдө кардын жаашын **жупжумшак** деген күчөтмө даража аркылуу боёктуу көрсөттү, сүйлөшүү стилине таандык. *Жыгылып бара жатканымда бир оокумга мылтык атылганын, ок тийгенин түшүндүм, андан наркысы - **капкараңгы** бейкапарсыздык болду («С.Ж», 99-б).* Каармандык кепте **капкарангы** деген күчөтмө даража аркылуу өң-түстү сүрөттөп, бул сөз сүйлөшүү стилине таандык.

3) Бир эле сын атоочту кайталап, анын биринчисине илик жөндөмөнүн, экинчисине үчүнчү жактын таандык мүчөсүн жалгоо аркылуу жасалат. Булар айрым-айрым жазылат: *актын агы, кызылдын кызылы, күлүктүн күлүгү, мыктынын мыктысы, сулуунун сулуусу.* *Мисалы: **Сулуунун сулуусун** алдына кармап берсе да карап койбойсун («К.К.Б.К»,38-б).* Жазуучу **сулуунун сулуусу** деген сөздү каармандын сөзүндө боёктуу керектеди, бул сөз сүйлөшүү стилине тиешелүү.

3) Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөн кийин да бөлүкчөсү, андан кийин сын атоочтун колдонулушу менен жасалат. Булар да бөлөк жазылат: *үйдөн да чоң, кагаздан да ак // аппак, аттан да күлүк, коендон да коркок, көмүрдөн да кара.*

А.И Ефимов эмгегинде сын атоочтун заттык мааниде колдонулушун төмөндөгүдөй белгилейт: «Сын атоочтор кепте түшүрүлүп айтылып, аныкталгычтын ордуна колдонулганда затташып кетет да, зат атоочтун категориялары боюнча өзгөрө берет, бирок бардык субстантивдешкен сын

атоочтордо сапаттык белги сакталып калат» (75:158). Заттанган сын атооч мүнөздүк белгини да өзүндө сактай алат. *Мисалы: «Ой, куу түлкү эй ! – деп таңданды Танабай.*

*- Кайсы заман болсо да жугундусун таап жейт. Жойпуланганын карачы. Мындан ашкан мээримдүү адам жоктой. Чоңго күлөганыч, кичинеден алаганыч»(«Г», 176-б).* (Танабайдын Ыбрайым жөнүндө ички монологунан). Автор каармандын монологдук кебинде колдонуп, стилдик жактан сөздөрдү орундуу, керектеп кейипкердин жактырбаган терс эмоциясын көрсөтүп, затташкан сын атооч **күлөганыч, алаганыч** деген сөздөр аркылуу мүнөздүк белгини берди, орток маанилүүлүктү берет.

Жыйынтыктап айтканда, сүрөткер чыгармаларында сын атоочтун даражаларын каармандардын кебинде, кийим-кечесин, мүнөзүн, кылык-жоругун, өңү-түсүн сыпатоодо, мүнөздөөдө, пейзаждык сүрөттөөлөрдө стилдик жактан орундуу, боёктуу, көрктүү, түс берүү менен керектеген.

### 2.3. Сын атоочтун жасалышы

**Сын атоочтун морфологиялык жол менен берилиши.** Негизги сөз жасоочу мүчөлөрдү жалгоо аркылуу жасалган сын атоочтор морфологиялык жол менен жасалган сын атоочтор болот. Мындай сын атоочтор түзүүчү негиздин кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигине карай бир нече топко бөлүнөт.

**1. Зат атоочтон жасалган сын атоочтор.** Зат атоочтон сын атоочту жасоодо төмөнкүдөй өнүмдүү мүчөлөр колдонулат:

**-луу.** Бул мүчөнүн жардамы менен жасалган сын атоочтордун маанилери да бири-биринен айырмаланат. Мындай өзгөчөлүк көбүнчө негиздин семантикасы, кээде аныкталуучунун мааниси менен да байланышат.

а) **Тартиптүү, нысаптуу, билимдүү, калдуу, эстүү, үйлүү** сыяктуу сын атоочтор негиз аркылуу туюндурулган нерсенин бар экендигин аныкталуучу сөзгө белги катары көрсөтөт: канаттуу kууш, тартиптүү бала,

**эстүү киши, моторлуу кайык, үйлүү адам.** *Мисалы: - Мына эми алдыбыз өлкөгө даңкы чыккан академик болуп, артыбыз жогорку, орто **билимдүү** эл болдук («Б.М», 9-б).*

*Кыздар менин сөзүмө көнбөй койгонуна намыстандымбы, же болбосо тырмактайымдан шорум кайнап, кагуу-силкүү жеп көзүм каткандыктан, мени башта көрбөгөн, билбеген адамдын жүрөгүмдү жылыта эркелете карап: « сен эстүү кыз экенсиң» - деп эки ооз сөз айтканы делебемди козгоп кеттиби, айталбаймын («Б.М», 15-б).*

б) **Даракттуу, сөөктүү, кылкандуу, бойлуу, даамдуу, жемиштүү** сыяктуу сын атоочтор негиз аркылуу туюндурулган нерсенин көп, арбын, мол экендигин белги катары туюндурат. *Мисалы: Кой, эчки, төөнүн майы деле жакшы дечи, бирок уйдун майындай болобу, **жегиликтүү, даамдуу** («К.К.Б.К», 232-б).* Каармандын кебинде **даамдуу** деген сөз берилип, орток мааниге ээ. *Авдий Каллистратов өзү узун **бойлуу**, ак куба жигит («К», 39-б). Дөбөтүнүн сырттан сыны бар эле, барак жүнү бай, **кылкандуу** колтугу жылуу («К», 6-б). А **тарамыштуу, сөөктүү** узун буттары жер өлчөмүн бир калыпта эсептеп, тез кыймылдуу жуушаң өңдүү аба кыркып барат («К.К.Б.К», 82-б).* Автор жаныбарларды мүнөздөөдө **кылкандуу, тарамыштуу, сөөктүү** деген сөздөрдү боёктуу пайдаланды, орток маанилүүлүктү берет.

**- луу** мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сын атоочтордун жогоруда көсөтүлгөн эки маанисин дайыма эле так, таамай ажырата салуу мүмкүн болбогон учурлар да бар. Мисалы: **берекелүү** деген сын атооч берекеси бар, берекеси мол дегенди бирдей эле билгизет. Ал эми **жыттуу, гүлдүү, жагымдуу** сын атоочторунун ар биринин өзгөчө мааниге ээ экендиги белгилүү. *Жамийла болсо, аппак жуулган жүн жолугун салынып, үстүнө базарга кийчү кызыл-ала **гүлдүү** көйнөгү менен чий баркыт чапанын кийип алыптыр («Ж», 190-б).* Каармандын сырткы кийимин сүрөттөөдө кызыл-ала **гүлдүү** көйнөгүн кийгенине басым жасап, ошол күнкү кийилген өзгөчө кийимди чеберчилик менен боёктуу сүрөттөп көрсөттү, орток маанилүү.

в) **- луу** мүчөсүнүн уланышы менен зат атоочтон жасалган сын атоочтордун бир катары негиз аркылуу туюндурулган нерсеге ээ болгондой түшүнүктү билгизет. *Мисалы: Булут койнунан булт этип, жаңыдан төрөлгөндөй кызыл эт күн тийгенде, жаандан кийинки* ***нымдуу*** *кара топурак менен жыланайлак басып, кадам сайын, алтын чачыла чачкандай айдоого дан шилтеп, бул* ***касиеттүү*** *эмгекти жакшы тилек үмүткө багыштап, Алиманым жүгөрү эмес, жакшылык сээп жүрдү («С.Ж»,114-б).* Каармандын кебинде **нымдуу, касиеттүү** деген сын атооч сөздөр аркылуу эмгекти, турмушка жакшы жашоого үмүттөндүрүүчү тилдик каражат катары боёктуу колдонуп, орток маанилүүлүктү берди.

**– сыз** мүчөсү. Бул мүчө аркылуу жасалган сын атоочтор маани жактан - луу мүчөсү аркылуу жасалган сын атоочторго карама–каршы келет, бир эле негизден антоним сын атоочтор жасалат: **тартиптүү-тартипсиз, күчтүү-күчсүз, эрктүү-эрксиз, акылдуу - акылсыз, пайдалуу-пайдасыз**. *Мисалы: Поездге жабышкан эл сан-түмөн,* ***күчтүүсү - күчсүздү*** *тоголото түртүп салып, түшүп кетип жатканы («К.К.Б.К», 56-б).* Автордук кепте **күчтүүсү - күчсүздү** деген сын атоочту берип, орток манилүүлүктү көрсөттү.

**– дай**. Бул мүчө аркылуу жасалган сын атоочтор негиз аркылуу туюндурулган затка кандайдыр бир окшоштуктун бар экендигин белги катары көрсөтөт. **Тоодой (толкун), алтындай (мүнөз), кагаздай (жука), балдай ширин), баладай (сүйкүм)** ж.б. *Мисалы: Алимандын ошондогусуна, анын айткан сөздөрүнө, анын* ***тоодой*** *адамгерчилигине, кыйышпас боорукерлигине ыраазымын, өлөр өлгөнчө ыраазымын, бирок өзүмө наaразымын, өзүмө наалат айтам…(«С.Ж»,110-б).* Автор каармандын кебинде Алимандын адамгерчилик жакшы сапаттарын **тоодой** деген сын атооч аркылуу салыштырылып боёктуу көрсөтүлдү, бул сөз сүйлөшүү стилине мүнөздүү.

*Мисалы: Күн шооласына чагылышкан жаандын салалары* ***сымаптай*** *кубулуп, бирде тоого, бирде ойго көчүп, дүйнө жүзүн жууп келе жатты («С.Ж», 111-б).* Автордук кепте **сымаптай** деген сын атооч сөз аркылуу

пейзажды сүрөттөгөн, сүйлөшүү стилине мүнөздүү. ***Мисалы: Бирок менин айтарым тетиги жаркыраган жаандай таза сөздөр эле («С.Ж»,111-б).*** Каармандын кебинде **жаандай** сын атооч аркылуу сөздүн тазалыгын жаанга салыштырылып боёктуу пайдаланды, сүйлөшүү стилине таандык.

**- дай** мүчөсүнүн уланышы менен жасалган сын атоочтордун бир кыйласы өтмө мааниге ээ болуп кеткен. Ошондуктан алар элестүү келип, көбүнчө сүйлөшүү стили менен көркөм стилде колдонулуп калган. Ч.Айтматов да чыгармаларында **- дай** мүчөсү менен жасалган сын атоочторду кеңири колдонгон. *Мисалы: **Тырмактай** немени үшкүрүгү эмне үчүндүр ага эң оор тийди («Б.Б», 230-б).* Каармандын кебинде баланы **тырмактай** деген сын атооч аркылуу салыштырып сүрөттөлдү, бул сөз сүйлөшүү стилине мүнөздүү.

**- лык** мүчөсү уланган сын атоочтор зат атооч негиз аркылуу туюндурулган нерсеге ылайыкталгандыгына, өлчөнгөндүгүнө, тиешелүүлүгүнө карата аныктайт. Негиздин семантикасына байланышып төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү белги катары билгизет:

а) Убакыт, мезгилди туюндурган сөздөргө уланып, ошол мезгилге ченелгендикти, тиешелүүлүктү: **айлык** акы, **жылдык** киреше, **жаздык** буудай, **кыштык** отун. *Мисалы: Айша ушуну менен көп болсо он күн оокат кыларсың, кийин **кыштык** азыгың болор, эртеңкини да ойлойлу, балаңдын убайын көр, көчөдө арабасы менен күтүп турат деп айттым («С.Ж», 97-б). Мисалы: Анын түшүмүн эмгек **акыга,** кары-картаң, жетим-жесирлерге бөлүштүрүп беребиз («С.Ж»,600-б). Мисалы: **Кыштык** отун-суу камдалган…(«К.К.Б.К», 224-б).* Автордук кепте **кыштык отун, кыштык азык, эмгек акы** сүйлөмдөргө өң-түс берип, китеп стилин көрсөтөт.

б) Орун-аралык, мейкиндик маанидеги негиздерге жалганып, ошол орунга, мейкиндикке тиешелүү, таандык экендикти: **айылдык, шаардык, колхоздук, элеттик**. *Эми карасаң, биздин **айылдык** бир аксакал кишинин сөзүн бөлүп, каяша айткысы бар («С.Ж»,121-б).* Каармандын кебинде **айылдык** деген сын атооч сөзүн колдонуп, боектуу бөлүп көрсөтүп, китеп

стилине таандык. *Мисалы: Ал шуркуя **шаардык** болсо болгондур, бирок кайнатасына келип ыйлап койсо боло («К.К.Б.К»,26-б).* Каармандын кебинде **шаардык** деген сөздү стилдик жактан орундуу пайдаланган, китеп стилине ээ.

**- лаш.** Бул мүчө аркылуу жасалган сөздөр заттын, заттык түшүнүктүн аты катары колдонулса – зат атооч, заттын белгиси катары колдонулса, сын атооч болот. Сын атооч катары заттын төмөнкүдөй белгилерин билгизет.

а) Ата–тек, тууган–туушкандыкты билгизген негиздерге жалганып, ата-тек, тууган-туушкандык жагынан кимдир бирөө менен бирге белгисин туюндурат: **аталаш иним, энелеш тууганым**. *Анда мен он төрттөгү жетим кыз **аталаш тууғандардын** колунда жүргөм («Б.М», 11-б).* Каармандын кебинде көрсөтүлдү, сөз китеп стилине тиешелүү.

б) Орун аралык, мейкиндик маанидеги негиздерге уланып, орун аралык, мейкиндик жагынан кимдир бирөө менен жалпы белгисин билгизет: **айылдаш балдар, короолош адамдар, көчөлөш жаштар, классташ окуучулар.** *Мисалы: Биздин **жердеш**, Борондулук жигитибиз ушундай экен дейт (К.К.Б.К, 21- б).*

в) Ой-сезим менен байланыштуу сөздөргө уланып, кимдир бирөө менен ушул жагынан бирге окшош, жакын экендигин түшүндүрөт: **сырдаш** кыздар, **саналаш** кишилер, **тилектеш** курбулар. *Мисалы: Табигаттын жандуудан эң бийик жаратканы – адам баласыбы, дүйнөнү чарк имерген ким – адам баласыбы, аңдай экен, бирине–бири мынчалык залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы? Айтчы чынынды, **сырдаш** талаам, айткын, айт мага жообуңду («С.Ж», 88-б).* Автор каармандын кебинде **сырдаш** деген сын атоочту колдонуп, Жер эне менен Толгонайдын монологун боектоп, китеп стилине таандык экендигин белгилөөгө болот. *Мисалы: Айрыкча сапарлашын **көңүлдөш, саналаш** киши болсо, аңгеме өзүнөн өзү жай уланып отурса («К», 279-б).* Калемгер каармандын кебинде **көңүлдөш, саналаш** деген сөздөр аркылуу китеп стилин көрсөттү.

**Зат атоочтон сын атоочту жасоочу аз өнүмдүү мүчөлөр:**

**- чан.** Бул мүчө затты (адамды) көзгө көрүнгөн сырткы белгисине, кандай кийим кийгендигине, кайсы курал, унаа менен жабдылганына ылайык аныктайт. Мындай өзгөчөлүк негиздин маанисине байланыштуу чечилет: **тончон, чапанчан, көйнөкчөн, жоолукчан, өтүкчөн, атчан**. *Мисалы: **Тончон** Эдигей эпсиз колжоюп, кызын кучактап өптү («К.К.Б.К», 243-б). **Атчан** – орус жигит экен («С.Ж», 62-б).* Каармандын кебинде **тончон, атчан** деген сын атооч сөз аркылуу стилдик жактан боёктуу колдонду, орток маанилүү. *Мисалы: Берки кичинелерин энеси эптеп жоолук-полукка ороп койсо керек, ал эми сегиз-тогуздардагы тестиер уулуна эчтеке жетпей, тытык **кемселчен** гана бүрүшүп отуруптур («С.Ж», 84-б).* Жазуучу каармандын кебинде жыртык **кемселчен** гана отурган баланы образдуу сүрөттөп, кийимине фон берди орток маанилүү. *Мисалы: Ошол замат шапа-шуп кармаша кеткен жаштар, кыйкырык сүрөөн менен, бирин - бири **кийимчен, өтүкчөн** бойдон суута сүйрөшө баштады («Ж»,173-б).* Каармандын кебинде **кийимчен, өтүкчөн** деген сөздөрдү колдонуп, каармандардын кийимдерин боёктуу сүрөттөдү, орток маанилүү. *Мисалы: Бир туруп кызгалдак жайнаган кысыр аңыз менен кара **жоолукчан** Алимандын чоң жолду көздөй качканы эске түшүп жатты («С.Ж», 118-б).* Каармандын кебинде **жоолукчан** деген сөз колдонулду, орток маанилүүлүккө ээ.

**– гы.** Бул мүчө атооч жөндөмөсүндөгү мезгилдик маанидеги атооч, жатыш жөндөмөлөрүндөгү орундук маанидеги жана атооч, жатыш жөндөмөлөрүндөгү орундук маанидеги зат атоочтордон сын атооч жасайт да, затты ошол орун, мезгилге тиешелүү аныктайт: **кышкы, жайкы, жазгы, түнкү, түпкү, четки, башкы**. *Мисалы: Бирок бир жаман жери кышкы чилдеде киргенде кудай бетин көргөзбөсө, чилденин каары менен бууранын каары төп келишип калышат («К.К.Б.К», 134-б). Көрсө, Данияр **түпкүлүгү** биздин айылдан экен («Ж», 150-б).* Каармандын кебинде **түпкүлүгү** деген сын атооч боёктуу берилди, орток маанилүү. *Мемиреп жуушаган **түнкү** тынчтыктын уйкусун бөлүп, ушул кезде улам күч алып, бөгөлгөн таштарга*

*урунуп, сайда шаркыраган суунун шарын, же болбосо башка бир кулакка угулар-угулбас дабыштарды тыңшагансып Данияр козголбойт («Ж», 150-б).* Сүрөткер пейзаждык сүрөттөөдө **түнкү** деген сын атооч сөздү боёктуу колдонуп, орток маанилүүлүктү берди.

**Зат атоочтон сын атоочту жасоочу өнүмсүз мүчөлөр:**

**– дар** мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган нерсенин затта бар экендигин, заттын ага дуушар болгондугун белги катары билгизет: **жарадар, кусадар, кабардар, карыздар.** *Мисалы: **Жарадар** бутун ал сүйрөй сылтып, ага анча күч келтирбөөгө аракеттенген менен, улам жаңыдан кадам шилтегенде, ооруганына чыдай албай тиштене калып, башын чулгуйт («Ж», 161-б).* Автор каармандын кебинде **жарадар** деген сөздү пайдаланды, орток маанилүү.

**- кор** мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган нерсенин жакшы көргөн, ошого берилген, ыңгайлашкан затты аныктайт: **малкор, камкор, мансапкор, жалакор**. *Мисалы: **Камкор** бол («К», 240-б).* Бул сөз сүйлөшүү стилине таандык. *Ушун үчүн көп адамдар Бостонду сыртынан сөгүп, «ачкөз», **дүнүйөкор**, кийин төрөлүп калган да, болбосо буга окшогон кулактын сөөгү небак Сибирдин карынын астында чирип жатат эле» дешип жүрүшкөнүн өзү да билет («К»,270-б).* Каармандын кебинде **дүнүйөкор** деген сөз колдонулуп, мыскылдаган элдин сөзүн эмоционалдуу-экспрессивдүү берди. Сүйлөшүү стилине ээ.

*- Ит элең, ит өлүмүнө туш болдуң, ушуну билгем мен, ушуну билгем. Өлтүр мени да, **канкор**! – деп жулунду анан Бостонго адам кейпинен небак ажыраган бечара Көк Турсун. - Мени да, итти аткандай атып сал! («К», 338-б).* Бул сөз сүйлөшүү стилине таандык.

**– кер** мүчөсү негиздин семантикасына байланышып, ар түрдүү маанилерди бере алат: а) Кээ бир абстрактуу маанидеги зат атоочторго уланып, заттын (адамдын) терс сапатын **(айыпкер, кылмышкер)** оң сапатын **(талапкер, үмүткөр, кайраткер, айлакер)** туюндурат. *Мисалы: Тиги киши өлтүргүч мыкаачылар, **кылмышкерлер**, арамдар азыр боорун оорутпай жинин келтирип, өч алууну каалатпайт беле («К»,194-б).* Автордук кепте

**кылмышкер** деген сөздү пайдаланып китеп стилин көрсөттү. *Мисалы: Алиман кийин **айыпкер** немедей унчукпай да калды өзү… («С.Ж», 114-б).* Автор каармандын кебинде адамдын терс сапатын **айыпкер** деген сөз боёктуу берди, бул сөз китеп стилине ээ. *Мисалы: Адам баласын байыртан коштоп келаткан кара ниеттик деген ыплас куралды колдоруна алган кезде булар кандай күчтүү, кандай **айлакер**! («К», 283-б).* Автор **кепте айлакер** деген сөздү стилдик жактан орундуу керектеп, бул сөз китеп стилине мүнөздүү.

- **көй** мүчөсү мүнөздүү түрдө абстрактуу зат атоочко жалганат да, негиз аркылуу туюндурулган нерсени заттын оң сапаты катары түшүндүрөт: **намыскөй, тамашакөй, амалкөй, тапкөй.** *Мисалы: Ал эми Жамийланын өзгөрүлгөнү эмне! Баягы **тамашакөй,** шайыр мүнөз келин эмне үчүндүр жоошуй түшүп, анын мурда ойноктогон өткүр көздөрү эми ичтен муңдана, тумандуу жазгы күн сыяктуу, жылуу мээримге толуп, назик тиктейт («Ж», 172-б).* Каармандын кебинде мүнөздү сыпаттаган **тамашакөй** деген сөз сүйлөмгө боёктуулукту, экспрессивдүүлүктү берип сүйлөшүү стилин көрсөттү. *Мисалы: - Кудай ургандай **амалкөйлүк**, ээ ! – деп эрксизден күлүп ийди Авдий («К», 131-б).* Бул сөз сүйлөшүү стилине тиешелүү.

– **поз, - боз** мүчөсү негиз аркылуу билдирген нерсеге заттын (адамдын) шыктуу экенин, дасыккандыгын туюндурат: **илимпоз, ышкыбоз.** *Бул көпчүлүккө белгилүү **илимпоз** аял биздин айылдан экенин, кыз кезинде шаарга кетип, кийин окумуштуу болгонун анча-мынча угуп жүрөм («Б.М»,7-б).* Автордук кепте **илимпоз** деген сын атооч аркылуу Алтынайдын ким экендигин белгилеп, китеп стилине ээ.

Зат атоочтордун сын атоочту жасоочу өнүмсүз мүчөлөр булар менен гана чектелип калбайт.

### Этиштен жасалган сын атоочтор

**Этиштен сын атоочту жасоочу өнүмдүү мүчөлөр:**

**–ык** мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракетке дуушар болуудан келип чыккан натыйжаны заттын белгиси катары билгизет: **бузук,**

**ачык**. *Мисалы: Бирок бай–бакубат тургандар, эл билген билермандар аны жактырбайт, ээн талаанын эбелегиндей болуп жүргөн-турганы бузук, жоругу жосунсуз дешет («К.К.Б.К»,253-б).* Жазуучу каармандын кебинде Раймалынын жорук-жосунун **бузук** деген сын атооч аркылуу берүүдө. *Мисалы: «Маңдайың **ачык**, Алтынай, жылдыздуусуң» - деп Дүйшөн айтып жүрбөйбү («Б.М», 30-б).* Каармандын кебинде портреттик сүрөттөөнү **ачык** деген сын атооч аркылуу берип, сүйлөмгө боёктуу өң-түс жаратты.

**– ма кыркма, чийме, эзилме, ачылма, асынма, эшилме**. *Мисалы: - Ой, чырылдаган **чийме** каштар, албарстынын көчүндөй болбой коркпой кече бергиле! («Б.Б», 212-б).* Каармандын кебинде **чийме** каштар деп аялдарга карата какшыктап колдонуп, боёктуулукту жаратты.

**– ынды** мүчөсү негиз аркылуу түшүндүрүлгөн кыймыл-аракеттин натыйжасында пайда боло турган белгини билгизет: **асыранды (бала), кесинди (жыгач), уланды (жип), туунду (сөз)** ж.б.

**–гыс** мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган маанини жокко чыгарып, ага карама-каршы келген маанини заттын белгиси катары көрсөтөт. Ошол себептен негиз менен салыштыра караганда туунду сын атоочтун мааниси экспрессивдүү келет: **унутулгус, акыл жеткис.** *Мисалы: Алиман келген жылы - **унутулгус** жыл, **эстен кеткис** жай болду («С.Ж», 55-б).* Жазуучу каармандын кебинде **унутулгус, эстен кеткис** деп ошол өзгөчө жыл экендигине басым жасап, экспрессивдүүлүктү сүрөттөдү.

**– чаак** мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган абалга заттын тез, чукул, ашыкча ооп кетме экенин билгизет: **таарынчаак, урушчаак, мактанчаак, кызганчаак, эринчээк.** *Мисалы: Жеңем **урушчаак**, начар аял эле («Б.М», 16-б).*

**– ыңкы** мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган абалга заттын дуушар болгондугун, ошондой болуп өзгөрүлгөндүгүн белги катары көрсөтөт: **азыңкы, жүдөңкү, басыңкы, көтөрүңкү, өчүңкү, кубарыңкы, бозоруңку.** Мисалы: *Иреңи **азыңкы** Ленин ал сүрөттө жарадар колун мойнуна асып, артын жапыра кийген кепкасынын астынан муңайым карап, «Эчтеке эмес,*

*балдар, силер да чоңоюп жетилесиңер. О, силердин келечегиңер, кандай сонун келечек!»…- дегендей терең ойго берилип турган эле…(«Б.Б», 19-б). Абуталип* ***кубарыңкы****, тумагы колунда жүрөт («К.К.Б.К», 165-б).Үнү таза, коңгуроодой, Абуталип болсо узак созуп,* ***басыңкы*** *ырдайт («К.К.Б.К»,163-б).*

**– ыш** мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган маани менен заттын ортосунда жалпылыктын, байланыштын бар экендигин белги катары көрсөтөт: **тааныш, окшош**. *Мисалы: Ботом, балдардын атасына ушунчалык* ***окшош*** *экендигин ошондо көрсөм болобу («С.Ж», 54-б).* Каармандын кебинде ата менен балдарынын **окшош** экенин сын атооч аркылуу сүрөттөйт. *Танабай бүшүркөй берди. «Кайдан көрдүм эле?» - деп эстей албады. Маңдайында* ***тааныш*** *адам турган сыяктуу, бирок аябай өзгөрүп кеткен* ***тааныш*** *сыяктуу. Тепсе темир үзгүдөй жаш жигит, жүзү күнгө тотуккан, көз карашы ишенимдүү, өңү жылуу, үстүндө сур кенеп костюм, башында чий калпак. «Ким болсо да шаардан го…» - деп ичинен Танабай («Г», 176-б).*

**Этиштен сын атооч жасоочу өнүмсүз мүчөлөр төмөнкүлөр:**

**- гыр.** Бул мүчө негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракетке жөндөмдүүлүктү затка белги катары билгизет: **- гыр. Алгыр** (тайган), **өткүр** (жигит). *Мисалы: Мүнөзүңдөн айланайыным,* ***өткүр*** *жаандай жаркылдаган түрүңдөн айланайыным, кылык-жоругуңдан болоюнум! («С.Ж»,617-б).* Сүрөткер Толгонайдын кебинде **өткүр** деген сөздү Алимандын мүнөзүн салыштырып, ыраазы болуу менен кубаттап бергендигин көрсөттү.

**– калак // калаң шашкалак // шашкалаң (адам), күйкөлөк // күйпөлөң** (киши). *Кеч киреерде үйгө келип, алда эмнеге* ***күйпөлөңдөп****, тынчтык таба албадым («С.Ж.»,98-б). Үй ээлеринин баштапкы* ***күйкөлөктөгөнү*** *бүтүп, майда- чүйдө нерселерге алаксыбай эл менен бирге отурду («К.К.Б.К», 162-б) .*

**Сын атоочтун жасалышындагы синоним мүчөлөр.** *Сын атооч сын –сыпатты* билгизгендиктен, сөз жасоочу мүчөлөрдүн өз ара синонимдик катышты түзүлүшүнө бир кыйла ыңгайлуу келет. Андай мүчөлөр өздөрүнчө

оттеноктук өзгөчөлүктөргө ээ болсо да, бирдей эле негизге жалганып, өз ара алмашылып колдонулган учурлар да кезигет. Буга төмөнкү мүчөлөр далил болот.

**- лак // - луу; таштак// таштуу, кумдак // кумдуу, саздак // саздуу:** *Мисалы: Конуш **таштак** жерде экен, менин тапкан казыгым эчтекеге деле жарабады («Б.М», 37-б). Мисалы: Жылкы буттарын асманды каратып баспай, **саздуу** жерди былчылдатып, **таштуу** жерди тарсылдатып, жер тепсеп басчу болду («Г», 18-б).*

**- чан //- луу: чапанчан //чапандуу, көйнөкчөн // көйнөктүү, жаракчан// жарактуу, оорукчан //оорулуу; атчан // аттуу**. *Мисалы: Каш карайган маалда бир **атчан** келди («Г», 158-б). Кызыл желекти көтөрүп, арабачан, **аттуу** келе жаткандардын алды бурулуштан жаңы эле көрүнө берген («С.Ж», 69-б). Былтыр нөшөргө киринген чыт **көйнөкчөн** экен («К.К.Б.К», 210-б). - Уулум, аялың **оорукчан** көрүнөт ээ? Эдигей селт этти. – Аялым эмес, карындашым болот, энеке. Ооруканага алпаратам («К.К.Б.К», 195-б). Күздүн жылуу күндөрүнүн бири палатага жаткан башка **оорулуулардын** баары короодо басып жүрүшкөн, так ошондо Арзыгүл бир кеп айтты («К», 355-б).*

**-ман // - луу: кадырман // кадырлуу, акылман //акылдуу.** *Мисалы: Анткени ошондо жаңы мектептин **кадырлуу** төрүндө мен эмес, сиз да эмес – биринчи мугалимибиз Дүйшөн аксакал отуруш керек эле («Б.М»,44-б). Ээрчий келген эки-үч курбу, эки-үч жигит болуп, босогодо таазим этип ийилип, **кадырман** кишилерден кечирим сурап турду («К.К.Б.К», 255-б). Бизден да **акылдуу**, бизден да билимдүү болуп, бизден бийик көтөрүлүп, өздөрүн да, өзгөнү да да бактылуу кылсын бу балдар («Г»,166-б). Баягы **акылмандарга** эми күлүп койсо да болот, карылар кээде аяныч сезим туудурат («К.К.Б.К», 147-б). - Үйгө куру кол барабызбы анан, **акылдуусун** муунун! («Б.М», 15-б).*

**-поз //- луу: өнөрпоз // өнөрлүү, ышкыбоз // ышкылуу, мээримпоз // мээримдүү, билимпоз // билимдүү;** *Мисалы: Өнөр сырын **өнөрпоз** өзү*

*билет эмеспи («К.К.Б.К», 235- б). Бирок кээ бир азыркы жогорку* ***билимдүү***, ***маданияттуу*** *мугалимдер Дүйшөн сыяктуу өз кесибин сүйүп, жүрөк жалыны менен ошого берилсе болор эле («Б.М», 45-б).* Каармандын кебин боектуу берүүдө **билимдүү** деген сын атоочту стилдик жактан тилдик каражат катары колдонду. *Мисалы: Үйүрдөгү тору кашка байталдын эрининдей мээримдүү жибек кол («Г», 49- б).*

**- кер - луу: күнөөкөр // күнөөлүү, айыпкер // айыптуу, талапкер // талаптуу;**

**- дар //- луу, жарадар// жаралуу, кусадар // кусалуу, санадар // саналуу; күнөөкөр//күнөөлүү.** *Мисалы: Тек бир жолу гана Чоро деген ишенимине шек келтирди, бирок ага да көбүнесе Танабай өзү* ***күнөөлүү*** *эле («Г», 48-б). Башы шылкыйып,* ***күнөөкөр***, *болуп, мойнунда сүлгү, арык ийиндерине илинген майканын бир арчындамасы түшүп кеткен, чабандардын жайдыр-кыштыр бутунан түшпөгөн керзи өтүкчөн, айласы түгөнүп, Гүлүмкандын астында турду («К»,354-б). Азыр да өйдө карай албай, өзүн ушул элдин астында* ***айыптуу*** *сезгенсип, чоочун немедей, жоолугу менен оозун катып, Сейде унчукпай отурду («Б.Б», 205-б)* *Каармандын кебинде өз күнөөсүн мойнуна алып* ***айыптуу*** *сезгенин боектуу сүрөттөдү. -Эмне дейин, чырагым? - деди муңайып. - Буерде баарын айтып түгөтө албасмын. Жалгыз гана айтарым: мен күнөөлүү эмесмин. Иерусалимдин дин уламасын муруттары менен кошо чакыртып алып, ме, өзүңөрдүн* ***айыпкериңерди*** *алгыла да, кандай бүтүм кылсаңар ошондой иш кылгыла деп колдоруна кармата бериш опоңой эле иш эмеспи («К», 144-б). Плащынын шөмтүрөгөн эки өңүрү чапкындуу жаанга* ***жаралуу*** *куштун канатындай далбактайт(«Г», 122-б). Эки наймандын бири жебе тийген жерде оңкосунан сайылып түштү, экинчиси* ***жарадар*** *болуп кайра качты да, өз тобуна эптеп жетип, ошерде кулады («К.К.Б.К», 119-б).*

## Сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы

Татаал сын атоочтор кош сөздөр же кошмок сөздөр тибинде болот. Мына ошого жараша алар кош сын атоочтор жана кошмок сын атоочтор болуп эки топко бөлүнөт.

**А. Кош сын атооч.** Грамматикалык табияты жагынан сын атоочтун өзгөчөлүгүнө ээ болгон кош сөздөр сын атоочтор болуп эсептелинет. Жазууда булардын ар бир түгөйүнүн (негиздеринин) арасына дефис коюлат: **алдуу-күчтүү, бийик-жапыс, кызыл-тазыл** ж.б. *Мисалы: Алардын соңунан бай айылдардын көчтөрү жүрүп, жорго минип, **кызыл-тазыл** кийинген кыз-келиндерди көргөндө таң калып, суктана карай турганмын («С.Ж», 49-б). Албетте, жанында **ал-кубаттуу** сүйөнүч - таянычы Ташчайнар бар дечи, бирок ар баштын өлүмү өзүнчө эмеспи…(«К», 238-б).*

Кош сын атоочтордун ар бир түгөйү жеке өз алдынча мааниге ээ болушу да, болбой калышы да мүмкүн. Ушул белгилерине карата алардын төмөнкү түрлөрүн атоого болот.

*Ар бир түгөйү жеке, өз алдынча мааниге болгон сөздөр:* **алыс-жакын, ак-кара, илим-билимдүү, жылуу-жумшак, улуу-кичүү**. *Мисалы: Борондуу Каранар нечен жолу өтүп жүргөн көнүмүш ийри сызма жол менен барар жердин **алыс-жакын** чамасын сезип, ээсин камчылантпай-теминтпей, кээде өзү оор онтоп, жеңил бакырып коюп, Сары-Өзөктүн жонун жондой, жайыгын жайлай,бир замандардагы туздуу көлдүн түбүн тамандай, майпаң басып, маң желип, жүрүп барат («К.К.Б.К»,209-б). **Ак-караны** териштирген жогоркулар Борондуу Эдигейге караганда миң эсе көп билишер дейм («К.К.Б.К»,110-б). **Улуу-кичүү** турганда көз жашын көрсөтпөйүн деди окшойт («Б.Б», 207-б). Акылдуу, **илим-билимдүү** чыккан сенсиңби?! («К.К.Б.К», 31- б). Борондуу Каранары - жанга эсептеп алыс-жакынга мине турган көлүгү ар качан алы-күчүндө («К.К.Б.К», 28-б).*

2. *Бир* түгөйү *жеке, өз* алдынча мааниге *ээ болгон, бирок экинчи бири ал касиетке ээ болбогон кош сын атоочтор:* **оңой-олтоң, эски-уску, майда-чүйдө** (өз алдынча колдонулган түгөйлөрү белгиленди). *Мисалы: Үстүндө*

***эски-уску** кийим болуп суукта үшүбөсө, курсагы тоюп турса, башка эчтеме сурабайт да кейибейт («К.К.Б.К», 116-б). Бирок администратор катын анчалык **майда-чүйдөсүн** айта албады («К», 55-б).*

*Ушунда там - жай салып, бак тигип, **очор - бачар** чарба күтүп, күн көрөбүз дегендердин мындан жети жыл мурун баштаган иштери илгери жылбай, артка кетип, алгачкы аракеттеринин изи гана калган («Б.Б», 133-б).*

3. *Эки түгөйү тең жеке, өз алдынча мааниге ээ болбогон кош сын атоочтор:* **оргу - баргы, одур - бодур, илең - салаң**. *Мисалы: Кечээ эле жер бети кара эле бүгүн күнгөй-тескей дебей тегиз кар жамынып, тоо боорлоп ак боз киргилт туман **илең-салаң** жылжыйт («Б.Б», 210-б). Бостон жараканын четине жетип карады аңгыраган капкара жар; муздун **одур-будур, урчук - бурчук** капталы тик ылдый, түбү көрүнбөгөн түпкүргө кеткен («К», 291-б).*

Кош сын атоочтор ар башка сын атоочтун жупталышы же бир эле сын атоочтун кайталанышы аркылуу жасалат. Булардын алгачкысынын ар бир түгөйү өз ара маанилеш **(акыл-эстүү, өңдүү-түстүү)** же карама-каршы манилеш **(жакшы-жаман, арык-семиз, ачуу-таттуу)** болот. *Мисалы: **Өңдүү-түстүү**, бели буралган жаш кыз экен, адегенде ичим жылып, өз баламдай көрүп калдым («С.Ж», 55-б).* Каармандын кебинде келинге карата өз симпатиясын өңдүү-түстүү кош сын атоочту берүү менен боёктуу сүрөттөдү, орток маанилүү.

*Азбы-көппү Субанкул экөөбүз далай жыл бирге өмүр сүрүп, турмуштун **ачуу-таттуусун** татып калдык, балалуу-чакалуу болдук тилегибизге жеттик («С.Ж», 89- б).*

Алимандыкы күнөө болсо, ал менин да күнөөм, бала төрөсө, ал менин да балам, уят-сыйытын, **жаман-жакшы** кордугун бардыгын тең тартам деп, өзүмчө биротоло чечип алгам («С.Ж»,123-б). Кайталанма сын атоочтун төмөнкүдөй түрлөрү бар: (64:103).

а) *Бир эле сын атоочту өзгөрүүсүз кайталоо:* **эстүү - эстүү (жаштар), акылдуу–акылдуу (кишилер), бийик-бийик (үйлөр)**. *Мисалы: Айлана-тегерек бүт аппак кар, бир жери шейшеп жапкандай тептегиз, бир жер*

*кырданып, катмарланып, бороон-чапкында* **бийик-бийик** *касабаларга айланган («К», 290-б). Мырзакулдун баш жагы туюк аң,* **майда-майда** *булактары бар, камыштуу коктуга келгенде, Сейде бурулушка токтой калды. («Б.Б», 237-б).*

б) *Бир эле сын атоочту фонетикалык өзгөртүү менен кайталоо:* **эски-уску, жаман–жуман, тааныш–тунуш** ж.б. *Мисалы: Үстүндө эски-уску кийим болуп суукта үшүбөсө, курсагы тоюп турса, башка эчтеме сурабайт да кейибейт («К.К.Б.К», 116-б).*

*Кош сын атоочтун түзүлүшү да ар түрдүүчө:*

1. *Ар бир түгөйү тилдин азыркы этабында уңгу түрүндө турган кош сын атооч:* **ак-кара, бийик-жапыз, жоон-ичке**. *Мисалы: Жаңыча ойлооңо жол берилсе, укумдан-тукумга жетсе деп адамдар азап менен тозоктун арасынан алып өткөн, түпкүлүк негизинен миң жылдап куралган куну кымбат осуят-нарктын,* **ак-каранын** *жоболорун сен биротоло жокко чыгаруудан таюу тартпайсың («К», 88-б).*

2. *Бир түгөйү уңгу, экинчиси уңгу сөз жасоочу мүчө түрүндөгү кош сын* атооч: **акыл-эстүү, тил-ооздуу, бала-бакыралуу, мал-мүлктүү**. *Мисалы: Анан дагы бир туш болгон окуя – Жерден башка да Ааламдын бир жайында* ***акыл-эстүү*** *жашоо бар экендигине далил болгондо биздин бүтүмүбүз бүтүп калган болуучу («К.К.Б.К», 48-б). Айыл арасында го колунан жамандык жакшылык да келип, жыйналыш–жыйында чыгып сөз сүйлөп, аш-тойдо аксакалдар менен тең катары тизгиндешип, эл башкарышып жүргөн өкмөт жигиттер кадыр-барктуу болуп, оозго кирет («Ж»,153-б). Алиман экөөбүз ачток болсок да тиштенип, колхоздун жумушунда жүрүп. Күн өткөрүп жаттык, ал эми* ***бала-чакалуулар*** *жашаалметтер аябай кыйналды («С.Ж», 92- б).*

3. *Ар бир түгөйү уңгу сөз жасоочу мүчө түрүндөгү кош сын атооч.* **колдуу-буттуу, баштуу-көздүү, акылсыз-эссиз, ысык-суук.** *Мисалы: Алдыда буура минген Бороңдуу Эдигей, анын соңунда прицеп тарткан дөңгөлөктүү трактор, прицептин соңунда тумшугуна бульдозер күрөгүн байлаган, артына жер челгич чөмүчүн асынган, коңуз кебетелүү,* ***колдуу-буттуу*** *тарбайган*

*«Белорусь» трактор («К.К.Б.К», 84-б). Анын ушул ысык-суукка туурулган берчтей катуу эриндерин ал азыр түшүндө эмес өңүндө өпкүлөп жатты («Б.Б», 202-б).* Автордук кепте **ысык-суукка** деген сын атоочту колдонуу менен каармандын кебете-кешпирин боёктуу сүрөттөдү, орток маанилүү.

*Зат атооч менен зат атоочтун айкашынан:* **кыргый кабак, бүркүт кабак**. *Дүйшөн деген кишини мен анча жакшы билген эмесмин. Бою каркайган,* ***бүркүт кабак,*** *салабаттуу адам окшоду эле («Б. М», 6-б).* Автор Сейиттин кебинде портреттик сүрөттөөнү **бүркүт кабак** деген кошмок сын атооч аркылуу боёктуу фон берүүдө сөздү пайдаланды.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги сын атоочтор өзүнүн аз санда жана аз өнүмдүү экендигине карабай, текстти стилистикалык жактан жиктөө өзгөчөлүгүнө ээ. Дайыма мындай сапаттарын эске алуубуз керек.

Демек, Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилинде сын атоочторду каармандардын мүнөзүн, кебете-кешпирин, сырткы келбетин, кийим-кечесин, буюмдарын, пейзаждык сүрөттөөдө жеткиликтүү, образдуу колдонулуп, чыгармага өзгөчө көрк берип, окурмандын сезимине таасир этүүчү жагдай жаратып, аны ачып берүүдө стилдик боёктуулук берип турат.

## 2.4. Сан атоочтун Ч. Айтматовдун чыгармаларында колдонулушу

Сан атоочтор кыргыз филологиясында сан жагынан чектелүү болгону менен кепте активдүү колдонулат. Окумуштуу Н.Чечейбаева сан атоочтор да турмуштук эң зарыл түшүнүктөрдү билдирүүчү сөздөр катары кепте өздөрүнүн стилистикалык сапатын ачат деп белгилейт (176:111). Сан атоочтор сүйлөм ичинде жалпы суммага аныктыкты, конкреттүүлүктү киргизүү үчүн кызмат кылат. Сан атоочтор бардык учурда эле сумманын конкреттүүлүгүн көрсөтө бербейт, айрым аффикстери жана кээ бир сөздөр менен биргеликте белгисиздик маанисин да билдирет. Бул көбүнчө бир сан атоочуна тиешелүү. **Бир канча, бир аз** сыяктуу тизмектерде **бир** сөзүнүн мааниси тизмек маанисине бүтүн сиңип кетти, ал өзүнүн санды көрсөтүү касиетин жоготот же лексикализацияланат. Мындай касиет, айрыкча бир топ

типтүү тизмекте көзгө чалынат. Азыркы өзбек тилинде эсептик сандар сан атоочко – **та** аффиксинин жалганышы менен жасалат жана эсептөөгө мүмкүн болгон предметтин өлчөмүн көрсөтөт. Ушул жагынан алып караганда дана, нафар, баш сөздөрү - **та** аффикси менен синоним экенин белгилешет (168).

Сан атооч заттардын (кээде кыймыл-аракеттин) сан жагынан белгисин – такталган санын **(миң кой, кырк киши, жүз өрдөк)** же сан жагынан чамаланышын **(он миңдей китеп, беш миңче уй)**, болбосо эсептөөдөгү катар ордун, иретин **(биринчи, экинчи, үчүнчү)** билгизет. Бул учурда ал сын атооч, зат атооч сыяктуу эле жөндөмөлөр менен жөндөлбөйт, сан, жак категориясы менен өзгөрбөйт. *Мисалы: Чет-четтен чийлер ыкташып, жаан чачыңдан кийин топурагы борпоң торпоң карайган жолдо, катарлаш баскан* ***эки*** *жолоочунун изи тигинден бери чубайт. Жолоочулар улам жакындаган сайын алардын издери жерге даана түшүп, өздөрү азыр дагы* ***бир–эки*** *кадам шилтесе, рамканын сыртына аттап, ушундан ары кетип калчудай сезилет. Айтмакчы жолоочунун бири… Бирок мен шашпайын, сөз башынан болсун. Бул өзү кечээ эле балалык чактагы окуя. Ата Мекендик согуш* ***үчүнчү*** *жылга аяк басып, Курск менен Орелдун майданында күчөп турган күн («Ж», 139-б).*

Сан атоочтор сөз түркүмү катары - атсыз сандарды, буюмдун санын аларды эсептөөдө алардын катарын көрсөтөт. Сөз түркүмү болуп туруп алар так илимдер сферасын камсыздайт, тилдин жазуу формасында санды көрсөтүү үчүн цифралар колдонулат. Өзүнүн семантикалык өзгөчөлүгү сан атоочторду башка мааниге өтүшүнө жол бербейт. Ошондуктан сан атоочтордун экспрессивдүүлүгү негизделбегендей болуп көрүнүшү мүмкүн. Бирок стилдин ар бир түрүндө өз орду бар (68). Публицистикалык стилде бул сөз түркүмү өтө күчтүү тилдик экспрессиянын (ачыктыгынын) булагы болуп калышы мүмкүндүгүн белгилеген. Публицистикада сан атооч өзүнүн маанисин көрсөтүп, кичине эмоцияны чагылдырат. Мисалы: Улуу Ата Мекендик согуш **жыйырма миллион** адам өмүрүн алып кеткен деген кабар окуучунун сезимин козгой алабы? Мындай учурларда сан атооч өзүнүн информативдик функциясын жоготпостон, тилдин экспрессивдүүлүгүнүн

күчөтүүнүн маанилүү каражаты болуп калат. Ал эми көркөм стилде сан атоочторду стилистикалык жактан өздөштүрүүнүн эки жолу так аныкталган. Сандын так аталышы, чыгарманын маанисине себепкер болгон, бул учурда жазуучу сан атоочторду цитаталуу колдонуп, көркөм текстке информация берип турат. Мында сан атоочтун функционалдык стилдик түрү көрсөтүлөт. Мисалы: Бүгүнкү чалгындоо борборунун айтышы боюнча немецтер жаңы чабуул коюуга даярданып жаткандыгы анык болду. Алар Красиково, Жданова, Муровцево элдик пункттарда **80ден ашык** танкты, **эки** полкту, **алты** минометтук жана **төрт** артилериялык батареяларды топтоштурушуптур. Улуу жазуучу Л.Толстой фактыларды сүрөттөөдө сан атоочторду биринчилерден болуп кеңири колдоно баштаган. Мисалы: **300** кадам басканыңдан кийин, сиз дагы батареядан чыгасыз. Бул жерден сиз **беш** матросту **бир** деңиз офицерин көрөсүз. Ал офицер сизге **бешинчи** числодо боло турган бомбалоону айтып берет.

Сан атоочтордун стилистикалык активдүүлүгү, эгерде сөз түркүмү окуяларды сүрөттөө үчүн колдонулса, көркөмдүгү дагы күчөйт. Сан атоочтордун каармандардын жүрүш - турушун, алардын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулушу чындыкка жакындаштырат жана «чыныгы жашоо» жөнүндө иллюзияны түзөйт.

*Мисалы: Ростовдордун үй-бүлөсү саат* ***ондордо*** *тавригага багына фрейлиндерди алып келүү үчүн бармак эле, бирок саат* ***онго беш*** *минута эле калса да, кыздар али кийинише элек эле.* Бул сүйлөмдө автор актуалдаштыруу маанисине көбүрөөк көңүл бурган болсо жана бул системага тилден көркөм-сүрөттөө каражаттарын тартса, сан атооч экспрессивдүүлүккө ээ болмок.

Н.А.Некрасов сынчылардын сындоосуна карабастан, сатиралык чыгармаларында да сан атоочторду колдонгон. Мисалы: Ушу менен максатка жеттик….алардын табити дароо эле жыйырма **эки жарым** процентке түшүп калды. Кээ бир сан атоочтордун өтмө маанисинде колдонулушу, сөз экспрессиянын күчтүү булагы болуп калышы мүмкүн. Чоң сандар болсо

гипорболизация үчүн колдонулат. Миң түркүн, миңдеп жапа чегүү өлүмгө чейин төрт кадам (68: 265).

Ал эми Ч.Айтматов да чыгармаларынын тилинде сан атоочторду активдүү пайдаланган.

*Ушул күз эки жыл үзгүлтүктөн кийин, мен кайра мектепке жүрө баштадым («Ж», 189-б). Бол аттангыла, жеткен эле жерден тентиген ит чала казакты жыга чаппасам, атым өчсүн, мейли он жыл мойнумда, бирок көрүнгөнгө Олжобайдын катындарын талоонго бербейбиз («Ж», 192-б).*

*Биз башынан эки үй жанаша турабыз, үч кез дубалы мыктап салынган, мечит жактагы дөбөчөдө турган бак-дарактуу короолор ошол биздики («Ж»,196-б).*

Сан атоочтор дайыма конкреттүү санды көрсөтө бербейт, б.а. айрым аффикстер жана айрым сөздөр менен биргеликте анык эмес маанини да туюнтат, мындай өзгөчөлүк **бир** деген сан атооч сөзүнө тиешелүү. **Бир** сан атоочу жалаң гана заттын санын билдирбей, божомолдоо, белгисиздик маанилерин туюнтууда көркөм жана сүйлөшүү стилдеринде стилистикалык боёктуу сөз катары керектелет:

Жогоркудай жакындыктар сан атооч менен сын атоочтун бөтөнчөлүктөрүн жокко чыгара албайт. Сын атооч мурда айтылгандай, мүнөздүү түрдө заттын табияты менен ажырагыс түрдө байланышкан, анын өзүнөн табыла турган белгилерин билгизсе, сан атооч зат менен табигый түрдө байланышпаган, башка заттар менен сан жагынан болгон катышына, орун тартибине ж.б. менен байланышкан белгилерин туюндурат. Башка бир же бир нече өзүнө окшош затты кошкондон, же алып таштагандан ал белгилер өзгөрүп кетпейт. Мына ошентип, сан жөнүндөгү маанини билгизген, айрымдары сөз өзгөртүү системасы менен өзгөрүлсө, айрымдары ал касиетке жетише албаган, өзүнө тиешелүү форма жасоочу мүчөлөрү жана жасалыш өзгөчөлүктөрү бар сөз түркүмү сан атооч болуп саналат. Сан атоочтор кыргыз тилинде сан жагынан чектелүү болгону менен, кепте активдүү колдонулат. Алардын негизги кызматы - аныкталгычка аныктыгын жана тактыгын киргизүү. Бул аркылуу сүйлөмдөгү ойго жалпы толуктоо

киргизилет. Сан атооч сөздөр ушул белгилери боюнча сын атооч сөздөргө окшошуп кетет (176:11). Ошондуктан стилистикалык планда сан атооч сөздөр функционалдык жактан кепте жиктелгендиги менен өзгөчөлөнөт. Натыйжада сан атоочтор турмуштагы эң зарыл түшүнүктөрдү билдирүүчү сөздөр катары кепте өздөрүнүн стилистикалык сапатын ачат.

Сан атоочтор башка сөз түркүмдөрдөгү сөздөр сыяктуу функционалдык аспектиде кепте чектелип колдонуларын белгилеген (35: 36).

## 2. 5. Сан атоочтун түрлөрү

### Эсептик сан атооч

Эсептик сан атоочтор сан атоочтун калган түрлөрүнө салыштырганда, кыргыз адабий тилинин бардык стилдеринде колдонула бере тургандыгы менен айырмаланат.

*Мисалы: Айланып келип* ***бир*** *пикирге такалам: болгон чындыкты бала туура түшүнүш үчүн мен сага жалгыз гана анын тагдырын эмес, бүт заманымдын тарыхын, өткөн кеткендер жөнүндө, өзүм жөнүндө, баарына күбө болгон, касиеттүү талаам, сен жөнүндө, ал түгүл ушул кезде ойноп жүргөн велосипеди жөнүндө айтып беришим керек («С.Ж», 48-б).* Автор **бир** деген эсептик санды берүү менен Толгонайдын миң бир түркүн кыялын, пикирлерин, өткөн тагдырын берген, сүйлөшүү стилине мүнөздүү.

«Көркөм чыгармаларда тарыхый реалдуулукту туюнтуу же улуттук колоритти берүү максатында архаикалык эсептөө системасын пайдалануу сейрек болсо да кездешет» (105:140) - **Бирдин үчү** деген сан атооч беш деген түшүнүктү туюнтарын окумуштуу Н. Чечейбаева К. К. Юдахинге шилтеме берип далилдейт. Мында **бирдин үчү** (чүкө) – беш деген санды билдирет. Ал эми алты деген санды **бирдин үчү бир чүкө** деген сөз айкаштары билдирет,- деп көрсөткөн (176:7-8;105:140). Т. Касымбеков «Сынган кылыч» романында **бир тогуз** тибиндеги архаикалык эсептик сан атоочту колдонот. Көрксүз, калпыс кылып, **үч тогузду** жасагандан көрө… урунган киши кубангыдай кылып, **үчтү** гана жаса. **Эки тогуз** чөйчөк, бир тогуз чара аяк кырдым. К. К. Юдахин «Кыргызча – орусча сөздүктө» (140:771) бул сан атоочко

атайын токтолбосо да, тогуз сөздүк макаласында төмөнкүдөй чечмелейт: Тогуз 2 ист. Девятка подношение или штраф в количестве девяти голов ската. Демек, **тогуз - тогуз, эки тогуз – он сегиз, үч тогуз – жыйырма жети** деген сандык түшүнүктөрдү туюнтат. Кыргыз эли жылкынын, уйдун, бугунун жана төөнүн жашын аныктоодо сан атооч менен кошо **асый** сөзүн айтат. Мисалы: **бир асый, үч асый**. Мындай эсептөө системасында асый деген сөздүн өзү беш деген сандык түшүнүктү туюнтат да, андан мурда келген сан атоочту төрткө кошуп, ошол жаныбардын жашы чыгарылат: *Азыр **тогуз асыйга** жакындап, - бар келбети чымыраган күчкө толуп жетилип турган күн («К.К.Б.К», 28-б).* Бороондуу Каранардын жашы отуз төрт жашка жакындап калганын Ч. Айтматов улуттук колоритти сактаган архаикалык эсеп системасы боюнча жогоркудай туюнтуп, эстетикалык эффект жаратты. *Мисалы: Бирде үлбүрөгөн ак-боз булуттар көгүлтүр асманда айылдын үстүнөн жазгы көч жүргүзүп, бирде жер дүңгүрөтүп кишенешкен жылкы, үйүр-үйүрү менен жайлоого сабалап, **азый чыкма** айгырлар көкүлдүн астынан албууттанган от ойнотуп, үйүрүн кызгана чарк айланып, элирип азанашат («Ж», 170-б).* Автордук кепте **азый чыкма** айгырлар деп аттардын жашын канчада экенин берүүдө колдонду. Жыйынтыктап айтканда, жазуучунун кептик стилинде эсептик сандар активдүү колдонулат. *Төө узак жашайт эмеспи. Ошол үчүн болуу керек, иңген **бир асый** болгондон кийин араң тубат, анан дагы жыл сайын эмес, эки жылда бир тубат, башка жаныбарлардан айырмаланып, баласын он эки ай көтөрөт («К.К.Б.К», 28-б). Борондуу Каранар тандап бөлүп алган төрт баш төө үйүрү дөбөнүн түбүндөгү ыкта турду («К.К.Б.К», 238-б ).*

**Жүз** жана **миң** сан атоочторунан мурда келген **бир** сан атоочу көркөм, публицистикалык жана сүйлөшүү стилдеринде түшүрүлүп айтылып, текстке сүйлөшүү кебинин белгисин киргизет. *Мисалы: Убадасын болсо тартынбастан берди: **жүз** тубар койдон **жүз ондон** козу, ар бир койдон үч килограммдан жүн өткөрөм деп айтыш оңой, аткарып көр эми. Ар бир кой аман тууп, төлү аман болсун де («Г», 107-б).* Жазуучу Танабайдын сөзүндө

милдеттенмесин алууда ар **бир жүз** тубардан **бир жүз ондон** козу дегенде **бир** сын атоочу түшүрүлүп стилдик жактан сүйлөшүү кебинин белгисин берди. Каармандын кебин жекелештирип көрсөттү. Кыргыз тилинде улуттук каада-салт, философия жана психологияны чагылдырган **бир, үч, жети, тогуз, он сегиз, жыйырма беш, отуз, кырк, жүз, миң** сан атоочтору кепте көп колдонуларын өзүнүн эмгектеринде Т.Аширбаев белгилеп көрсөткөн. Бул сандар кандайдыр бир кептик формула - килеше катары кадыр эсе кептеги ошондой эле сан атоочтордон айырмаланат. *Мисалы: **үч, жети, тогуз** фольклордук - поэтикалык мааниге ээ болуп, жомоктордо кеңири колдонулса, **он сегиз** жан **жыйырма беш** поэтикалык боектуу сөз катары сулуулукту, жаштыкты, күч-кубатты символдоштурат. Жапжаш **он тогуз жыйырмалардагы** жигит, өзү ичке көрүнгөнү менен колдору тарамыштуу, сом темирдей салмактуу эле («С.Ж»,49-б).*Формула- килешелер **миң** жана **жүз** тилибизде калыптанып бүткөн. Ошондуктан алкоо, ыраазычылык билдиргенде **жүзгө чык, миң ырахмат** деп айтылат. *Бирок а кезде ошентип жеткенине **миңден бир** ыраазы («К.К.Б.К», 56-б).* Ал эми көркөм чыгарманын тилинде пайдаланылган сан атоочтор тике сандык түшүнүктү туюнтуу үчүн гана колдонулат. *Мисалы: Орбитада жападан-жалгыз калып, изилдөөлөрүмдү жүргүзүп жатканыма мына **беш** айдын **жүзү бир жүз отуз жети** күн болду («К.К.Б.К», 101-б). Булар орто эсеп менен **жүз отуз-жүз элүү** жашка чыгат, кээ бирөөлөрү **эки жүз** жыл жашайт экен («К.К.Б.К», 91-б).* Автордун көрсөтүлгөн сандарды сүйлөм курамында керектеп, **беш жүз** сан атоочунун **жарым миң, жарты миң** сан атооч сөзү менен синонимдеш колдонулушу текстте сүйлөшүү стилинин маанисин берет. *Ал экөө оболу космостон радио аркылуу кармоо жолу менен англис жана орус сөздөрүн топтоп, жер сөздүгүн түзүптүр. Биз жолуккан учурда ал экөө эки **жарым миң** сөз жана терминдердин маанисин изилдеп, үйрөнүп алышкан экен («К.К.Б.К», 89-б).* Автор каармандын кебинде **эки мин** сан атоочуна **жарым миң** сан атоочун кошуп, **эки миң беш жүз** деген синонимдеш сан түшүнүгүн берген.

Орус тили аркылуу кабыл алынган, эл аралык лексика катары таанылган **миллион, миллиард** деген сыяктуу сан атоочтору бар көркөм чыгарманын тилинин стилинде сандык түшүнүктү берүүдө колдонулат. *Мисалы: Елизаров Сары-Өзөктү геологиялык иштер менен кыдырып жүрүп, **миллион** жыл мурунку - динозаврдын жумурткасын тапканы ырас («К.К.Б.К»,151-б). **Миллиард** жылдар бою Галактиканын бөтөнчө шартында узакка созулган планетарлык эволюциянын таасирин көрүп келген Икс материясынын энергетикалык табияты ушундай болуп чыкты (К.К.Б.К»,3-б).* Жыйынтыктап айтканда, эсептик сан атоочтор Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилинде каармандардын жашын, окуяларды факты менен берүүдө, заттардын же буюмдардын өлчөмүн сапаттоодо, стилдик ар кандай максатта колдонулган.

**Иреттик сан атооч**

Иреттик сан атоочтор адабий тилдин бардык стилдеринде колдонула берет жана текстте заттын иретин же кыймыл – аракеттин аткарылуу катарын туюнтат. Иреттик сан атоочтор **- ынчы (нчы)** мүчөсү улануу менен түзүлөт. *Анын үйү суунун аркы маңдайында **экинчи** бригаддын көчөсүндө («Б.М», 6-б). Бул иш **1924–жылы** болгон. Ооба, мен жакшы билем, так ошол жылы. («Б.М», 11-б). Ал үч бир тууган силердин балдарыңар экенин баягыда, Субанкул ушул жерге **биринчи** жолу трактор айдап келгенде билдим («С.Ж», 52-б). Жыйын - териндин **биринчи** күнү өзүнчө эле майрам эмеспи («С.Ж», 56-б).*

Көркөм стилде татаал сан атоочтун башында келген бир саны түшүрүлүп айтыла берет. *Мисалы: Бир топ жылдан кийин, **элүү жетинчи** жылдарда Елизаров Афанасий Иванович жазып алды («К.К.Б.К», 149-б).* Каармандык кепте стилдик максат менен сөздүн башында **бир миң тогуз жүз** сан атоочу түшүрүлүп берилген.

Жыйынтыктап айтканда, иреттик сандарды жазуучу чыгармаларында ар кандай стилдик максатта колдонгон.

**Жамдама сан атооч**

Жамдама сан атоочто сандык мааниге караганда заттык маани басымдуу. Көркөм стилде татаал сан атоочтун башында келген **бир** саны түшүрүлүп айтыла берет. Жамдама сан атоочтор сан жагынан өтө аз. Алар сүйлөшүү стилинде жана көркөм чыгармаларда кеңири колдонулат. Китеп стилдеринде өтө сейрек пайдаланылат. Сан менен заттык түшүнүктү жамдап көрсөтүп, **канчоо? нечөө?** деген суроолорго жооп берет. Жамдама сан атоочтор эсептик сандарга **- оо** мүчөлөрү улануу менен түзүлөт. Жак мүчөлөр уланганда төмөндөгүдөй өзгөрөт: **бирөөбүз (сүңөр, сүздөр), экөөбүз (сүңөр, сүздөр)**, ж. б. *Мисалы: Экөөбүз ар кимибиз өз-өз үй-бүлөбүзгө кат таштап кетели («К.К.Б.К», 53-б).* Каармандын кебинде **экөөбүз** деген сөздү колдонуу менен сүйлөшүү стилин берди.

***Карасам үч уулум үчөө** тең бирин–бири карманышып, трактор айдаган атасынын жанында келе жатышат («С.Ж», 53-б). Касым го – өзүнчө болуп калды - деп ичимден түгөлдөп жаттым, жаз чыгары менен келинчеги **экөө** бөлүнүп, үй–жай күтүп кетишет («С.Ж», 59-б).* Каармандын кыялдануусун берүүдө **экөө** деген жамдама сын атоочту керектеп, сөз сүйлөшүү стилинин боёктуулугуна ээ болот.

*Солдатты да туугандары бир жакка эрчитип маектешти окшойт, короонун ортосунда жеңем **экөөбүз** эле калыптырбыз («Ж», 185-б). Эртеби кечпи, акыры бир күнү ал угат да, Толгонай. Элдин арасында оозу бош **бирөө–жарым** жок дейсиңби? («С.Ж», 47-б).* Каармандардын кебинде **бирөө-жарым** деген жамдама сан атооч колдонулуп, божомолдоо берилип, шек саноону көрсөттү, сүйлөшүү стилине ээ.

***Беш-алтоо** аттуусу, калганы жөө турган кичинекей топтун ортосунда көөнө кара шинель кийген, бажырайган кубакай жигит сүйлөп жаткан экен, биз жетип барган учурда, ээрде кыйшая тартып кулак салып турган атчандардын бири, анын сөзүн бөлүп жиберди («Ж», 12-б).*

Жамдама сан атоочтор текстте жамдоо, жалпылоо, айрым учурда белгисиздик маанилерин туюнтуу үчүн керектелерин Т.Аширбаев белгилейт

да, жамдама сан атоочко басым жасайт. *Мисалы: **Бирөөгө** кол көтөрүп, тил тийгизсем да мен күнөөлүү эмесмин. Бирок аны түшүндүрүп жеткизе албайм. Ушундай чырагым («Г», 152-б). Кишилер **алтоо** болучу, атылган олжону жыйноо үчүн чогулткан, ар кошкондон бир кошкон кишилер, шопуру Кепаны кошо эсептегенде алтоо («К», 33-б).*

Сүрөткер жамдама сандарды чыгармаларында кеңири пайдаланып керектеген.

**Топ сан атооч**

Топ сан – сүйлөшүү жана көркөм стилдерде гана активдүү болот. Кыргыз тилинде топ сандын өзүнө тиешелүү мүчөсү жок, бир же эки кайталанган эсептик сандарга чыгыш жөндөмөсүнүн **- дан** мүчөсү уланув менен гана жасалат. *Мисалы: Анда азыркы биздин айылыбыз турган жерде он-он беш түтүн жатакчылар болоор эле («Б.М», 11-б). Автор **он-он беш** деген топ сандарды берүү менен ошол учурдагы айылдын жашоочуларынын санын болжолдоп, Алтынайдын кебинде көрсөттү. Сүйлөмгө топ сан стилдик түс бере алды, сүйлөшүү стилине ээ. Садык акем кат жазганда әдегенде: Амандык кат – деп туруп, анан Андагы Таластагы атыр жыттуу, салкын абасында жашаган, жандан артык көрүүчү атам Жолчубай – деп атамдан баштап, анан апамды, анан иштерман энемди айтып, ушинтип баарыбызды **бир-бирден** өз кезеги менен атап, жакын тууганарыбыздын аманчылыгын сурашып, эң акырында: Жана дагы аялым Жамийла аман эсен турабы – деп, Жамийланы бир ооз сурап өтөт («Ж», 205-б).* **Бир-бирден** сан атоочу түзүлүшү боюнча татаал, маанилик жана курулуш өзгөчөлүгүнө ылайык топ сан. **Бир-бирден** сан атоочу эсептик сан атоочко чыгыш жөндөмөсүнүн жалганышы жана кайталанып берилиши аркылуу түзүлдү. Сүрөткер чыгармаларында топ санды чектелүү колдонот, бул сөз сүйлөшүү стилине таандык. *Кээде **эки - үчтөн**, же жалгыз бастырган атчандар көрүнө калат, ат алардын абзелдери да ээелки, кээсинин башындагы шуңшугуй бөркү да ээелки… («К», 93-б).*

**Чамалама сан атооч**

Чамалама сан заттардын санын так, ачык-айкын билгизбестен, божомолдоп, чамалап билгизет: морфологиялык жол менен жасалышында төмөнкү мүчөлөр колдонулат.

**1. –ча: кыркча, элүүчө, миңче ж. б.**

**2. –дай: кырктай, ондой, жүздөй** ж. б. Бул мүчө кээде сан атоочтон кийинки өлчөм маанисиндеги сөздөргө уланат: ***Жыйырма чакырымдай** боз талаа менен жүрүп отуруп, төмөндө жаткан Кара-Тоонун капчыгайынан өтүп станцияга барыш керек («Ж»,156-б).* Каармандын кебинде жыйырма чакырымдай деген сан атоочту колдонуп, баруучу жолду божомолдоп берди, сүйлөшүү стилине ээ.

**3. – лаган: ондогон, жүздөгөн, миңдеген** ж.б. Бул мүчө – татаал мүчө, анткени атоочтон этишти жасоочу **–ла** мүчө менен атоочтуктун -ган мүчөсүнүн форма жасоо функциясы боюнча бир бүтүндүктүн түзүлүшүнөн пайда болот. *Өрөөнгө батпай, **миңдеген** үзөңгүлөр кагышып, түмөндөгөн миң сан жоокерлер чырактай көздөрүн жалындатып, эл менен, журт менен коштошту («Ж», 170-б). Автордук кепте **миңдеген** сан атооч берилип, элдин санын чамалап көрсөттү, сүйлөшүү стилин берди. Танабай алакан жайып, элден дагы бата алды. «Оомийин!» деген калың доош аба толкутуп, **жүздөгөн** алакандар өйдө көтөрүлдү да, маңдайдан төгүлгөн суудай ылдый акты («Г», 56-б).* Бул сөз сүйлөшүү стилине таандык. Автордук кепте берилди.

4. Көптүк сандын мүчөсү **(-лар)** эсептик санга жалганып, аны чамалоо маанисине айландырат. Эгерде сан атоочко **чамасында** деген сөз айкашса, сан атооч жатыш жөндөмөсүз эле колдонулат: бештер чамасында (70). *Мисалы: Мен көргөндө Алтынай Сулайманова чачына ак кирип, толмоч тартып **элүүлөргө** таянып калган киши экен («Б.М», 7-б).* Автордук кепте **элүүлөргө** деген чамалама сан атоочту колдонуу менен каармандын жашын болжолдоп берүүдө, сүйлөшүү стилине ээ.

Жогорудагы мүчөлөр өз ара синонимдик катышты түзүп, көп учурда биринин ордуна экинчилери колдонулуп да кетет. Чамалама сандын синтаксистик жол менен жасалышында сан атооч чамалоо, өлчөм маанисиндеги сөздөр менен айкаша колдонулат, же кош сөз тибиндеги эки башка сан атооч пайдаланылат.

*1. Унгу түрдөгү эсептик санга* ***чакты, чамалуу*** *сөздөрү айкашат:* **он чакты (бала), миң чамалуу (китеп), жүз чамасында (адам)**. *Станциянын жалгыз тамында тактай нарыларга кулап жаткан* ***он чакты*** *киши бар экен («С.Ж», 77-б).* Каармандын кебинде **он чакты** деген чамалама сан атоочту колдонду, сүйлөшүү стилине мүнөздүү. *Мисалы: Чоң дасторкондун тегерегинде жайнап отургандар күү - күү сөз сүйлөшүп, тосттор артынан тосттор айтылып, чай ичилип жаткан кезде, колуна тутам газета – журналдарды кармаган жаш жигит эшиктен кирип келди да, үй ээсине* ***он чакты*** *телеграммаларды сунуп, кол коюп бериңиз деп кайрылды («Б.М», 8-б).* Автор **он чакты** чамалама санды каармандын кебинде колдонуп, телеграммалардын санын божомолдоп боектуу көрсөттү, сүйлөшүү стилине мүнөздүү. *Мисалы: Азырынча* ***жүз чакты*** *кой төлдөдү («Г», 121-б).***Жүз чакты** деген сан атооч сүйлөшүү стилине ээ.

*2. Чыгыш* жөндөмөс*үндөгү эсептик санга* ***ашык, ашуун, көп, кем, аз*** *деген сөздөр айкашат:* **миңден ашуун, он миңден көп** ж. б. *Анткени, элдин бир окуганын мен эки эсе, үч эсе,* ***беш эсе көп окуп, он эсе көп*** *кайталап, адамдын бала чакта окуй тургандарын мен кайра баштан үйрөнүүгө мажбур болдум («Ж», 42-б).* Жазуучу каармандын кебинде **беш эссе, он эсе көп** деген сан атооч аркылуу окуган, билим алганын саноодо, бул сөз сүйлөшүү стилинин боектуулугуна ээ. *Планета калкынын саны он* ***миллиарддан ашуун*** *(«К.К.Б.К», 91-б).* Автор каармандын кебинде калктын санын **миллиарддан ашуун** деп санын берип, сүйлөм сүйлөшүү стилинин боёктуулугуна ээ.

*3. Барыш жөндөмөсүндөгү эсептик санга* ***жакын*** *деген сөз айкашат: Мисалы: Абышканын эки саан ингени бар,* ***жыйырмага жакын*** *кой-козусу*

*бар тирүү кезинде балдарына жакшы ата эле («К.К.Б.К», 26-б).* Автор каармандын мал жанын саноодо колдонду, бул сөз сүйлөшүү боегуна ээ.

*4. Эсептик санды катар колдонуп, кош сөздөр тибине келтирүү аркылуу чамалама сан атооч жасалат.* Мындай учурда алардын алгачкысы – кичине санды, кийинкиси чоң санды билгизүү керек: **он-он беш (ону - кичине, он беши - чоң сан), кырк – элүү.** *Мисалы: Тотойго окшогон көп балалууларга эле эптеп беш-он килден жеткирдик(«Б.Б»,218-б).* Каармандын кебинде беш-он стилдик жактан сүйлөшүү стилинин боектуулугуна ээ. *Шишеси сынган* ***төрт - беш*** *фонарь, жер май куйган дат бочке, сабы сынык беш-алты айры-күрөк көрүнөт…(«Г», 117-б).* ***Эки-үч*** *рюмка ичкендей болбодубу («К.К.Б.К», 288-б).* Автордук кепте сан атооч сөздөр колдонулуп, сүйлөшүү стилин көрсөттү.

Чамалама сан атоочтун бул жол менен жасалышында көбүнчө төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр сакталат:

а) Онго чейинки сандардан чамалама санды түзүүдө биринен кийин экинчиси катар келүүчү сандар жупталышат: **бир-эки, эки-үч, үч-төрт** ж.б. *Мисалы: Чыдагандары да ашып кетсе* ***үч-төрт*** *жыл чыдап, анан меники тамам деп, эсептешип кетип жатышат («К.К.Б.К», 13-б).* Сүйлөмдө **үч-төрт** деген чамалама сан атооч сүйлөшүү стилин берет.

*Мисалы: Ошондогу аялдар - бул кезде кемпир, жаш балдар -* ***беш-алтынын*** *атасы, баягы күндөрдү алар унутуп да калышкан чыгар, бирок, мен аларды көргөн сайын, көз алдыма өлбөс- өчпөстөй алардын ошондогусу элестелет, ач- жылаңач жүрүп колхоздо иштегендери, күткөн – самаганы – бардыгы ташка – тамга баскандай көкүрөгүмдө («С.Ж», 74-б).*

б) Ондон жүзгө чейинки сандарды билгизген сөздөрдөн чамалама санды түзүүдө биринен кийин экинчиси катар (жанаша) келбеген сандар да жупталышат. *Мисалы:* ***Он-он беш, кырк-элүү, элүү - алтымыш. Он-он беш*** *мүнөттүк жол («К.К.Б.К», 272-б). Жапжаш,* ***он тогуз - жыйырмалардагы*** *жигит, өзү ичке көрүнгөнү менен, колдору тарамыштуу, сом темирдей салмактуу эле («С.Ж», 49-б).*

в) **Жүз, миң** сөздөрү экинчи түгөй катары колдонулган татаал сан атоочтордон чамалама санды түзүүдө алардын биринчи компоненттерине көңүл бурулат, анткени алар көбүнчө биринен кийин экинчиси катар келүүчү сандарды билгизүү керек: **төрт жүз – беш жүз; эки миң – үч миң, беш миң – алты миң.** *Мисалы: Кышында **бир жарым миң** километр аралык тегерете курчаган Арал деңизи калың муз жамынып жаттып алат («К.К.Б.К», 215-б). Булар орто эсеп менен **жүз отуз - жүз элүү** жашка чыгат, кээ бирөөлөрү эки жүз жыл жашайт («К.К.Б.К», 91-б).*

*Совхоздо жалаң эле майда жандыктын саны **кырк миңге жетти-мындай** болот деп мурда дегеле түшкө кирген эмес («К», 274-б).* Сүйлөмдөгү берилген сандар сүйлөшүү стилине ээ.

5. *Жамдама сан атоочтордон да жасалат.* Мындай учурда алардын биринчи түгөйү эсептик сан атоочтун, кээде жамдама сан атоочтун формасында турат: **төрт-бешөө, алты-жетөө, алтоо-жетөө** ж.б. Булардын көркөм чыгармаларда оттенкалык өзгөчөлүктөрүнүн стилистикалык мааниси бар. Чамалама сан атоочтор заттык мааниге ээ болбосо (субстантивацияланбаса), сөз өзгөртүү системалары аркылуу өзгөрбөйт. Бир кош сөздөр тибиндеги жамдама сан атоочтон жасалса, алардын жөндөлүү мүмкүнчүлүгү сакталат*: үч-төртөөнү* чакырды, *төрт-бешөөнөн* уктум ж. б. Ошентип, чамаланган санды билгизип, сөз өзгөртүү системасы менен дээрлик өзгөрбөгөн, мүнөздүү түрдө айкындоочтун милдетин аткарган сан атоочтор чамалама сан атоочтор деп аталат (70: 117).

*Мисалы: Аңгыча сай түбүндө буйткада турган айдар көкүлдөрдүн тобунан **беш - алтоосу** капталдан чыга калып, качырып салды («К.К.Б.К», 119-б).* Сүйлөмдө **беш-алтоосу** деген чамалама сан сүйлөшүү стилинин боёктуулугуна ээ болот.

**Бөлчөк сан атооч**

Бөлчөк сан заттык же сандык бүтүн түшүнүктүн бөлүгүн билдирет. Сан атоочтун бул түрү синтаксистик жол менен, башкача айтканда, эки эсептик сандын айкашынан жасалат. Т.Аширбаев «Бөлчөк сан атоочтор негизинен

илимий стилде жыш керектелет» деп белгилейт (33:41). Бөлчөк сан атоочтор илимий жана иш кагаздар стилинде сөз менен эмес, цифра менен белгиленет. **Жарты, жарым (0,5 же 1/2 чейрек (0,25 же 1/2)** сандык түшүнүктү туюнткан сөздөр да бөлчөк сан атоочтордун тобуна кирет. Бул сөздөр сүйлөшүү жана көркөм стилдерде сөз менен жазылат. Кеткенине **чейрек** саат болуп калды (сүйл. кеби).

Затташкан сан атоочтор сан, жөндөмө, таандык мүчөлөр менен өзгөрөт, негизинен, көркөм чыгармада жана сүйлөшүү стилинде активдүү колдонулат. Бөлчөк сан чыгыш жөндөмөсү аркылуу эки эсептик сан атоочтон жасалат. Кыргыз тилинде бөлүнүүчү бүтүн сан чыгыш жөндөмөсүнө, анын бөлүгү атооч жөндөмөгө коюлат.

Бүтүндүн бөлүгүн эсептөө үчүн турмуштук практикада эсептик сандарга **чейрек, бөлүк, үлүш, жарым** жана **жарты** деген сөздөр кошулуп колдонулат. *Мисалы: Көрсө, Касымдын кара кагазы* ***жарым*** *ай мурун колхозго келген экен, Москвадан нары чабуулда, Ореховка деген кыштакта каза таалтыр («С.Ж», 89-б). Арабаны көчөгө жүргүзүп коюп, үймө-үй кыдырып, бирөөгө жакшы, бирөөгө жаман айтып, тилдешип да кетип, алды* ***жарым пуд*** *буудай, арты бир пияладан сулуу берсе да, бергенин койбой жыйнап жүрдүм. Мейли бир* ***кочуш*** *дан ал да пайда, күзүндө ошол бир кочуштан* ***бир пуд*** *эгин алсак, азыркынын эсесин кайтарып алганыбыз ошол болбойбу деген гана ойдомун («С. Ж», 96-б). Автор каармандын кебинде* ***жарым пуд, бир кочуш, бир пуд*** *деп буудайдын бир аз бөлүгүн бөлүп көрсөтүүдө сүйлөшүү стилин берет. Эдигей аяп кетти буурасын. Үйгө барып, дагыра толтура таза буудай апкелди. Үстүнө* ***бир ууч*** *туз септи («К.К.Б.К», 251-б).* Калемгер чыгармаларында бөлчөк сандардын сейрек аз санда колдонгонун байкадык.

Ошентип, сан жагынан өтө аз, лексикалык жактан чектелген, стилистикалык жактан дифференцияланган өзгөчө сөз түркүмү катары сан атоочтун ар бир түрү Ч. Айтматовдун чыгармаларынын тилинде стилдик жактан чектелүү гана колдонулган.

## 2. 6. Ат атоочтун Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы берилиши

Жазуучунун чыгармаларындагы тилдик бөтөнчөлүктөрдү табуу, ажырата билүү автордун чыгармачылык дараметин, устаттыгын көрсөтүү болуп саналат. Ушундан улам айтайын дегенибиз, кандай гана көркөм чыгарма жаралбасын, кандай гана окуя чагылдырылбасын, анын бардыгы тилдик каражат аркылуу турмушка ашат. «Көркөм чагылуунун жаңы каражаттарын изденүү жөнүндө сөз кылган учурубузда, албетте, адабиятта ойду чагылдыруунун биринчи каражаты тил экенин түшүнөбүз» - деп Ч.Айтматов белгилеген (17:151). Демек, көркөм чыгарманын тили - анын өзөгү жана дагы кыймылы, кыртышы. Муну билбей туруп, бул же тигил көркөм чыгарма жөнүндө ой айтуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, жазуучунун чыгармаларында ат атоочтордун стилдик орду өзүнчө каралуу керек.

Ат атоочтун тилдеги эң керектүүлүгү мына мында турат: биринчиден, көп сөздү маанисин өзгөртпөй туруп, аз сөз менен берүү жагынан ат атоочтор сөздөрдү артыкбаш кайталабоого алып келет; экинчиден, тездетүү, кыскартуу ролу жагынан ал шарттуу түрдө жазуудагы скорописке жакын, үчүнчүдөн, сүйлөмдөгү кээ бир сөздөрдү улам кайталап олтурбастан, аны маанисине карата ат атоочтун түрлөрү аркылуу берүүнүн стилдик ролу да чоң. Ошондуктан ат атооч оозеки кепте да жана адабий тилде да кеңири колдонуларын С.Кудайбергенов баса белгилеп көрсөтөт (100: 7).

Ат атооч сөздөрдүн кепте колдонулушу кептин контексти менен жана кепке катышуучулардын диалогдогу өз ара мамилелерине тыгыз байланыштуу болгондуктан, ат атоочтун бардык түрлөрү кепте стилистикалык максатта бирдей колдонулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ат атоочтордун коммуникативдик ушундай сапаты аларды, негизинен, эки топко - дейксистик жана анафоралык топторго бөлүштүрүүгө негиз болгон. Экөөнүн ичинен **дейксистик** ат атоочторду түзгөн жактама жана шителме ат атоочтор стилистикалык боектуулукка да, функционалдык жиктелүүгө да ээ.

Ал эми ат атоочтун калган түрлөрү функционалдык жактан кепте белгилүү бир стилдик максатта колдонулушу мүмкүн.

Көркөм чыгарманын тилинде ат атоочтордун колдонулушу боюнча да эмгектер жок эмес. Адабий чыгармалар бизди курчап турган чындыкты, дүйнөнү, турмуштук көрүнүштөрдү, окуяларды көркөм сүрөттөп көрсөтөт; адам баласынын ички дүйнөсүн, анын мүнөзүн, оюн, тилегин бардык жагынан терең чагылдырат. Көркөм чыгармада сүрөттөлгөн окуялар, кейипкерлердин тагдыры окурмандардын ички сезимине таасир этип, аларды кубантып же кайгыртат. Адабий чыгармалардын мына ушундай өзгөчөлүгү менен катар, анда колдонулган ат атоочтордун экспрессивдик маанисине орус окумуштуусу А.Н.Гвоздев кеңири токтолуп, мындай дейт: «Өздүк ат атоочтор сүйлөөчүгө карата мамилени аныктап, түрдүү учурларда байкалган экспрессивдүү жана эмоционалдуу боёктуулуктун түрдүүлүгүн жана байлыгын камтыгандыгы менен баалуу. Стилист «Орус тилинде 1 жакка таандык көптүк түрдөгү ат атооч **биз – дин** жалпылоочу маанисин мугалимдер, лекторлор, авторлор аудиториянын кеңирилигин билдирүү үчүн, угуучуларды, окуучуларды биргелешип иштөөгө тартуу үчүн колдонула тургандыгын», белгилеген (64:177). Ал эми Ж.Осмонова мындай көрүнүш кыргыз тилинде да орун алганын байкоого болот деп белгилейт. Мисалы: Аудиторияга кайрылганда «Биз бүгүн Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» аттуу повестин окуйбуз; эми биз башка суроого кайрылабыз; биз азыр ойлоо менен тилдин байланышын карап көрөлү». «Сен» менен «сиздин» колдонулушунда белгилүү даражадагы байланыш бар (142: 13).

Демек, ат атоочтордун бардык түрлөрү, эгерде алар өтмө мааниде жана өз ара синонимдеш же вариантташ катышта келбесе, кепте орток маанилүү боектуулукка ээ. Мунун натыйжасында ат атооч бир сөз эмес, кээде бир канча сөзгө тиешелүү болуп колдонулат. Диалогдук кепте көп сөз менен берилген суроого ат атооч аркылуу бир сөз менен жооп берүүгө болот. Сүйлөмдөгү сөздөрдү улам кайталап олтурбастан, аларды маанисине карата ар кандай ат атоочтор аркылуу берүүнүн стилдик ролу чоң. Ат атоочтор

кепте кайталоону болтурбоо максатында алмаштыргыч каражат катары дайыма колдонулуп келген (35:43). *Мисалы: **Алар мага** назар салбаса да, **мен** алардан көзүмдү түшүрбөй, сыйкырланган өңдүү келаттым(«Ж», 178-б).* Каармандын кебинде **алар, мага, мен** деген ат атоочтор колдонулду, орток маанилүү.

Ат атоочтор стилдик максатта бир эле сөздүн кепте улам кайталана бербеши үчүн иштетилет. Эмоция-экспрессивдүүлүк жаратууда жактама, шилтеме жана сурама ат атоочтор өзүнчө стилдик маанилерге ээ экендигин З.Ажыбаева белгилеген(12:60). Ал эми орус тилинде белгилүү стилист И.Б.Голуб ат атоочтун көркөм чыгарманын стилинде колдонулушуна басым жасаган. Көркөм стилде ат атоочтордун өзгөчө жыштыгы алардын экстралингвистикалык факторун көрсөтүп турат. Мындай мезгилде адабиятчылар ат атоочтордон тилдик экспрессиянын булактарын издешет. Өзүнүн экспрессивдүүлүккө, боектуулукка ээ экендиги менен жактама ат атоочтор көбүрөөк колдонулат. Жактама ат атоочтордун колдонулушу автордун баяндоосун субьективдештирүүгө алып келет. Мындай стилистикалык ыкманы жазуучулар менен стилисттер кеңири колдонушат.

1-жакта сүйлөп баяндоо менен журналист сүрөттөп жаткан окуянын чындыгына таасир калтырат. *Мисалы: **Мен** бөлмөгө киргенде бул жерде режиссер Алексей Герман жашайт экен...**мен** өзүнчө эле башка экран дүйнөсүнө туш болгондой болдум.* Жактама ат атооч тике сөздө колдонуп, экспрессиянын күчтүү булагы болуп ошол учурду окурманга түшүндүрүүдө эффектүүлүктү түзөт. Жактама ат атоочтор 1-жактын 3-жакка алмашуусу жөнүндө болсо, бул да бир стилистикалык ыкма катары болуп калышы мүмкүн. *Мисалы: Бул түш менин балалыгым жөнүндө болчу. **Мен** өзүбүздүн короого кирип баратыпмын. Менин каршыман бир бала чыгат, **мен** аны тааныйм, бул **мен** элем. Апам да, атам да чыга келишет жанагы балага - **мага** үнсүз карап калышат. **Мен** дагы үн чыгарбайм.* Жазуучулар ат атоочтордун семантикалык жана экспрессивдик кошумча маанилеринин көп түрдүүлүгүн эске алуу менен аларды өздөрүнүн каармандарынын

психологияларын, мамилелерин, байкоосун көрсөтүү үчүн көбүрөөк колдонушат. Ат атоочтордун экспрессивдүүлүгүн көрсөтүүчү дагы бир ыкма - бул алардын сөздөрдү конкреттештирбегендигинде, бул учурда окурман ат атоочторду кантип талдоо керек экендигине мүмкүнчүлүк берет.

Ат атоочтордун башка түрлөрүнө стилистикалык анализи үчүн белгисиз ат атоочтор өзүнүн семантикалык өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Белгисиз ат атоочтордун текстке киргизилиши, бул сүйлөшүп жаткан адамдын экинчи адамды өтө жакшы билип туруп, анын атын айткысы келбегендигин билгизип турат. *Мисалы: Кимдир-бирөө бул нерсеге ыраазы болбойт. Сиздин ийгилигиңизди уккан болсо, кимдир бирөөлөр аябай ачуусу келип жаткандыр* (68:277). Ал эми ат атоочтордун стилистикалык каражаттары негизинен синонимдердин эсебинен түзүлөт. Ат атооч **мен** көпчүлүк учурда экспрессивдүү (маанилүүлүктү билдирген) стилистикалык мааниге ээ болот. Сүйлөө кебинде **сен** деген ат атооч **мен** деген ат атоочтун ордуна колдонулат, анткени сүйлөп жаткан адам кыймыл - аракетти жалпылап көрсөтөт. *Мисалы: Айыл жылдан жылга өзгөрүлүүдө. Мына азыр, сен көчө бойлоп бара жатканыңда, көчөнүн эки тарабынан жаңы үйлөрдүн катарын көрө аласың* (газетадан). Бардык стилдерде **мен** деген ат атоочтун ордуна биз деген ат атооч колдонулат, бирок алардын экспрессивдүү-стилистикалык түрү ар түрдүү (177: 111).

### 2.7. Ат атооч, анын түрлөрү

#### Жактама ат атооч

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын жекелик түрү да , көптүк түрү да сүйлөөчү жакты билдирет. Бирок жекелик жана көптүгүнө байланыштуу алар сандык идея жагынан гана башкача болот. Орус тилинде М.Н.Шанский кээде жактама ат атоочтун **биз** же **мен** деген ат атооч экөө тең бирдей колдонулуп калышы мүмкүн деп басым жасап белгилеген. Мисалы: Биз ойлогондой сүйлөө тили жеке жана официалдуу эмес чөйрөдө колдонулат, бул ойлордон мен төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарам. Сүйлөшүү стилинде **биз, мен** ат

атоочунун ордуна колдонот, анын экспрессивдүү түрүн көрсөтүп турат. ***«Биз силерди билебиз»*** *(Мен силерди билем).* ***«Биз ал нерсени уктук»*** *(Мен аны уктум) Мисалы: «Мен Семендун таанышымын»- деди коркуп кеткен Настя. – А сиз ким болосуз??! «Биз алардын атасы болобуз»* ***(мен).***

**Биз** деген ат атооч сүйлөшүү кебинде **сен (сиз)** деген ат атоочтун ордуна колдонулат.Бул кичинекей балага же оорулуу адамга карата боор ооруу менен кайрылганда **мен** жана сүйлөшүп жаткан адамга өзүн чогуу кошуп сүйлөө үчүн айтылат. Мисалы: Кана **биз** кандай болуп калдык? Биз басып калган турбайбызбы? (177:111).

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын жекелик түрү (мен) сүйлөөчүнүн өзүн билдирет. *Мисалы: -* ***Мен*** *бүгүн волуска кетем, балдар.* ***Мен*** *анда барып, партияга өтүүгө арыз берем.* ***Мен*** *үч күн өтүп, төртүнчү күнү кайра келем, - деди («Б.М», 24-б).*

Жактама ат атоочтун биринчи жагынан көптүк түрү **(биз)** адатта сүйлөөчү жак кире турган коллективди билдирет. Мындай учурда **«биз»** деген түшүнүктүн ичине кирген индивидумдар бир бүтүн катарында эсептелет жана сүйлөөчүнүн өзү да ошол коллективге кирет (100:52).

*Мисалы:* ***Биз*** *силерди жакшылыкка багыштап тиккенбиз («Б.М», 43-б).* Автор каармандардын кебинде Алтынай менен Дүйшөндүн отургузган терегин эки каармандын атын бербей **биз** деп берген, текстке стилдик боёк берүүдө **силер** деген ат атооч II жактын көптүк түрү жактама ат атооч теректерге кайрылып жаткан Алтынайдын сөзү менен берди. Өз орду менен берилди. **«Биз»** ат атоочу кээде сылыктык үчүн **«мен»** ордуна колдонулат, бул сөз орток маанилүү боёктуулукка ээ. ***Мен*** *азыр философия илиминин докторумун, ар кандай коомчулук милдеттерим бар… («Б.М», 44-б).* ***Алар*** *ушинтип сүйлөшүп жатканда, адегенде түштөгүдөй болуп, дале Дүйшөндүн аман кайтканына ишене бербегендей, эсиме келе албай жаттым («Б.М», 29-б).* Автор **алар** деген жактама ат атооч аркылуу Картанбай менен кемпиринин сүйлөшүүсүн, Алтынайдын коркуу сезимин каармандын кеби аркылуу берди. *«Ай, Субанкул, бул эмнең?» десем, алаканы менен терин*

*арчый берип: «**Сени** уктасын дедим элем»,- деп, күлүп койду. **Мен** кара күчкө эле таарына түштүм:«Кечеги айткандарың кайда, ушунуң да теңчиликпи?» Ушинтсем, орогун таштай салып, жүгүрүп келди да, **мени** кучактап алып, колуна көтөрүп: «Көзүңдөн айланайын, Токон, көзүңдөн болоюнум, теңбиз, мындан ары жаман-жакшынын баарына теңбиз!». **Ал** ошентип мени колунан түшүрбөй, эркелетип бир нерселерди айтып жатты, мен болсом кыткылыктап эле күлө бердим («С.Ж», 51-б).* Автор бул сүйлөмдө **сени, мени, ал** деген жактама ат атооч аркылуу Толгонай менен Жер эненин монологун берүү менен сырдашууда, сүйлөшүүдө колдонду , орток маанилүүлүккө ээ.

*- **Сен** бул жерге келген сайын, ар качан башкача болуп келчүсүң («С.Ж», 80-б).* Жер эне, Толгонайга (сен деген ат атооч) аркылуу кайрылып өңү - түсүнө көңүл буруп, аяп, автор монолог аркылуу берип, сүйлөмдө жактама ат атоочту колдонуу аркылуу көрсөттү, сүйлөшүү стилине таандык.

*__Алардын__ да эки уулу аскерде. Улуусу – Садык жаңы эле келинчек алганда кетти. Фронттобуз деп анда - санда __алардан__ кат келип турат. Кичи үйдө кичи апам менен __анын__ келини эле калышты. __Ал__ экөө да эртеден кечке колхоздун жумушунда («Ж», 141-б).* Жазуучу **алардын, алардан, ал, анын** деген III жактын көптүк түрү жана жөндөмө мүчөлөр улануу менен жасалды. Үй-бүлөсү фронттогулар, тылдагылар, Жамийланын күйөөсү Садык жөнүндө сөз болуп, Сейиттин сөзүндө берди, бул сөздөр сүйлөшүү стилине мүнөздүү.

*Мисалы: Бирок, бири дагы аны сен деп, ооз ачып тилдеген жок («Ж», 162-б).* Автордун кебинде сен деген жактама ат атоочту колдонуп, Даниярга эч ким тил тийгизбегенин боёктуу сүрөттөдү, бул сөз сүйлөшүү стилине таандык. - *__Сага__ эмне жок эле! Түш арабаңа, делдейбей! Окшошкон макоолор, кудайдын азабына гана калган экем да __силер__ менен! «Ой, тооба, бул эмнеси экен, жин тийгенби буга?» - деп, келе жаттым __мен__ жолду катары («Ж»,179-б).* Жазуучу **мен, сага, силер** деген жактама ат атоочту колдонуп Жамийланын сөзү аркылуу кийин Данияр менен Сейитке болгон сырткы

эмоциясын капачылыгын көрсөттү, стилдик жактан ат  атоочторду орундуу пайдаланды, сүйлөшүү стилин берди.

Жактама ат атоочтун тобун жекелик сандагы **мен, сен, сиз, ал** жана көптүк сандагы **биз, силер, сиздер, алар** деген ат атоочтор түзөт.  Бул ат атоочтор сан көрсөткүчтөрү боюнча гана эмес, биринчи **(сүйлөөчү)** жана экинчи **(угуучу)** тарапты көрсөткөнү менен да стилистикалык жактан мааниге ээ.  Анткени сүйлөмдөгү ар кандай субьективдүү пикир биринчи жак аркылуу туюнтулат да, ал пикир экинчи жак аркылуу кабыл алынат, зарыл болсо ылайыктуу жооп берилет. Жактама ат атоочтун жогорку көрсөтүлгөн сапаттары аларды ат атоочтордун калган түрлөрүнө караганда стилистикалык мүмкүнчүлүктөрү мол экендигин далилдеп турат. **Мен** ат атоочу бардык стилдерге карата орток маанилүү деп эсептелинет (33: 43).

**Биз** ат атоочу кептик жагдайда сылыктык үчүн же стилдик максатка ылайык **«мен»** дегендин ордуна колдонуларын С.Кудайбергенов белгилеген (100:12).

*Мисалы:  - Кыйналып турасынбы? – деп Эдигей дагы сурады.*

*- Ооба, - деп  Зарипа  оор үшкүрдү.*

*Эдигей айласы кетип, ийнин куушурду.*

*- Жаныңды эмне мынча кыйнайсың? – деди муну айткысы келбесе да жемелеген болуп. – Качанга чейин ушинте бересиң?  Мындан эч жеңилдик жок да. Сени карап туруп **биз** да (мен да деп айтмакчы) кыйналабыз, балдар да жүдөйт. Түшүнчү. Мунуң жарабайт, - деп жатты да, бу дүйнөдө аны Эдигей гана аярын, ага Эдигей гана күйөрүн, анткени аябай сүйөрүн билдирер сөздөрдү издеди. – Өзүң  эле ойлоп көрчү. Катыңа жооп беришпесе койсун, кудай алсын ошолорду, аларсыз куруп кетпейбиз. Сен менен **биз** (мен - дегени) бир үйдүн бүлөлөрүндөй эле болуп калбадыкпы. Анча чөгө бербегин. Кайраттанып иште. Балдар буерде **биздин** (менин жанымда-дегени) арабызда кор болбой чоңоет. Орду толот деген ошол (К.К.Б.К», 211-б).* Автор каармандардын  Эдигей менен Зарипанын диалогунда Эдигейдин жалтанчаактыгын, коркунчаактыгын, тээ жашы бир кыйлага барып

калгандагы сүйүүсүн ачык айталбай тайсалдаганын, **мен** ат атоочунун ордуна **биз** ат атоочун колдонгондугу аркылуу боёктуу, элестүү сүрөттөйт. Мында сүйлөөчүнүн психологиялык абалы көркөмдүү берилип, бул сөздөр сүйлөшүү стилинин боёктуулугун көрсөтөт.

**Сен** ат атоочунун кептеги мүмкүнчүлүгү өтө чоң. Ошондуктан стилист А. И. Ефимов: «Стилистикалык көркөмдүк көз караштан алып караганда **сен** ат атоочунун мүмкүнчүлүгү **сиз** ат атоочуна караганда бай», – деп айткан (75:380). Бул аныктама кыргыз тилиндеги жогоруда аталган ат атоочторго да тикеден -тике тиешелүү экендигин Т. Аширбаев (33) көрсөткөн. Бул пикирге кошулабыз.

Стилистика адамдардын практикалык турмушунда, бирин-бири түшүнүшүп, маданияттуу пикир алышуусунда зор роль ойногондуктан, анын маалыматтарын мектеп окуучуларына да үйрөтүүнүн билим бергич, тарбиялагыч, алардын сөз маданиятын жогорку баскычка көтөргүч мааниси бар экендигин Ж.Осмонова да белгилейт (142:5). Ар кандай сөз түркүмдөрүн, алардын ичинде ат атоочту окутууда, бир жагынан, грамматикалык өзгөчөлүктөрүн ачып, мүмкүн болушунча аларды өз ара айкалыштыра окутуу жакшы натыйжаларды берет. Анткени мындай учурда окуучулар сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык табиятын билүү менен чектелбестен, алардын качан, кандай шартта, кандай маселе менен колдонула тургандыгын да билишет. Мына ушул өзгөчөлүктү ишке ашыруу үчүн биз алдын ала ат атоочтун грамматикалык табиятына токтолууну ылайык таптык. Стилистикада тил каражаттарын туура тандоо жана туура колдонуу окутулгандыктан, ал каражаттардын маанисине өзгөчө басым жасалат. Анткени маанилерди так билбей туруп, ал каражаттарды кептин темасына, максатына, шартына, адресатка ж.б. ылайык тандап колдонуу мүмкүн болбой калат. Ушундан улам ат атоочтордун кепте колдонулушуна токтолууга туура келет.

Ат атооч сүйлөм менен сүйлөмдү, абзац менен абзацты өз ара байланыштыруучу каражат катары да милдет аткарат. Бирок маселенин бул

жагы талаптагыдай окутулбай жаткандыгын Ж.Осмонова баса белгилейт (142:5-7). Ошентип, адабий тилдин ар түрдүү стилдеринде ат атоочту колдонуу боюнча жалпылыктар да, өзгөчөлүктөр да бар. Бул кокустуктан эмес. Жалпылыктар адабий тилдин нормасы менен байланышса, өзгөчөлүктөр ар бир стилдин өзүнө гана тиешелүү болгон бөтөнчөлүктөрү менен шартташат. Ат атоочтун Ч.Айтматовдун чыгармаларында колдонулушу деген бөлүмдө ушул маселеге кайрылып, негизинен жактама ат атоочтун ар түрдүү стилдерде колдонулуш ыкмаларын ачып берүүгө умтулдук.

**Сен** ат атоочу көпте орток мааниге ээ. Ал илимий, иш кагаздар жана публицистикалык стилдерде дээрлик колдонулбайт. **Сен** ат атоочу ата-эне менен баланын кебинде колдонула берет жана бул норма катары калыптанган. Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» чыгармасында Майсалбектин апасына жазган катынан:

*– Мен **сени** кандай киши экениңди билбесем, бул катты жазбайт болчум. **Сенин** акылмандыгыңа, кайратыңа, **сенин** күчүңө ишенип жазып отурам. Ошентсе да эмне деп түшүндүрүп, эмне деп айтууга сөз табалбай, алакандай ак баракты тиктеп отурган кезим.*

*Акыр түбү менин кылган ишимди туура деп табарсың, мен **сага** өзүмө ишенгендей ишенем. Ооба, апа, сөзсүз туура дээрсиң. Айтса да, түшүнсөң да, жүрөгүңдүн түпкүрүндө мага деген айтылбаган суроод калар: «Балам кантип өз өмүрүңдү өзүң кыйдың? Адамга бир гана жолу берилчү бул жарык дүйнө менен кантип өзүң эле коштошуп кете бердиң? Мен **сени** эмнеге төрөп, эмнеге өстүрүп, чоңойттум?» Ооба, апа, энесиң **сенин** бул суроолу тарых кийин жооп берер. Ал эми **менин** айтарым, согушту биз тилеп алган жокпуз, бул көптүн башына келген кыйын иш, бүткүл адам баласына балта урган зулум күч. **Биз аны** менен күрөшпөй кое албайбыз, **аны** үчүн кан төгүп, **аны** үчүн жан берип, **аны** кыйратып жок кылууга милдеттүүбүз («С.Ж», 103-б ).*

Жазуучу каармандын катында **сен, мен, ал, алар, биз, аны, менин, сага, сени** жана башка ат атоочторду да кеңири колдонгон. Баласынын

кебинде жактама сен ат атоочу апасына кайрылган сөзүн чагылдырып, бир эле апасына кайрылбай, эл-журтка кайрылып, акыркы өлүм алдындагы керээз сөзүн мазмундуу, боёктуу сүрөттөдү, текстке стилдик боёк, эмоционалдуулукту, риторикалык кайрылуулар берилип, Майсалбектин сөзүн чеберчилик менен чечмелеп көрсөтөт, бул сөздөр сүйлөшүү стилине ээ.

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын көптүк түрү **биз** сүйлөөчү жак кирген жамаатты билдирип, кыргыз адабий тилинин стилдеринин илимий стилинен башкасында орток мааниде колдонула берет. Ал эми илимий стилде **мен** ат атоочунун ордуна **биз** ат атоочу керектелери жөнүндө жогоруда айтылды. *Мисалы: Эсимде, Толгонай.* ***Сен ошондо мага кайрылып, мындай дегенсиң:*** *«жер, жан жараткан жер,* ***бизди*** *көтөрүп жаткан жер,* ***сен бизге*** *таалай бербесең эмнеге жер болуп орнойсуң да,* ***биз*** *эмнеге дүйнөгө жаралабыз!* ***Биз сенин*** *балдарыңбыз, жер тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин!» - деп айткансың, Толгонай («С.Ж», 51-б).* Жазуучу Толгонайдын Жер энеге **биз** деп, **мен** дегендин ордуна колдонот. Жаш мезгилинде өзүн бактылуу, таалайлуу сезип, Жер энеге ыраазычылыгын билдиргенин ат атоочтор аркылуу монолог түрүндө боёктуу сүрөттөп көрсөттү, бул сүйлөм орток маанилүү стилинин боёктуулугуна ээ.

Жактама ат атоочторго жак мүчөлөрдүн уланып келиши, биринчиден, текстке сүйлөшүү стилинин белгисин киргизсе, экинчиден, ыр саптарындагы муун өлчөмдү сактайт.

**Ал** ат атоочунун кептеги стилистикалык мүмкүнчүлүгү **мен** жана **сен** ат атоочторуна, алардын көптүк сандагы түрлөрүнө салыштырганда бир топ жарды келет. Бул ат атооч негизинен, кепте алмаштыргыч функциясы аткарып, кептин стилдик жактан көрктүү түзүлөрүнө шарт жаратат.

**Ал** ат атоочу кепте кыскарып, **а** формасында келип, текстке сүйлөшүү стилинин боёгун киргизет: Албетте, **а** да керек (100). **Ал** ат атоочунун **бул** формасы көркөм чыгармаларда каармандардын кебинде, диалогдо көп пайдаланылган форма болуп саналат жана кыргыз адабий тилинин оозеки

формасында калыптанып бүткөн. *Мисалы: А биздин балдар окуу окуп, эл сурап, өкмөт болот беле? Кой, айланайын, башыбызды катырба?.. («Б.М», 12-б).* Каармандын кебинде **а** деген **ал** ат атоочунун ордуна колдонуп, диалогддо берилип, каармандын сырткы жактырбаган эмоциясын берип, сүйлөшүү стилинин боёктуулугуна ээ.

**Ал** ат атоочуна жак – таандык жана көптүк мүчөлөрдөн уланып, кепте колдонулушунда сүйлөөчүнүн сыпайгерчилиги, сылыктыгы туюнтулат;

*- Кой, Толгонай, азыр ыйлаганың болбос. Ал ый башка болчу, адамдын өмүрүндө ал бир гана жолу боло турган ый. Эми эмнеге ыйлайсың. Антпе, же тилегиңерге жетпей калдыңар беле? Айтчы чыныңды, силерчелик ким бактылуу болду эле?*

*- Анын чын. Жаңы заманда Субанкул экөөбүз эмгегибиз менен жетилдик. Билесиң го, жаз-күз дебей кетмен колдон түшчү эмес. Мээнетибиз кайтты үйлүү - жайлуу болдук. Ооба, удалаш үч уулду болдук.*

*-Толгонай, эсиңе кел («С.Ж», 52-б).*

Автор **сен, ал, анын, аларды, анын, анда** сыяктуу жактама ат атоочторду Толгонай менен Жер эненин монологун берип, ат атоочторго жак, сан мүчөлөрүн улоо менен сүйлөөчүлөрдүн сылыктыктыгын берип, каармандардын оң эмоциясын билдирип, сүйлөшүү стилинин боёктуулугун көрсөттү.

И.Абдувалиев., Т.Садыковдор «Экинчи жактын көптүк түрүнүн сылык формасы боюнча силер менен дал келет. Бирок булардын биринчиси көбүнчө бейтарап ыңгайда айтылса, экинчиси дээрлик сыйлоо, ызаат көрсөтүү маанайында колдонулат»,-деп белгилешкен (1:136). ***Мисалы: Силер** да концертке келгиле // **Сиздер** концертке келиңиздер* (Сүйл. кеби).

**«Силер»** деген ат атооч дайым эле көптүктү билдире бербейт. Кээде ал сүйлөөчү кайрылган экинчи жак жалгыз киши болсо деле сылык айтуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Формалдык көптүк белгисине карабастан, мааниси жагынан экинчи жактын жекелик сылык түрү «сиз» менен синоним болуп каларын С.Кудайбергенов белгилеген (100:33-34). Силер ат атоочу кепте

дайыма эле сылык - сыпалыкты туюнта бербейт. Мисалы: - Жылкычылык менен койчулуктан башыңар көтөрүлбөс болгон соң башында партияга өтүп **силерге** суутуп койду беле. Акырында партиядан кууп салды, мына **силердин** кесепетиңерден балаңар өсө албай отурат. **Силердин** эмнеңер кетип жатты эле. Бир чал-кемпир жатыры жайлоодо, **силер** үчүн быякта биз шорломой болдук.

- Андай болсо мен партияга кайра кирүү жагын караштырайын, - деп айтып салса болобу.

- Ак эткенден так этип, партия **силерди** эле күтүп отурат дейт («Г», 180-б).

Жазуучу Танабай менен келининин диалогдук кебинде келининин кайнатасына **силер** деген ат атооч аркылуу кайрылып оройлук, какшык, кемсинтүүчүлүк кошо берилди.

Жалпылап, жыйынтыктап айтканыбызда, жактама ат атоочтор жазуучунун чыгармаларынын тилинде активдүү керектелген.

**Шилтеме ат атооч**

Кыргыз тилиндеги шилтеме ат атоочтордун көпчүлүгү башка тектеш тилдердеги шилтеме ат атоочтор менен негизинен жакын (101:50-51).Түрк тилдериндеги шилтеме ат атоочторду классификациялоодо бирдиктүү принцип жок. Кээ бирөөлөрү (А. Н. Кононов) шилтеме ат атоочторду сүйлөөчүгө карата болгон мейкиндик мамилеси боюнча бөлүштүрсө, кээ бирөөлөрү (Н. К. Дмитриев) мейкиндик жана хронологиялык мааниси боюнча бөлүштүрөт. Үчүнчү бирөөлөр (Н. А. Баскаков ) конкреттүү жана конкретсиздигине карата белгилешет. Кыргыз тилиндеги шилтеме ат атоочтордун **(бу, ошо, ушу, тиги, ал)** мааниси ар түрдүү. Ат атоочтун бул түрүнүн кыскарган формалары (варианттары) кепке сүйлөшүү стилинин боёгун берерин бөлүп көрсөтүшкөн.

***1. – Мен силерди жардам бергиле деп жатам. Тээ тиги байдан калган жаман атканаы оңдойлу, көпүрө салыш керек, отун керек…***

***-Ой, жигит кое турчу! – Сатымкул кераяк дагы да чырт түкүрүнүп, жумулган көзүн ымдап-ымдап алды. – Бу мектеп ачам деп кыйкырасың,***

*үстүндө тонуң жок, астында атың жок, айдап койгон жериң жок, көздөп алган малың жок, сен эмне жылкы тийип оокат кыласыңбы?*

*-Оокатым эптеп өтөр. Өкмөт мага маяна төлөйт.*

***-А** мына ошондой де! – Сатымкул жыргагандай ыржая күлүп, төшүн кайкайта ээрдин кашынан өйдө боло берди («Б.М», 13-б).*

Автор мейкиндик жактан сүйлөөчүгө алыс турган затты (байдан калган жаман атканаңы) **тээ тиги** деген шилтеме ат атооч аркылуу чогулган элге Дүйшөндүн кеби аркылуу берди. Оң эмоцияны берди. **Бу** деген **бул** деген жактама ат атоочтун кыскарган варианты. Автор диалогдо Дүйшөн менен элдин ортосунда каармандын кебинде керектеди. **А** деген ат атоочтун кыскарган формасын пайдаланды. Каармандардын кебинде колдонуп, орток маанилүүлүктү берди. Демек, ат атоочтор да сүйлөшүү стилинде, көркөм чыгармада да кыскарган **(тиги)** формада колдонула берет.

*Мисалы: – Эй, балам, - деди ал аптыга сүйлөп, балдырап. – **Бу**, сенин ата-тегиңди го билебиз: бизге окшогон кара таман. Анан, сен кайдан жүрүп молдо болдуң? («Б.М», 12-б).* Жазуучу **бу** деген шилтеме ат атооч аркылуу *Дүйшөндүн ата-тегин сурап жаткан каармандын кычыктанган, какшыктаган сөзүн диалог аркылуу берип, сүйлөшүү стилин көрсөттү.*

*Мен шаарга кайтып келгенден кийинки күндөрдүн биринде Алтынай Сулаймановадан ойлобогон, күтпөгөн жерден кат алдым. Өзүнүн илимий иштери боюнча Москвада көп убакыт кармаларын жазып, андан ары катында мындай дептир: «…Кымбаттуу иним, канчалык зарыл жумуштарым болбосун, бардыгын жайлаштырып таштап, мен **ушул** катты жазууну туура таптым… Эгерде ушунда айтылгандар сизди кызыктырса, анда өз чыгармачылыгыңызга пайдаланууну суранам, анткени **бул** мен үчүн гана эмес, биздин айылдаштар үчүн гана эмес, биздин жалпы ишке, көпчүлүккө, өзгөчө жаштар үчүн керек го деп эсептеймин. **Бул** **менин** көп ойлордон келип чыккан пикирим («Б.М»,11-б).* Алтынайдын өкүнүчтүү жазылган сырдуу каты аркылуу автор чыгарманы жазып, катта каармандын кебинде шилтеме ат атоочторду **бул, ушул** колдонуп, орток маанилүүлүктү көрсөттү.

*- Ооба, мен жакшы билем, так ошол жылы («Б.М», 11-б).* Каармандын кебинде пайдаланып **ошол** жылды тактап берди, орток маанилүү.

*– Ой, сен эмне кылып жүрөсүң бул жерде, тур үйгө саксайбай! –дегенде балдардын артынан тызылдап жөнөдүм. –Тигини кара, ушулар жыйындын четине келчү болуп алыптыр… («Б.М», 13-б).* Каармандын сөзүн диалог менен берип, агасынын ачууланганын, урушканын **бул, тигини, ушулар** деген шилтеме ат атоочтор аркылуу кемсинтүүнү, терс эмоцияны берет. Орток мааниге ээ. *Ошол жылы эгиндер эң эле эрте бышпадыбы («С.Ж», 55-б).*

Мейкиндик жактан сүйлөөгө алыс турган заттты көрсөтүүчү **тигил, тээтиги** сыяктуу ат атоочтор да сүйлөшүү стилинде кыскарган (тиги) формада колдонула берет. Шилтеме ат атоочтордун кыскарган формалары кепте активдүү болот, анткени жөндөмө, таандык категорияларынын мүчөлөрү, негизинен кыскарган шилтеме ат атоочторго уланат: **ушулга эмес, ушуга, ушулум эмес, ушунум** ж.б. Бул учурда шилтеме ат атоочтор затташкан абалда болот.

*- Жанагы жолдон көргөн араба ушунуку го, - деди да шофер машинесин токтотуп, башын кабинадан чыгарды. – Эй, абышка, жайчылыкпы? Тиги жолдо жаткан араба сеникиби? («Г»,43-б).* Каармандардын диалогунда **ушунуку, тиги** деген шилтеме ат атоочтордун кыскарган формасы аркылуу берди, сүйлөшүү стилинин боёгун берет.

**Сурама ат атооч**

Б. Н. Головин сурама ат атоочтор кээде бүтүн бир сүйлөмгө же болбосо бүт бир баяндамага да тиешелүү болушунун мүмкүндүгүн белгилеген (66: 366-367).

Мындай учурда ат атоочтун белгисиз нерсени суроо үчүн колдонулгандагы конкреттүү мааниси аңгемеде баяндалган мазмун боюнча аныктайт. Кыскача бул мүнөздөмөдөн кийин сурама ат атоочтордун ар бирине жекече токтолобуз.

1. **Ким** деген сурама ат атооч, башка түрк тилдериндегидей эле, кыргыз тилинде да адамга гана берилет. Кең жана кууш үндүүлүгү боюнча гана айырмаланбаса, түрк тилдеринде бул сурама ат атооч негизинен бирдей деген А. Н. Кононов. Ал ушул маани боюнча берүү үчүн монгол тилдеринде да **хен** (бурят-монгол, монгол) формасында кездешерин белгилеген (99:177). *Мисалы: Ким, Лёнкабы? Бала эмей эле балээ ал («К», 76-б).* **Ким** деген сурама ат атооч сүйлөшүү стилин берет.

2. **Эмне, эмине, не** сурама ат атооч **«эмне»** адамдан башка жандуу жана жансыз заттардын бардыгына берилет. Бул жагынан алганда кыргыз тилиндеги ат атооч «эмне» менен орус тилинде ушул мааниде колдонулуучу ат атоочтун ортосунда айрыма бар. Орус тилиндеги эмне? (что) адамдан башка жандуу заттарга да берилет. Кыргыз тилинде эмне? менен бирге сейрек болсо да ушул эле мааниде **не** жана Чүй өрөөнүн ар түрдүү райондорунда **немне, ниме, неме** (караңыз: Материалы чуйского говора), немени (эпосто да колдонулат). Бирок эмнеге караганда «не» деген ат атоочтун колдонулуу сферасы тар. Ал жандуу жана жансыз затты суроо үчүн эмес, стилдик обороттордо жана жазуучунун чыгармаларынан кезигет. *Мисалы: - **Эмне** болуп кетти? Түн жарымында кандай шашылыш маселе экен? («Г»,155-б). **Не** деген буура элең! Баракелде! Калжайып кайра келгенин! («К.К.Б.К», 25-б) - Сен да мага окшош үй-жайсыз **неме** окшобойсуңбу. Жүр, мени ээрчи («К»,179-б). Илгери кыргыз-калмак болуп чабышып турганда кордук көргөн калмактар кыргыз баласын **эмне** деп каргаганын уктуң беле? - «Орто жолго барганда атың өлсүн, орто жашка барганда катының өлсүн» дептир. Көрдүңбү?...(«Г»,29-б).* Каармандын кебиндеги каргыш аркылуу риторикалык суроодо **эмне** деген сурама ат атоочту колдонду, сүйлөшүү стилинин боектуулугун берет.

3. **Кандай** деген сурама ат атооч заттын же кыймыл-аракеттин сын-сыпаттык жана касиеттик белгилерин суроо үчүн колдонулат. Мындагы – **дай** мүчөсүнүн башкы формасы – **даг** экендигине жана бул, тарыхый жагынан бүтүн сөз экендиги белгилүү.

*Мисалы: - **Кандай документ?** – Кадимкидей эле? Паспорт, күбөнаама, иштеген жериңен справка («К», 188-б).*

4. **Кайсы** деген сурама ат атооч иреттик тартиптеги затты же затты жөн эле башкалардан бөлүп ажыратып алуу үчүн суроо иретинде колдонулат. Кыргыз тилинде «кайсы» менен бирге ушул эле мааниде мунун «кайсыл» (кайсы ол) формасы да колдонулат. *Мисалы: - Дагы **кайсы** балээни ойлодуң? («К.К.Б.К», 273-б).*

5. **Кайда? кайдан?** орунду жана багытты билүү үчүн суроо иретинде колдонулат. Заттын ордун суроо маанисинде «кайда» менен бирге кыргыз тилинде **кана?** деген сурама ат атооч да колдонулат. «Кана» деген сурама ат атооч байыркы, азыркы түрк жана монгол тилдеринде да бар. *Мисалы: - Жоок, **кайдан**, - деп Эдигей күлүмсүрөдү. Силерде Иванов көп болсо, бизде Таңсыкбаевдер ошондой эле («К.К.Б.К», 273-б). - Атам **кайда**? – деди Шарапат («К.К.Б.К», 313-б). **Кана**, эми, азапты артынып жүрүп, эмнени билдиң? («К», 90-б).* Сүйлөмдөрдөгү сурама ат атооч **кайдан, кайда, кана** сүйлөшүү стилине ээ.

6. **Качан, нечен убакыт,** мезгилге жана санга байланыштуу болгон белгисиз түшүнүктөрдү суроо үчүн колдонулат. Калмык жана татар тилинде гана кайчан же болбосо хасан, кашан болуп колдонулат. Башкача айтканда, бул сурама ат атоочтор да көпчүлүк түрк тилдеринде окшош.

Кыргыз тилинде **«качан»** менен бирге мезгилдик мааниде **кай убакта** деген сөз айкашуусу да колдонулат; качан келейин: **кай убакта** келейин. Сурама ат атооч «качан», кээде «алда», «көп» менен кошулуп, «мурун» деген тактоочтун күчөтүлгөн маанисин да билдирет: **Алда качан** келген. Түрк тилдериндеги качан? деген ат атооч адатта кай+чаг+ын деп, Радлов тарабынан этимологияланып жүрөт. Бирок, башкача да этимологияланышы мүмкүн. Кыргыз жана башка түрк тилдериндеги **«качан», «нечен»** деген сурама ат атоочтор, профессор К.К. Юдахин болжолдогондой, **кай+чен** («өлчөм» деген маанидеги), не+чен деген составдык элементтерден турушу ыктымал. *Мисалы: - Казангап каза болду. –**Качан?** («К.К.Б.К», 9-б).*

*- Барар жерибиз алыс. Кимге салам айталы? Сүйгөн сулууң кай тарапта, биз ошоякка баратып жүрбөйлү? («К.К.Б.К», 118-б).*

7. **Канча, нече** деген сурама ат атоочтор белгисиз санды суроо үчүн колдонулат.

**Нече** деген сурама ат атоочтун кандай составдык элементтерден тургандыгы анчалык кыйынчылык туудурбайт. Мунун уңгусу - **«эмне»** деген маанидe колдонулуучу **не** деген ат атооч. Мында да «канча» катышкан **– ча** мүчөсү бар. Мунун уңгусу болуп эсептелүүчү кан, өзү баарыдан мурда байыркы түрк тилдеринде өз алдынча «кандай» деген маанидe колдонулган жана азыркы кездеги «кандай» деген сурама ат атоочтун негизинде жаткан кан деген ат атооч менен тектеш болушу мүмкүн. Кээ бир сурама ат атоочтордун (мисалы, **канча**) маанисинде өзгөрүүлөрдүн болгондугу байкалат. Мисалы, «канча» байыркы түрк тилдеринде (Томсен, Махмуд Кашкари, Радловдун эмгектеринде), азыркыдай сан-өлчөмдүк мааниси менен бирге, багытты белгилүү **куда** – кай жакка? кайда? маанисинде да колдонулган. *Мисалы: Канча күндөн бери бир поездде келатышканы менен, Авдий өзү деген немени сыртынан да бир көргөн жок.* ***Ким ал, кандай неме?*** *(«К», 96-б).*

Морфологиялык мүнөздөмөсү жагынан сурама ат атоочтор бирдей эмес. **Ким, эмне, кайсы, канча (нече)** деген ат атоочторго сөз өзгөртүүчү мүчөлөр (жөндөмө, таандык, көптүк, жана жак) мүнөздүү. *Мисалы: –* ***Эмнени*** *сурап атырысыз? – Куттубаев* ***эмнени*** *жазып жүрөт? - Билбейм. –* ***Кантип*** *билбейсиң? Баары билет, сен эле билбейсиңби? - Бирдеме жазып жүргөнүн билем. Бирок* ***эмне*** *жазганын мен* ***кайдан*** *билейин. Аны менен ишим* ***эмне?*** *Жазгысы келсе, жаза берсин.* ***Кимдин*** *иши бар? («К.К.Б.К», 167-б).* Автор Тансыкбаев менен Эдигейдин диалогунда сурама ат атоочтордун өзгөрүшүндөгү мүчөлөрдү стилдик жактан максаттуу пайдаланган.

Сурама ат атоочтор кыргыз адабий тилинин функционалдык бардык стилдеринде кептик зарылдыкка ылайык керектеле берет деп белгилеген (33:50). Алардын айрымдарынын синонимдери жана варианттары кепте

жиктелип колдонулуу өзгөчөлүгүнө ээ. Андай сурама ат атоочторго **эмне//не, кайсы // кай, канча//нече** деген сыяктуу ат атоочтордун жуптарынын экинчи бөлүгүн көрсөтүүгө болоруна басым жасаган. Сурама ат атоочтордун варианттары же синонимдери, биринчи кезекте, сүйлөмдөгү орунсуз кайталоолорду болтурбоо үчүн колдонулат. ***Бирок кекирейбей эле койсо не? Эмне кереги бар? Кандай болсоң ошондой жүрө бер (Ч. А).– Кай жазыгына? («К.К.Б.К», 166-б). Аттиң, кайсы бирин айталы, Жердеги жашоо - мамиле жагдайын биз өтө эле жакшы билет окшобойбузбу! («К.К.Б.К», 51-б).***

Көркөм чыгармаларда жана сүйлөшүү стилинде айрым сурама ат атоочтор жак мүчөнү кабыл алуу менен риторикалык суролуу сүйлөм түзгөнгө катышат. Мындай ыкма аркылуу сүйлөөчүнүн ою сыйымдуу берилет, башкача айтканда, сүйлөөчүнүн өкүнүч, таң калуу, ыраазы болбоо ж.б.у.с. сезимдери ошол сурама ат атоочтордун маанисине сыйдырыларын берген.

***Мисалы: «Жанагы жигит кандай неме экен? Жакшылап таанышып, билип алгын. Шашып кетпе, Алиман балам, алданып калба!» - деп ичимден айтып жаттым («С.Ж», 323-б).***

Сурама ат атоочтор кепте дайыма эле суроолуу сүйлөм түзүү максатында гана эмес, кепте сөз болуп жаткан жагдайда баа берүү, аны сыпаттоо, кепке көркөмдүк түс берүү максатында да колдонула берет. ***Мисалы: - Ыйлаба, Алтынай, - Дүйшөн менин жашымды аарчып, ошондо эсине кандай түшкөнүн билбейм: - Баягы биз тиккен терекчелерди, Алтынай, мен өзүм багып өстүрөм. Аман болсок, кайрылып бир келсең, кандай болгонун көрөрсүң али!- деди («Б.М», 40-б).***

Көркөм чыгармаларда айрым сурама ат атоочтор жак мүчөнү кабыл алуу менен риторикалык суроолуу сүйлөм түзөт. Мындайча айтканда, сүйлөөчүнүн өкүнүүсү, таң калуусу, кыжырдануусу, ыраазы болуусу ж.б. сезимдери ошол сурама ат атоочтун маанисинде берилерин Ч.Айтматовдун чыгармаларынан да кезиктирүүгө болот. ***Бир кой союп, бир кап картошка алып, Жайдарга боорсок-нан бышыртып ала келген. Мааним жок деп Жайдар***

*келбей калган, анын себебин Танабай кийин түшүндү. Жайдар жан баласына ооз ачып айтпаса да, келинин жактыра берчү эмес. Ансыз да ылдый баш, жөөш уулу бар эле, ага минтип бейжай, тажаал колукту туш келгенин* ***кантесиң*** *(«Г», 179-б).* Автор каармандын кебинде риторикалык суроолуу сүйлөм аркылуу **кантесиң** деген сурама ат атооч аркылуу өкүнүч, капалануу, нараазы болуу сезимин көрсөттү.

Жыйынтыктап айтканда, жазуучу чыгармасында сурама ат атоочторду стилдик жактан ар түрдүү максатта орундуу пайдаланган.

**Аныктама ат атооч**

Аныктама ат атоочтордун көбү адабий тилдин функционалдык стилдеринде орток мааниде колдонула берет. Алардын айрымдары гана варианттарга жана синонимдеш түгөйлөрүнө ээ. Алар **бүтүн, бүт, бүткүл, бардык, ар кайсы – ар кандай** ат атоочтору. Бул жуптардын экинчилери сүйлөшүү тилине көбүрөөк ыктайт: Ат атооч **ар** сандык жалпылыкка кирүүчү заттын бөлүнүшүн билдирет. **Ар** өз алдынча колдонулбайт, дайыма башка сөздөр менен бирге келет. Ат атоочтук мааниде ал төмөнкү сөздөр менен айкашат: **ар ким, ар кандай, ар нерсе, ар бир, ар кайсы**. *Мисалы: Буердин* ***ар бир*** *жылгасы менен жыбыты,* ***ар бир*** *ташы тааныш («К.К.Б.К», 278-б). Асман тиреген Ала-Тоо өзүнүн улуулугу менен жөн эле таң калтырбады, жөн эле суктандырбады, андан ары* ***ар кандай*** *ойго салды («К.К.Б.К», 279-б).* ***Ар ким*** *өзүнчө түшүндүрөр жөнү бар («К», 74-б).* Сүйлөмдөрдө **ар ким, ар бир, ар кандай** деген аныктама ат атоочтор стилистикалык табияты боюнча орток маанилүү боёктуулукка ээ.

**Өз** ат атоочуна экинчи жактын таандык мүчөсү жана **–лар** уланып, сүйлөөчүнүн угуучуга карата оң мамилеси туюнтулат. *Мисалы: Күн санап канаттарына каруу кирип, жылтыр көздүү ийри тумшук балапан айры куйруктар* ***өздөрүнө*** *бөлүнгөн аймактарында* ***өздөрүнө*** *чабыт кылып жем издеп, кээ-кээде карт атасы кайып учуп барып калса качырып тийип, ыргыштап турчу мүнөз күтүшкөн…(«К.К.Б.К», 297-б).* ***Өзүң*** *тынч жат, жаткан жериң жайлуу болсун («К.К.Б.К», 305-б). Эдигей карыянардын тилин*

*алгыла. Казангаптын жайы ушул жер болсун. Менин жатар жайым да ушерде болсун. Кудай буйруса, өзүңөр көмөсүңөр. Силерден өтүнгөнүм ушул («К.К.Б.К», 298-б).*

**Өз** ат атоочу жалпы таандыктын – **ныкы** мүчөсүнүн толук түрүн кабыл алып, адабий тилдин бардык стилдеринде орток мааниде колдонула берет.

- **ныкы** мүчөсүнүн кыскарган түрү **өз** ат атоочуна жалганат. *Мисалы: Ата го сеники, бирок сен өзүңкү болбой калыпсың («К.К.Б.К», 29-б).*

Ал эми – **ныкы** мүчөсүнүн кыскарган түрү сүйлөшүү стилине көбүрөөк ыктаган өз ат атоочуна жалганарын белгилелеген (35:51).

*Мисалы: Чыгып жаткан келиним эмес, күйөөгө берер өз кызымдай көрүп, Алиманды жаңылбаса экен, барган жери түзүк болсо экен деп жаттым («С.Ж», 323-б).* Толгонайдын кебинде колдонду. Өз кызындай көрөрүн чектеп көрсөттү. Орток мааниге ээ.

*Заготзернонун короосу ызы-чуу, дарбазасында: «**Бардык** эгин – фронт үчүн!» - деп, ураан жазылган («Ж», 213-б). **Бардык** деген ат атооч аркылуу автор ошол жерде илинген ураанда колдонуп, сөзгө боёктуулукту, экспрессивдүүлүктү берет, орток маанилүү.*

*Жамийланын ушундай жоруктарын, какшыктап, күлгөнүн, жадагалса аны теңине албагансып, жанында жүрсө ага карабай, сүйлөбөй коюшун Данияр эч бир көңүлүнө албаган сыяктуу, **баарына** чыдап бир да жолу сөз кайрыган жок («Ж», 215-б).* Бул сүйлөмдө **баарына** деген аныктама ат атооч сүйлөшүү стилинин белгисин берет.

*Ооба, жайкалган кең талаанын жолун басып мен **өзүмдүн** айлыма барам! Туулган – өскөн жер – күч кубатым! Мен андан жаңы түркүн боек табам. Сүрөт тарткан боектун **ар бир** сүрткөн сызыгынан Даниярдын обону угулсун! Сүрөт тарткан **ар бир** сүрткөн сызыгында Жамийланын жүрөк оту болсун! («Ж», 253-б).* Сейиттин кеби аркылуу **өзүмдүн, ар бир** аныктама ат атооч аркылуу орток манилүүлүккө тиешелүү экендигин белгилейт.

*Фронттогулар Майсалбектин жазып кеткен катын **өздөрүнүн** катына кошуп сельсоветке жиберишкен экен. Ал катта Майсалбектин көрсөткөн эрдигин*

*жазган жоокер жолдоштору, **баарыбызга** көңүл айтып, силердин уулуңар, жердешиңерди эч качан унутпайбыз, анын ысмы менен Мекенибиз дайым сыймыктанат дешиптир («С.Ж», 311-б).* Автор, **өздөрүнүн, баарыбызга** деген аныктама ат атооч аларга жак, жөндөмө мүчөлөрдү улоо менен берип, Майсалбектин эрдиги жоокерлердин катында элге, үй-бүлөсүнө көңүл айтып жатканын Толгонайдын кебинде дагы бир ырастап, анын баласына сыймыктанганын, сүйүнгөнүн, кубанычын сырткы эмоциясын берген. Орток маанилүү.

*Күйөөсү келген түнү, маңдайында баласын алып отурганда, ал **бардыгын** унуткарып, аз да болсо чындап бактылуу болгусу келет. «Мейли, качкын болсо качкын, алтын башы аман болсо болду! – деп камыр жууруп жатып **өзүн - өзү** жооткотот. – Эркек деген кандай кылса өзү билет. «**Ар кимге өз** жаны кымбат, бул кыргында башын калкалаган эле тирүү калат!» - деп өзү айтып отурбайбы («Б.Б», 354-б).* Жазуучу **бардыгын, өзүн-өзү, ар кимге, өз** ат атооч аркылуу Сейденин оюн чабыттап, ал күйөөсү Ысмайылдын сөзү үчүн аны аяп ойлондурган сөздөрүндө колдонду. **Мейличи** сөзү аркылуу **өзүн-өзү** коргоп, жан сактап качканына кээде оюнда макул экендигин билдирген. Сүйлөмгө аныктама ат атоочтор стилдик жактан түс берип, орток маанилүүлүктү көрсөттү.

*Мурункусунун **баары** түш катары эле өтүп кетти («Б.Б», 200-б).* Сүрөткер согуш мезгилине чейинки жай турмушту, жаш үй-бүлө курган убакта Сейденин ой- туйгусу аркылуу **баары** деген аныктама ат атооч аркылуу сөзгө стилдик жактан жалпылап түшүнүк берди.

*Азыр ага ит эмес, бүтүн дүйнө көңүлүнө толбой турган («К.К.Б.К», 308-б). Баарынан укмушу - кара май болуп жүрүүчү нефти куйгуч цистерналар разьездге келип токтоп калса, карасаң **бүт** эле бубак менен тозоң жабышкан алагөк цистерналар («К.К.Б.К», 184-б).*

*- Аны айткан жерим жок. Анте берсе **ар кандай** ишке кол силкип,таштап кете берсе болот («К.К.Б.К»,307-б). - **Кандайдыр бир** тыюу салынган жазмаларды тааптыр анын үйүнөн («К.К.Б.К», 166-б).*

*- Эмне десең ошо де. Бирок башканын баары акмак дебе («К.К.Б.К», 308-б).*

Жыйынтыктап айтканда, аныктама ат атоочтор сүрөткердин чыгармаларында көп пайдаланылып, стилдик жактан максаттуу, орундуу колдонулган.

**Тангыч ат атоочторду** С. Кудайбергенов (100) негизги ат атоочтор аркылуу берилген мааниге таанылгандыгын билдирет. Тангыч ат атоочтор иран тилинен кирген **her** деген бөлүкчөнүн сурама ат атоочторго кошулуусу аркылуу жасалат. Ошондуктан, аларды өз алдынча бөлбөстөн, белгилүү өлчөмдө, аныктама жана сурама ат атоочтордун тескери формасы десе да болоор эле, анткени, биринчиден, булар маани жагынан алар менен карама-каршы болот. Экинчиден, зат атооч жана этиштердин дагы тангыч формасы бар. Күчөтүү максатында гана ага **«бир»** деген сөз кошулат **(эч бир)**. Калган көпчүлүк учурда **«эч»** сурама ат атоочтор менен айкашат. Ал дайыма тангандыкты билдирүүчү **«эмес, жок»** деген сөздөр менен жана **- ба** мүчөсү менен бирге колдонулат. Мисалы: **эч ким келген жок, эч нерсе койбодум, эч бир иш кылганым жок, эч качан, эч убакта, эч кандай, эч кайсы, эч кайдан, эч кайда** ж. б. (101:77).

*1. Кана кеңеш өкмөтүнүн мыйзамына ким каршы, ким? –анын «ким»-деп кыйкырган сөзү бейпил жаткан күзгү абаны атылган октой жиреп, чак деп бөксөдөгү аска ташка тийгенсиди. **Эч ким** унчукпай баары тең тымтырс болушту («Б.М», 13-б).*

*2. «Карачы, эне! – деди ал шолоктоп. – Күн минтип жаркырап турса, талаа минтип гүлдөп турса, ап-ачык асман минтип күлүп турса, Касым келбейт ээ? Эми **эч качан** келбейт ээ?». «Жок». Келбейт – дедим мен («С.Ж», 91-б).* Сүрөткер Толгонайдын кебинде тангыч ат атоочту колдонду. Кусалануу, капалануу, күтүү. **Эч качан** деген тангыч ат атоочту колдонуу менен Алимандын аянычтуу кебин берди. Өмүрлүк жары Касымдын эч качан келбесин өкүнүчтүү ый менен кайненеси Толгонайга айттырды. Сырткы эмоциясын, кайгысын берүү менен бул сөздөр орток маанилүүлүккө ээ.

*3. Ушул күнгө чейин бул сүрөттү* ***эч бир*** *көргөзмөлөргө да берген жокмун, ал тургай айылдан туугандарым келгенде, көздөн далдалап бекитип коём. Анча эле жашыргандай эмнеси бар, уяттуубу деп, кокус оюнарга кетип жүрбөсүн,* ***жок*** *бул сүрөттүн* ***эч кандай*** *ыксыз жайы деле жок, же болбосо, ага «көз тийип» кетет дегидей ал бир ашкан укмуш да эмес («Ж», 138-б).*

Демек, **эч бир, эч кандай** деген таңгыч ат атоочтор аркылуу жазуучу сүрөттү эч бир адамга, көргөзмөлөргө да бербегендиги, ал Жамийла менен Даниярдын сүрөттү экендигинен маалыматты берүү менен белгисиз атоочтор стилдик жактан максаттуу пайдаланылган. Орток маанилүүлүккө ээ болот.

*4. …Буларды айтып жатканым; көп кырдуу күндөлүк турмуштун кызыктуу убарагерчилигинде жылдар өтүп, күн өтүп, мен* ***эч убакта*** *унутпас ыйык нерсени эсимден чыгарбасам да, анын таасири солгун тартып, мезгилдин куму баскан эски булак өңдүү көзү бүтөлө берген («Б.М», 44-б).* Каармандын кебинде **эч убакта** деген таңгыч ат атоочту пайдаланып, оң эмоцияны көрсөттү, стилдик жактан орток маанилүү боёктуулукка ээ.

*Мына эми, азыр жөнөйсүң! – деди Дүйшөн, колумду кармап. – Бактылуу бол. Канатыңды жазып, талпынгын, Алтынай.* ***Эчтемеден*** *тайманба, чабыттап учкун, окуй бер…(«Б.М», 41-б).* Жазуучу Дүйшөндүн кебинде **эчтемеден** деген **эч нерсе** деген ат атоочтун синонимин сүйлөшүү кебинде пайдаланды, ат атоочторду колдонуу аркылуу Алтынайды кубаттоо менен келечектен чоң үмүт менен шаарга узатты. Алтынайдын кебинде сүйлөмгө стилдик жактан түс, фон берип сүрөттөдү. Эркелетүүчү сөздөр берилди. **Эчтеме // эч нерсе** өз ара синонимдеш, **эчтеме** сүйлөшүү стилине мүнөздүү.

Таңгыч ат атоочтор стилистикалык табияты боюнча кепте орток мааниге ээ. **Эч нерсе // эчтеме** таңгыч ат атоочтору өз ара синонимдеш абалда келет жана бул жуптук кийинкиси сүйлөшүү стилине мүнөздүү. Диалектикалык ат атоочтор тилибизде өтө сейрек кездешет. Алар көркөм чыгармаларда жергиликтүү колоритти берүүдө жана каармандардын кебин жекелештирүүдө колдонулат. ***Маа*** *демектен баары жылан сыйпагандай*

*болуп, дүйнө аласалып кетсе десем болоор эле. (Ч. А).* Автор каармандын кебин берүүдө **- маа** деген сөздү колдонду, сүйлөшүү стилин көрсөтөт. Буларың акмак экен, **саа** да карабай ар нерсени өзүнө тартат (Ж. М). (35: 51).

Жыйынтыктап айтканда, таңгыч ат атоочтор Ч. Айтматовдун чыгармаларында орду менен каармандардын кебинде пайдаланылат.

**Белгисиз ат атооч**

Белгисиз ат атоочтор сурама ат атоочторго **бир, алда** деген сөздөрдүн кошулуусу аркылуу аналитикалык жол менен жасалат. Мисалы: **кай бир, кайсы бир, бир нерсе, бир деме // бир неме, ким бирөө, эмнедир, кандайдыр бир, кээ бир, алда кандай, алда ким** (100:77).

Ал эми Т. Аширбаев стилистикалык жактан белгисиз ат атоочторго төмөндөгүдөй мүнөздөмө берет (35: 51). Белгисиз ат атоочтор кыргыз тилинде сан жагынан башка ат атоочторго салыштырмалуу көптүгү менен өзгөчөлөнөт. Бул ат атоочтор жагдайга ылайык керектелет. **Алда ким // кимдир бирөө, алда эмне // алда не, алда канча // алда нече, кай бир// кээ бир, кайсы бир // кандайдыр бир, эмнегедир // негедир, бир нерсе // бирнеме // бирдемке, бир канча // бир нече** деген сыяктуу синонимдик катарды түзгөн сөздөрдүн биринчиси орток боёктуулугу менен тилде активдүү колдонулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. *Мисалы: Анын алайган көздөрү тиктеген тарапты карай бергенимде, тула боюм дүр эте түштү. Комбайндын жанында **алда кандай** кыйкырыктар, туш-туш жактан буудайды аралап жүгүрүп келе жаткан эл, атчан, кээ бирлери арабада тик туруп, камчыны үйүрө салып-уруп келе жатышат («С.Ж», 63-б).* Жазуучу каармандын кебинде **алда кандай** белгисиз ат атоочту колдонуп, жаман кабар «Согуш» чыккандыгын буудай талаасында элдин дүрбөлөңгө түшүп, кыйкырык, өкүрүк кайгы тарткан элди сүрөттөгөн сырткы эмоцияны сүрөттөдү, орток маанилүүлүктү берди. *Ошол үн этпеген тынчтыкта **алда ким** үшкүрүп койду: «Согушка кетет экенбиз да!» Анын сөзүнө эч ким жооп кайтарбады («С.Ж», 64-б).* Каармандын кебинде **алда ким** деген белгисиз ат атооч аркылуу орток маанилүүлүктү көрсөттү.

*Поездди жандай жүгүрүп, эшиктерден башпаккан кишилерден: «Субанкулов Майсалбек барбы? Айткылачы айланайындар. Субанкулов Майсалбек барбы?» - десек, **кай бирлери** билбейбиз дешсе, **кай бирлери** унчукпай, **кай бирлери** күлүп да коюшту («С.Ж», 76-б).* Каармандын кебинде белгисиз ат атоочту тилдик каражат катары колдонду, **кай бирлери бир** деген сөзгө көптүктүн – **лар**, үчүнчү жактын – **ы** мүчөсү колдонуу менен каармандардын сырткы эмоциясын көрсөттү. Сүйлөмгө стилдик боёк берип, орток маанилүүлүктү берди.

*Мисалы: Колго жумшак **бир нерсе** урунду. Баштыктагы эт экен («Б.Б», 235-б).* Автордук кепте **бир нерсе** деген белгисиз ат атоочту колдонду, орток манилүүлүккө ээ.

***Кимдир бирөө** аны көкүрөктөн алып, тээ тигиндей түртүп жиберген өңдүү, ал жыгыла жаздай, отурган ордунда жер таянды («Б.Б», 235-б).* Автор каармандын ал абалын сырткы эмоциясын берүүдө **кимдир бирөө** деген белгисиз ат атоочту боёктуу колдонду.

Жазуучу чыгармаларында белгисиз ат атоочторду ар кандай стилдик максатта активдүү колдонду, алар орток маанилүүлүккө ээ.

*Менин деле жаштыгым калган жок, - деп, **негедир** акырын оор үшкүрүп койду («К.К.Б.К», 276-б). Өткөн – кеткен жүргүнчүлөр **кайдыгер** көз таштап кете берет, же **кай бири** аз убакка аяп өтөт…(«К.К.Б.К», 151-б). Бирок бүгүн **бирдеме** болуп жаткандай машине да көп, кишилер да көп, кыймыл да көп… («К.К.Б.К», 290-б). Ачуусу келип, корунуп калган Эдигей жүрөгү дүкүлдөй согуп, каны башка тээп, жини ичтен кайнап чыгып келатканын сезип турду, ачууга жеңдиргенде эмне болор сырын билген **неме** күч менен кыжырын басып, карманып турду («К.К.Б.К», 293-б). **Кээ бир** акмактар көтүнөн көк түтүн чыкканча чегип, андайлар бул ишке жарабайт («К»,76-б).*

Ушул экинчи баптын бул бөлүмчөсүн жыйынтыктап жатып, ат атоочторду сүрөткер кандай стилдик чеберчиликте пайдалангандыгына иликтөө учурунда мисалдарды талдоо менен гана төмөндөгү жыйынтыкты айтууга тура келет.

**Жазуучу ат атоочторду чыгармаларында стилдик жактан орду менен керектеп, каармандардын бири-бирине болгон сый-урматында, сүйлөшүү кептеринде, диалог, монологдорунда, автордук кепте, автордук баяндоолорунда кеңири пайдалангандыгын байкоого болот. Демек морфологиялык стилистикада ат атооч жана анын категорияларынын орду өтө чоң, жазуучу чыгармаларынын тилинде ар түрдүү стилдик максаттуулукту көздөп керектегенин байкоого болот.**

## КОРУТУНДУ

**Ч.Айтматов – элдик тилди өз деңгээлинде пайдалана билген сөздүн залкар, чебер - стилисти.** Муну жазуучунун чакан аңгемелеринен тартып, көлөмдүү чыгармаларындагы сүйлөм кубулуштарынан, сюжет түзүү чеберчилигинен, образдарды түзүү ыкмаларынан эле ачык байкоого болот. Анда куюлушкан жорго сөз менен кургак баяндабастан, каармандардын иш-аракеттерин, ички эмоциялык абалын көркөм тилдик каражаттар менен ишенимдүү жана далилдүү көрсөтө алган. Автордук кепте баяндоо менен каармандык кеп көркөмдөлүп, бирин экинчиси толуктап, кейипкерлердин өз ара мамилесин, көз карашын жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн анализдөөгө түрткү берип турат.

Демек, жазуучунун жеке стилдик чеберчилиги – чыгармаларындагы пайдаланылган элдик тилдин куюлушкан үлгүлөрүнүн кепте эмоциялык жана экспрессивдик боектуулуктарды жарата алгандыгында.

Ч.Айтматов «Тил-улуттун жан дүйнөсүнүн улуулугу менен сулуулугунун күзгүсү»,-деп баса белгилегендей, өзүнүн чыгармаларында да кейипкерлердин кебинде, каарманды ар тараптан сүрөттөөдө улуттун улуулугун, алардын жан дүйнөсүнүн сулуулугун, пейзаждык сүрөттөөлөрдө түркүн түстүү боекторду тил аркылуу чеберчилик менен бергендигин белгилөөгө болот.

Окурманды көркөм чыгарманын сюжетине сүңгүтүп, баш көтөртпөй окууга түрткү берген «оригиналдуулугунун» бири - жазуучунун тилдик каражаттарды стилдик жактан ийкемдүү, боектуу, орундуу колдонуусу болуп эсептелет. Бул жазуучунун сөзгө болгон сезимталдуулугунун, чечендигинин жана чебер-стилист экендигинин күбөсү. Жазуучулук мындай «ырыскы шыбагадан» Ч.Айтматовдун куру эмес экендигине анын чыгармаларын окуган ар бир окурман ынанбай койбойт.

Сүрөткердин чыгармаларынын жаралышында өзүн эркин сезиши, каармандардын мамиле–катнаштары, кайталангыс оозеки-сүйлөө кептери,

куюлушкан көркөм тилдик каражаттар аркылуу карапайым, жөнөкөй, түшүнүктүү, жатык тил менен берилиши автордун тилдик сезимталдыгын, прозалык кепте көркөм ыргак жараткандыгы жана ой-жүгүртүү жөндөмүнүн бийиктигин көрсөттү.

Стилистикада эмоционалдык-экспрессивдүү сөздөр сүйлөшүү кебинин белгисин алат жана көркөм стилде персонаждардын кебинде колдонулат да, сүйлөөчүнүн ички, сырткы туюмдарын даана түшүндүрүү касиетине ээ болушат.

Жалпылап айтканда, көркөм сөздүн чебери Ч. Айтматовдун чыгармалары өзүнүн бийик көркөмдүк эстетикасы, жалпы адамзаттык мазмундуулугу менен катар улуттук дүйнө таанымды, каада-салттардын философиялык маңызын чыгарманын тилинде чагылдырууда атооч сөз түркүмдөрүн пайдалангандыгы, тилдин стилдик жагын да, жогорку чеберчиликте өздөштүрүп терең ачып бергендиги менен баалуу.

## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

А.Ж. – Ашым Жакыпбеков

Т.С. - Түгөлбай Сыдыкбеков

Т.К. - Төлөгөн Касымбеков

Ч.А. – Чыңгыз Айтматов

Ж.М. – Жолон Мамытов

**Прозалык чыгармалар**

«Б.М.» - «Биринчи мугалим» повести

«Б.Б.» - «Бетме-бет» повести

«С.Ж.» - «Саманчынын жолу» повести

«Ж.» - «Жамийла» повести

«С. К.» - «Сынган кылыч» романы

«К» - «Кыямат» романы

«К.К.Б.К» - « Кылым карытар бир күн» романы

«Г» - «Гүлсарат» повести.

«А. К» - «Ак кеме» повести

Кыскартылган жалпы аталыштар

англ. т. - англис тили

ар. т. - араб тили

б. – бет // беттер

б. а. – башкача айтканда

ж. б. – жана башка

ж. б. у. с. – жана башка ушул сыяктуу

ил. ст. – илимий стиль

иш каг. ст. – иш кагаздар стили

ир.т. - иран тили

Мисалы: - мисалы

көрк. ст. – көркөм стиль

кырг. – кыргызча

лат. – латынча

ор. – орусча

өзб. т. – өзбек тилинде

публ. ст. - публицистикалык стиль

**сал.: // сал.: - салыштырыңыз //салыштырыңыздар**

син. – синоним

сүйл. кеби – сүйлөшүү кеби

сүйл. ст. – сүйлөшүү стили

түз.: - түзүүчү // түзүүчүлөр

Фольк. – фольклор (дун)

Эск.: - эскертүү

Кыскартылган жер-суу аттары

Б.: - Бишкек

Л.: - Ленинград

М.: - Москва

Т.: - Ташкент

Ф.: - Фрунзе

К.: - Казань

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: Морфология. – Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997. – 296 б.
2. Абдувалиев И. Кыргыз тили. ( Морфология боюнча лекциялар курсу). – Бишкек: Б – сыз ., 2003. – 215 б.
3. Абдулдаев Э. Кыргыз говорлору. – Фрунзе: Илим, 1966. –128 б.
4. Абдуллаева А. Лексическая стилистика узбекской художественной литературы. – Ташкент: Фан, 1979. –150 с.
5. Абдуллаев А. Ўзбек тилида экспрессивликнинг ифодаланиши. – Ташкент: Фан, 1983. – 88 б. (Өзб. тил.)
6. Абдурахманов Х., Махмудов Н. Сўз эстетикаси. – Ташкент: Фан, 1981. – 60 б. (Өзб. тил.)
7. Абдыкул Жапар. Синтаксический строй кыргызкого языка. / М-во нар.образования Респ. Кырг., каф кырг. языкознания КГУ. -Бишкек: Мектеп, 1992. ч.1: Учебник для вузов. – 1992. – 428 с.
8. Абдыкеримова А.Э. Лигвопоэтика: статусу жана проблемалары: Филол. илим. докт. автореф. – Бишкек , 2008. – 47 б.
9. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Текстаануу, Лингвопоэтика.- Б.: 2009. - 928 б.
10. Адабият жана искусство маселелери. – Бишкек, 2008.- № 3. -128 б.
11. Адабият жана искусство маселелери. – Бишкек, 2008. - № 4 - 5. - 224 б.
12. Ажыбаева З. Зат атооч сөздөрдө эмоционалдык-экспрессивдик маанилердин берилиши (А.Жакыпбековдун «Теңири Манас» романынын негизинде): Филол. илим. канд. дис....– Бишкек, 2003. –169 б.
13. Айтматов Ч. Человека между двумя языками // Сов. Кирг. -1967.-17 сент.
14. Айтматов Ч. Биринчи мугалим. – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 316 б.
15. Айтматов Ч. Гүлсарат: Повесттер. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 651б.
16. Айтматов Ч. 3 томдон турган чыгармалар жыйнагы. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. - Т. 3 . Роман, аңгемелер. – 1983. – 427 б .
17. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 399 б.
18. Айтматов Ч. Статьи, выступления, диалоги, интервью. – М: Изд-во Агентство печати «Новости», 1988. - 384 с.
19. Айтматов Ч. Кыямат. – Фрунзе: Адабият, 1988. – 352 б.
20. Айтбаева Н. Ч.Айтматовдун котормочулук чеберчилиги: Филол. илим. канд. дис.... автореф. – Бишкек, 1988. – 22 б.
21. Айтазин К. Кесиби лексика маселелери. – Алматы: Арыс, 2000. – 107 б.
22. Алиева Ф. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы адам концепциясы: Филол. илим. канд. дис.... автореф. – Бишкек, 2005. – 25 б.
23. Акматалиев А. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы.- Бишкек: Шам, 1998. - 2 т. Адабият таануу.- 1998. – 424 б.
24. Акматалиев А. Чыңгыз Айтматов. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 570 б.
25. Ахмет Сарыгул. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын Туркияда кабыл алынышы: Филол. илим. канд. дис.... автореф. – Бишкек, 2003. – 24 б.

26. Арабча - кыргызча сөздүк: 40 миңге жакын сөз / Түз.: И.А. Мальсагов, А.И. Каландаров, М.К. Идрисов ; Баш. Ред. А.А.Сабиров. – Бишкек,
2006 .-775 б.
27. Арнольд И.Б. Стилистика современного английского языка: (Стилистика декодирования). – М.: Просвещение, 1990. – 300 б.
28. Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов: Кечээ жана бүгүн. – Бишкек: Б – сыз, 1995. – 154 б.
29. Аширбаев Т.Стилистикадагы бир өзгөчөлүк жөнүндө // Тюркологические исследования: Сб. ст – Фрунзе: Илим, 1986. -155 с.- (Посв.80-летию содня рожд. И.А.Батманова).
30. Аширбаев Т. Язык романа «Сломанный меч» Т.Касымбекова: Автореф. дис…. канд. филол. наук. - Фрунзе, 1990. – 19 с.
31. Аширбаев Т. Тилдин фонетикалык жана лексикалык бирдиктеринин стилистикалык табияты: Филол. илим. док. дис. – Бишкек, 2000. – 363 б.
32. Аширбаев Т. Тилдин фонетикалык жана лексикалык бирдиктеринин стилистикалык табияты: Филол. илим.док. автореф. –Бишкек, 2000. – 27 б.
33. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Стилистиканын жалпы маселелери. – Бишкек – Ош: Кыргызстан, 2000.-1- китеп. – 2000.-122 б.
34. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Фонетикалык, сөз жасоо жана лексикалык стилистика. – Бишкек: Б – сыз., – 2000. - 2 – китеп.
- 2000.-291 б.
35. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Морфологиялык жана синтаксистик стилистика. – Бишкек: Б – сыз., 2001. -3 китеп.–2001. –171б.
36. Аширбаев Т., Нармырзаева К. Тил илимине киришүү. – Бишкек: Бийиктик, 2003. – 96 б.
37. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Функционалдык стилдер. – Бишкек, 2004. – 4 китеп. -2004. -128б.
38. Балли Ш. Французская стилистика.– М.: Изд. иностр. лит., 1961. – 394 с
39. Бакашова Ж.Ч. Айтматовдун чыгармаларынын стилдик бөтөнчөлүктөрү. – Бишкек: Б – сыз., 1998. – 61 б.
40. Балакаев М., Жанпейисов Е., Манасбаев Б. Казак тилинин стилистикасы. – Алматы, 1974. – 186 б. - ( Казак тил.)
41. Балжанов Ш. О стилистических особенностях употребления глаголов в поэзии Абая // Изв. АН КазССР. Сер.филол. и искусствоведения. – 1962. Вып. 3 (22). – С. 74 -75.
42. Барлас Л. Г. Русский язык. Стилистика. – М.: Просвещение,1978. – 256 с.
43. Баскаков Н.А.Историко-типологическая характеристика структуры тюркских языков. Словосочетание и предложение. – М.: Наука, 1975. – 287 с.
44. Батманов И.А. Современный киргизский язык. – Фрунзе: Изд - во АН Кирг. ССР, 1963. – 166 с.
45. Бахтин М.М. Эстетика словесного творчество.– М.: Искусство, 1986
– 444 с.
46. Бейшекеев Н. Кыргыз тилиндеги сөз - сүйлөмдөр // Эл агартуу. – 1980.
– № 3. - 57-59 б.
47. Бекназаров К. Кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы диалектизмдер. – Фрунзе: Илим, 1987. – 153 б.

48. Бельчиков Ю.А. Лексическая стилистика: проблемы изучения и обучения. – М.: Рус. яз., 1988. – 157 с.
49. Библиографический указатель литературы по казакскому языкознанию / Кенесбаев С.К., Балакаев М.Б., Мусабаев Г.Г., и др. ч.1. – Алматы: Наука, 1965. – 268 с.
50. Бобохонова Л.Т. Инглиз тили стилистикасы. – Ташкент: Укутувчи, 1995. – 143 б.- ( Өзбек жана англис тилинде.)
51. Бондалетов В.Д. Русская ономастика. – М.: Просвещение, 1983 – 224 с.
52. Брандес М.П. Стилистика немецкого языка. – М.: Высш. шк., 1983.–271 с.
53. Васильев Л.М. Семантика русского глагола. – М.: Высш. шк., 1981.–184 с.
54. Введенская Л.А., Колесников Н.П. От собственных имен к нарицательным. – М.: Просвещение, 1981. – 144 с.
55. Виноградов В.В. Язык художественного произведения. // Вопр. языкознания. – 1954. – № 5. – С. 3-26.
56. Виноградов В.В. О языке художественной литературы. – М.: Госполитиздат, 1959. – 655 с.
57. Виноградов В. В. Стилистика. Теория поэтической речи. Поэтика. – М.: Изд-во АН СССР, 1963. – 255 с.
58. Виноградов В.В. Проблемы русской стилистики. – М.: Высш. шк., 1981. – 320 с.
59. Гапаров С. Синтактической строй киргизских пословиц и поговорок: Автореф. дис.… канд. филол. наук. – Фрунзе, 1983. –25 с.
60. Гапарова Ч. Кыргыз тилиндеги сүйлөшүү кебинин лексикасы: Филол. илим. канд. дис.… автореф. – Бишкек, 2006. –24 б.
61. Гапарова Ч. Кыргыз тилиндеги сүйлөшүү кебинин лексикасы: Филол. илим. канд. дис.… – Бишкек, 2006. – 173 б.
62. Гафуров А. Лев и Кипарис. О восточных именах.- М.: Наука, 1971.- 240 с.
63. Гачев Г. Чингиз Айтматов. – Фрунзе: Адабият, 1989. – 484 с.
64. Гвоздев А.Н. Очерки по стилистике русского языка. - М.: Просвещение, 1965. – 408 с.
65. Головин Б. Н. Язык и статистика. – М.: Просвещение, 1971. – 190 с.
66. Головин Б. Н. Язык и стилистика. – М.: Просвещение, 1976. – 191 с.
67. Голуб И.Б. Стилистика современного русского языка стилистика. – М.: Высш. шк., 1986.- 336 с.
68. Голуб И.Б. Стилистика русского языка.– М.: Айрис Пресс, 2005.– 448 с.
69. Грамматика современного башкирского литературного языка. / Отв. ред. А.А.Юлдашев – М.: Наука, 1981. – 495 с.
70. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: Морфология. – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 236 б.
71. Демесинова Н.Х. Синтаксическая стилистика современного казахского языка. – Алматы: Наука, 1988. – 95 с.
72. Дыйканов К. Имя существительное в киргизском языке. – Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1955. – 104 с .
73. Ефимов А.И. О языке художественных произведений. – М.:Учпедгиз., 1954. – 288 с.
74. Ефимов А.И. Стилистика русского языка. – М.: Просвещение, 1969.-262 с.

75. Ефимов А.И. Стилистика художественной речи.– М.: Изд. МГУ, 1961. – 319 с.
76. Жалилов А. Кыргыз тилиндеги жаңы сөздөрдүн сөздүгү. 1 китеп.- Ош: Б - сыз, 1998. -71 б.
77. Жантөшева Ж. Салыштыруу – К. Жантөшевдин чыгармачылыгындагы сүрөттөөчү көркөм ыкма. – Фрунзе: Мектеп, 1981. – 68 б.
78. Жанпейизов Е. Казак прозасынын тили. – Алматы: Гылым, 1968. – 263 б.
79. Жапаров А. Публицистика стили // Кыргызстан маданияты. – 1969. –12 фев. – Б.10.
80. Жапаров А. Сөз маданияты жана стилистика // Мугалимдер газетасы. –1968. – 17- 21- авг.
81. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе:Мектеп, 1979. – 321 б.
82. Жапаров.А. Сопоставительная грамматика кыргызского и русского языка. – Бишкек: Б.и., 2007. – 408 с.
83. Жапаров Ш., Сейдахматов К. Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү. – Фрунзе: Илим., 1984. – 469 б.
84. Жапаров Ш. Адам аттары – эл байлыгы.- Бишкек. Обществ. Фондом содействия образованию, 2004. -252 б.
85. Жусаев Ж. Грамматические средства выражения категории модальности в киргизском языке: Автореф. дис.... канд. филол. наук. – Фрунзе, 1984.-27с.
86. Жусаев Ж. Грамматические средства выражения категории модальности в современном кыргызском языке. – Бишкек: Наука и образование, 2000. – 240 с.
87. Иманов А. Жөнөкөй эки составдуу сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартиби. – Фрунзе: Мектеп, 1976. –107 б.
88. Иманов А. Кыргыз тили (синтаксис): Филол. илим.док....автореф. – Бишкек, 1994. – 44 б.
89. Исследования по киргизскому и казахскому языкознанию. – Фрунзе: Б.и., 1984. –167 с.
90. Исмагулова Б., Ережепова Э., Абдижапаров Г. Казакско - русский, русско-казакский словарь для учащихся и студентов. – Алматы: Аруна, 2002. – 414 с.
91. Казак тилинин стилистикасы./ Балакаев М., Томанов М., Манасбаев Б., Жанпейисов Е. – Алма - Аты, 1974. –188 б. ( Казак тил).
92. Карасаев Х.К. Кыргыз ырларынын түзүлүш системасы жөнүндө // Сов. Кырг. – 1946, № 2.
93. Карасаев Х.К. Өздөштүрүлгөн сөздөр: Сөздүк: 5100 сөз. – Фрунзе: Кырг. Совет Энцикл. Башкы ред., 1986. – 424 б.
94. Карасаев Х. Камус Наама. – Бишкек: Шам, 1996. – 856 б.
95. Киличев Е. Ўзбек тилининг практик стилистикаси. – Ташкент: Ўкитувчи, 1985.-102 б. Өзб. тил.
96. Киличев Е. Ўзбек тилининг амалий стилистикаси. Грамматика. – Ташкент: Ўкитувчи, 1992. – 160 б. Өзб. тил.
97. Кожина М.Н. Стилистика русского языка.– М.: Просвещение, 1983.-223 с.
98. Коляденко Г.С., Сенкевич М. П. Развития речи с элементами стилистики. – Л.: Просвещение, 1981. – 264 с.

99. Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого литературного языка. – М; Л.: Изд-во АН СССР, 1956. –569 с.
100. Кудайбергенов С. Кыргыз тилиндеги ат атоочтор. – Фрунзе: КиргССР ИАнын басмасы, 1960. – 83 б.
101. Кудайбергенов С. Кыргыз тилиндеги таандык категориясы. – Фрунзе: Кирг ССР ИА нын басмасы, 1961. – 75 б.
102. Кудайбергенов С. Ат атоочту окутуунун методикасынын кээ бир маселелери. – Фрунзе: Мектеп, 1970. – 72 б.
103. Курбатова Х.Р. Татарская лингвистическая стилистика и поэтика. – М.: Наука, 1978. – 218 с.
104. Култаева Ү. Б. Турмуш чындыгы жана көркөм образ. – Бишкек: Б – сыз, 2002. – 55 б.
105. Кыргыз тилинин грамматикасы. Морфология / Жооптуу ред. Б.Ө.Орузбаева, С.Кудайбергенов. – Фрунзе: Кырг. мамл. окуу- пед. басмасы, 1964. – 380 б.
106. Кырбашев К. А. Осмоновдун поэзиясынын тили. – Фрунзе: Илим, 1966. – 100 б.
107. Кырбашев К. Язык поэзии Алыкула Осмонова: Автореф. дис…. канд. филол. наук. – Фрунзе, 1968. – 26 с.
108. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү / Жооптуу ред. С.Кудайбергенов. – Фрунзе: Илим, 1983. – 148 б.
109. Керимжанова Б.Д. Ч.Айтматовдун айрым чыгармаларында автор жана каарман проблемасы. – Фрунзе: Илим, 1988. – 114 б.
110. Ларин Б.А. Эстетика слова и язык писателя. – Л.: Худ. лит., 1974.– 288 с.
111. Лингвистический энциклопедический словарь. – М.: Сов. Энцикл., 1990. – 682 с.
112. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили: Фонетика жана лексикология. – Бишкек: «ЖЭКА» Лтд., 1999. – 256 б.
113. Мамытов Ж. Көркөм чыгарманын тили. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 124 б.
114.Мамытов Ж. Көркөм чыгармадагы эскирген сөздөр менен диалектизмдердин лингвостилистикасы: Филол. илим. док. деген окумуш. даражаны алуу үчүн жазылган дис.10.02.01; 10.01.01 – Бишкек: Б-сыз., 2001. – 271 б.
115.Мамытов Ж. Эскирген сөздөр менен диалектизмдердин лингвостилистикасы. – Каракол: Б - сыз., 2002. – 200 б.
116. Мамытов Ж. Көркөм чыгарманын тилинин кээ бир маселелери. – Каракол: Б - сыз., 2007. – 64 б.
117. Москвин В.П. Стилистика русского языка. – Ростов – на – Дону: Феникс, 2006. – 630 с.
118. Маразыков Т. Текст таануу жана анын айрым маселелери. – Бишкек: Бийиктик, 2005. –
1 китеп.- 2005.- 144 б.
119. Маразыков Т.Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы. - Бишкек: Бийиктик, 2005.-
2 китеп. –2005. - 167 б.

120. Маразыков Т. Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар. – Бишкек: Бийиктик, 2005.-
3 китеп. - 2005. –166 б.
121. Маруфов З.Н . Ўзбек тилининг изохли лугати. – М.: Рустили, 1881. – Т. 2.- 715 с.
122. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясы жана фразеология. – Бишкек: Кыргызстан, 1998. – 168 б.
123. Муратов А. Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романын үйрөнүүнүн айрым маселелери. – Фрунзе: Мектеп, 1988. – 36 б.
124. Муратов А. Чыңгыз Айтматов – жазуучу - этнопедагог. – Бишкек: Б-сыз, 2006. – 201 б.
125. Мусабекова Ф.М. Казак тилиндеги зат есим стилистикасы. – Алматы: Мектеп, 1976. – 107 б. (Казак тилинде.)
126. Мусабекова Ф.М. Казак тилинин практикалык стилистикасы. – Алматы: Мектеп, 1982 . – 150 б. (Казак тилинде.)
127. Мусаев С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери. – Бишкек: Кыргызстан, 1993. –165 б.
128. Мусаев С.Ж. Жалпы тил илими. – Бишкек: Б - сыз., 1999. –148 б.
129. Мусаев С.Ж. Кеп маданияты жана норма. – Бишкек: Осоо «Негис»., 1999. - 241 б.
130. Мусаев С.Ж. Тексттин коммуникативдик стуруктурасы: Филология илимдеринин док. автореф. – Бишкек, 2000. – 36 б.
131. Назаров А.П. Фразеологическая стилистика кыргызкого языка. – Бишкек: Кыргызстан, 1998. –112 с.
132. Нармырзаева К. Ч.Айтматовдун чыгармалары улуттук мектептердин кыргыз тил сабагында – Бишкек: Аят, 2005. – 100 б.
133. Оморов А. Жолон Мамытовдун ырларынын поэтикасынын айрым маселелери: сөз маанилери, троптун түрлөрү, фоностилистикалык каражаттар жана ар түрдүү түзүлүшү. – Бишкек; – Жалал – Абад: Б – сыз, 2002. – 124 б.
134. Орузбаева Б.Ө. Адабий тилибиздин калыптанышында көркөм чыгармалардын ролуна байланыштуу кээ бир маселелер //Ала-Тоо.-1959. – № 5.- Б. 115 - 122.
135. Орузбаева Б.Ө. Словообразование в киргизском языке. – Фрунзе: Илим, 1964. – 311 с.
136. Орузбаева Б.Ө. Лингвистикалык терминдердин орусча–кыргызча сөздүгү. – Фрунзе: Илим, 1972 . – 425 б.
137. Орузбаева Б.Ө., Закирова В. Грамматикалык терминдердин кыргызча - орусча сөздүгү.– Фрунзе: Мектеп, 1981. – 103 б.
138. Орузбаева Б.Ө. Кыргыз тил илиминин маанилүү маселелери. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 395 б.
139. Орузбаева Б.Ө. Сөз курамы. – Бишкек: Мектеп, 2000. – 360 б.
140. Орусча – кыргызча сөздүк / Ред. К.К.Юдахин. – М : Чет ж-а улут сөздүктөрүнүн мамл. басмасы, 1957. – 992 б.
141. Орусча - кыргызча сөздүк / Орузбаева Б.Ө., Хван Р.П., Яншансин Ю.Я., Шүкүров Д.Ш. – Фрунзе: Б-сыз., 1988. – 479 б.

142. Осмонова Ж. Ат атоочту стилистикалык аспектиде окутуу: мугалимдер жана филолог студенттер үчүн. – Каракол: Б-сыз., 1998. – 34 б.
143. Пелевина Н. Ф. Стилистический анализ художественного текста. – Л.: Просвещение, 1980.- 272 с.
144. Петрова А.Н. Сценическая речь. – М.: Искусство, 1981. – 191с.
145. Розенталь Д.Э. Практическая стилистика русского языка. – М.: Высш. шк., 1974. – 34 с.
146. Розенталь Д.Э.,Теленкова М.А. Словарь–справочник лингвистических терминов. – М.: Просвещение, 1976. – 543 с.
147. Розенталь Д.Э., Голуб И.Б. Секреты стилистики. – М.: Рольф. Айриспресс, 1998. – 208 с.
148. Романова Н.Н., Филиппов А.В. Стилистики и стили. – М: Флинта, 2006. – 402 с.
149. Рысалиев К. Көркөм чыгарманын тили // Ала-Too. – 1978.– № 3.- Б.142 - 155.
150. Рысалиев К. Кыргыз ырларынын түзүлүшү. – Фрунзе: Мектеп, 1965.– 200 б.
151. Рыскулова Г.У. «Манас» эпосунда сезимдин жана кебете-кешпирдин туюндурулушу (психолингвистикалык аспектиде): Филология илимдеринин канд. дис…. автореф. – Бишкек, 2008. – 26 б.
152. Сагынбаева Б. Кыргыз жана түрк тилиндеги этиш сөз түркүмүнүн стуруктура-функционалдык салыштырмасы: Филология илимд. док. автореф. – Бишкек: Б – сыз., 2008. – 41 б.
153. Садыков А., Садыкова Н. Ч.Айтматовдун повесттеринин стилдик өзгөчөлүктөрү: Окуу куралы. – Бишкек: Бийиктик, 2002. – 66 б.
154. Садыков А., Тыныстанова Н. Чынгыз Айтматовдун чыгармаларындагы символдор. – Бишкек: Бийиктик, 2002. – 106 б.
155. Сапоев Р., Ш. Авезметов. Ўзбек тилидаги арабча ва форсча сўзлар лугати. – Ташкент: Ўкитувчи, 1996. – 191 б.
156. Сартбаев К. Языковедение в Киргизии: Крат. очерк. – Фрунзе: Илим, 1985. – 154 с.
157. Сартбаев К. Тил илиминин маселелери. – Фрунзе. 1987. – 240 б.
158. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Фрунзе: Илим, 1988. – 332 б.
159. Сергалиев М.С. Синтаксистик синонимдер. - Алматы: Мектеп, 1981.– 200 б. (Казак тилинде.)
160. Стилистика русского языка / Бондалетов В.Д., Вартапетова С.С., Кушлина Э.Н., Леонова Н.А; Под ред. Шанского Н.М. – М.: Просвещение, 1982.– 223 с.
161. Сурaнчиева Б. Синонимы в киргизском языке: Автореф. дис…. канд. филол. наук. – Фрунзе, 1971. – 17с.
162. Сыдыкова Т. Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили. – Бишкек; Нарын: «Техник» , – 2005.Т. 2. – 130 б.
163. Солганик Г.Я. Синтаксическая стилистика. – М.: Высш. шк., 1973. – 213 с.

164. Турдукожоев Т. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын стилдик өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн сөз каражаттары: Филология илим. канд. дис. – Ош, 2000. – 176 б.
165. Турсунов А. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү жөнүндө // Кырг. ССР илим. акад. кабарлары. – 1969. – №1. - Б. 1- 82 .
166. Турсунов А. Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары. – Фрунзе: Илим, 1976. – 94 б.
167. Турсунов А. Кыргыз тилинин тыныш белгилери. – Бишкек: КТМУ, 2002.- 132 б.
168. Ўзбек тили стилистикаси. / Шомаксудов А, И. Расулов, Р.Кунгуров, Х.Рустамов. – Ташкент: Ўкутувчи, 1983. –248 б. (Өзб. тил.)
169. Уметалиева Б. Имя прилагательное в современном киргизском языке. – Фрунзе: Мектеп, 1965. – 143 с.
170.Усубалиев Б.Ш. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. – Бишкек, 1994. – 200 б.
171. Усубалиев Б. Кыргыз филологиясы жана филологдору. – Бишкек: Б-сыз., 2007.– 410 б.
172. Федин К. Писатель. Искусство. Время. – М.: Сов. писатель, 1957. – 338 с.
173. Федоров А. И. Образная речь. – Новосибирск: Наука, 1985. –119 с.
174. Формановская Н.И. Вы сказали: «Здравствуйте!». Речевой этикет в нашем общении. – М.: Знание, 1989. – 160 с.
175. Ханбикова Ш.С. Синонимы в татарском языке: Автореф. дис.... канд. филол. наук. – Казань, 1962. – 23 с.
176. Чечейбаева Н.Ө. Кыргыз тилиндеги сан атоочтор. – Фрунзе: Илим, 1978. – 111 б.
177. Шанский Н.М. Лингвистический анализ художественного текста. – Л.: Б.и., 1990. – 415 с.
178.Өмүралиева С.Тексттин семантикасы жана стуруктурасы. (Ч.Айтматовдун көркөм чыгармалары боюнча): Филология илимд.. док.... автореф. – Бишкек, 1999. – 45 б.
179. Өмүралиева С. Ч.Айтматовдун көркөм текстине лингвистикалык илик. – Бишкек: Б – сыз, 1999. –158 б.
180. Өмүралиева С. Тексттин лингвистикалык теориясы. – Бишкек: Б – сыз, 2005. –155 б.
181.Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун поэтикасы жана кыргыз элдик фольклору: Филолология илимд. док... автореф. – Бишкек, 2001. – 46 б.
182. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. - Фрунзе: Киргизучпедгиз, 1959. – 248 с.
183. Юнусалиев Б.М. Тандалган эмгектер. – Фрунзе: Илим, 1985. –509 б.

## МАЗМУНУ


**БАШ СӨЗ ОРДУНА** ....................................................3

**КИРИШҮҮ**....................................................5

**I ГЛАВА.Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ЗАТ АТООЧТУН СТИЛИСТИКАСЫ**

1.1. Морфологиялык стилистиканын проблемалары....................7

1.2. Ч.Айтматовдун чыгармаларында зат атоочтун колдонулушу....................13

1.3. Зат атоочтун жөндөмө категориясынын стилистикасы....................18

1.4. Зат атоочтун сан категориясы ....................26

1.5. Зат атоочтун таандык категориясынын орду....................30

1.6. Адам аттарынын стилистикалык өзгөчөлүктөрү....................37

1.7. Сөз жасоо стилистикасы....................44

1.8. Сөз жасоо стилистикасынын парадигмасы....................51

1.9. Зат атоочтун жасалышынын стилистикасы....................57

**II ГЛАВА. ЗАТ АТООЧТОН БАШКА АТООЧТОРДУН СТИЛИСТИКАЛЫК ТАБИЯТЫ**

2.1. Сын атоочтун Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы орду....................84

2.2. Сын атоочтун даражалары....................89

2.3. Сын атоочтун жасалышы....................99

2.4. Сан атоочтун Ч.Айтматовдун чыгармаларында колдонулушу....................114

2.5. Сан атоочтун түрлөрү....................118

2.6. Ат атоочтун Ч.Айтматовдун чыгармаларында берилиши....................129

2.7. Ат атооч, анын түрлөрү ....................132

КОРУТУНДУ.................. ....................155

ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР ....................157

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР....................159

НАРМЫРЗАЕВА КУРМ
ЖЫРГАЛБАЕВ



Филология илимдерин
ОшМУнун кыргыз филологиясы
факультетинин кыргыз тил илим
доценти. 1964-жылы туулган. Орто
аяктагандан кийин Кызыл-Жар совхозунда жумушчу болуп иштеген. 1987-1992-жылдары ОшМУнун 2007-жылы Юридика факультетин бүтүргөн. 1992-жылы ОшТУда сабак берген. 1993-жылдан баштап азыркы учурда ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин кыргыз тил илими кафедрасында доцент болуп эмгектенип келүүдө.

2010-жылдын 23-январында 10.02.01 кыргыз тили адистиги боюнча КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту жана И.Арабаев атындагы КМУда кандидаттык диссертациясын коргогон. 28 илимий макала, 3 окуу-усулдук колдонмо, 3 типтүү программанын автору, 1 китептин түзүүчүсү, аталган эмгектер ОшМУнун жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын басылмаларында, Бишкектин басмаканаларынан жарык көргөн. Тил илимине киришүү, котормонун теориясы жана практикасы, стилистика, практикалык стилистика, иш кагаздары, туура жазуу жана адабий редактирлөө предметтери боюнча адис.

Үй-бүлөлүү, эки уулдун энеси.

## Негизги илимий эмгектери:

1. Тил илимине киришүү. - Бишкек: Бийиктик, 2003 (Т.Аширбаев менен авторлош).
2. Ч.Айтматовдун чыгармалары улуттук мектептердин кыргыз тили сабагында. - Бишкек: Айат, 2005.
3. Сарамжалдуу сакталган санжыра. - Бишкек: Айат, 2007.
4. Иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүү. Окуу-методикалык комплекс. - Биш
5. Атооч сөз түр вдун чыгармаларындагы стилистикалык алы. - Ош: Воок-дизайн, 2012.

971423